www.bizdin.kg


# Жаңы Ала-Тоо

2013, 3 (47)

АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ
кыргыз жана орус тилдеринде



**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:**

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ** – башкы редактордун орун басары
**Алым ТОКТОМУШЕВ –** редактор
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Салтанат ҮРКҮМБАЕВА** – оператор-дизайнер



**РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:**

720031, Бишкек шаары, М. Горький көч. – 1, тел: 53-08-84.

e-mail: Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

*Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж. б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар. Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.*


---


## УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

**БАРДЫК ПОЧТА ТҮЙҮНДӨРҮНДӨ «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА 2013-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖАЗЫЛУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ.**

**Жазылуу индекси – 77324**

**3 айга – 240 сом (редакциялык баа)**

***«Жаңы Ала-Тоо» журналын биринчи санынан баштап окуйм деген окурмандар аларды редакциядан алышса болот.***



Терүүгө 11.02.2012-ж. берилди. Басууга 29.03.2013-ж. кол коюлду. Форматы $70\text{x}100^{1}/_{16}$.
Көлөмү 15 б. т. Заказ № 1035. Нускасы 2000.

www.bizdin.kg

# Бул санда

**БАРЧЫН**
Эрөөл .......................................3

**Анарбек КЫРБАШЕВ**
Ырлар .................................... 52

**РАБИЯ**
Турмуштун асма бактары ......... 58

**Тынчтыкбек НУРМАНБЕТОВ**
Ырлар .................................... 75

**Абдыкерим МУРАТОВ**
Агай....................................... 80

**Жунай МАВЛЯНОВ**
Нан ........................................ 84

**ДАНИЯР**
Жан ....................................... 92

**Нурзина ӨМҮРБАЕВА**
Ырлар .................................... 97

**Махмуд КАШКАРИЙ**
«Дивану лугат-ат-түрк»
китебинен ..........................100

**Осман ЧЕВИКСОЙ**
Хамал ..................................106

**ЖЕТИГЕН**
Кытай классикалык
поэзиясынан .......................112

**Белек СОЛТОНОЕВ**
«Кызыл кыргыз тарыхы»
китебинен ..........................121

**Акбар РЫСКУЛ**
Шамчырак ...........................132

**Эрнест ХЕМИНГУЭЙ**
«Жоопторгана эмес,
суроолор да эскирет» ...........150

**ПРОЗАИК**
Два солдата из стройбата.........153

**Лайли ҮКҮБАЕВА**
Адам жана адамзат тагдыры......179

**Аман САСПАЕВ**
Бүгүнкү кытай авторлору
байыркы кыргыздар жөнүндө...194

**Кыяс МОЛДОКАСЫМОВ**
Оторчулук саясаттын тарыхый
аталыштарга таасири ...........208

**АЗЫК-ЧОМОЙ**
Тартип ..................................223

**Бозум АЛЫШПАЕВ**
Табышмактар ........................227

Баарын билгим келет..............230

Адабият жаңылыктары........... 238

Мукабанын биринчи бетинде акын **Акбар РЫСКУЛОВ 60 жашта.**
Анын эскерүүлөрүн 132-беттен окуйсуздар.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький к. – 1. Телефону: 53-08-89; Факс: 53-08-91.

www.bizdin.kg



*«Арча - 2013» конкурсуна*

**БАРЧЫН**

# ЭРӨӨЛ

## (Повесть)

Багымдат биерде бир өзүнчө керемет. Ортоктун тоосун этектей тээ Кызыл-Омпол тоосуна дейре созулган токойлуу өзөндүн куяш тарабындагы көк асмандын жээгин ак шоолалуу мала-кызыл мунар каптаган кездеги ажайып кооздукту көргөн көз, бу бейоопа дүйнөдө өмүрүндө эч тоюп көрбөгөн пенде көзү, балким, бир жолу тоёт чыгаар, а мүмкүн, ошо түркүн түстүү мунарга токой ичиндеги парандалар суктанып, көзү тойгонунан тилин безеп, не бир түркүн доош, үн менен сайран куруп, башталып келаткан жарыкчылыкты – жашоонун зор тиричилигин даңазалап сайрап жатканда, бул адам баласынын өмүрүндө тойбос кулагы бир жолу кумардан чыга тоюп жүрбөсүн?! А балким, ошондон чыгаар, көзү да, кулагы да тойбогон, адам баласынын бир пендеси – Кудайберген билги ажайып мунарга көзүм тойсун, бой балкыткан парандалар сайранына, дарыя шоокумуна, токой шуудуруна кулагым тойсун деп ар качандан бир качан багымдатты утурлап тосуп жүргөнү ошондондур?! Ким билсин? Неси болсо да «Кудайберген билги» атка конгону бекеринен эместир? Таза насилинендир, өзгөчө өнөрлөрүнөндүр, акыл парасатынандыр, а мүмкүн, жараткан ага бөтөнчөлөн, өзгөчөлөн деген касиетти ыроологонунан чыгар?! Ким билсин. Кудайберген билги жаз жадырап келгенден жайлоого көчкөнгө дейре, анан эрте күздө жайлоодон түшүп күздөөгө конгондон баштап, боз кыроого чейин ушу өзөндүн четине келип даарат алат кадимкидей «колуңду сууга сала көр, кол дааратын ала көр, бутуңду сууга сала көр, бут даааратын ала көр» дегендей. Анан кийип турган боз нооту бешмантын чечип, жака жагын кыбыланы – Каракол суусунун башын карата жайып

www.bizdin.kg


салып, чын ниетин коюп багымдат намазын окуйт эки ирет. Муну милдетим деп эсептегени. Калган төрт ирет намазды – бешим, дигер, шам, куптанды кудайдын кең пейилдүүлүгүнө, баарын кечире билген ырайымдуулугуна ынанганынан, аларды окуу молдо-сопунун, иши жоктун гана иши деп билет. Ушундай билги жан.

Кудайберген билги өзөндөн кырга, тектирдеги конушка көтөрүлгөндө кашаадагы төрт түлүк жайытка чыгарылып, малдын эртең мененки ызы-чуусу басылган маал болуп калат. Алты канат ак үйдө, ага улай алты аркан бою[1] төмөн тигилген удаалаш отоо боз үйлөрдүн түндүктөрү тартылып, келин-кыздар ары-бери бөжөңдөп тиричиликке аралашкан. Бири самоор коюп, бири кемегеге казан асып, от жагып таңкы саалган сүттү бышырып, дагы бири жыйылган көңгө тери-терсек, жуулган кир-кок жайган кез болот. Ошондо гана Кудайберген билги эртең мененки наар алганга отурат. Чоң үйгө Кудайберген кирген кезде дасторкон жайылып, төрдүн эпчи тарабында байбичеси Шааркан, андан бир топ төмөн самоордун жанында токолу Бүбү отуруп калган болот. Шааркан байбичеси да, токолу Бүбү да Кудайберген билги үйдүн жер босогосун аттап баш багаары менен экөө тең орундарынан тура кала, ал кайсы үйгө түнөгөнүнө карабай, экөө тең баштарын ийе, колдорун боорун ала ийиле ызаат кылып тосуп алышат. Качан Кудайберген билги төргө отурган соң унчукпай эле оң алаканын жаңсай «эми отурсаңар болот» дегендей ишаарат кылгандан кийин гана тигилер орун алышат. Бул эрди сыйлоонун нарктуу мыйзамы. Сак-сактап төмөнкү отоо боз үйлөрдө жүргөн инилеринин бир-экөө, эр жеткен уулу Күмөн менен бой жеткен кызы Үкүсүн киришет. Уулу атасынын жанына, кызы апасынын жанынан жай алышат. Бу күнү удаа өскөн аталаш иниси Суранчы, жан жигити Жакып менен келип калыптыр. Күмөн тура калып улуулата төргө узатты киргендерди.

– Келгиле, мырзалар! Төргө өткүлө! – деп жайдары кабыл алды Кудайберген билги.

Суранчы инисин мүнүшкөрлүктү өзүнөн үйрөнгөнү үчүн, куш тилин өзүндөй эле билип калганы үчүн жакшы көрчү. А бирок тээ эзелтеден келаткан нарк-насили боюнча теңаталыкты сактап, тууган ичинде бири-бирин урматтоо, сыйлоо милдеттүү шарт да, парз да экенин ар дайым эске алгандан уламбы жашы улуулар гана эмес, удаа өскөн ага-инилерге да тике карап суроо салуу, же мактап, же кемчилигин бетке айтуу деген обужоктук, оройлук деп үйрөтүшкөн аларга чоң ата-чоң энелери. Муну таалим-тарбия алгандар бек сактоочу. Кудайберген билги да, Суранчы иниси да кана кимибиз би-

[1] *Аркан бою* – эскиче чен өлчөмү 4–5 метр.

www.bizdin.kg



ринчи суроо салаар экенбиз дегендей астыртадан көз кыйыктарын сала тымпыйып ооз ачпай отуруп калышты. Тунжуроону Шааркан байбиче бузду:

– Ниетиңер дурус турбайбы, таңкы насипке ортоктош болуп. Самоордун буркураган ысык чайынан ичкиле, нават чайкап, – деп Шааркан байбиче астындагы кол баштыктан кумалактай эки-үч чакмак наватты алып, чүкө калчагандай колун созо тигилердин алдындагы дасторкон четине ыргытып койду кербездене. «Самоор менен нават менде гана бар, кайсы абысыным мага теңелет» дегендей. Бул айылдагы, жок бу чөлкөмдөгү, Кочкордун Каракол өрөөнүндөгү айылдар ичинде аңыз болгон жападан жалгыз айтылуу азем буюм – Шааркандын самоору экени жалганбы. Тээ, илгери, жаңы келин болуп келээр алдында, көлдөгү Пыржевал калаасынан орус көпөсүнөн сатып алынып, Шааркандын себи менен кошо келген самоор, ошондо кочкорлук сарбагыштардын келиндери анын от жаккан жерине суу куюп жаңы келген көлдүк колуктуга шылдың болушкан таржымалы бар самоор эмеспи.

Жеңесинин чүкө калчагандай эки-үч наватты алып дасторкон четине ыргытып койгонуна Суранчы мырза чыртыя түштү. Жан жигити Жакып наватка колун сунуп бараткканда Суранчы астыртан колунун кыры менен билгизбей тизеге какты да окурая бир карады эле, тиги манжаларын ушалап кайсактап калды. Муну астыртан баамдап отурган Кудайберген билги бырс күлүп ие сактап, сакал-мурутун сылаган боло оозун жапты. Анан жөтөлүмүш боло тамагын жасана жанында жанаша отурган Суранчыдан башын ашыра Жакыпты беттеп суроо салган болду.

– Жайдары, келип калыпсыңар, жөн-жай элеби? – Жакыпты Кудайберген билги кээде Суранчыдан сурап алып илбээсинге, салбурунга кошо ала чыкчу. Жакыптын жайдары мүнөзү, бүлк-бүлк эте күлгөнү, дегеле кабагым-кашым дебей, кээде аңчылыкта жол болбой калганда туталана кагып-силккен учурларда да кыңылдап ырдап жүрө бергенинен улам Кудайберген дилинде жактырчу, Жайдары деп атачу.

Өзгөчө Суранчы менен баарлашканы келгенде Жакыпка кайрылып суроо узатып, жообун Суранчыдан алчу. Муну Суранчы мырза да жакшы билет.

– Айталы, – деп баштады Жакып, бул «айталы» Суранчы мырзанын демейде сөз баштаарда колдоно жүргөн төл сөзү, ушу сөз бардык ойдун башатында тургандай ар качан айтыла келген кептин түйүнүнүн жандырмагы эле – ... айталы, Сүкө мырзам өзү айтса кантет? – Жакып Суранчыны карап токтоп калды.

www.bizdin.kg



– Өзүң эле айта бер, Жайдары мырза тунук акылын аягында кошумчалап коёр, кийин деле – деди Кудайберген, «тунук акылын» дегенди баса көтөрүңкү айтып, астыртадан Суранчы инисине чалма ыргытканы.

Жакында эле агайын ичиндеги бир жыйында Суранчы айткан имиш: «Баарыңар эле Куке-Куке, билги-билги дейсиңер. Тим эле тунук акылы булактай оргуштап чыгып тургандай. Кербезденген кыялын оңдо дебейсиңерби?! Шааркан жеңенин маңдайына отуруп алып, анысын да ого бетер кербезденте «Кербез» күүлөрдү керели-кечке чертип, куштарын сугарып отурат, бекерпоздон бетер. Андай эле тунук акыл уккуңар келсе, Акун инибиз Молдо Кылычтан деле укпайлыбы. Качантан бери бир билгинин көзүн карап жүрө беребиз» деген сөзү Кудайбергендин кулагына да жеткен.

Баятан чыртыйып отурган Суранчы ого бетер мурчуюп кызара түштү. Тууган ичинде да кеп ташыган жойпулар болот турбайбы: «Бир көзүң бир көзүңө жоо» деген ушундан чыккан тура – деп койду ичинде Суранчы.

– Айталы, тунук акыл Жакыпта деле бар! – деди Суранчы жөн калбай агасына каяша кылып.

– Ошон үчүн Жайдары эле айтсын деп жатпаймынбы. Маанисине келсек, арай көзүбүз чарай отурганда айтылган сөзгө арданбайлы, баатыр акеси. – Ии, Жайдары улант кебиңди, – деди Кудайберген.

– Маанисине келсек – деп баштады Жакып-Жайдары Кудайберген билгинин көп кайталаган төл сөзүн өзүнө багыштагандай. Суранчынын кыбаасы кана түштү, мурдунан күңкүлдөй күлө төмөн карады Кудайберген билги көрбөсүн дегендей. – ...Маанисине келсек, куш күйгөн мезгил келгенин өзүңүздөн сурап билсек дедик эле, билги аке.

Жакып сөзүм, суроом бүттү дегендей токтоп, Кудайберген билгини карап калды.

– Анда Жайдары, чындап эле, маанисине келсек, билип алгыла, мындай: кушту саятчы гана күйөт, куштар учкан тогуз жолдун тоомун билген. Сен экөөбүз куш учкан жолдун тоому каер экенин билбейбиз. Бул бир. Экинчиси, саятчы деген күн-түндөп убара тартканга көнгөн момун, жоош пенде. А сен экөөбүз чычкылуу, ызакор жанбыз, чыдай албайбыз жөө-жалаңдап тоо башына чыгып тозот коюп күн-түндөп жатканга. Билсең, Жайдары, сен экөөбүз мүнүшкөр элебиз, бирөөлөр тартуулап апкелген куш-бүркүттү таптаган. Куш жагынан калп айткан менен болобу, өнөрүңөр бир топ эле дурус. Мен билгенден, куштун тилин билген Кочкор ичиндеги мыкты мүнүшкөрсүңөр, ырас, бүркүтчү эмессиңер, аны тапка келтиргенге чыдамыңар жетпейт. Ушундай, Жайдары. Баса, мырзаңан суранчы, агер зарыл ишиңер болбосо, чачымы алып берип бата алып, шашпай аттанарсың, кандай дейсиң?!

www.bizdin.kg



– Сиздин чачыңызды алып бергенден өткөн зарыл иши жок Жакыптын. Анда мага уруксат бергиле, Шааркан жеңе. Силердики аманат, мен бата кылып чыга берейин, бир аз мал айырбаштай турган иш бар эле. Самооруңардын ысык чайын ыракаттана ичип отура бергиле шашпай, жоо кууп келатты беле же бүтпөгөн иш калып жатыптырбы – деп кер какшыгын жылдырып Суранчы тура жөнөдү коштошуп да койбой. Удаа Күмөн тура калды агасын узаткань.

– Ушундай терсаякпыз, көкпүз, баарыбыз тең – Төрөкелди уулдары. Шайтаныбыз дароо кармап кетет, анан бат эле жазылат. Көңүлгө албагыла.

Бул сөздү Кудайберген билги байбичеси Шаарканды, токолу Бүбүнү карап айтты, менин да терс кыялым тукумубуздан, ошого көнгүлө, кечире билгиле дегени.

– Бүбүш, – деди чай ичилип бүткөндөн кийин Кудайберген билги токолуна кайрылып, – тиги кичи үйдөн менин чарапжалымы, орус устарамы, кара бүлөөнү бу Жайдарыга таап бер. Кумганга жылуу суу куюп, чач жибиткидей атыр самыныңы кошо бер, – деп ордунан туруп сыртка жөнөдү.

Шааркан байбиче чоң үйдүн тегерегин мизилдетип таза карматчу. Буюм-терим дегенди тиги төмөнкү отоо үйлөрдө сактатчу. Эзелтен келаткан бий тукумунун наркы боюнча ат мамысы, ат байлаар коо жыгач чоң үйдөн ар дайым төмөн жагында, отоо үйлөрдүн алдына орнотулчу. Эч ким, ал тургай бий тукумунан чыккандар да, сакалдуу-көкүлдүүсүнө карабай чоң үйдүн жанына, тушуна ат тизгинин бурушчу эмес, антсе нарк бузгандык катары эсептелчү. Андыктан айылга келген меймандарды да отоо үйлөрдүн тушунан тосуп аттан алып, так ошерден кайра аттандырышчу.

Кудайберген билгинин ат жабдыктары токолу Бүбүш турган отоо үйдүн ыпча тарабына коюлчу. Так ошо жерде астына чоң талпакты салдырып, куштардын тууру да орнотулчу. Экиден кем эмес куш, ителги, бир бүркүт кармоочу Кудайберген билги. Ошолорго ак жем[1] берип, суу татытып, уулу Күмөнгө, мүнүшкөрлүккө кызыккан жакын инилери Жайнак, Байкубат, Жээнчоро, Ырсаалы, Ысактарга чырга сүйрөтүп, далбааны булгалактаттырып мүнүшкөрлүккө үйрөтүп, кезектетип куштарды караганга нөөмөткө тургузуп койчу.

Секидеги кой таштын бирине отуруп Кудайберген билги адегенде сакал-мурутун тегиздетти Жакып-Жайдарыга. Ал сакал-мурутун ошого тегиздетип, ошого чачын алдырчу. Бу жагынан уста болчу Жакып-Жайдары.

---

[1] *Ак жем* – куш семирип кетпесин деп сууга чыланып берилген эт.

www.bizdin.kg



– Бөдөнө куйрук кылып мурут менен бириктире кыскартайынбы, билги аке? – деп сурап алды Жакып-Жайдары.

– Апбали, дал ошондой, мурутту калдайтып, сакалды сапсайткандай, биз эмине мужик белек. Сакалды сарттарча, ногойлорчо-мусулманча койгон мырзалык эмеспи, ыя, Жайдары?

– Маанисине келсек, сиздики ырас. Сасык байлар коё берет сакал-мурутту бапсайтып, сакал-мурут деген мырзанын көркү да, – деп коштоп койду Жакып-Жайдары.

Кудайберген билгинин сакал-мурутун тегиздеп бүткөндөн кийин башына жылуу суу куюп көбүртө самындап, тикчийип өсүп калган көгала чачын эки алаканы менен жаактан, желкеден өйдө көпкө укалап жибитип, устараны колго алды Жакып-Жайдары.

– Устара деп, ушул орус устараны айт! Жанып койсоң албарс кылычтан кем калбайт. Ширеген жеринен от чачып тысырайтат, – деп Жакып-Жайдары бабырап бир заматта ишин бүтүрдү. Кумганда калган жылуу суу менен башын чайкап, сүлгү менен сүртүп:

– Маанисине келсек, бүттүк көрүнөт, – деп Жакып-Жайдары борсулдап күлдү.

Кудайберген билги үстүнөн оор жүктү алып салгандай жеңилдей түштү. Эмнегедир делебеси козголуп бир жакка аттана тургандай, а болбосо топураган бир топ меймандар келаткандай сезилди. Бул жөн жеринен эмес. Кээде алдын-ала аян берген периштеси бардай болуп кетээр эле. А балким, аян берген периштеси бардыр, ким билсин. Сырдуу да, чырдуу да дүйнө чиркиндин түбүнө жеткен, аягын билген жан бар дейсиңби?!

Кудайберген билги боз нооту кемселин желбегей жамынып, калпагын колго алып тасырайта кырылган башын күнгө кактап, желге сергитейин деп өйдөлөп басып кырга чыкты. Күн эки аркан бою көтөрүлүп калган. Жадырап тийип, асман ачык. Айлана күзгүдөй тунук.

Бу Бугучунун башындагы тектирчелерден – Орток-Тоосунун учунан наркы өйүздөгү Ара-Көл, Туз тараптан, жогорудагы Талдуу-Булак, Ак-Кудук, Кызыл-Дөбөдөн келаткандар, өйдөкү Шамшыдан, төмөнкү Кум-Дөбөдөн жакындагандар даана көрүнүп турат.

Кудайберген билги айланага көз чаптырып айылдарды байланыштырган жолдор дааналанып карарып, жайлоодон түшкөн бир аптанын ичинде өзгөрө түшкөнүн баамдады. Жолду туяк салат турбайбы. Акылман ата-бабаларыбыз «жайлоонун отун, чөбүн жаак жебейт, туяк жейт», бир орунда отура берсеңер, жайлоону да такыр кылып, чаң чыгарып таштайсыңар, бат-бат журт которуп көчүп тургула, мал-жаныңар семиз болсун десеңер дегени калетсиз тура. Күз эмеспи, топурак бышып өзүнөн өзү үбөлөнүп, туяк тийсе буртулдап чаң чыгарган маал да. Тигине Кызыл-Дөбө менен Ак-Кудуктун жолу

www.bizdin.kg



кошулган чендеги жолдон чубалып чаң чыгып калды. Шойкондуу бирөө атын койгулакка алып чаап келаткан шекилдүү. Чаңдын созулганына караганда. Салабаттуу киши чаң каптатып чапкыламак беле деп койду ичинен Кудайберген билги бир топко жогор жакты карап туруп. Анан Ара-Көл тарапты караса өзөндүн аркы өйүзүнөн эки атчан сууну кечирип өтүп келатышат, айыл башына келүүчү кара жолдогу кечмеликтен. Болду-болбоду айылына келаткандар. Кудайберген билги кемселин жеңденип кийип, төмөн карай басты.

Кандай кадырлуу мейман келбесин, аларды аттан түшүрүүнү, же кайра атказуу – бий насилиндегилердин жан жигиттеринин, же боз уландарынын милдети. Өзүнчө үй ээлери болуп калган бек мырзалар меймандарды үй алдынан гана тосуп алышат. Бул канга сиңген шарт.

Кудайберген билги өйүздөн өтүп келаткандарды дароо тааныды. Бала кезден курбалдаш өскөн асылкеч курбусу комузчу, мүнүшкөр Турдукожо, а жанындагы жасана кийинген мырза жигит бир тууган бажасы Байгана. Ал Шааркандын сиңдиси Аяткандын күйөөсү, Туздагы азык уруусунун мыкчегери Дегенбай байдын уулу. Кудайберген билги бажасын негедир сасык байдын эрке уулу деп башынан эле көп жактыра бербейт, чечилип деле сүйлөшпөйт. Жакып-Жайдары менен уулу Күмөндү меймандарды тосуп келгиле деп өзү ак үйдүн алдында турду.

Саламдашып, кол алышкан соң Кудайберген билги адаттан тыш, көпчүлүктүн көзүнчө дегеле ашыкча күлүп-жайнап сүйлөбөгөн жан, кээде гана Турдукожо экөө ээн болгондо жекеме-жеке дегендей чымчылашып бири-бирине тийише азил кептерди айтып, биринин былыгын бири чукуп дегендей тамашалашканы болбосо, дегеле эл ичинде сыпайы гана сүйлөшүшө турган. Бул жолу Кудайберген билги эмнеге ачылып кеткенин өзү да билбей, сезбей калды көрүнөт, курбусун карап жайдарылана күлө бажактады:

– Эй, аңырайган кудай урган, конокко ушинтип келеби?! Алдын ала айттырып ийбейби, нарк билген киши болуп… – мунусу Кудайберген билгинин бажасына карата айткан какшыгы, аны Турдукожо сопсонун түшүнүп турат. «Аңырайган» дегенине дегеле терикпейт. Азилдешкенде ар дайым угуп жүргөн сөзү.

Турдукожо кара сакал, кеби-сыны жок, жалпак мурун, эки таноосу эки бетине жайылган локуйган кара чаар киши. Кептен бирөөгө жемин жедирбеген тапкөй сөзмөрлүгү менен жакшыларга жанаша жүргөн мал-жаны өзүнө жетишээрлик бирөөгө көз каранды болбогон урук-туугандуу, оокаттуу элкин атка минерлерден. Комузчу-ырчылар, кыякчы-чоорчулар, сөзмөр-куудулдар келген жерден калбаган, салбурунда жантыгынан жата калган ышкыбоздук жайы бар.

www.bizdin.kg



– Келем деп айттырып иердей саландаган куш мурун болбосом (муну Кудайбергендин бажасы Байганага да, анан Кудайбергендин өзүнө да тийишип айтканы, экөө тең куш мурундар да), мага кайсы шаң?! Же чынжырлуу манаптын, бий-баатырдын урпагы болбосом, кайсы арыбызга конок айттырабыз. Ушунун баарын билген билги билбейт бекен?! Же самоорунун чайын мактап, Шааркан байбиче кутулуп кетсин дейсиңби?! Же итке тиштеткен бөдөнөң менен кушка илдирген кара боорду тобулгу шишке сайып чокко кактап берип, кой союп коноктогондон кутулуп кетейин дедиңби?! Эл эсебинен жеп көнгөн эл билгилеринен эмессиңби, ошентсең да...

– Баракелде! – Бул сөздү Кудайберген билги көңүлү көккө көтөрүлө түшкөн учурларда – жамгырдай шатыратып, ак жаандай дабыратып акындар ыр сабап төгүп киргенде, же комузчу, кыякчы күүнү кемелине келтирип чертип же тартып бергенде устаттыгына ыраазы болгонун билдиргени эле, анан сөзмөрлөр чукугандай сөз тапканда, окуя-уламыштарды аралашып жүргөндөй, өз көзү менен көргөндөй көз алдыга тартып айтып бергенде, же таптаган кушу, ителгиси илбээсинди асмандан катарлап тээп түшүрүп турган кездерде жарыла кубанган учурларында айтчу.

– Баракелде, Туке! – деп кайталады Кудайберген билги. – Куну жок сөз эмес бекен! Ушундай сөзүңү угалы, жана да эптеп-септеп, тердеп-кургап кураштырган эки күүнду тыңшайлы. Эки конуп конок бол. Баса, бажамдын ат кошчусу болуп келген соң, сен эми Бакемдей эле милдеттүү коноксуң. Качан узатсак, ошондо аттанасың, баатыр акеси.

Кудайберген билгинин кийинки сөзүндө теңтушуна тийишкени билинип турду. Турдукожо бир топ эле дурус комузчу болгону менен күүчү эмес, болгону эки күүсү боло турган, а бирок ушул эле теңтуш курбусун залкар комузчу-күүчү катары эсептеп, анын көп күүлөрүн өзүндөй болбосо да жакындатып кайрып черте алчу.

– Апбали! – деди Турдукожо. – Ушу сөзүңдү угалбай жатпадымбы. Эки эмес, тогуз күн түнөгөнгө да макулмун, тогуз байтал кеппи силерге. Этектүү журт эмессиңерби – бир ооз, бир сөздүү. Тогуз байтал да кеппи...

Баятан бери лам ооз ачпаган Байгана бырс күлүп ийди Турдукожонун чалма ыргыткан кебине. Кырдана керкакшык кошуп сүйлөп жаткан бажасынын талуу жерине тиер сөздү айтып отурбайбы. Бул былтыркы күздө Кочкор өрөөнүнө дүң болгон жорук.

Кочкор ичиндеги Надырбек-Борунчу уругундагы эле эмес, сарбагыш уруусунун эң кадырлуусу да, эң байы да Шамен билги Соң-Көлгө миңдеген жылкысын жайлоолотуп, күздөөгө Көк-Чолок, Тармал-Саз, Чекилдекке түшүрбөйбү. Бу Надырбек-Борунчу эли

www.bizdin.kg



өзүнчө бир болуш Кочкор суусунун аркы өйүзүнө күздөп-кыштайт. Берки өйүзүнө Абайылда-Темир уулдары бир болуш болуп ээлик кылат. Темир-Болот балдары теңата туугандар. Сарбагыш ичинде өз ара биригип бир атанын балдарыбыз деп эсептешишет. Андыктан жакшылык-жамандыкта, өзгөчө кыйынчылыкта бир муштум боло түйүлө калганы менен, жайчылыкта биринен бири кыйын, биринен бири өткөн эр болуп чыга келишет. Бири ата байлыгына чиренсе, бири ата даңазасына чиренет. Ата даңкына чиренген жагынан Төрөкелди баатырдын тукумуна эч кимиси теңеле албаса керек. «Зордук кылуу – зор кишинин иши, зомбулук жасоо – бий кишинин иши» – деп түшүнөт бийлик тизгинин кармагандары. Арасынан өнөр тизгинин кармагандары ичимен тап болууга аргасыз. Мына ошо Кудайберген билгинин бийлик тизгинин кармаган өз агасы Өтөмбай менен аталаш агасы Табыштын бир жоругун эстетип жатпайбы азык Турдукожо комузчу.

Шамен билги күздөөгө күтүрөтүп миңдеген жылкысын айдап түшүргөндө Табыш менен Өтөмбай жылкы тийип келип жүргөн жигиттерин түндөтүп Чекилдектин сазына аттандырып, алар бир үйүр кысыракты – тогуз байталды айдап келишип токойдун ичине камашат. Ошол эле күнү чоң суу жээгине тогуз байталды тең сойдуруп баш-шыйрактарын, терилерин аңга көмдүрүп таштап, төрт түтүнгө бир байталдын этин бөлдүрүп берет. Табыш өз үйүнө өз жылкысынан бир туу калды бээни сойдуруп, терисин үйүлгөн тезектин үстүнө жайдырып, баш-шыйрактарын короо ичине көрүнөө жерге койдуруп коёт. Кууганчулар из кууп токой ичинен нары Бугучуга кеткен изди таппай калганын, шектенишкени эле Төрөкелди уулдары экенин Шаменге, болуш небереси Балбакка айтышпайбы. Балбак болуш үч-төрт жигити менен Табыштыкына келбейби. Бир үйүр байталын уурдатып из кууп келгенин айтканда Табыш Балбактын болуштугуна карабай кичүүсүнтүп, бакылдап жемелеп кирет: «Эй, баатыр, уялбайсыңбы болуш башың менен уурдалган малды издеп жүргөнүңө. Үйдү кантип тинтесиң болуш башың менен. Чыгдандан эт издейт деген кандай жосун. Кечээ эле туу бээмди союп туугандарга бөлүп бердим. Тигине териси жайылып турат, кара, байталдын терисиби же туу бээнин терисиби. Көрсүн жигиттериң. Дагы шекшинип келдик дейт. Шексинбе, кармап ал, колунан «мынабу биздин жылкынын териси, мынабу биздин байталдын шыйрагы» деп. Ойлосоң боло тогуз байталдын эти этектүү биздин журттун алдына жетсе, артына жетпей калбайбы. Ошого да жаманатты болобузбу. Айдатып алсак, күтүрөтүп түтүн башына бирден жеткендей төрт-беш үйүрүн айдатып алат элек ко. Же андан Шамен агабыздын жылкысы азайып калмак беле?! Деги, баатыр, жылкычыларыңды сабат, көзүн чоң

www.bizdin.kg


ачып жүрсүн. Ууру менен бөрүдө уят барбы, ар барбы? Карабаса, сак-сактап сактабаса алат да, жейт да. Баатыр, конок айттырып келсең, меймандайт элем, ууру кууп келген экенсиң, аттан түшпөй жолуңа түш. Ошо ууруну тапсаң, мага айтып кой. Ал азаматтарды алыстан жылкы тийип келгенге жөнөтөйүн», – деп даам ооз тий дегенге да жарабай, жигиттеринин көзүнчө болуш Балбакты мазактаганы дүң болбой коймок беле.

Даңазалуу Шабдан баатырды тоотпогон, ал Нарындан келатып Балбакка конок айттырып жигитин жиберсе: «Мага үч кана киши конок айттыра алат: – Бири – солто Байтик, экинчиси – көлдөн черик Чыныбай, сарбагыштан – жалгыз Чоко» – деп Шабдандын шагын сындырат.

– Ырас эстеттиң тогуз байталды, казы-картаны. Табылат, Түкө, камсанаба. Тиги ат кермеде эле байлануу жылкылар турбайбы. Азыр күркүрөгөн күздө экөөнүн биринен эки эли казы чыкпай коймок беле. Чыгат. Казы-картага эч кабатыр болбогула, – деди Кудайберген тамашалай.

– Апбали! – деп тамшанып койду Турдукожо – эмитен эле уурту-буздан май агып, ыксырай баштадык. Уктап калып, аттарыбызды алдырып, уурдатып ийбейли, Байгана баатыр. Балбакты мазактаган эргулдар сен экөөбүздү тоотобу. Уктуң го, бажаңдын айткан сөзү бузук. Баш багып кайнежеңе саламдашып чыга кал, кайра аттаналык, ат-көлүгүбүз аманда.

Турдукожо муну азил кептин, сөз бууган тамашанын төркүнүн терең түшүнө бербеген Байганага кантээр экен, кандай сөз айтаар экен деп сынаганы да, кимибиз кимибизге ат кошчу экенибизди көрүп ал деп Кудайберген билгиге тийишкени да эле.

Эки курбунун алым-сабак чымчыкейине анча терең түшүнө бербей, Турдукожонун сөзүн чын бүтүп, Байгана ак үйдүн босогосун беттеп калды эле, Кудайберген билги каткыра күлүп, аны жеңден кармады.

– Кудай урган аңырайдын айткан кеби да кеппи! Азил да айтканы. Шакаба да шайтан айттырган. Муну менен азезилдешип албасаң кычууң канабы! Саал аярлай туралы. Тиги салып уруп келип мамыга атын байлап жаткан жигит кызыл-дөбөлүк Аалыкенин Самсаалысы көрүнөт. Эмнеге куюн кууп келгенин угалычы, анан үйгө кирип шашпай жайланып отурарбыз.

Шыргыйдай болгон бакыраң көз, мурду салаңдаган албеттүү, жаш жигит шыпылдай басып келип, энтиккенин кериле дем ала басып алып, созолонто салам айтты.

– Жайчылыкпы деги, өзүң да боргулдап тердеп миңгиңди да кара терге түшүрүп, шашып келгениң бузук? – деп Кудайберген билги Самсаалыга суроо узатты.

www.bizdin.kg



– Жок, жайчылык эмес, билги аке. Эрөөлгө чакырып келдим! – деди бадырата айткан сөздөрүн аягын жутуп.

– Ой, өркөнүң өскүр, балдырак, эмне деп тамтаңдап атасың? – Кудайберген билги да, жанындагылар да Самсаалынын сөзүнө түшүнө беришкен жок. Анын үстүнө Самсаалынын тили да келегей, шашып-бушуп бат-бат сүйлөй турган. Ал Кудайберген билгинин жакшы көргөн шакирттеринен. Тай мингенден тарта устатынан комуз үйрөнүп, келип-кетип, кээде ушу айылга жумалап коно жатып устатына башынан үйүрсөөк эле. Ошонусун да жактырчу Кудайберген билги, эркелете «балдырагым, шамдагайым» деп койчу. Комузга колунун ийкемдүүлүгүн, күү кайрыктарын көкүрөгүнө бат сактаган зээндүүлүгүн жактырып.

– Эрөөл дейсиңби, ой кудай урган, сени ким көкүтүп жүрөт?! Эрөөлгө чыкканды эмне кылат экенсиң, – деп Кудайберген билги кайталап суроо салды.

– Мен эмес, Бөкөң менен Макең эрөөлгө чыгышты, – деди шашкалактаган Самсаалы.

– Ой, балдырагым, шалдырагым, шашпа. Кана кайталачы, кайсы Бөкөң, кайсы Макең? – деп Кудайберген тигинин демин басты.

– Кайсы болмок эле, кадимки эле Боккөтөн менен Майлыбайды айтып жатпаймынбы, билги аке.

– Ой, өркөнүң өскүр ай, тамтаңдайсың да, тамтаңдайсың. Канча жолу айттым, шашпай, сөздү кынабына келтире сүйлөгөнгө үйрөн деп. Болбосо сенин кебиңди ким түшүнөт, ким маанисине жетет. Кана, дагы бир жолу демиңи ичиңе алып, маңызын-маанисин түшүндүрө айтып көрчү, – деп дагы кайталады Кудайберген билги.

– Маанисине келсек... – деп Самсаалы сөзүн баштап келатканда эле Турдукожо сөзүн бөлө чаап:

– Апбали, баатыр! – деп арсалаңдап күлүп Кудайберген билгини далыга каккылап калды. – Шакирт деп ушуну айт. Айт, айта бер, баатыр, айта турганыңды, – деди Турдукожо Самсаалыга.

– Айта турган болсок, маанисине келсек, Боккөтөн комузчу менен Майлыбай комузчу эрөөлгө чыкты. Ал эрөөл бүгүн түш оой башталат дешти жакшылар. Ошо жакшылар агер тил алса эрөөлгө билги өзү калыс болуп берсе жакшы болбойт беле дешти. Чакырсак келбейт ко керсейген кежир неме дешти. Кимдин тили өтөт дешти. Тили өтө турган киши издешти. Теңата тууган эмессиңерби, силердин бирөөлөрдүн тилин алаар деп Канаттын Карыпбайын айтышты эле, а болгон жок. Медеттин Ыйманалысын айтты эле, ал болгон жок. Султандын Кадыркулу да тилим өтпөйт деди...

– Алардан кайсы жакшы суранды? – деп Кудайберген билги сурап калды.

www.bizdin.kg



– Келдике бисар[1] Дыйканбай да. Ошонун өргөөсүндө, Ак-Кудукта эрөөл өткөргөн жатпайбы, – деди Самсаалы.

– Тукурган экен да, эрегиштирген экен да экөөнү бири-бирине, жойпу бисар, куйту бисар. Экөө эки башка комузчу, эки башка күүчү эмеспи. Мамилелери ысык, чогуу жүрүп, чогуу эл кыдырышчу эмес беле. Дагы эмне дешти ошо жакшылар?

– Дагы айта турган болсок, тил алдыраар киши таппай коюшту. Ошондо мен айттым аларга: «Керсейген десеңер, кежир десеңер, кантип келсин. Ал киши деген силерди теңине албайт, ошон үчүн көрө албайсыңар. А кишини силер түшүнбөйсүңөр, түшүнсөңөр а киши деген пайгамбардан кем эмес дедим. Мына, менин тилими алат дедим. А киши Бокеңдин да, Макеңдин да устаты дедим. Ал тургай менин да устатым деп мактандым. Жакшылар мени шакабага алды: «Сен ким элең? Ошондо мен айттым: «Билсеңер, мен деген комузчумун!» – дедим. Билги акем ар дайым айтат: «Кыргыз баласынын өнөрлүү эки эле баласы бар, бири манасчы, бири комузчу. Экөө бипбирдей, биринен бири калбайт, биринен бири өтөт. Ал өнөрдү жараткан жалгыз өзү гана тартуулайт. «Бийлер өлөт, бектер өлөт, баатырлар өлөт, эрлер өлөт, өнөрлүү гана өлбөйт» деп айтат а киши дедим. «Комузчу болсоң, кыйын болсоң, биздин тил өтпөй, сенин тилиң өтсө, эр экениңди билели – чакырып ээрчитип келчи» дешти. Ошондо чаап жөнөдүм быякка, – деп үзүл-кесил, какап-чакап жатып баарын-баарын түшүндүрүп таштагансыды Самсаалы.

– Апбали! Нак эрөөлгө чыгаар эр экенсиң, уулум, – деди Турдукожо Самсаалынын сөзүнө ыраазы боло. – А бу кишини керсеймат дештиби, тил албаган кудай урган кежирмат дештиби? Дагы эмне дешти?! – деп атайылап Кудайберген билгиге тийише кетти.

Самсаалынын күйбөгөн жери күл боло түштү. Устатын атайылап мазактап жаткандай сезип, ардана түштү. Ал Турдукожону устаты кантип келекелерин угуп жүргөн. Ошону айтып ийди:

– Дагы эмне деди дейсизби?! Аңырайган атаңдын оозун урайын – деп боктоп сөгүштү.

Санын чаап жыргап күлдү Кудайберген билги. Ага кошулуп Турдукожо да каткырды. Бу тапан жигиттин сөзүнүн эмнесине күлүшөт, абийирин ачып мазактаган сөзгө да күлкү жарашмак беле? – деп Байгана байбача өзүнчө кыжаалат болот.

– Азамат! Нак эрөөлгө түшчү эр турбайсыңбы! Мындай эрдин шагын сындыруу – элдин шагын сындыруу эмеспи, Куке. Эмне дейсиң?! «Жигиттин сөзү өлгүчө – өзү өлсүн» дечү турбайбы ата-бабаларыбыз, – деди Турдукожо.

---

[1] *Бисар* – орус писар, болуштун катчысы.

www.bizdin.kg



– Анын чын. Калган кепти үйгө кирип дасторкон үстүндө сүйлөшөлү, – деди Кудайберген билги, төмөнкү отоо үйдөн бир уланга самоор көтөртүп, өзү дасмалга оролгон бир нерселерди көтөргөн келин үйдү капталдай жандай кирип кеткенин көргөндөн кийин.

– Жок, баатыр акеси, убадаңы алып, сөзүңү угуп, анан чайга кирели. Кандай дейсиң, Баке? – деп Турдукожо Байганага кайрылды.

Эртеден бери үн катпаган Байгана эми гана эки ооз сөз айтты:

– Сиз билесиз да, Туке, сакалдуу эмессизби, сиздин сөздөн чыкмак белек.

– Анда эрөөлгө барабыз. Бу азамат сөз берип койгон турбайбы. Сөзү өлбөсүн. Баарынан сөз улук, – деп бүтүм чыгаргандай болду Турдукожо.

– Сөз улук! Адегенде даам сызалы, анан аттанса аттаналы эрөөлгө! – деди Кудайберген билги.

Чай үстүндө Кудайберген билги уулу Күмөнгө кечки коноктун камылгасын дайындады. Жалы тик кысыр тайдын бирин сойдуруп, этин да, казы-картасын да эки казандык кылып бөлүп, бир казанын бүгүн кечкиге бышыртып, экинчи казанын эртеңки түшкүгө даярдап койгула, агайын туугандардан сакалдуулатып үй ичине кенен отургандай гана бүгүнкү жана эртеңкиге бөлүп чакырып коюуну, комузчулар Турдукожо менен Самсаалынын өнөрүн көрсүн, бажасы Байгана менен баарлашып отурсун деп чакырганын айтууну тапшырды. Жакып-Жайдарыга той-аштарга, сый конокко чакырылганда гана минген сүмбөдөй келишкен сур жоргосун даярдатып: «Мени менен чогуу болосуң, комузумду ала жүрөсүң» – деди.

Бул жолу демейде башка жактарга барганда ат кошчусу ала жүрчү кичинекейирээк, элпек, жеңил «кой жорго» деп койчу комузун эмес, үйүнөн сыртка чыгарбай, башка бир да комузчуга карматпай өзү гана кээде илхамы төгүлүп-ташкындаган кезинде кара күүлөрдү черткен, аземдеп туткан комузун алып чыкмак болду. «Таңтаңшык» деп атап алган. Ал комузу көпчүлүк комузчулар кармаган комуздан башкачараак эле. Аны тээ Чүйдөн төөгө жүктөтүп алып келдирген бир кулач бууранын санындай жоон өрүк устунду койдун кыгына көмдүрүп, жумшартып, анан жара тең бөлүп чаптырып, жыгачтын дайыма күн көргөн жагынан өзүнчө, көлөкө жагынан өзүнчө эки тулкуну балталап сомдоп чаап алып, керкилеп оюп, бычак менен жонуп, өгөө менен өгөп, бүлөө менен бүлөп, казы май менен кайра-кайра сүртүп, жошого салгандай күрөң-кызыл түскө келтирип, анан карагай капкакты желимдеп жабыштырып, кыздын баласындай татынакай – узун моюн, капкактуу, бийик тээктүү эки комузду өз колу менен айлап убара болуп жасаган. Экөө тең белекке гана тартуулай турган комуздар эле. Күн көргөн жагынан чабылган комуз

www.bizdin.kg



шаңкылдап добуштуу, көлөкө жагынан чабылган комуз бир аз майыбы бар экенин Кудайберген билги өзү гана билчү, башка комузчулар, «комуз эмес бекен» деп тамшанаар эле. Анысын тээ көлдөн мейманчылап келген курбалдаш кайнагасы, Шаарканынын аталаш агасы Тилекмат акенин уулу Түркөбайдын баласы чоң комузчу Абак кадырын салып сурап алып кеткен.

Мына эми, Кудайберген билги, бажасы Байгана, асылкеч-курбусу Турдукожо комузчу, шакирти Самсаалы, жан жигити Жакып-Жайдары менен, анан аларга кошулуп «Таңтаңшык» комузу да эрөөлгө аттанды.

* * *

Жолду жакшы сөз кыскартат. Куйма кулак, сөз баккан, сөздүн кунун билген, ага жараша ширелүү, ширин кылып, угуучуну уюткандай доош менен, ар бир сөздү таптап, таптак кылып, ал тургай айтып аткан сөздүн маанисине жараша баса айтып, керек болгон жерде үндү көтөрүп же басаңдатып, акылмандардын айткандарын, олуялардын оюнан чыгаргандарын кошуп кайталап айткан чечен же сөзмөр адам менен сапарлаш болуп калсаң – жол жүргөнүң өзүнчө бир ырахат эмеспи. Кулактан кирип бойду алган нары кызыктуу, нары нарктуу сөздү уксаң кумарың канбайбы.

Сөздү сурай да, айттыра билүү жөн. Антпесе сөз дайрасы кайдан аксын.

– Жөнөдүк шашып эрөөлгө, кызыкты чындап көрөөргө, – деди Турдукожо комузчу бак-бак эте, эки түрмөк ырды таштап коюп, Кудайберген билгини кепке тартты. – Ыя, Куке, бу эрөөл дегениң эмне? Акындар алым-сабак айтышчу эле, комузчулар алым-сабак күү чертишчү эле. Эрөөл дегениң эки жоонун эрлеринин жекеме-жеке сайышка чыкканын айтышчу эле го. Же мен жаңылып жатамбы?

– Жаңылганың жок, Туке, а бирок билектин күчүн сынаган эрөөл болсо анда акылдын, өнөрдүн күчүн сынаган эрөөл эмнеге болбосун?! Тигинде деле, мунда деле намыс деген улуу сөз, уяттуу сөз байгеге сайылып жатпайбы. Акыл эрөөлү, өнөр эрөөлү адам баласына жат эмес. Те алмустактан бери адамдар бирине бири атаандашып, эрегишип, жер менен бийлик, байлык менен мансап талашып, өнөрлүүлөр өнөр жарышына түшүп, өтүкчүдөн баштап зергерлерге чейин, кимибиз мыктыбыз, кимибиз чыгаанбыз деп адегенде атаандашып, анан тымызын да, көрүнөө да эрегишип, атүгүл биринин көзүн бири тазалаганын санжырадан угуп жүрбөйбүзбү. Мансап менен бийлик үчүн эрөөлгө чыккандарды көрбөй жүрөбүзбү, өзгөчө орус бийлиги

www.bizdin.kg



орногону болуштук мансапты талашка ортого таштап коюп, уюткулуу журтту атайлап ыдыратып бөлүп, өз бийлигин таңуулоодо. Агайындарды өз ара жоо кылды. Алыска барбайлы, алсак, силердин эле болушта, Туке, атасы менен баласы – Байтерек менен Балбактын болуштукту талашканын өз көзүң менен көрдүң го. Кана айтчы, Туке, кумалакты сен атасына салдыңбы же баласына салдыңбы? Ата менен бала бийлик талашып эрөөлгө чыгат деген не шумдук? Үч уктасаң түшүңө кирбей турган жорук. Мына, менин бир тууган агам Өтөнбай менен чоң аталаш иним Канаттын биздин болуштукту талашып эрөөлгө чыкканын көрдүк го. Бириң өлүп, бириң кал дегенден башка эмне дейсиң. Бул бүгүнкү орус заманындагы эрөөл эмеспи?!

– Аларды байлык, мансап эрөөлү дейли. Өнөр эрөөлүнөн кеп салчы, бу Байгана мырза менен Самсаалы азаматым, жан жигитиң Жайдары да угуп алышсын. Өзүң күбө болгон, өзүң аралашкан өнөр эрөөлүнөн айтып кулактын кычуусун кандырчы, – деди Турдукожо.

Жогору карай кеткен кара жолдун ортосунда Кудайберген билги менен Турдукожо комузчу атка аттанаар тарабынын четинде, Жакып-Жайдары жолдун оң четинде Байгана мырза жанаша бастырып баратышты. Самсаалы артта ээрчий бастырып, ортодогу эки улуу кишинин кимиси сөз алып сүйлөсө ошо жагына атын темине жанаша калып, кызыктуу кептин бирин угуп, бирин укпай бушайман болду. Аны астыртадан байкаган Кудайберген билги Самсаалыга кылчайып минтти:

– Жолдун сол өйүзүнө бир, оң өйүзүнө бир теминбей Жайдарыга жанаша бастыр, сөз угам десең. Түкөңдүн үнү – аңырдын доошундай эле бар эмеспи, алда кайдан угулат. Жол кыскарталы. Туке сурап жатпайбы өзүң эрөөлгө чыктың беле деп. Эстеп көрсөм, көп эле жолу чыгыпмын эрөөлгө. Муну эми өмүр белесинин ашуусуна жакындаганыңда кайра бир көз алдыңан чубуртат экенсиң. Менин эрөөлүм, Байгана экөөбүздүн кайнатабыз – Чыныбай момошник[1] менен болгон экен эсептеп көрсөм мындан отуз жылдай мурда. Бул аябай узун кеп. Чечмелеп айтып отурса түгөнбөгөн баян. Кыскарта эле чабайын. Бул Ормон хандын заманында, бугу, сарбагыш чабышынан бир-эки жыл мурда башталыптыр. Төрөкелди Ормон хандын кол башчысы болуп дайындалып күркүрөп турган кезинде, Жылкыайдардын Тилекматы – бугу ичинде Боронбай манаптын көздөй көргөн кеңешчиси – Тилекмат аке атка татыган кезде, эки оён кудалашпайбы – бири-бирибизге арка-жөлөк бололу, миң жылдык сөөк бололу деп Төрөкелди чоң атам үч жаштагы мага Тилекматтын

[1] *Момошник* – орус тилиндеги помощник – жардамчы жана помещик – көп жердин ээси деген мааниде. Анын лакап аты Чыныбай момошник. Чыныбай Тилекмат уулу – уезддик башкаруучунун жардамчысы да, көп жер ээси да болгон.

www.bizdin.kg


небереси Чыныбайдын бешиктеги кызы Шааркaнга бешик куда түшүп, чоң атам Төрөкелди баатыр кырк жылкыны калыңга айдап барып өткөрүп коёт. Анан бир-эки жыл өтүп-өтпөй бир жагынан кокондуктардын, экинчи жагынан орустардын көкүтүүсү менен, кыргыз хандыгын жок кылып, өздөрүнө багынтуу үчүн ортого от жагып бир атанын эки уулунун элин чабыштырып жатышпайбы.

– Сөзүңө аралжы, Куке, бу бугу-сарбагыш чабышы ордо оюнунан, чокон аттуудан чыккан деп жүрүшпөйбү кээ бир санжырачылар, – деп сөзгө аралашты Турдукожо.

– Ошо санжырачылар сандырактаптыр. Былжырактардын былжыраган кеби! – деп Кудайберген билги аны бирөө безге сайгандай чырт эте түштү, демейде оозунан чыга бербеген оројураак сөздөр чыгып кетти. – Ордо оюнунда оюнчулар чекелешпей жүрүппү. Чекелешет, чырдашат, антпесе анын кызыгы болобу. Ошо оюнда эле кайра табышып, бозону чогуу ичип, ызалыкты чогуу жеп жүрүшпөйбү. Кеп башкада, кыргыздын хан ордосун ойрондотуунун айла-амалын ойлогон орус пашасынын иши. Бекеринен Боронбайга жарым полковник, Балбайга капитен ченин, мойнуна таккан алтын, күмүш меделди, кымкап чепкенди, орус акчасын жөн эле бекер берди дейсиңби. Бекеринен эмес! Ормондун ордуна Боронбай сен кыргызды башкарасың деп алдаган да. Эми бул узун сөз, көптүн көзү, акылы жетпеген сөз. Билсеңер, чыр чыкканда аскер башчы Төрөкелди Пишпекте – кокондуктардын коргонунда-чебинде барымтада экен. Анан жарадар арыстанды агытып жатпайбы, ханыңды өлтүрүп, элиңди көлдөн сүрүп салды дешип, сокур намыска жетеленген баатыр атабыз: «Көлдү үч айланып чапсын» – деп Ормон хан сага керез калтырды: «Ордумду бир ээлесе Төрөкелди ээлейт» – деп ээликтиришпейби. Бийлик деген, мансап деген эмнеге гана жетелебейт. Кандуу кыргынды, мал-жанды чаап алуусу айтпай эле коёюн. Ал жүрөк титиреткен капсалаң. Орустар сарбагыштарды көлдөн сүрүп көчүрүп, Кочкорго, Ат-Башыга, Ак-Талаага сүрбөйбү, өз мужуктарына жер тартып берип, ошондон кийин Темир-Болот балдары Кочкорду жайлап калат. Кийин-кийин мен бойго жетип жигит болгондо баягы бешик кудалыкты козгошуп, ата-бабадан бери келаткан каада-салтты бузбайлы, агер айнысаңар элдик топко, чоң жыйынга доого коёбуз, эл алдына алып чыгабыз деп Төрөкелди уулдары Тилекмат акенин уулдарына солто, саяк урууларынын мыктыларын ортого салышат. Ыдыраган эки бир туугандын ажырымын кайра калыбына келтиргенге куда-сөөк болуу данакер болбойбу дешет ортого түшкөн уруу мыктылары. Алардын кеп-кеңеши менен мени күйөөлөтүп, колуктунун жыгач үйүн төөгө жүктөтүп, той кешигин ат көлүккө аттырып той союшуна деп казылуу бээни,

www.bizdin.kg



дагы эки кысыр тайды жетелетип, көлгө Шалбаага жолдо үч конуп барып калдык. Анда мен жыйырмага караган жигит элем.

– Мына эми кызык башталат! – деп барк этти Турдукожо бир чети курбусун сүрөп, бир чети жанаша бастырып келаткандарды да угуп алгыла, билип алгыла дегендей көңүлүн бурдургусу келип.

– Күйөөлөп баргандын «ырынан да чыры көп» болоорун ошондо көрбөдүкпү. Бийлик менен мансаптын даамын жаңы таткан, көлдү – бугу элин өзүм билем деп терисине батпай дардактаган Чыныбай момошник ооматы  оогон Төрөкелди тукуму менен куда-сөөк болууну каалабаганынанбы, айтор, ар кандай шылтоолорду айтып: «Төрөкелди берген калыңын он эселетип кайра чаап алып кеткен, демек, ортодо калың жок, убада сөз да жок», – деп көшөрөт. Куда башчы болуп барган өз агам Өтөнбай, анда жаш курч кези: «Атам чаап алса Ормон хан атабыздын кунуна деп бугу Кыдыктын жылкысын чаап алгандыр, бугулардын жылкысын баккан черик Бирназардын кайсы жылкысын чаап алыптыр», – деп Чыныбайдын бугу насилинен эместигине шек келтирип, ортого калыс болуп бериңиз деп арык уулу Кыдыр акеге чаап барыптыр. «Эки бир туугандын жарааттарынын каткан кабыгын кайра сыйрыбайлы, кыз баланы эки элдин, эки уруунун элчиси дегени бекерби, сен чана турган журт эмес Төрөкелдилер, артында калдайган калың эли бар, наркту намысчыл эл» дегенде «Кыз түгүл, кызыл түлкүнүн богун бербейм» деген Чыныбай бир аз эсине келген  тура. Антпесе да бу күйөө баланын баш терисин көрөлү, комузчу-мүнүшкөр дейт, өнөрлүү дейт, кокус ошо өнөр деп дейди болгондордон болсо, акыл-эси жайында эмес экен деген шылтоону бетке кармамай болуптур.

– Мына эми эрөөл башталат! – деп Турдукожо барк этти.

Мунусу курбусун кубаттаганы да, бир аз тыным алып алалы дегени да эле. Сөз кайын журту, өз кайнатасы тууралуу болуп жаткан соң Байгана мырза да кулак түрө тыңшай баштады. Бул кеп Самсаалыга жомоктой кызык болуп баратты. Жакып-Жайдары өзүнчө эле кубанып коёт.

– Биздин таалимибиз башка эле – деп сөзүн улады Кудайберген билги. – Хан, бектин алдында да башыңды ийбе, тике туруп, тик кара. Насилиңе шек келтирбе. Жалчыдай болуп жалтактаба, койчудай болуп корунба. Сен деген жер ээсисиң, мал ээсисиң. «Керсейгенге керсейгин машаяктын уулу эмес, эңкейгенге эңкейгин атаңдан калган кул эмес», – деп үйрөтүшкөн бала кезден. Ар качан «Улууну сыйла, кичүүнү ызааттоону да унутпа» дешип накыл кептерди да мээбизге куйган.

– Мактан, мактанып ал бажаңа, мага, анан бул балдарга, – деп какшыгын курбусуна акырын жылдырып койду Турдукожо.

www.bizdin.kg



– Ээй, бир айтасыңбы, миң айтасыңбы, биздин тарбия мактагандай башка эле. Таалимчилер өздөрү – өрнөк болчу, бардык жагынан, эмки биздей эмес эле, өрнөк эле…

– Ии, кемчилигиңи мойнуна алсаң, ушинтип менменсине бербей, кекирейе бербей. Тамашалайм, тамашалайм, – деп Турдукожо сөзүн кайталады. – Ошентип, кайнатаң менен эрөөлгө чыктың, уланта түш кебиңди, узарта түш сөзүңдү.

– Улантсам, жашы мен курдуу кайнагам Абак аны менен дароо ымалам келишип, ынак боло түшкөнбүз, ага айтышкан го ээрчитип кел деп, экөөбүз кирип бардык конок үйгө – чоң үйгө. Төрдө кыдырата сөөлөттүү карыялар, эпчи тарабындагы төрдүн башында зоңкойгон ак элечекчен эки кишилик орунду жалгыз ээлеген балтайган чоң байбиче, жанында орто жаштардагы, гүлдүү жоолук салынган ак куба зайып отурат. Карыялар менен чоң байбиченин чок ортосунда ногойчо кийинген, ногой топучан кара мурут, каны бетине тээп турган кыпкызыл жүздүү орто жаштагы орто бойлуудай көрүнгөн байбача отурат, үңкүйө көзүнүн асты менен теше тиктеп сынаакы карап. «Кайната сенсиң го» – дедим ичимде. Ага чейин колуктумду көрө элек элем да.

– Ии, кел Төрөкелди уулу, отур ошондой, – деп ортодогу кызыл бет киши сөөмөйүн кезей улага жакты көрсөттү. «Төрөкелдинин уулу», «улага» деген сөздөрдү табалагандай айтты көрүнөт, жыйрыла түштүм. Көрсөткөн улагасына эмес, карыяларга катарлаш отурган мурутчан жигиттин этегин баса орун алдым, кайнагам Абак менден ылдый отуруп калды…

– Апбали! Көрүп тургандай көз алдыга келтире түш! – деп Турдукожо кубаттап койду.

Тегиз али дың жолдо аттардын анда-санда бышкырыгы, туяктардын дүп-дүп эткен доошу кызуу кепти коштоп бараткансыды. Кудайберген баягы аңгемесин улады.

– Өнөрлүү дейт, комуз чертет дейт, куш салат дейт, куштун тилин билет дейт, чынбы ошо? – деп сурады кайнатам.

– Алибек алына жараша дейт – дедим. Тиштене кайнатанын кайра-кайра «дейт» дей бергенине жооп кылып. Анан Алибек саяк эсиме келе калып. Көлдөн бугунун да, сарбагыштын да жерине саяктарын көчүрүп келип ээлик кылган беренди эстерине салдым көрүнөт.

Отурган карыялар да, кайната да селт эте түшкөндөй көрүндү мага. Кайната обдула калгансыды.

– Абак, керегеде илинген комузуңду алып бер, буга, – деп бурк этти кайната.

www.bizdin.kg



Келбеттүү өрүк комуз экен, чертилип жүргөнү капкагына түшкөн кол изинен көрүнүп турат. Оор басырыктуу, коңур доошко, алкым күүлөргө – «Насыйкаттын» толгоосуна келтирип, бир аз тыным алып күтүп калдым. Үндүү жакшы комуз экен. Күүнү айтып черт дешет эмеспи. Анткеним жок. Устаттарым Ормотой комузчу, Айтике манасчы, а киши да комузчу эле, «Кара күүлөрдү, залкар күүлөрдү санат-насаат ырлардын, дастандардын обонуна салып, көкүрөгүңдө ыр саптарын кайталап ошону түркүн кайрыкта черткенге үйрөн. Адегенде ырдын өзүн көкүрөккө жат кыл, антпесеңер – кара күүнү, залкар күүнү черте албайсың, жаңыла бересиң дешчү. Ошондон улам күүнүн ырын ичимде күңгүрөнүп кайталачумун, азыр деле так ошентемин. Тегерете бир карап алып, Асан Кайгы олуянын насаат осуятын ичимен кайталап салмак менен коңур доошко салып чертип кирдим.

***«...Таңдайлашкан доо келсе, Маңдайлашкан жоо келсе, Как алдында беттешип, Калыс кебин айтпаса, Калк камчысын чаппаса, Чечендиктен не пайда?! Деги, чечендиктен не пайда?.. Жоодон суурул албаса, Жолун тосуп барбаса, Калкка назар салбаса, Башын байлап барбаса, Баатырлыктан, не пайда?! Андай баатырлыктан не пайда?! Журтка кайры тийбесе, Байлыгыңдан не пайда. Ошо, байлыгыңдан не пайда?! Калыстыгың болбосо, Акимдигиң не пайда?! Деги, акимдигиң не пайда?! Карыяң болоор, ой, бейпайда, Калкың болоор, ой, бейпайда?! Элим-элим дебесе, Өйдө-төмөн удургуп, Көчүп-конуп жүдөгөн, Элдин камын жебесе, Улук алды чыкпаса, Улуу сөздөн айтпаса, Акылмандан не пайда? Андай акылмандан не пайда? Калкым-калкым дебесе, Калктын камын жебесе, Хан алдына чыкпаса, Калыс сөзүн айтпаса, Башын катып уктаса, Карыяңдан не пайда? Ошо, карыяңдан не пайда? Артымдагы калганга, Айткан сөзүм бир пайда! Черткен күүм миң пайда. Ушу, черткен күүм миң пайда...»***

Чертип бүтүп токтодум. Үй ичи бир саамга тымып калгандай болду. Үн жок, же жакканы же жакпай калганы билинбейт, төрдөгү карыялар эмне дейсиң дегендей ортодогу кайнатамы карайт. Анан оң жагында отурган аксакалы ээгин экчеп, эмне дейсиң дегендей Чыныбай момошникти карады. Ошондо гана ал мага карап:

– Бул кайсы күү? Кимдин күүсү? – деп сурады.

– Бул – «Насыйкат». Олуя Асан Кайгынын насаат-осуятынан, – дедим.

– Кана, дагы бир күү чертчи! – деп буйра сүйлөдү үй ээси.

Комузду кайра толгобой эле. Дагы «Насыятты» чертип кирдим. Эми Калыгул олуянын небереси Акидейге айткан осуятын көкүрөгүмдө кайталап аттым...

www.bizdin.kg



***«Акыл-макал экөө бирдей келээр, Ал экөөнүн айтканы – күндөй тиер. Билбеген наадандардын ичи күйөөр, Билген адамдар ошону байым кылаар, Көкүрөккө ойлонуп, дайын кылаар. Билбегендер ошону айың кылаар... Карагай, сөксөөл экөө дос болушкан, Аягында ал экөө жоо болушкан. Кийин жагы арылгыс доо болушкан. Арасына табылгы элчи болгон, Жараштырып алалбай уят болгон. Уялгандан табылгы кызыл болгон. Корккондуна карабай узун болгон, Таарынгандан сөксөөл чөлгө көчкөн. Түрдүү заман ушинтип өтүп кеткен. Тегеренип шум дүйнө бизге жеткен... Кыйкырганы бел ашпай, Үн кыскарган бир заман. Кылса жумуш бүтпөгөн Күн кыскарган бир заман. Деги, күн кыскарган бир заман...***

Күүнү чертип бүтүп токтодум. Үй ичи баягыдай эле тымтырс. Үн жок, сөз жок. Баягы суроо:

– Бул кайсы күү? Кимдин күүсү?

– Бул – «Насыйкат». Өң бетинде калы бар касиеттүү Калыгул олуянын небереси Акидейге айткан осуятынан, – дедим.

– Дагы бир күү черт! – деп буюрду кайната.

Саал жана түшкөн кылдарды кайра толгоп алып «Насыйкатты» кайталап чертип кирдим. Бул жолу устатым Айтике акындын, манасчынын санат-насыятын ичимен кайталап комуз кылында кайрыдым, бир аз узарта...

***«...Булбул сайрайт угасың, Акын ырдайт угасың, Кулагыңды кандырып, Курсант болуп турасың. О деги, Бир кумардан чыгасың... Чаңсыз асман бурулдап, Учурунда кыш жакшы. Умурай журтка береке, Учурунда күз жакшы. Көп керектиги тийбесе, Көбүңдөн да аз жакшы. Балкытып баарын жайнатып, Баарлуу келген жаз жакшы. Ак чөлмөк ойноп ырдоого, Булутсуз чыккан ай жакшы. Бейиштин бир белгиси – Жаз жакшы да, жай жакшы. Эми гана ким жакшы, Эки эли кызыл тил жакшы. Баарын чындап көтөргөн, Баарыбыздан да жер жакшы. Ошол жерде жашаган, Баарыбыздан эл жакшы. О, чиркин, жер жакшы да, эл жакшы»...***

Жана мурдагыдай эле эч кимиси унчукпайт, кайнатанын оозун карап. Жанагы эле суроо.

– Бул кайсы күү? Кимдин күүсү?

– Бул деген «Насыйкат». Устатым Айтикенин ыр насаатын коштогон күү.

– Айтике деген ким өзү? – деп кекете сурагансыды.

– Айтыке деген билбесеңиз, билип алыңыз, атактуу манасчы, анжияндык, аркалык бүт кыргыз билет, Арыстанбектен ашса ашкан, асты кем калбаган чоң акын болгон.

– Ошондой олуя дечи. Деги сен «Насыйкаттан» башка күү билесиңби?

www.bizdin.kg



– Бир топ эле күү билебиз, а бирок бир күүнү билбегендер бар – деп келатканымда сөзүмү чарт бөлдү кайната.

– Ошо билгениңи чертчи!

Комузду бел күүлөрдүн толгоосуна келтирип «Ибаратты» элдик санат-насаат ырлардын обондорун кайрыкка салдым. Кыскараак кайрыдым. Эки жолу кайталадым.

***«...Азаматтын белгиси, ак-караны тааныштан, эстүүлүктүн белгиси, элин жакшы багыштан. Атам бар деп мактанба, адам саны жок болсо. Балам бар деп мактанба, башка түшкөн жүк болсо...»***

Кыска чертип токтогонума отургандар бир аз жандана түштү. Баягы эле суроо берилди. Баягы эле кайната да.

– Бу кайсы күү? Кимдин күүсү?

– Бу «Ибарат», элдики – дедим.

– Дагы черт!

«Дагыны» буларга көрсөтөйүн, комуз күүсүн уга албаган кереӊ кулактарды шылдыӊдап көрөйүн деген ой кетти. Кайдан билейин, кайнатанын сынагын, «күйөө баланын баш терисин байкайлы, ак да, көк да дебегиле» – деп алдын ала агайын-туугандарына айтканын эртеси кайнага Абак айтып турбайбы мага. Кайрадан «Ибаратты» черттим. Бул жолу узагыраак кайрыдым, олуя Асан Кайгынын санатын өзөк кылдым күүгө...

***«...Ат кадырын биле албайт, Алыска сапар жүрбөгөн. Калк кадырын биле албайт, Адилетсиз сүйлөгөн. Чом кадырын биле албайт, Жабдуулап атты минбеген. Жер кадырын биле албайт, Көчүп-конуп жүрбөгөн. Суу кадырын биле албайт, Чаӊкап келип конбогон. Журт кадырын биле албайт, Акыл айтса көнбөгөн. Сөздүн жайын биле албайт, Жыйналган топко барбаган. Жетелеп жүрүп байге албайт, Жетеси буудан чаппаган. Куштун тилин биле албайт, Ак шумкар таптап салбаган...»***

Негедир өз ара күбүрөшкөн сөз угулду күү чертип бүткөн бир аздан соӊ. Кайната суроосун кайталады:

– Бу кайсы күү? Кимдин күүсү?

– Бу «Ибарат». Олуя Асан Кайгынын санатынан – дедим.

– «Насыйкат» менен «Ибараттан» башканы билбейсиӊби, ыя? – кайната кекете сурады.

– «Насыйкат» да, «Ибарат» да комуз күүсүнүн төрөсү эмеспи. Төрөнү майда күүгө тебелетелиби? – дедим каяша айтып.

Карыялар негедир жандана түшүштү.

– Баса десеӊ, төрөнү да тебелетеби? – деген сөз чыкты карыялардын биринен. Ошондо кайната Абакты карай оӊ колун көтөрө жандай босогону көрсөтө минтти:

www.bizdin.kg



– Алып кет, мунуңу, бир күүсүн таң атканча кайталап черте берсин…

Кудайберген билгинин күүнүн өзөгүн түзгөн ырларды жат билгенине, ошону күүнүн ыргагына келтире, тим эле комузду чертип жаткандай айтып бергенине бирге бараткандардын бардыгы тан берди.

– Баракелде! Эрөөл болбосоң коё кал, – деди бакылдай Турдукожо. – Айтам да, Кукени эмне эл сыйлайт дейм да. Көрсө, эрөөлдө жеңип жүргөн эр турбайбы. Куке, эми «Кыз эмес, кызыл түлкүнүн богун бербейм» деген Чыныбай момошник кандайча Шааркaнды колуңа салып берди ошону айтып бербейсиңби, жол кыскарсын.

– Ал узун сөз, узак кеп…

Эрөөлдү көрүүгө бараткандар сапарын улай берсин. А биз Кудайберген билгинин баянын кыскарта чаап айтып берели.

* * *

Эртеси күңкүл-күңкүл кеп тараптыр. Жанагы сарбагыштан күйөөлөп келген карчыга көз күйөө бала кирпигин ирмебей биздин Чыныбай төрөнүн этегин баса отуруптур, анысы аз келгенсип суроосуна каяша жооп берип катырыптыр. Бир күүсүн беш түрлөнтүп черткен экен. Чыныбай төрө беш жолу: «Бу кайсы күү, кимдин күүсү?» – деп сураптыр, беш жолу тең: «Бул – Насыйкат, бул менин күүм. Беш жолу чертилген күүнү ажырата албаган төрө, кантип беш болуш элдин төрөсү болуп жүрөт» дептир. «Жок, антпептир «Насыйкат» – күү төрөсү. Сиздей төрөгө төрө күү гана жарашат. Ошон үчүн майда күү черткен жокмун» – дептир күйөө бала. Ошондо дегеле киши жактырбаган биздин Чыныбай төрөбүз бир аз жибиптир. «Дагы бир сындан өткөрөм. Агер аны ойдогудай орундатсаң Шааркан кызымын колун карматам» – дептир.

Кайнатанын дагы бир сындан өткөрөм дегени чын экен. Ошо дейт, дейт деген сөз тараган күнү, түш оой күйөө баланын өзүнчө тигилген отоо үйүнө Абак кайнагасы бир кушту мээлейине кондуруп, бостектин кебинен жасалган далбааны колтугуна кысып апкелип, күйөө бала – Кудайбергендин колуна тапшырды. Узун шыргыйды да сүйрөй келиптир.

– Мына куш, мына мээлей, мына далбаасы. Тиги шыргыйды эки керегенин ортосуна туура тартып коё кал, кушка туур болсун – деди эле Кудайберген мырза кайнагасы Абактын айтканын дароо жасай койду. Абак кушту туурга кондуруп коюп сөзүн улады. – Чоң үйдөгүлөрдүн айтканын айтайын: – Бу карчыганы эки күн мурда Ак-Шыйрактан, Жети-Өгүздүн сыртынан Чыныбай абама тартууга апкелишти. Сейрек куш, төрөлөргө гана жараша турган куш де-

www.bizdin.kg



шиптир сырттагы мүнүшкөрлөр. Биздин мүнүшкөр, бул үндөккө келе элек, жапан экен, бир айсыз тапка келтирүү кыйын дегенин өз кулагым менен уктум. Ушу карчыганы күйөө бала болуучу неме эртеңки бешимге чейин тапка келтирсин дешти. Илбээсинге салат экен. Сага жардам берет элем, болбойт, себеп куш тилин билбейм, анан эч ким жардам, кеңеш бербесин дептир Чыныбай абам...

Куш, ителги дегенди колдон көргөндө жантыгынан жата калчу Кудайберген мырза дароо мээлейди кийип, колуна кондурайын деп сунуп, бөпөлөп көрдү эле чаркырап чалкасынан кете жаздады. Ага карабай Кудайберген оң колу менен куштун жонунан канаттарын кошуп апчый кармап мээлейге кондурду эле, тырмактарын мээлейге батыра конуп берди. Ормондоп туш-тарабын карайт. Кудайберген оң колу менен куштун жону, канаттарын сылап, анан жемсөөсүнүн үстүнөн ылдый төшүн сылап, манчаларын төш жүнүнө сойлотту. Матырып көрдү эле, тим эле былкылдайт, өтө семиз экен. Куштун колго түшкөнүнө бир топ эле күн болсо керек, адамдан анча чочубайт, кайра качып кетчү куштай көзүн тетирилетип ала качпай, жем жеп көнө баштагандай мээлейдин сөөмөй менен бармагынын ортосун тиктей карап, «Кана, жемиң» дегендей адамдын көзүнө тикирее тиктеп калып жатты. Куштун тил алчаагы да, кежири да болот. Бул анча кежир эместей. Анын үстүнө бир топ күндөрдөн бери бир-эки мүнүшкөрдүн колунда болгону байкалып турат. Жакшынакай кичине куш боосу, үндөккө үйрөткөндө ага улай турган эки кулачтай ичке кайыш танап ошого күбө болуп турду. Кудайберген мырза куш конгон колун өйдө-төмөн силкилдетип көрдү эле, ал учуп кетүүгө же чалкалап түшүп кетүүгө аракет кылбай кайра мээлейге тырмактарын батыра кабыштыра кармап калып жатты. Үндөккө бат эле келчүдөй. Кудайберген туурга акырын кондуруп койду да, Абакка суроо узатты.

– Дагы эмне дешти, бизге чоң үйдөн?

– Дароо эле баарын билейин дейсиң го.

– Ананчы.

– Анда мындай, сындан өткөрүп жатат, Чыныбай абам. «Баш терисин байкайлы, өнөрдүн артынан түшүп дейди болуп талаалап кеткен оомо болсо – кызыбыз кор болбойбу. Азырынча ак да, көк да дебегиле. Жакпай калса кыз түгүл – кызыл түлкүнүн богу да жок», – деди.

– А сиз өзүңүз кандай ойдосуз? – Кудайберген мырза Абакка «сиз» деп кайрылды, колуктусунун аталаш абасы экенин кечээ билген.

– Канчадасың? – деп сурады Абак.

– Жыйырмага карадым.

– Тең турбайбызбы, сен мага киши жок жерде «сен» деп эле айт. Анткени сен мага кечээ кечте, комуз черткениңден кийин аябай жа-

www.bizdin.kg


гып калдың. Ырас, берген жообуң орой экен, күйөө бала да ошондой болобу, кайын журтта. Антсең, ишти ойрон кыласың, билдиңби? Баса, комузум кандай экен?

– Кечээки комуз сиздики беле?

– Ооба, Чыныбай абам «комузуңду алып келип, керегеге илип кой» дегенинен алпарып илип койгом.

– Сиз да комузчусузбу?

– Айтпадымбы, киши жок жерде сен деп сүйлөй бер деп. Комузду кийин эле черте баштадым. Чоорчумун. Кыякчымын. Ак чөлмөк ойногон жерде чоор созчумун, кыз-келиндердин оюнунда кыл кыяк тартчумун. Колукту алгандан бери комуз черте баштадым. А сен укмуш чертет турбайсыңбы, кишини арбап алып. Бизден, көлдөн сендей черткен комузчуну көрө элекмин. Арыстанбек атабызды айтышат, а кишини көрбөй калдык, алты жүз күү чертчү деп. Ормонхандын улуу чоң комузчу Сейликан менен эки күн бою алым-сабак күү чертишкен тура. Сейликандын комузунун кылы үзүлүп кетип, Арыстанбек атабыз утуп кеткен экен. Сейликан: «Мендей черткен комузчуну биринчи көргөнүм» – деп торколуу тон кийгизип, аргымак мингизип аябай сыйлаган деп айтышат. Сен канча күү билесиң?

– Санаганым жок. Жүзгө жетпейт ко.

– «Насыйкатың» эле – үчөө, «Ибаратың» эле экөө болсо, сеники деле азыр эле жүздөн ашса керек. Кечинде атам кеп кылды. Серкебай абам айтты дейт: «Атаңгөрү, комузчу болуп калганан карабайсыңбы, бүт өнөрүн ушуга жумшап салыптыр, болбосо атабыз Тилекмат акедей эле болчудай экен тайманбаган жагынан, дароо сөз тапкычтыгынан, жоопторун карабайсыңбы – шылый чапкандай өткүр. Бир айыбы – комузчу болуп алганы» – дептир. Анда Ачакей абам айтыптыр: «Арстанбектей атактуу болсо айып болмок беле. Өткүрлүгүн карабайсыңбы, этегимди баса келип отуруп алды». Кенжеке чоң энем, төрдө отурган элечекчен чоң байбичеси айтыптыр: «Бир эле айыбы – оройлугу окшойт. Канча кылса да карышкырдын тукуму эмеспи». «Ак да дебегиле, көк да дебегиле» дегенди айтып салдым көрүнөт, – деди Абак.

– Ыраазымын сизге, мени колдогонуңузга, – деди Кудайберген.

– Сен көп эле кабатыр боло бербе. Кечээ кечинде бийкечинин Айсалкын жеңесине сени аябай мактадым. Айсалкын деген менин келинчегим. «Бийкечиңе айт, макта» – дедим. А балким, бүгүн түнү Шааркан кыз менен өзүң сүйлөшсөң кантет? Мен Айсалкынга айтайын. Эл жаткандан кийин жолуктуруп кой, сүйлөшүп көрүшсүн дейин. Непада макул болсо сен корчоңдобо да. Азыркы мени менен сүйлөшкөндөй эле «сиз», «биз» дебейсиңби, жакшылап сүйлөш. Убадалаш. Айт де Кенжеке чоң энеңе. А кишиден баарыбыз, Чыны-

www.bizdin.kg



бай абам да бөжүрөп турабыз. Каарына алса, кар жаадырып, бороон каптатып, кар үстүнө казан астырып кууруп иет. Айтканы закүн, мыйзам. Шаарканды өлө жакшы көрөт, сураганын эки кылбайт. А биз, Айсалкын экөөбүз Шаарkандын кулагына куябыз, сени мактап. А сен Шаарканды карма, макулбу.

– Ырахмат, кеңешиңизге. Бир сураныч, мага бир чака муздак суу, бир тилим чийки сулп эт керек. Кушту таптаганга. Тезирээк апкелдирип берсеңиз жакшы болот эле, – деди Кудайберген.

– Жарайт, кабатыр болбо, мен сен тараптамын, – деп Абак чыгып кетти.

Чай кайнамга жетпей кичирээк улан бир чака сууну, эки тилим сулп этти дасмалга ороп апкелип берди.

Кудайберген кушту туурдан алып, канаттарын буту-колуна куушура кармап, чакадагы муздак сууга чөмүлтө матыра малып, тумчугуп бараткanda тартып алып, колуна кондуруп канат-куйругун жыйдырбай колун өйдө-төмөн силкилдетип калдактата берди. Мунусун кайра-кайра кайталап жатты, кушун улам туурга кондуруп коюп, бир аз эс алдырып, канат-куйругу, моюн-төш жүндөрү кургай түшкөн сайын кайра баштан баягысын жасай берди. Семире түшкөн же жаңыдан колго түшкөн семиз куштун ашык майын, ашык этин чоң мүнүшкөрлөр ушинтип түшүргөнүн угуп жүргөн, көрүп жүргөн. Кудайберген каш карайганга чейин куш менен алектенди. Жем жедирип койгон да жок, куштун да өзөгү карарсын, жемге өзү жутунгандай абалга жеткенде гана үндөккө үйрөтүп, сууга чыланган сулп эттен ак жем кылып аз-аздан татытып турмак болду. Күлүктү сууткандай эле кушту да суутуп алуу жөн. «Сууту канган күлүк окуранат, тапка келген куш шаңшыйт» – дейт эмеспи.

Күүгүмдө гана Абак Кудайбергенди ээрчитип барып конок үйдөн тамак ичирип келди. Айсалкын жеңеси Шааркан бийкечин эл аягы суюлуп, эч ким шектенбегендей болгондо гана апкелерин айтып, өзү эртең менен эрте келип кетемин деди. Кудайберген күйөө жолдош болуп келген ага-инилерин, жеңелерине бул күйөө балага тигилген үйгө баш бакпагыла, мени жалгыз койгула, мен таң атканча кайнатамын кушун таптап, үндөккө көндүрөм, анан колуктум да түн ортосунда жолукканга келмек болуптур, силер тоскоол болбогула деген.

Каш карайган ченде эки келинчек кирди күйөө баланын отоо үйүнө. Бири кичинекей төрт бут орундук, бири колуна орус мом шам чырак койгуч алып алыптыр. Жылмая учурашышып, башынан тааныштай мамиле жасай башташты.

– Мырза күйөө бала жаркырап жарыкта отурсун деп атайы орус шамын апкелдик, – деди бири.

www.bizdin.kg



– Колкосуна кокон тыйынды албайбыз, алсак орустун күмүш тыйынын эле алабыз, – деди экинчиси.

Отургучту боз үйдүн коломтосуна коюп, ага шам чырак койгучту жайгаштырды. Карыш-карыш үч шамдуу экен. Ширеңке чагып күйгүзүштү эле, боз үй ичи күңүрттөнүп барып жарык боло баштады.

– Колкосун бербейсизби, мырза жигит, биз кетелик, – деди келинчектин бышыгыраагы.

– Колкону – колуктуну көргөзсөңөр берем, – деди Кудайберген мырза.

– Апей, көтөк, сарбагыштар салт билеби деги, – деди келинчектин бышыксынган тыңыраагы.

– А сиздер кимсиздер, сарбагыштын Бугу энесинен эмес, чериксиңерби?! – деди Кудайберген атайы тийиштик кылып, анткени булардын бабасы – Жылкыайдар чериктен келген Бирназар бийдин тондуу уулу деп айтылат эмеспи санжырада.

– Оопай, татай![1] Биз уккан жокпуз – бул сөздү! Сиз айткан жоксуз – бул сөздү. Кой, жеңе, ушунча тойгонубузда эле кетели, – деп көп унчукпаганы тыңыраагынын жеңинен тартып, босогодон аттаганча шашты.

Кудайберген мырза мөрөй алгандай өзүнчө жыргап калды. «Эмне үчүн эки түнөгөнчө апкелбеген шам чыракты бүгүн апкелишти?» – деп ойлоп, анан Абак кайнагасынын айтканы боюнча жасанып атканын баамдай калды. Куш менен алек болуп жатып, колукту менен кездешерине анча ишенбей турган жаны эми үйгө атайы шам чырак жактырып койгондон кийин жүрөгү опкоолжуй баштады. Туурдагы кушту караса көзүн балбылдатып момурайып отурат. Эки-үч күндөн бери бутуна туруп жүрүп отуруп жарытпай, же түн уйкусун толук көрбөй, чарчаган экен. Эми билди чаалыкканын. Акырын барып төрдөгү шырдак үстүнө салынган кара көлдөлөңгө кыйшая жатып саамга тук эте калайын деп ойлоду. Көшүлүп көзү илинип кетиптир. Бирөө жеңинен тартат. Кумайыктай сак кулак жайы бар эле, шырп эткен добушту уга калган. Үйгө киргендерди укпай калганына чочуп кетип, чыканактай калды. Бет алдында кыйгачын сала мыскылдагандай карап, гүлдүү жоолук салынган келинчек туруп турат. Артында дагы бир караан. Буттарынын учу менен басып, тырс эткен добуш чыгарбай кирип келишкен бейм. Колуктусу жеңеси менен келген тура.

– Айыптуумун, айыптуумун, көзүм илинип кетиптир. Куш менен алектенип керээли-кечке суй жыгылсам керек, – деп шашкалактады Кудайберген мырза.

---

[1] *Оопай, татай* – калмакча «Түү, бити курусун!» деген таң калуу.

www.bizdin.kg



– Комуз менен куш болсо, колуктунун кереги жок турбайбы, сизге – деди кыздын жеңеси.

– Аз айып, көп күнөөм болсо, кечирип коюңуздар. Жыгылыштуумун, Айсалкын жеңе.

– Ой, ботом, мени түшүңүздө көрдүңүз беле?

– Сиз түшкө кирбегенде, ким түшкө кирмек эле, – деп Кудайберген мырза жеңесин көтөрө чалып койду.

– Түшүнө колуктусу кирбей, таанybаган бирөө киргени кызык экен, – деди жеңеси күйөө баланы сөз менен чымчып.

– Айсалкын жеңе, «түш деген түлкүнүн богу» дейт эмеспи. Өңдө көргөнгө не жетсин. Миң мертебе ырахмат сизге, бийкечиңизди биз менен көрүштүрүп жатканыңызга. Көпкө баарлашып отурганга шарт да, уруксат да жок. Андыктан, Айсалкын жеңе, сиз уруксат берсеңиз, бийкечиңиз менен көзмө-көз, жекече жашыруун сүйлөшсөк кандай дейсиз? – деп суранды Кудайберген мырза.

– Ал жагын бийкеч өзү чечсинчи, – деди Айсалкын жеңеси.

– Сиз макул десеңиз, бийкечиңиз аный дебес, – деди Кудайберген мырза.

– Мейли анда, бир жолу бийкечими бийлеп коёюн. А сиз шоктонбоңуз, бийкечтин колу-башын кармалап тентектик кылбаңыз. Мен босогонун сыртында эле турам. Айтаар сөзүңүздү бат айтып калыңыз, башка бирөөлөр быякта жүргөнүбүздү байкап калбасын. Сөзгө калбайлы…

– Кабатыр болбоңуз, Айсалкын жеңе, сизди сөзгө калтырбайбыз. Бат эле бийкечиңизди ээрчитип кетесиз.

Айсалкын жеңеси сыртка чыгып кетээри менен Кудайберген мырза Шааркандын колун акырын кармап, алаканын сылап минтти:

– Агер мен Сизди, өзүбүзчө калганда, Шакен деп эркелете айтсам, макул болосузбу?

Шааркан башын ийкей, акырын минтти:

– Кенжеке чоң энем да Шакен, Шакентай деп эркелетет…

– А кишини мен кечээ кечинде көрдүм. Өтө нарктуу, салабаттуу киши экени дароо байкалып турду мага, элге бир сөз айтпаса да. Ал кишиге өзүң акырын айтып түшүндүрсөң, биз дегенди ataларыбыз кудалаган эмес. Биз дегенди арбактуу чоң аталарыбыз – Тилекмат аке менен Төрөгелди баатыр бешик куда кылган – сөз берип убадалашкан, миң жылдык сөөк болобуз дешкен. Ошо касиеттүү, арбактуу чоң аталарыбыздын сөзүн өлтүргөнгө, бузганга эч кимдин акысы жок. Биздин атабыздын, сиздин атаңыздын да. Билесизби ушуну.

– А биз бири-бирибизди билбейбиз да, биринчи жолу эле көрүшүп жатпайбызбы, – деди бийкеч.

www.bizdin.kg


«Жылкы кишенегенче, адам көрүшкөнчө» деген бекер айтылыппы. Эл дегендин нечен көзү бар, жер дегендин жети кулагы бар. Жеткирет баарын. Айжаркын, акылдуу жан экениңизден кабарыбыз бар. А бизди сиз сынабасаңыз да, башкалар сынап жатпайбы. А бирок сиздин бир ооз убадаңыз баарын чечет. Айла кетсе, арбактуу чоң аталардын сөзү, убадасы чечет. Аны чоң энебиз гана айтат, аткар деп талап да кылат. Мен сизди сыртыңыздан эле жакшы көрүп калганымы жашыра албайм, Шакентай. Сөзүм бүттү. Сиз кандай дейсиз?

– Айтып көрөйүн чоң энеме. Кыз бала өзүн өзү билмек беле. А сиз кушуңузду жакшылап таптаңыз, – деп Шааркан ууртунан жылмая көзүн ымдап-ымдап койду да, эшикти карай бет алды.

Шааркан бийкечтин «кушуңузду жакшылап таптаңыз» дегени – атамдын сынагынан жакшылап өтүңүз дегени эмеспи – так ошондой ойго келди Кудайберген мырза. Анан анын ууртунан билинер-билинбес жылмайганы, кыбыңдата көзүн ирмегени – Кудайбергендин канын дүүлүктүрүп, делебесин козгоду. Бийкечти жеңесине кошуп берип, босого алдынан эле узатып коюп, шам чыракты өчүрбөстөн көлдөлөңдүн үстүнө чалкалай жата түндүктөн көрүнгөн кең ааламга – сан жетпеген жадыраган жылдыздарга суктана карап, кулачын чалкалай таштап коюп мемиреп уйкуга кетти. Жакшы түш киргей эле, күйөөлөп келген жаш мырзага…

* * *

Адетиндей багымдатта атып турду Кудайберген мырза. Шам дале күйүп туруптур. Үй ичи бир башкача ис жыттанат, ыш жыттанат. Шамды үйлөп өчүрүп таштады. Кушу отурат туурда үргүлөп жаткандай момпоюп. Босогосу кутпа жакты каратып тигилген боз үйдөн чыга калганында эле көл көрүндү, касиеттүү Ызык-Көлдүн[1] үстүнө түркүн-түстөгү нур айнада[2] жаркырап көрүлгөндөй, бир тай чабымдай аралыкта катар-катар жаткан күн желесиндей созулат. Не деген керемет, не деген ажайып көрүнүш! Ушуну бир көргөн пендеде арман барбы! Ызык-Көлдүн, Ыйык-Көл экенине ынанбай коёбу! Көпкө көзү талыгыча тиктей берди, тиктей берди Кудайберген мырза. Анан кылчая карап Оргочордун дөңсөөсүнөн баштап, Жети-Өгүздүн бөксө тоосун каптаган карагай токойду, күз келгенине карабай али да жапжашыл килем жамынган жылга боорлорун

---

[1] *Ызык-Көл* – эскиче Ыйык-Көл дегенден, «жылуу», «ысык» деген сөздөн эмес, «ызык» – эски кыргыз тилинде «ыйык» деген маани берген.

[2] *Айна* – эск. күзгү.

www.bizdin.kg



көрүп – касиеттүү Калыгул олуянын: «Ысык-Көл – бейиштин бир эшиги, Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар», – деген осуятын эстеди Кудайберген мырза. Арстанбек акындын Чонду акын менен айтышканында жер соорусу Ысык-Көлдү даңазалап, ар бир булуң-бурчуна токтолуп, Жети-Өгүздү ырга кошконун эстеди куйма кулак мырза Кудайберген.

*«Жер соорусу Жети-Өгүз,*
*Эсиңден кетпейт бир көрүш,*
*Көрбөй калсаң чоң кейиш.*
*Көк-Жайыкты жайласаң,*
*Элиртип кулун байласаң,*
*Өзүнчө жаткан бир бейиш!»*

Олуя өзгөчө өнөрлүү жандар гана жер, эл тууралуу ушинтип айтат, ушундай дей алат. Кудайберген кайра төрөлгөндөй сергип, кайра жаңы дүйнөгө жаралгандай сезди. Кыргыз жеринин кереметине көп жолу суктанып, көп жолу ырахат алды деңизчи, а бүгүнкү багымдаттагыдай чанда болгондур. Кудайберген мырза суу боюна барып бети-башын чайынып көңүлү куунак боло түштү. Кудаларга тигилген конок үйдөн курбусун – күйөө жолдошторду өзүнчө арнап тигилген отоо үйгө чакырып келди да, бүгүн жасай турган иштерин тапшырды.

– Бүгүнкү жасаар ишибиз намыстын иши. Андыктан силер шайма-шай тургудай болгула. Бешимде куш салганга чыгабыз. Уктуңар да, кайната жапан кушун таптасын – өнөрүн көрсөтсүн дегенин. Азыр Суранчы сен калып мага жардам бер, кушту үндөккө көндүргөнгө, калган үчөөң минип келген аргымактарды даяр кылгыла, жүр дегенде шарт минип кеткидей бололу. Менин жоргомдон бөлөгүн, төртөөңөрдүн тең көрпөчөңөрдү бөктөргө кылып канжыгага байлап, атыңардын куйруктарын бекем түйүп, кадимки жоо чабышка түшчүдөй даярдангыла. Кайын журт тарап жоон топ болот көрүнөт. Чочулабай, мени жандай алчактата жанаша бастырып, бир чылбыр артка жүргүлө. Качан кыргоолдор чычырканак четинде оттоп жүргөнүн көрөөрүңөр менен алдыга өтүп имериле чаап, эч тартынбай чычырканакты аралай койгулатып, кыйгыйлап кыйкырып кыргоолдорду үркүткүлө. Куш илбээсин илсе да, илбесе да мен жоргонун тизгинин артка тартаар замат, шартылдай аркаман түшкүлө, аңчылыкка кызыгып азгырылбай. Камдана бергиле, – деди Кудайберген мырза.

Тең курбу болуп өскөн аталаш иниси Суранчыга, анын да чала мүнүшкөрлүк жайы бар эле: «Кушту колго кондуруп, кайра жерге

www.bizdin.kg



таштап ийип тур, көнсүн колго конгонго» – деп бир топ алектендирди. Анан туурга отургузуп коюп өзү мээлейди кийип, бармак менен сөөмөйдүн ортосунан ак жем кылган этти кызартып чыгарып коюп, керегенин бир жагына эшик-төрдөй жерге барып бөпөлөп чакырып улам-жакындан бөпөлөп туурга келип, кызыл этти бир чокутуп коюп, колун тартып алып, кайра аркасына кетип жатты. Эки күндөн бери өзөгү карара түшкөн куш обдула талпына мүнүшкөрдү ээрчий карай калып жатты. Эки-үч жолу ошонусун кайталап, танап боону сүйрөлтүп таштап туурга кондуруп бөпөлөй берди. Акыры өзөгү карарган куш учуп келип конуп жемди чокуп жеп киргенде, кайра туурга кондуруп, чала тоют болгончо кушту да убара кылды, Суранчыны да убара кылды. Үндөккө келе баштады жапан куш. Эми илбээсин илдиргенге киришти эки мүнүшкөр. Керегенин бир жагында Суранчы далбааны делбектетип булгалап, Кудайберген колуна конуп турган кушту ошону көздөй кагып ыргытып ийип турду. Куш чаркырап учуп барып Суранчынын колундагы далбааны эки буту менен куушура кармап, барпырата баса калып жатты. Ошондо ак жемден улам татыта чокутуп коюп так түшкө чейин алектеништи. Кудайбергендин да, Суранчынын да эси оогондой болду. Боз куш да чаалыккандай оозун ачып акактап калды. Суранчы колуна кочуштап суу сузуп алып тигинин тумшугуна такап «сугарып» кирди.

– Болору болду, боёосу канды көрүнөт, – деди Кудайберген мырза. – Бар тобокел, жигит пири Шаймерден колдогусу бардыр…

* * *

Куш салуу кумар эмеспи. Кызыгына батуу андан өтөөр. «Чыныбай төрө өзү жалгыз мүнүшкөрлөрүн гана ээрчитип, сынатат экен» деген кеп айыл ичине небак тараган. Антсе да көрүнгөн атка минери төрөнүн өзүнүн уруксатысыз салпактап ээрчип алганга батылы барбайт, кумары ашып-ташыса да. Бу саам томоголуу-ителги кондурган эки мүнүшкөр, анан Чыныбайдын өзүнүн ага-инилери гана он чакты болуп бир топ, күйөө бала тараптан беш атчан бир топ болуп көл кылаасын көздөй бастырып жөнөштү. Күздө көл жээги илбээсинге толуп чыгат эмеспи. Чил, кыргоолу өзүнчө чычырканактарын мекендеп, көл жээгиндеги көлчүктөрдө, саздарда безбелдектер, кытандар койкоюп, көл үстүн жээктей өрдөк-каздары өзүнчө, өзүнчө быкпырдай кайнайт го, чиркин. Кыйкуулатып учуруп ителгиге тептирип, кушка илдирип кумардан бир чыгып алсаң болот.

Алдыдагы топтогу мүнүшкөрлөр ителгилеринин томогосун алышкан жок. Кейпи Чыныбай төрө күйөө бала таптаган кушун

www.bizdin.kg



салсын деди окшойт. Кудайбергендин колуна кондуруп бараткан кушу көлчүктөрдөгү, саз жээктериндеги чурулдап айланып учкан кичирээк илбээсиндерди көрүп талпынып темине берди. Кудайберген мырза кушту коё берчүдөй колун көтөрө силкинтип барып, кайра тартып алып жатты. Куштун көзүн илбээсинге кызыктырганы да.

Астыңкы топтон бир жигит атынын башын артка буруп желдире чаап келип, буюра сүйлөдү:

– Алдыга ылдамдай бастыргыла мени менен. Кушту салсын деп жатат! – деп алдыга түшүп желдирип жөнөдү.

«Жакшы болду ушунусу» – деп Кудайберген мырза ичинен ойлоп жоргосун теминди. Алдыңкы топтон эшик-төрдөй жандап өтүп, топ-топ бөлүнүп өскөн чычырканакты беттеп жөнөштү. Оттоп жүргөн кыргоолдор чычырканак арасына жөргөлөп кире качып атты.

– Айланта чап! Кыйгыйла! – деди Кудайберген мырза.

Төрт жигит, намыска жарачу төрт азамат эңкее кала, аттарынын сооруларына камчыны баса-баса чаап, кырк атчан жигиттей сүр менен татырактатып жөнөп калды.

Өлөөр-тирилерине карабай бети-баштарын, колдорун чычырканакка тилдиргенине кайыл болуп аттарын койгулакка салып, чычырканакты аралай кыйкырып чаап жүрүштү. Кыргоолдордун кыпкызыл короздору биринин артынан бири бар-бар эте асманга типтик атылып, көкөлөп бийикке көтөрүлүп уча баштаганда Кудайберген мырза кушту асманды көздөй какты эле, эртеден бери барпырап учкан короздорго теминип талпынган куш жебедей сызып көккө көтөрүлүп, кыргоолдун бир корозун илип, күү менен жерди карай томолонуп-тумаланып түшүп келатты. Муну баары, баары көрдү. Жандай чаап келген жанагы кара мурут жигитке эми Кудайберген мырза эрөөлдө мөрөй алгандай менменсине буйра сүйлөдү:

– Тигине кушуңар! Ажыратып алып, ээсине бер! Кеттик кайра жигиттер! – деп жоргосунун башын буруп чирене темине камчы салды эле учкан куштай сызды белем. Төрт жигит, төрт өрт азамат кырк жигит коштогондой мырзасынын артынан аргымактарын зуулдатып чаап баратты...

* * *

Эртеси эртең менен Абак кирди күйөө баланын отоосуна. Түрү мурдагыдай эмес, кабагы чытыңкы.

– Сизди Кенжеке чоң энем чакырып жатат. – Абак «сиз» деп сүйлөп калганында бир мандем бар, болбосо «сен» деп эле жайдары, жаркылдап сүйлөшүп жүрбөдү беле. Эмне болду» – деп Кудайберген мырза да сестене түштү.

www.bizdin.kg



– Жакшы бүтүп келаткан иштин айранын чайран кылдыңыз кечөө, – деди Абак кайнагасы.

Кечөөкү бешимдеги куш салууда ал Чыныбай абасынын жанында жүргөн. Мүнүшкөр жигиттин Кудайбергендин сөзүн сөзмө-сөз айтып келгенине, анан кайын журттун көзүнө илбей жосунсуз жорук жасаганына: «Бул кандай жосунсуз жорук!» – деп Чыныбай абасы намыстанганына, аны уккан Абак да намысына келгенине, кечээ түн бою тууган ичинде ушу кылыгы талкууланганын, ары кетишкенин, бери кетишкенин, жаштыгынан-мастыгынан дешкенин, акыры кыздын атасы кандай чечсе, туугандары ошого макул болууга токтошконун Кудайберген мырза кайдан билсин.

– Сиз, жакшылап түшүнсөңүз, кеп намыста болуп жатпайбы. Намысты тебелеп-тепсесе макул боло берейинби? – деди Кудайберген мырза.

– Намысты тебелеп тепсетпеймин деп кайра бирөөнүн намысын тепсөөгө болот экен да сиздин оюңузча. Сизде бар намыс, бизде жок бекен: «Өзүңдү эр ойлосоң, башканы шер ойло» – деп үйрөткөн жокпу ата-бабалар?! Намысын сууга агызып ийген ким бар экен!? Аттарыңардын куйруктарын түйүп, көрпөчөлөрүңөрдү бөктөрүп, айгай салып өкүрүп-кыйкырып дагы бир өнөрүңөрдү көрсөтөлү дедиңерби? – Абак кадимкидей кызууланып сүйлөп кирди.

– Айыптуумун, күнөө менден кеткен окшойт, – деди Кудайберген мырза. – Баарыңардан кечирим суроого даярмын.

– Болуптур дейли, мен го кечирейин, а Чыныбай абам кечиреби?! Кептин төркүнү ошондо. Жүрү, – деди Абак бир аз жумшара сенге өтүп. – Энем күтүп калбасын. Барганда ыйла, ыйлай албайт экенсиң, ыйламсыра. Балким, жибип кетээр.

– Баралбайм, өлтүрөм десе да ыйлабайм. Ыйламсырап көргөн да эмесмин. Ар-намыс бизде деле бар дейсиң да, мени кайра чөгөлөтөйүн дейсиңби, – деп Кудайберген зиртилдеп кетти.

– Ой, баатыр акеси, эмне деп жатасың? Сен күйөөлөп келдиңби, же мен күйөөлөп келдимби, же мен күйөөлөп жүрөмбү? Ыйлабасаң ыйлаба, сени ким ыйла деп зордоп жатыптыр. Энеден кечирим сура дегендин эмнеси жаман? Ой, жолуң болгур десе. Дагы мен сен тараптамын деп убада берип коём буга. Ишти ойрон кылган өзүңсүң да, кечирим сурасаң, кичирип каласыңбы, кайра таалим-тарбия алган тура деп мактап калбайбы. Барасыңбы, жокпу? Барсаң жүрү, – деди Абак. Анын кийинки сөздөрү жөндүү экенине ынанды Кудайберген мырза.

Баягы комуз черткен чоң үйгө ээрчитип барды Абак. Баягыдай эле баягы ордунда эки кишилик орунду ээлеп элечекчен чоң байбиче отурат! Сол жанында тизесин таяна Шааркан бийкеч.

– Арбаңыз, эне, – деди Кудайберген мырза башын ийе саламдашып.

www.bizdin.kg



– Бар бол, айланайын. Бери жакын келчи, жүзүңдү жыттап коёюн, – деди байбиче оң колун созуп.

Кудайберген мырза жакындап барып башын ийе эңкейди. Байбиче эки колу менен жаш мырзанын башын өзүнө жакындатып чекесинен өөп, алакандары менен эки жаагын бирдей ылдый сылап койду. Кудайберген мырзанын бети-башы чымырап чыгып, бир башкача мээримди сезди. Так ушинтип чекесин өпчү чоң энеси Ботогөз, так ушинтип жаагынан сылачу чоң энеси Ботогөз. Эриндери да так ушу байбиченикиндей жыпжылуу, ал тургай бир сонун деми бар, ууздай жаңы саалган сүттөй жыты чыгып турчу так ушундай. Алакандары да жупжумшак, жыпжылуу болчу так ушундай. Мээримдүү энелердин өпкөнү да бирдей, колдору да бирдей, ал тургай сөздөрү да «айланайын» деп бирдей болот турбайбы, көрсө.

– Отур оң жагыма. Сен да отур Абак жанына, – деп экөөнү оң жагына отургузду.

Кудайберген мырза уурдана астыртадан Шааркан бийкечти караса, ал да аны карап отуруптур. Ууртунан саал жылмая, кыбыңдата кирпиктерин ирмеди. Ичинен ыраазы боло түштү Кудайберген мырза.

– Кечээки куш салгандагы жоругуңду уктук, айтып келишти. Тигиндей дешти, мындай дешти... – Тыным алып токтоп калды ак байбиче, айтаар сөзүн ойлогондой. – Эми аның, жаштыгыңмастыгың. Кагылып-согулбаганың. – Дагы токтоду бир саамга ак байбиче. – ...Кантсе да Шакентайыма айткан сөзүңө ыраазы болдум. Силерди, экөөңү арбактуу чоң аталарыңар баш коштурганга сөз берген. Сөз – кудайдын мөөрү. Аны эч ким буза албайт депсиң. Ырас айтыпсың. Ошо арбактуу чоң атаңардын убадасына татыктуу, жакшы адам болбойсуңарбы?! Көктүк, кежирдик, оройлук алыска алпарбайт. Кур намысты – сокур намыс дешчү ата-бабаларыңар. Адам деген кечиримдүү болгон жөн, – деп ак байбиче көпкө тыным алып токтоп калды.

Ушу жерде Кудайберген мырза Абак кайнагасынын жана айткан сөзүн эстеди, ыңгайы келди дегендей сөз катты:

– Мен, эне, Абак абамдан кечирим сурадым, кечээки жоругума.

– Ошент, айланайын. Абагыман кечирим сураганың, анын абаларынан, аталарынан кечирим сураганың. Ушундай эмеспи, Абытай – деди байбиче Абакка карай жылмайып. – Шакентай экөөбүз макулдашып чечтик. Той беребиз. Ага чейин мен батамды бере берейин: Ырыс-кешиктүү болгула, өмүр бою бириңди бириң сыйлагыла. Узун-узун өмүр сүргүлө, башыңардан бак кетпесин, – деп жүзүнө колу менен сылай койду да: – Абытай, Айсалкын келинчекти чакырчы, дасторкон жайып чай берсин. Баарыңарга дагы бир жолу батамды берейин. Чоң энебиздин батасын алганбыз деп, бала-чакаларыңарга айта жүрөрсүңөр...

www.bizdin.kg



Кудайберген мырза күйөөлөп барып чоң кайненеси Тилекмат акенин байбичеси Кенжекеден, алган жары Шааркандын чоң энесинен ак бата алганын айтып жүрөт…

* * *

– Эрте күндү кеч кылбай, баштай бербейли, агайындар, – деп Дыйканбай бисар чогулган он чакты ыстарчын[1] менен атка минер айыл билермандарына кайрылды. – Үйгө кирелик, Бокең менен Майлыкең да чычкысы кырылып калды окшойт.

Күздөөгө түшкөндө быйыл гана жаңы көтөргөн алты канат үйүн бир чети өзү бисар болгон болуштун ыстарчындары менен атка минерлерине мактанып көрсөтүп коюу «биз деле тектүүлөрдөн кем эмеспиз, ошолордой эле үй көтөртүп жашай алабыз» дегенин билдирип, так ошо тектүүлөр акындар менен комузчуларды, кыякчыларды атайы чакырып алым-сабак айтыштырып, комузда алым-сабак кайрыктарды черттирип өнөр жарышынан ырахат алып тамашага батып, анан өздөрүн да даңазалатып жүргөнүн зирек, куу Дыйканбай көп жолу көргөн. Эми минтип бисар болуп жакшылардын катарына кошулуп, мал-жан күтүп оокаттанып алгандан кийин: «Баягы Дыйканбай бисар комузчуларды чакыртып эрегиштирип черттирип эрөөлгө чыгарыптыр», – деген дүң-дүң кеп тарасын деген максат менен ушу эрөөлдү ойлоп таап, атайы өткөрүп отурбайбы.

Эки комузчуну төргө өткөрүштү. Бул өнөрдү сыйлагандык. Ыстарчындар сакалдуулата Бокең менен Майлыкеңдин эки жагына айлана жай алышты.

– Төрөкан! – деди эпчи жактын коломто тушунда турган сары жоолукчан кара келинге үй ээси үнүн бек чыгарып. Ал Дыйканбайдын зайыбы Төлөбүбү болчу, кийинки кезде, ушу үй көтөргөндөн бери Төлөбүбү атын өчүрүп Төрөкан деп алган, ошону менен да корстон болгусу келген. – Акелериңе атайлап салдырган угуттуу сары каймак бозоңон куйдур, суусундарын кандырсын.

Төлөбүбү Төрөкандын жанында зымпыйып отурган жаш келин жанында  чаначты чайкап-чайкап туруп моюн боо жибин чечип, абысыны сунган керден кеселерге көбүртүп бозо куюп, боз улан аны төрдөн баштап ар бирине катарлай сунуп чыкты. Шак тартып ийишкен кээ бирөө экинчи керден бозону кылкылдата жутуп кириштi. Ошондо Дыйканбай бисар сөзүн кайра  баштады.

---

[1] *Ыстарчын* – орус. «старшина» деген сөзүнөн, волостук бийлик киргизилгенде элүүдөн эки жүз элүүгө чейинки түтүндүн башчысы.

www.bizdin.kg



– Боке! – деп кайрылды Боккөтөнгө Дыйканбай бисар. – Сиз баштап бериңиз, бул эрөөлдү. Майлыкемден улуу эмессизби, сакалдуу эмессизби.

– Бисар иним, мен сенин эрөөлүңө анча түшүнө албай турам. Анын эмне карсылдашып чабышуубу же тарсылдашып согушуубу?

– Ой, жарыктык ой, эрегишип чертишсин, элдин моокумун кандырсын деп атайлап чакырып отурбайбызбы баарыңарды. Союл менен чабышып, найза менен сайышкан заман жоголгону качан. Азыр орустун заманы, андайга жол бербеген. Эрөөл дегенибиз эрегишип, бириң черткенди экинчиң черте аласыңбы, жокпу, киминдин күч-кудуретиң канчага жетет, канча күү черте аласың, канча күү черте албайсың, кеп ошондо эмеспи, жарыктык. Же башкабы?

– Кандай десем, салтка айланганын айтсам, илгертен бери эле, мен билгенден мындай: сынаакы черттим деп коёт. Устаты бир күүнү чертип, шакирти кайталайт. Устатындай же ага жакын чертсе, үйрөнгөн экен деп коёт. Алым-сабак чертүү бар. Мында бири өзү билген, өзү чыгарган күүнү чертет кезектешип. Мында комузчулардын өнөрү бааланат. Анан эрегиш черттим деп коёт. Анда бир эле күүнү бир черткенин экинчиси кайталайт, экинчиси черткен башка күүнү биринчиси кайталайт. Бисар иним, сен ошону айтып жатсаң керек.

– Так ошону айтып жатпаймынбы, жарыктык. Ошо эрегишип күү чертип, моокумду кандырсын деп жатпайбызбы, – деди Дыйканбай бисар.

– Эми мындай, Майлыкең менен ээрчишип көп жерде, көп эле аштойдо, чакырган жерде болуп жүрөбүз – эрегишип күү чертишкен эмеспиз, алым-сабакты сабатып жүрөбүз, ушундай эмеспи, Майлыке, – деп Боккөтөн Майлыбайга карады эле, ал анын ырас дегендей башын ийкеди. – Анын үстүнө экөөбүздүн күү черткен ыкмабыз эки башка, эки башка толгоолор, эки башка кыл термөө.

– Эки башка комузчулар десе эрегишке чыгып жүргөнүн айтып жүрүшпөйбү. Ормон хандын Сейликаны менен Буйлаш бийдин Арстанбеги эрегишип эки күн бою чертишкен турбайбы, – деди Канаттын Карыпбайы.

– Боке, мен бу жакшыларга комузчулар атаандашып чертишет деп айтып койбодум беле, – деди Дыйканбай бисар.

– Анда мындай болсун, бисар иним. Адегенде Майлыкем экөөбүз алым-сабак күү чертели. Анан аяк жагында эки кара күүнү «Насыйкат» менен «Ибаратты» – муну экөөбүз тең Кудайберген билгиден үйрөндүк эле, ошону кезектешип чертели, кандай дейсиңер? – деп төрдө кыдырата отургандарды карады.

– Жакшы болот, жакшы болот, – деп ийишти комуз күүсүн күтүп жаткандар.

www.bizdin.kg



Боккөтөн комузчу комузун «Арман» күүлөрүнүн толгоосуна келтирип алып, комузун санына такап коюп мойнунан кармап, отургандарга кайрылды:

«Күүнү чертсең – айтып черт» деген эмеспи. Силер уга элексиңер, аны биз Майлыкең экөөбүз элге жарыя кылмак түгүл, айткандан уялчубуз. Эми жаш өйдөлөп калган кезде өзүңдөй эле өнөрлүүнү баалай билүү, айта жүрүү абзел экен. Биз жигит куракта Майлыкең экөөбүздү Көтмалдыга – Көлдүн башына топ-жайынга быяктын жакшылары ээрчите барышты, эрмек кылып комуз черттиребиз дегендей. Бир үйдө Майлыкең экөөбүз көпчүлүккө комуз чертип отурсак – дардайган жаш жигит кирип улагага отура калды. «Сен кимсиң?» – деп сурады үй ээси. «Мен комузчу Күрөңкөйдүн уулу Мураталы комузчумун: «Күү угайын деп кирдим», – деди. «Жогору чык, иним», – дедим да: «Иниме бир күү чертип берейин» – деп мынабу «Боккөтөндүн ботоюн» черттим. Бу күүнүн таржымалы мындай: «Илгери Айдар деген комузчу болуптур. Анын жалгыз уулу болгон экен. Жигит болуп калган кезде, капилет каза болот. Айдар күйгөн күйүтүн күүгө салып, ботосун жоготкон ингендей боздоп калдым деп бүт кайгы-муңун күүгө чыгарган тура. Аны комузчудан комузчу үйрөнүп, кайрык кошуп бизге жетип отурбайбы. Мен да өзүнчө кайрык, доош кошком ошону момундай кылып чертип бердим…

Боккөтөн күүнү «Ботойлор» күүсүнөн бир топ узагыраак чертти.

– Бали, Боке, дагы бирди айдат – деди отургандардын бири.

– Айдатардан мурда, ошо комузчу Айдардын арман күүсү «Айда ботой» күүсү деп да чертилет. Тиги Көтмалдыда үй ичиндегилер: «Боке, бул күүнүн аты-жөнү барбы?» – деп сурап калды. Тамаша, оюн болсун деп: «Бул – семиз кызыл өгүз» деген күү деп койдум келген жигитти карап. «Кана, Майлыке, бу курбуңа күү чертип бер» – дедим эле Майлыбай өзүнүн «Шалкы күүсүн» чертти – анын таржымалын өзү айтып берээр анан. Отургандар: «Майлыке, бу күүнүн аты-жөнүн айтсаңыз» – дешти эле, мен көзүмү кысып койсом, Майлыкем: – Бул күүнүн аты «Тултугуй көз кызыл бука» – дейт. Отургандар кыраан-каткы күлүп калышты. Ошондо Мураталы комузчу колтугуна кысып алган кичирээк кызыл өрүк комузун алып чыгып менин «Ботоюмду» да, Майлыбайдын «Шалкысын» да таптак кайрып оозубузду ачырбадыбы. Анан: «Атам Күрөңкөйдүн күүсүн чертип берейин» – деп биз билген, чертип жүргөн «Күрөңкөйдүн кош толгоосун» чертти, биз чертип жүргөндөн алда канча өйдө. Отургандар сурап калышты: «Атаңдын күүсүнүн аты кандай?» Ошондо Мураталы бизди карап айтып жатпайбы: «Күүнүн аты – «Көкала өгүз, кошоктолгон мурду бучук букачар» дебеспи. Отургандар кыраан-каткы күлүп калышты. Майлыкең экөөбүз ошондо бир катуу сынганбыз, – деп токтоду Боккөтөн комузчу.

www.bizdin.kg



Төрөкан-Төлөбүбүнүн бозосуна кызый түшкөн ыстарчындар каткырып күлүп калышты.

– Комузчу деп Мураталыны айт. Атасынын баласы да, – деп койду бири. – Эми, Майлыкең, ошо Мураталы комузчу черткен Шалкы күүңүздү чертип бербейсизби?

– Ошону черт, ошону угалы! – дешти мурда угуп көрбөгөндөр.

Эми Майлыбай комузун аяк күүлөргө күүлөп, оң колун алдынан айлантып-айлантып алып, анан комузун кылына тийгизе бир-эки шилтеп, капкакты манчалары менен тарсылдатып уруп барып токтоду.

– Бали! – деп бакырып ийди бозого өтө кызыган бирөө.

Бир аз тыным алгандай унчукпай туруп, Майлыбай комузчу комузун жанына коюп мындай деди:

– Бокем, менден бир мүчөл улуу, Кукем, Кудайберген билги менен жашташ. Экөө тең менин устатым. А мен аларды тартпадым. Күлкүлүү күүнү кубаладым. Эмеле Бокем айткандай, «күлүктөн күлүк озсо кош аягы тапырайт» дегендей өзүңөн өнөрү ашып турса, аны айтпай коюу күнөө. Манасчылар чоң манасчыларды пайгамбардай сыйлап өткөн. Акындар чоң акындарды – ак таңдай, кара жаактарды пир туткан. Комузчу, чоорчу, кыякчылар деле ошондой. Мен билгенден жанагы Күрөңкөйдүн Мураталысы Кудайберген билги менен Боккөтөн абамдан кийинки чоң комузчу. Муну билип алгыла.

«Күүнү чертсең – айтып черт» дегендин себеби, көп эле кишилер күүнү, анын өзөгүн, чыгыш таржымалын биле бербейт. Ошон үчүн айтылган да.

Ал кезде мен жаш жигит элем, жыйырма-жыйырма беш жыл болду го аралыгы. Жумгалдык саяк Чоюбек мырза кетмен-төбөлүк саяк Атакандын кызы Мөөрканга кудалап барганда оюн-шоокко жакын экен деп мени кошо алпарбадыбы. Кетмен-Төбөнүн жайлоосу менен кыштоосу жанаша турбайбы. Жайдын толугунда бардык. Кара суусар тебетейди кашкайта кийип Чоюбек сүлкүлдөсө, мен эмне болуптурмун, шылкылдабаймынбы, – деп Майлыбай куудулданып, мойну-башын былкылдатып, оозу-мурдун кыйшайтып, отургандарды бир күлдүрүп алды.

Келин-кыздарды чымчылап, комузду колуман жонума – жонуман колума айлантып, шалкылдатып чертип, жаштарды кыраанкатуу күлкүгө бөлөп отурбаймынбы, көп бозтектин ичиндеги жалгыз кызыл короз болуп. Менден башка кыз өргөөдө жигит жок. Бир кезде, кештесине кызыл манат кармалган ак калпакчан орто бойлуу, сулууча келген жаш жигит кирди комузун колуна алып саламдашып, мага чукул отурду. Шойкомдуу, өнөрлүү экени жалтылдап ойноктогон көзүнөн, жылмайган жайдары жүзүнөн көрүнүп турду. Атакан манап атайлап чакыртып: «Бу жумгалдык

www.bizdin.kg



саяктардын маскарапоздой болгон комузчусунун сазайын бер» – деп апкелгенин кайдан билейин. «Келипсиң, жигит, шойкомуң көзүңөн көрүнүп турат. Сен кимсиң?!» – деп сурадым. «Күү угалы деп келдик эле. Атым Токтогул, атамдын аты Сатылган» – деди жай гана. Ошондо кербездене согуп калбаймынбы:

*«Оң кулагың менен бир ук,*
*Сол кулагың менен бир ук.*
*Мындан кийин менден,*
*Коно жатып күү ук» –*

деп шалкы күүнү шалкылдатып кыз-келиндерди жыргатып салдым. Анан көрүп алгыла, чыканактай кыска комузун шалкы күүгө толгоп, менин ал кездеги жалгыз күүмдү дал өзүндөй кайрып, күүсүнө ырын кошуп, ырына күүнү коштоп, бети-башын мени туурап шылкылдата кыймылдатып колун ойнотту, мына моминтип, мына момундай ырдап, – деп Майлыбай жанында жаткан комузду алып шартылдата чертип ырдап кирди:

*– Баракелде, Майлыбай,*
*Минтип черткин айныбай.*
*Майлыбайдын шалкы күү,*
*Мааниси жок таркы күү.*
*Оң кулагың менен миң ук!*
*Сол кулагың менен миң ук!*
*Күү дегенди бизден*
*Качып-тийип жүз жолу ук! –*

деп жатпайбы Атакандын комузчусу. Үй ичиндегилер дуулдап күлүп калышты. Кыз берген тарап, кыз узаткан жак мөрөй алгандай эле болду. А мен, көйрөң, үйлөгөн табарсык жарылгандай быш эте түштүм... Мунуму дароо байкады Токтогул, зирек жан эмеспи, көңүлүмдү улады:

– Капа болбоңуз, Майлыке, мен бул күүңдү баятан, сырттан көпкө тыңшап угуп, жыргап эстеп алгам. Сөзү болсо, ыры болсо, бул ооздон тамаша-оюн үчүн чыгып кетти. «Майлыбайдын шалкы күү» деп Анжиян тарапка атыңызды чыгарабыз, Майлыке. Теңтуш экенбиз, бизден да аркага – Жумгал – Кочкорго бир күү ала кетиңиз. «Токтогулдун ботою» деп айта жүрүңүз деп мынабу күүнү черткен эле, – деп Майлыбай «Токтогулдун ботоюн» чертти.

– Бали, Майлыке, бу күүнү комуз эмес, кишинин өзү эрип кетчүдөй чертпедиңби. Дагы бирди, куудул күүдөн бирди черт, – деди Бокөтөн комузчу. Мунусу алым-сабакты уланта түш дегени эле.

www.bizdin.kg



– Бул күү Ормон хандын уулу Үмөтаалынын кол ырчысы, комузчусу Ормотойдун «Тогуз кайрыгы» же «Көтөн кести» деген күүсү. Ормотой түбү Жумгалдын Тогуз-Булагынан болгон. Айтып жүрүшөт бул Ормотой өз башынан өткөргөн окуя дешип. Калп-чынын бир кудай өзү билээр, а бирок күүнү Ормотой чыгарганы анык. Койду таш короого камаган, суук түшүп калган кез экен. Ууру кирип семизин тандап жүрсө, койлор мекиренет. Аны уккан сак кулак зайыбы: «Койлорго ууру кирди окшойт, дүрт эте бир козголуп, мекиренип кирди. Ит-куш эмес, койлордун акырын мекиренгенине караганда, ууру эле кирди, турсаңчы абышка, ойт деп кой» – дейт. «Ойт дегенде эмне, андан көрү уктатып коёюн аны, комузду алперчи» – деп кыңылдатып чертип баштап бир ыргактан көп ыргак кылып тогуз жолу кайрыйт. Күү жандуу ууру экен, угуп жатып көшүлүп уктап калат. Зайыбы жуушаң менен уурунун тонунун аркасын, чалбарынын көчүгүн кесип алат. Ошондо да ойгонбойт. Ошондо комузчу күүгө салып заңкылдап ырдаган тура:

*«Көзүңү ачкын Көтөкбай,*
*Көтүңү кара, Көтөкбай.*
*Уктап көттү кестирген,*
*Ууру болбой жерге кир.*
*Ушунчаңда жер баспай*
*Уятыңдан көргө кир.*
*Катынга көтүн кестирген,*
*Каракчы сендей болобу?*
*Чалбарын чалга кестирген,*
*Чаарбаш сендей болобу?*
*Уурдап күнүн өткөргөн,*
*Ууру-кески оңобу?*
*Мындан ары атыңды*
*Көтөкбай деп коёлу» –*

дептир, ошо тогуз кайрык «Көтөнкести» момундай чертилет деп Майлыбай тогуз кайрык күү чертти. Отургандар бул күүнү мурда укпаптыр.

– Күүсүнөн да жомок-жоругу сонун турбайбы, Майлыке, – деди ыстарчындардын жашыраагы.

– Агайындар, Төрөкандын бозосунан ала отургула, ысылыгын да даярдатып жатам. Жети кар баскан эркечтен чоң эки кар баскан серке сойдуруп, казанга салдырып койдум. Шашпагыла, комуз уккула, көптөн бери мындай тамашаны көргөн жок элеңер, – деп Дыйканбай бисар корстон боло, ушу тамашаны уюштурган менмин деп айткысы

www.bizdin.kg


келди. – Кана анда, Боке, эми сиз Майлыкеңден ашырып куудул күүдөн, тамаша кептен козгоп бериңиз…

Боккөтөн алым-сабакка кезеги келгенин билип күү кайрыйын деп турган. Дыйканбай бисардын сөзүнө жооп кайтарбаса болбогудай, көпчүлүктүн күткөнүн бузуп алчудай сезди.

– Дыйканбай бисар, жана да четин чыгарып айттым эле, кайра айтайын. Куудулдук өнөрдү мага кудай буюрбаптыр. Аны Майлыкеңе окшогон шайырларга тартуулаган тура. Биз болсок эски күүлөрдү, чоң комузчулардын кара күүлөрүн кайрып жүрөбүз. Мына ошо кара күүлөрдүн үлгүсү – касиеттүү күү «Көкөйкести». Көлдүк комузчулар уламалап айтканында күүнүн башатында комузчу Капалдын жеке арманы турат имиш. Анжияндык, аксылык комузчулар өздөрүнүн пири Ниязалынын жеке арманынан чыккан дешет. «Көкөйкести» – бир адамдын, жеке адамдын арманы эмес. Ал деген кечээ эле чыга калган күү да эмес. Ал деген кылымдарды карыткан элдин көкөйкестиси. Элдин өз жеринен ары сүрүлүп, бери сүрүлүп азап-тозокту көргөн арманы. Ошону күүгө салган аты белгисиз калган касиеттүү чоң комузчунун чаңырыгынан, жүрөк сыздоосунан жаралган күү. «Көкөйкести» – ыйдан жаралган сөзгө сыйбай, муңдан жаралган күүгө сыйган – эл кайгысы, эл муңу. Жакшылап уксаңар, жакшылап жадыңарга түйсөңөр, ушундай мырзалар! – деп Боккөтөн комузун алкым күүлөр толгосуна салды да «Көкөйкестини» муңкантып кирди. Бул таптакыр, ушуга чейин уккан күүлөрдөн өзгөчө – жүрөктү титиреткен, оозду думуктурган жандуу комуздун сыздоосу, шолоктоосу эле…

Боккөтөн комузчу алдын ала «жакшылап уккула» дегенинен улам отурганда кулак төшөп угушкан. Үй ичи тымтырс боло түштү. Бозого кызый түшкөндөр соолуга калгансыды.

– Бали-бали, Боке! Өлбө! – деди Майлыбай комузчу өз шеригине, азыркы атаандашынын өнөрүнө баа берип. – Мен муну кайталап черте албайм. Чертсем чертээрмин, а бирок мындай муңканта албасмын. Дагы бир кара күүнү кайрып бериңиз, Боке, бу мырзалар комуз күүсү эмне экенин жакшылап билип алышсын.

Сунулган бир керден бозону тартып ийди Боккөтөн комузчу. Сыйда көгала сакал-мурутун сылап, оозун кең ача дем алды. Эки колун тизесине коюп уюган тизесин, томуктарын сылап, манжалардын карышканын жазып жаткансыды.

– Казыр силерге чертейин деген күүнүн таржымалы деле «Көкөйкестидей». Бирлери Чоң Ормондун караөзгөйү десе, бирлери аны черткен комузчу аттуунун баарына ыйгарышат. Бу күү да байыркы күүлөрдөн, кечээги эле өткөн хан-бектер да эмес, ырчыкомузчулар да эмес, те илгертен келаткан күү. Элди бөлүп-жаргандар-

www.bizdin.kg



дын караөзгөйлүгү, кан-бектердин карөзгөйлүгү, акимдердин аксымдыгы, кечээги эле уруу-урууну уруштуруп, чабыштырган Ормон хандын, Боронбай бийдин, Балбай баатырдын карөзгөйлүгү. Андыктан күүнү бузбай, так, даана черт деп келишкен.

*«Караөзгөйдү» билип черт,*
*Баш бармакты басып черт.*
*Барган сайын ашып черт,*
*Сөөмөйүңдү сүйөп черт.*
*Ортонуңду оё черт,*
*Аты жокту чоё черт,*
*Чыпалакты ийип черт, –*

деп үйрөтүшкөн устат комузчулар шакирттерине. Мына, моминтип чертип көрсөтүшкөн, – деп Бокчөтөн комузчу дирилдете күүнү чертип кирди, көкүрөгүндө, ооз учунда Арстанбек акындын ызага муунуп ырдаган ыры турду:

***«Замандан заман күн келсе, Кимге келбейт кезекти. Айлабыздын жогунан, Аялдардан кыз берип, жезде кылдык Тезекти.[1] Кырылыштың жөнү жок, Кылжырдын эки баласы. Карап турган душмандын, Канды го мундан табасы. Арстанбектей акындын, Айтканда жоктур чаласы. Күүгө салып муңкантты, Күйгөн күүчү баласы»...***

Жанагыдай эле үй ичи жымжырт боло калды бир саамга. Эми баарынан озуна Дыйканбай бисар:

– Бали-бали! – деди жана Майлыбай кубаттаган сөздү кайталап. – Ушундай күүлөрдү укмакпыз. Бекер иш жасабаппыз – деп өзүнүн ушуну ойлоп, комузчуларды атайы чакырганын дагы бир жолу айткысы келди. – Эми мындай муңдуу оор күүдөн кийин Майлыкенин тамаша күүлөрүн уксак-көрсөк кандай болот? Силер кандай дейсиңер, аксакалдар?

Дыйканбай бисар ушу сөздү айтып бүтө электе сырттан шашып бир жигит кирди.

– Меймандар келди, аттан түшүп жатышат. Кудайберген билги экен, бир топ ээрчигендери бар, – деди шашыла.

Бардыгы орус чоң төрөсү келгендей орундарынан атып туруп, сыртка чыгууга камданды. Дыйканбай бисар делбектеп жүгүрүп чыкты сыртка.

---

[1] *Тезек* – казак султаны, Тезек төрө. Бугу-сарбагыш чатагында орус бийлигинин атынан бугуларды колдоп турган. Ага бугулар кыз деп тартууга алпарган Төрөкан келин болгон деген кеп бар.

www.bizdin.kg



– Сизди келбейт ко, зарыл иштери бар да деп комузчуларды баштатып койбодукпу. Келээриңди билгенде алдыңыздан тосуп чыгып албайт белек. Ал айып бизде, Куке. Баарыбыз күткөнбүз, сизди. Ырас болбодубу. Атайлап чакырта албас азиз мейман эмессизби. Ак өргөө көтөрүп, ошонун түлөөсүн да берип аттым эле. Атайлап бозо салдырып, эки кар баскан эркеч сойдуруп… – Кудайберген билги аны мыскылдагандай жылмайып койду. «Ак түлөөңө – заары этине тараган серке сойдуруп, мейман чакырсаң, сен деле жарыбаган атаң жатакчы Бөкөндөн өтүп кетпепсиң», – деп койду ичинде. – Келиңиз, төргө өтүңүз, Куке, – деп Дыйканбай бисар жалпактап кирди. Аны көрүп калгандары колдорун бооруна алып үн дебей күтүп турушту.

Кудайберген билги төргө барып отургандан кийин гана Турдукожо комузчу менен Байгана бажасы оң жагына барып орун алышты. Боккөтөн менен Майлыбай айыбы чыгып калган адамдай тартынчыктап улага жакта туруп калды эле, Кудайберген билги келип отургула дегендей колун суна сол тарабын көрсөтүп ишаарат жасагандан кийин гана келип отурушту. Айыл ыстарчындары, атка минерлери бая отургандагыдай улуулата орун жаңыртышты.

– Төлөбүбү, – деди Дыйканбай бисар келинчегинин өз атынан чакырып, «Төрөкан» деп баятан корстон боло айтып атканынын кокус Кудайберген билги билип калса, бир балакет чыгып кетээрден бетер чочулап: – Кукеме деп атайы салып ачыткан таруу бозоңдон ооз тийгиз, өз колуң менен куюп, – деп шашкалактап ийди.

Керден кеселер сунулду сары каймак болуп быжыраган бозо куюлуп. Баятан бозого кызып күпүлдөп жаткан ыстарчындар менен атка минерлер каардуу атасынын алдында бүжүрөгөн жаш баладай момурайып отуруп калышты. Кудайберген билги керденге ээгин тийгизип даам сызган болуп алдына коюп койду. Турдукожо комузчу бозону шак тартып ийип, кесени кайра сунганда гана отургандар бир аз жандана бозо ичип кирди.

– Көп болдубу отурганыңарга? – деп сурады Боккөтөнгө кайрылып Кудайберген билги.

– Бир топ эле болду окшойт, Куке, үч-төрт күүдөн кайрыдык, – деди Боккөтөн комузчу.

– Кезек Майлыкеңе келген эле, Куке, уруксат берсеңиз, тамаша күүсүн чертсе дедик эле – деп Дыйканбай бисар үй ээсилик кылды.

– Кезеги келсе чертсин, черт Майлыке, тартынба, – деди Кудайберген билги.

Баятан колун эс алдырып өзүн таптап алган Майлыбай комузун көпкө толгоп жатып, сөзүн баштады:

– Силер укчу күү – атактуу сурнайчы Күрөңкөйдүн чоорго салып аткарган күүсү. Аты – «Куурчак катын Корсоной». Аны кийин

www.bizdin.kg



өзү комуз күүсүнө салган дешет. Күү баяны мындай: «Жалкоолугу жанда жок, атасы бай болгон үчүн курсагы ток, кайгысы жок, бою бир карыш, чачы жүз карыш куурчактай Корсоной аттуу кыз болуптур. Эр албай, кара далы да болуптур. Ошондо Корсоной эр издеп жолго чыгыптыр... Майлыбай колун ойнотуп шаңкылдатып күү кайрып чертип кирип, комузун токтото коюп сөзүн улап кирди. – Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, төө кайтарган төөчүгө жолугуптур. Төөчү сураптыр: «Куурчак катын Корсоной, кайда кетип барасың?» «Эрге тием, сен алсаң, эмне кылып багасың?» ... Майлыбай комузун шакылдата койгулап кылыктанган кызды туурап кирди. Үй ичи жандана түштү, бырс эткен күлкү чыкты. Майлыбай комузун токтото сөзүн улады. Төөчү айтты: «Жазда төөнү тососуң, Баяс чепкен согосуң. Ботолорду карайсың, Ингендерди саайсың» – дегенде куурчак катын Корсоной айтты: «Сага тийбейм дегеле, Кир экенсиң эң эле. Как талаада төө айдап, жүрө албаймын жөө айдап. Тийсем сага бит талап, Төө үстүнөн ит кабат. Элечегим кир болот, Этек жагым кан болот, Эки бетим чаң болот», – деп төөчүнү чанып андан ары эр издеп жөнөйт... Майлыбай, төөнүн тайраңдап басканын туурап күү чертти... Анан куурчак катын Корсоной уйчуга жолукту. Уйчу андан сурады: «Куурчак катын Корсоной кайда шашып барасың?» Ага дагы Корсонойго баягы эле сөздү айтты: «Эрге тием, сен алсаң, эмне кылып багасың?» Уйчу ага айтыптыр: «Уй саап каймак жыясың, Сүзмө, курут кыласың, Жайы-кышы иштейсиң, Айран, жуурат жутасың. Атала жарма ичпейсиң, Тиесиңби не дейсиң?» Анда айтты Корсоной: «Уй саап, оокат кылбаймын, Убарага калбаймын. Сайгак кууган уюңду, Саздан издеп барбаймын. Аппак колум чор кылып, Алдын тосуп саабаймын». Майлыбай комузчу куурчак катын Корсоной жылкычыга барганын, аны дагы чанганын, койчуларга барганын, койчуну да чанганын айтып, кол ойнотуп ыр менен коштоп жатты. Куурчак катын Корсоной, эрди чанып минтиптир: «Жылкы айдаган шаң көрөт, Уй айдаган таң көрөт. Кой айдаган чаң көрөт. Кепеге коюн бактырбайм, кенеге этим чактырбайм, Аппак бетим чаң кылбайм, Ак эмчекти кир кылбайм!» – дептир да эр издеп жүрүп Келемишке жолугат. Келемиш: «Тийсең мага тиесиң, Асыл кийим киесиң. Эшикке да чыкпайсың, Босогодо сиесиң», – деп айтканда Келемиш куурчак катын Корсоной дароо макул болуптур, Келемишке тийиптир, шумдукту анан көрүптүр. Адегенде келемиш элечегин жептир, андан кийин жүз карыш чачын жептир кемирип, Эрди чанган Корсоной көрбөгөндү көрүптүр, жылаңач калып өлүптүр... Майлыбай комузду койгулап кол ойноткондон тышкары келемишти туурап мурдун кыбыратып, тишин ырсыйтып, көзүн алаңдатып күү кайрыды эле үйдүн ичи күлкүгө толо түштү.

www.bizdin.kg



– Бали! – деп бакырып калды Турдукожо комузчу. – Өнөрүңө баракелде.

Кудайберген билги менен кошо келген Турдукожо комузчу бакырып отурса, калгандар да күжүлдөп шаңдана түштү.

– Куке, – деп Боккөтөн комузчу Кудайберген билгиге кайрылды: – Биз Майлыкең экөөбүз бу отурган мырзаларга сөз берип койдук эле сиз келелекте. Өзүңүздөн уруксат сурабай алым-сабак чертишкенден кийин эрегиш чертиш кылып эки күүнү – Сизден үйрөнгөн «Насыйкат» менен «Ибаратты» чертели деп макулдашканбыз. Эми өзүңүз калыс болуп бериңиз, кай жеринен мандем кетирдик, кай жерин туура кайрыбай койдук. Уруксат берсеңиз мен «Насыйкатты» баштап берсем, Майлыкең уласа, анан экөөбүз «Ибаратты» жарыша чертсек, кандай дейсиң?

– Сөз берсеңер – сөзүңөр өлбөсүн, – деп койду Кудайберген билги.

Боккөтөн комузчу шашпай комузун толгоп күү ыргагына туура келтирди. Ичинен келме келтиргендей күңгүрөнө күбүрөдү: «Кудайберген билгиге уят кыла көрбө, колум менен комузум».

Боккөтөн комузчу күүнү салмак менен жай баштап, анан ыргакты биринен сала бирине кынап күңгүрөтө шаңга бөлөп, анан куду көл толкунундай удургуп алдыга бир серпилип, артка шарп эте кайтып жаткандай чайпалып, төгүлүп-чачылып, агер бийик жээк болбосо андан артылып дүркүрөп агып кетчүдөй кылып кайрыктарды кайрып жатты, колу колуна илинбей тыбырап комуздун тепкегине, алкымына чейин сыдыра калып жаткансыды. Боккөтөн комузчунун комузу түгүл, бүт денеси кыймылга келип термелип үргүлөп бараткандай көзүн жуумп өзү да ойго чөмүлүп, башын силкип көтөрө калып, көпкө күүнү кайрыгандай болду. Оң колун көтөрө шалак эттире таштап күүнү аяктады. Үргүлөп кеткендей дымырай түштү.

– Баракелде! – деди Кудайберген билги. Бул сөздү ал өтө ыраазы болгондо, аны ырахатка бөлөгөндө айтчу.

– Бали, Бөкө! Ушу кол да жерде калат, ээ?! – деди таң калганын жашыра албай Турдукожо комузчу. – Кана, улантып ий, Майлыке, сенин өнөрүңү да эл уксун, эл көрсүн.

Майлыбай комузчу бир аз тарткынчыктап туруп, анан «Насыйкатты» тербеп кирди, жарышка кошкон күлүктөй, топтоп озуп алдыга умтулгандай тыпыратып, чабандестин ооздукту карыштыра, тизгинди кериле чоё тартканына карабай арышын кере баштаган аргымактай күүнү сабап кирди, жөн сабабай колун ойнотуп, колтугун кере серпип, башын чулгуп-чулгуп өзү чабандес болуп мөрөйдү көрүп-көрбөй урдуруп бараткансыды. Боккөтөн комузчудан саал башкараак кайрып жатты «Насыйкатты» Майлыбай комузчу, а бирок колун ойнотуп, отурган ордунан учуп кетчүдөй улам умтулуп

www.bizdin.kg



черткени комуз күүсүнүн тереңин анча ажырым кылып, түшүнө бербегендерге майдай эле жагып жатты. Колун башынан айлантып барып, капкакты үстүндөгү колдорун алаканы менен баса күүнү аяктады Майлыбай комузчу.

– Бали! Бали! – дешти таң калгандай ыстарчындар менен атка минерлер.

– Мына, эр болсоң бириң ушундай кол ойнотуп көр! – деп Турдукожо комузчу «балилегендерди» карады.

– Дурус, дурус, – деп койду Кудайберген билги.

– Кана анда, Боке, Майлыке жарышыңарды улантып бүтүрүп койгула, – деди Турдукожо комузчу өнөр жарышын башкарганга мен эле ылайыктуумун, жашым жагынан да, өнөр билги жагынан дегендей. Анын үстүнө добушуму да баарың угасың дегендей бак-бак эте. – Алдыга бир аз жылып алгыла, Боке, Майлыке, бу отургандар кандай чертээриңерди да карап көрүп отурсун. Акындар бекеринен айтыптырбы: «Айтайын сага ибарат, Асты кылба – кыянат. Тартасың анын кысасын, Акыр түбү – кыямат», – деп кошумчалап койду.

Боккөтөн комузчу менен Майлыбай комузчу алдыга жылып отуруп, комуздарын толгоп «Ибараттын» кайрыктарына келтиришти. Бирин бири тиктей калышты. Боккөтөн комузчу оң колун өйдө көтөрүп, «баштадык» дегендей комуз кылына тийгизе манжаларын шилтеп калды. Дал ошол убакта Майлыбай комузчунун колу да комуз кылына жетти. Сол колдун манжаларын титирете үч кылдын ар бирин басып комузун мойнунун башынан алкымына чейин жорголотуп, оң колдун бармак, сөөмөйү кезектешип кыл термеп оромол шилтемге өтүп, андан ойку-кайкы кагышта кере шилтемдерге өтүп, улам кайталап, улам биринин черткенине бири көз салып, жарыш өнөрүн салышты белем. Канчага чейин созулат эле бул жарыш ким билсин, эгер комуз күүсү кылы чарт үзүлгөндөй бир заматта токтоп калбаганда, эмне болуп кетти дегендей селее түштүү күү угуп отургандар. Эмне болуп кеткенин дароо баамдады Кудайберген билги. Боккөтөн комузчунун да, Майлыбай комузчунун да сол кол манжасы сыйкырдуу күүгө арбалгандай комуздун моюнуна жабышып тырышып калганын, ошондон улам оң колдору да шалактап шилтөөгө келбей калганын көрдү Кудайберген билги.

– Жайдары, апкел бери «Таңтаңшыкты!» – деп коломто жакта отурган Жайдары-Жакыпка кайрылды Кудайберген билги.

Ал ордунан атып туруп, жанына коюп койгон Кудайберген билгинин комузун – «Таңтаңшыкты» таар кабынан чыгара коюп колуна кармата салды. Кудайберген билги «Таңтаңшык» комузун баң-баң эттире толгоп чертти эле, бул эмне болуп кетти дегендей бир саамга тымтырс боло үй ичи заматта комуздун бир башкача бийик доошуна

www.bizdin.kg



толо түшкөнсүдү. Кулакка чоор үнүн тарткандай таасир этти. Бая эртеден бери угуп жаткан Боккөтөн комузчу менен Майлыбай комузчу комузунун үнүн баскан башкача доош эле Кудайберген билги бат эле толгоп, адегенде «Насыйкатты» чертип кирди.

Манжалар бир карасаң кубулуп, бир карасаң ачылып-жумулуп көзгө илээшип-илээшпей кайрыктары муңдуу, ыргактары басмырт күү төгүлдү нөшөрлөгөн ак жамгырдай… Ал жамгыр басылчудай түрү жок. Бардык жан-жаныбарлар коңулдарына, уяларына кире качып, ошол төгүлгөн жамгырдын доошун тыңшап тымып калгандай – үй ичиндегилер да күүгө арбалып момурайып отуруп калышкан эле. Жана эле селдее катып, карышып калган Боккөтөн комузчу менен Майлыбай комузчунун денелери жибип, түйүлгөн тарамыштары жазылып бараткансыды. «Насыйкат» Кудайберген билгинин колунан, «Таңтаңшыктан» – ак жамгыр болуп төгүлө берди, төгүлө берди… Анан тып басылды ак жамгыр.

Мындайды күткөн эмес эч кимиси. Кудая тобо, комуздан да ушундай үн, ушундай күү чыгат экен ээ?! Таң кала түштү баары.

– Баракелде! – деди Турдукожо комузчу. – Ушуну уккан адамда арман барбы…

Дендароо боло түшкөндөй башкалар үн катпады.

Кудайберген билги теңтушу сөз сүйлөп атканда эле комузун толгогонго үлгүрдү. «Ибаратты» сабап чертип кирди. Мүдүрүлбөс жоргодой зымырап, кыргыйдын канатындай зыпылдап күү акты, кылдарга бир убакта эки колу тең тийип, сол колунун манжалары комуз мойнунда жоргонун төрт аягындай тыбырап көзгө илинипилинбей үч кылды терип, оң колдун алаканы кылдарды элеп, комуз боз торгойдой безеленип атты. Кудайберген билги бирде Боккөтөн комузчуга, бирде Майлыбай комузчуга комузунун башын буруп, «кантип атасың» дегендей улам ээгин экчеп коюп, күү кайрыгын доошун бирде пастатып, бирде жогорулатып, кош добуш чыгара кол ойното берди. Көз кырын салса комузчулардын оң колдору аны туурап, а бирок кылды баспай үстүнөн серпилип атты. «Жазыла баштадың, жазыласың, аз-аз калды» – деп ичинен күбүрөп Кудайберген билги күүнүн аяк жагын эки жолу кайрып, тигилерди караса комуздарын тизелеринин үстүнө коюп, эки колдорунун тең манжаларын кыбыратып, карышканын өздөрү жазып киришиптир.

Антсе да али эси оогон кишидей экөө тең дендароо абалда экенин баамдап Кудайберген билги таптакыр башка күүнү «Насыйкат» десең «Насыйкат» эмес, «Ибарат» десең «Ибарат» эмес, ошол эки күүнүн кайрыктарыбы же башкабы, айтор, бир күү чертилип жатты өзүнөн өзү. Жок, өзү кайдан чертилсин, черттирип жатты комузду бир сый-

www.bizdin.kg



кырлуу күч, а балким, ал илхамдыр оргуштаган, а мүмкүн, касиеттүү күчтүр те түпкүрдө жаткан ойду ойготкон, колду ойноткон…

Неси болсо да бул жөн жеринен эмес. Жөн жеринен, капилеттен эле те мадырабаш кезинде, чоң үй-бүлөнүн неберелерин чогултуп алып чоң энеси Ботогөз айткан жомок жөнүнөн эле эсине түшө калмак беле? Ботогөз чоң энеси аларга дайыма жатаарда жомок айтып берүүчү. Бирде кыска, бирде уктаганга чейин узакка созулган узун жомоктор болгон. Ошо бүт дүйнөсү таптаза, куйма кулак балалык кезинде көкүрөгүнө кыттай уюп калган, а бирок эрезеге жеткенден тарта таназар албаган, ошо балалык кезде уккан Буудайык куш тууралуу жомок, эми көгала сакал болгон кезде неге кайрадан эсине түшүп, жөн түшпөй ыр нөшөр болуп түшкөнү кандай?! Ошо ыр нөшөр – күү нөшөр болуп нөшөрлөп жатпайбы…

***«Элкин-элкин, элкин тоо, Элкин тоонун ар жагы, Телегейи тегиз тоо. Тегиз тоонун бер жагы, Айры белес ач кайкаң, Алакандай көк тайпаң. Мына ошого барыпмын. Торду жайып салыпмын. Куш төрөсү Буудайык, Аны кармап алыпмын… Бул эмне болучу, энеке, бул түшүмдү жоручу? – Мен уктум эле, балам карыдан, Көптү көргөн сарыдан. Буудайык кармап алганда, Бу тапка кирбейт дечү эле, Тапка кирсе Буудайык, Колго конбойт дечү эле. Колго консо Буудайык, Туурга турбайт дечү эле. Туурга турса Буудайык, Үндөккө келбейт дечү эле. Үндөккө келсе Буудайык, Кармап алган ээсинин, Төш этине тоёт дечү эле, Канын көзүнө куят дечү эле. Анан табы катуу Буудайык тапка кирет дечү эле, Койгун балам сен барбы, Азапка мени сен салба…***

***…Куш төрөсү Буудайык, саятчынын төш этинен ойду ошол. Боор этине тойду ошол. Көзүнө канын куйду ошол. Тапка кирбес Буудайык, Тапка кирип келди ошол! Абылкандын Жаныбек алып чыгып салды ошол! Көсө куйрук көк даңгыт, Карышкыр алды Буудайык. Чегирек куйрук, чаар жон, Жолборс алды Буудайык. Түндө түндөп жүгүргөн, Түлкүнү алды Буудайык. Караңгыда жүгүргөн карсак алды Буудайык. Тектирдеги текени терип алды Буудайык. Куюлушта кулжаны, кууп алды Буудайык. Эңкейиште эчкини эңип алды Буудайык. Адырдагы аркарды аны да алды Буудайык. Бадалдагы маралды, барып алды Буудайык. Арсаң-арсаң жүгүргөн аюуну алды Буудайык. Тишин кыр ташка бүлөгөн, ырысын жерден тилеген, Чөп тамырга тойбогон, Качырганын койбогон, каман алды Буудайык. Абалкандын Жаныбек ойго салган Буудайык ойдон эме койбоду. Тоого салса Буудайык тоодон эме койбоду. Ал аңгыча болбоду, Алды жаккы баткалдан алтымыш айры Ак Бугу Арбаңдап качып берди ошол. Абалкан-***

www.bizdin.kg



***дын Жаныбек ага шилтеп калды ошол. Асыл куштун баласы Ак Бугуга карабай, Асмандап сызып калды ошол. Караны кара саларбы, Качырып карап каларбы. Төрөнү төрө саларбы, Төмөн карап каларбы?!***

***Анан куш төрөсү Буудайык, Алтындан боосун тытты ошол, Айга карай сызды ошол, Күмүштөн боосун тытты ошол, Күндү көздөп сызды ошол...»***

Мындай узакка күү кайырган эместир Кудайберген билги. Не болгон угармандар боз үй ичиндеги? А балким, алар да кыял чабытында чабыттап жүрбөсүн?! А балким, ой учун таппай убарадыр?! А мүмкүн, сарсанаа батып кетишкендир – бу нөшөрлөп төккөн күүнүн сыйкырына арбалып. Эмнеге унчукпайт Турдукожо комузчу? Эмне унчугушпайт Боккөтөн комузчу менен Майлыбай комузчу. Эмнеге үн дебейт Самсаалы шакирти? Эмнеге?..

Томогосун алган барчындай көзүн оттой жайнатып Кудайберген билги обдулуп-обдулуп жанында отургандарды ормоё карады: «Эмне дейсиңер?!» дегендей. Оозуна талкан сугунуп алган баладай эч кимиси үн чыгарбады. Демейде баркылдап, бапырандап «балилеп» калчу Турдукожо да ойго баткандай тунжурап, анан Кудайберген билгиден кийин чоң комузчу деп эсептеген Боккөтөнгө карап:

– Эмне дейсиң, Боке? – деди Турдукожо комузчу. Мунусу сен айтчы өз оюңду дегени эле.

Ошондо Боккөтөн комузчу, эми эсине келгендей Кудайберген билгиге кайрылды:

– Куке, бу биз укпаган, биз билбеген кайсы күүңүз?

– Эрөөл. Эрөөл, Боке! Эмне, илип алган жоксузбу? – деди Кудайберген билги.

– Кантип илип аласың. Колу-бутту бууп, оозду тумчуктуруп, дем да алдырбай койсоңуз. Бир-эки кайрык болсо бир жөн, тогуз кайрык болсо бир жөн. Миң кыялдуу миң кайрыктай сезилди мага. Күүңүз сабалап сызып бараткан ак шумкардай көзгө бир көрүнүп, бир көрүнбөй көкөлөгөндөн көкөлөп, асмандагы ай-жылдыздарга аралашып калганын кайсы көзүң көрөт?! Серпилген канат доошун баскан кош добуш болуп чыккан ак шумкардын те асман тереңинде шаңшыганын кайсы кулак угат?! – деди Боккөтөн комузчу.

– А сизчи, Майлыке, бир-эки кайрыкты эстеп калдыңызбы? – деп сурады Кудайберген билги.

– Дендароо кылып тушап таштадыңыз, кайдан эстеп калам, Куке. Мөндүрдөй сабап урган кайрыктардын кайсы бирин кантип эстеп каласың? – деди Майлыбай комузчу.

Кудайберген билгини дүпөйүл ой басты: «Атаңдын гөрү, армандуу дүйнө. Өнөрүңү өзүңдөй кылып алып калаар, улап калаар шакиртиң

www.bizdin.kg



болбосо устаттыгым да курусун. Азыркы черткен күүмдү өзүм кайра черте аламбы? Же удургуган куюндай айланып-айланып учуп кеттиби? Ким үйрөнүп, ким улайт?..» Эс-учун жыйгандай кийин үй ээсине кайрылды Кудайберген билги.

– Дыйканбай мырза, Сиз бизге уруксат берсеңиз, биз эртерээк аттансак дейбиз. Кечкиге конок айтып койдук эле, капа болбойсуңар, баатырлар. Боке, Майлыке, эртең биз жакка түшө кетсеңиздер, эрмектешели, – деди Кудайберген билги.

Дыйканбай бисардын жалбарганына карабай Кудайберген билги аттанып жөнөдү. Жанында баягы чогуу келген төртөө. Эч кимиси үн дебеди. Бир топтон кийин гана:

– Эрөөлдө өзүң жеңдиң окшойт – деп тамашалагысы келди Турдукожо комузчу теңтушуна кайрылып.

– Жеңбей жерге кирейин! Беш комузчу жүрүп бир күүнү эстеп кала албадык. Мындан өткөн өкүнүч барбы? Мындан өткөн арман барбы?! – деди Кудайберген билги сарсанаага баткандай…

Арман-ай! – десең.

**Январь-апрель, ноябрь-декабрь 2012.**
**Январь, февраль 2013.**

www.bizdin.kg



*«Арча – 2013» конкурсуна*

**Анарбек**
**КЫРБАШЕВ**

## *Аккан суу*

*Башталыштын башталышы өзүңсүң,*
*Келбес кеткен кишилердин көзүсүң.*
*Көрүш үчүн Кечээгимди, Эртеңди*
*Керемет суу келет сага чөмүлгүм.*

*Түнгө түтүн кошулгандай дайыма*
*Кошулушуп шашасыңар агууга.*
*Эч бир жандан аябайсың эч нерсе*
*Жаның күлүп жарык болуп жанууда.*

*Кудайга оюн айтат сени карашып,*
*Сени сурайт тирүү өлүп баратып.*
*Дүйнө кыйрап калмак мүнөт жок болсоң*
*Ар тамчыңды ар бир өлкө талашып...*

*Үшүп кетсең музга айланып каласың,*
*Ысып кетсең бууга айланып аласың.*
*Бирок буудан жамгыр болуп кайра эле*
*Каткырасың... өз нугунда агасың.*

*Сен ааламдан туйбаганды туясың,*
*Туйса экен деп бизге ишарат кыласың.*
*Биз кали эле мактанабыз... чынында*
*Бу дүйнөнү сен башкарып турасың.*

www.bizdin.kg



*Ак, ага бер, сен баарынан тазасың,*
*Жакшы алгансың Жаратканды батасын.*
*Бата менен өзүң көктөй көгөрүп,*
*Бизди агартып багып келе жатасың.*

*Кереметисиң... ыйыгысың ыйыктын,*
*Илим билбес сыйкырысың сыйкырдын.*
*Кетип калба, шаркыра же шылдыра*
*Кан, жаны бол шаасы оогон кылымдын.*

## Көңүл жарым, жан жарым

*Өлүмгө жаш, өмүргө кары куурактамын,*
*Күлкү, оюндан күлүк жетпестей ыраактадым.*
*Үшкүрүгүм муз күйгүзөт, ошентсе да*
*Кээде келет ошол жакка бир аттагым...*

*Оо, анда шамал да жок, желаргы эле,*
*Жүрөк гана сыздап, ырдап турчу кечке.*
*Күлкүдөн соң күйүт келерин кайдан билдим,*
*Азыр көрсөм көл да бөлөк, тоо да өзгөчө.*

*Көңүл – жарым, жан да жарым, баары – жарым,*
*Терилип, терилип теңтуштардын калгандарын*
*Көргөнүмдө ушунчалык сүйүнөм да,*
*Күйүнөмүн эстеп дүйнө салгандарын.*

*Өлгөндөрдү тирүү эстеп азап чекмек,*
*Алмустактан келе жаткан парыз делет...*
*Тоо жаңырткан күлкүм кайда? Ышкырсам да*
*Ышкырамын ычкыр бошоп эптеп-септеп.*

*Айтканың чын, бир кез жерге батпай турдук,*
*Шаар курдук. Шаңды учурдук утурумдук.*
*Дайра сымал даңылдаган дарман, кубат*
*Ээсин жыккан аттай кетти... Кандай шумдук...*

www.bizdin.kg



# Не болдуң билбейм...

*Колумдан кеттиң, кетпедиң бирок жолумдан,*
*койнумдан кеттиң , кетпедиң бирок оюмдан.*
*Не болдуң билбейм... Нес болуп өзүм түнжурап,*
*түтүндөй болуп созулуп турам морумдан...*

*Калтылдап турам. Жер көчөт,*
*бассам сынат муз,*
*Учуруп үрөй угулат бир үн тири укмуш.*
*Не болдуң билбейм... Алтымыш эки тамырым*
*күйчүдөй ысып, алоолоп денем, жүрөк тыз...*

*Не болдуң билбейм... Мен барып тоого, аскадан*
*таштадым бойду. Не болдуң билбейм...*
*Көз ачсам,*
*шуулдап кетип баратам бүркүт мойнунда*
*Асмандын ээси сактаптыр мени ажалдан.*

*Аңгырайт дүйнө... Угулбайт үнү эч кимдин...*
*Каңгырап барып кабаттан кайра секирдим.*
*Жетерде жерге алакан тосту бир аял*
*уядай колдо убайсыз уктап көшүлдүм.*

*Не болдуң билбейм... Мени да билбейт*
*эч бир жан,*
*От чыгат ташты бирине бирин кайрасаң,*
*ок чыкты бизден... Сарайды дешет булбулду,*
*ыйыдыр ал ыр, а мүмкүн, сыры бек каткан...*

*Сыр кайда менде... Ыйым да сайдай какшыды,*
*ташыркап улам табалбай келем тапчуму.*
*Жардам бер мага, булбулдун муңдуу*
*жакшы ыры,*
*Колдой гөр мени, маңыроо жүрөк актыгы.*

# Туталандым

Айрылбастай көз көздөрдөн, кол колдон,
Көйкөлүшүп көрүшкөндө жолдордон,
Жарашчу элек бирибизге бирибиз
Жарашкандай жакшы ырга жакшы обон.

Жарашчу элек жалт-жулт эткен жагоодой,
Жандан чыккан жалын жанда алоолой.
Кээ бир кезде эт жүрөктү эзгилеп,
Кээ бир кезде калтыратчу бороондой.

Жайдын күнү жарк эткендей чагылган,
Күндөрүмдө күйүт күнгө кабылган.
Менден түшкөн көлөкөчө болбодуң
Көксөгөндө көрүнбөдүң жанымдан.

Сай-сөөгүмдөн сарыкканда санаалар,
Таянычым боло албадың таянар.
Кайра-кайра карааныңды карадым
Калыбымда карегимден кан агар.

Анан суудай таштан ташка урундук,
Өзгөрүлдүк өкүнүчкө муундук.
Анан такыр таппай калдык жаштыктын
Жакшы обонун жана жакшы ырын кууп...

Колуң колго, көзүң көзгө эп келбей,
Туталандым турмушума: – Эх, сен... – дей.
Жаным эмес аалам калды аңгырап
Жакшы ырлардан обон чыгып кеткендей.

Туталандым тагдырыма: – Эх, сени...
Обон созсом болду баары тескери.
Ким сынганды кайра ордуна келтирет,
Ким толтурат төгүлгөндү, бөксөнү?!

www.bizdin.kg



## Сен аман бол...

*Жамгыр билет кайда тамарын,*
*Куштар билет кайда барарын.*
*А мен билбей кимди сүйөрүң*
*Жалынына күйдүм санаанын.*

*Жалынына күйдүм санаанын,*
*Калбай барат сен деп жан, алым.*
*Айтчы жаным, айтчы шыбырап*
*Жүрөгүңдүн ким деп кагарын...*

*Жылдыз билет кантип жанарын,*
*Суу түшүнөт кадай агарын.*
*Неге мени сүйбөй күйгүздүң*
*Менин сүйгөн, сүйгөн адамым?!*

## Сен дегенде

*Сен дегенде күн батпайт да, таң атпайт,*
*Учкан куштай учкан жылдар санатпайт.*
*Баш айланткан бактылуулук мас болуп*
*Басыла элек барактарын барактайт.*

*Куулар учпайт, куш сайрабайт, шаттанбайт,*
*Сага чалбай менин ишим башталбайт.*
*Сен дегенде селт дей түшүп эт жүрөк*
*Азган көңүл атырылат асмандайт.*

*Буюрбаган күчтөсөң да кабылбайт,*
*Табылбаган издесең да табылбайт.*
*Эмне үчүн экендигин билбеймин*
*Сени ойлосом жүрөк ырдайт, жан ырдайт.*

*Ай да таңда жылдыздарын түгөлдөйт,*
*Асыл ойлор арам ойду жүгөндөйт.*
*Түгөнүшү мүмкүн ушул өмүрдүн,*
*Бирок сага деген сүйүүм түгөнбөйт.*

www.bizdin.kg



# Көздөрүң сенин балбылдайт

*Көздөрүң сенин балбылдайт,*
*Көргөндө жүрөк, жан жыргайт.*
*Карашкан сайын бой балкыйт*
*Карашуу кумар кандырбайт.*

*Кайгырган менен жаш кулап,*
*Кайрылып келбейт жаш курак.*
*Келбесе мейли өзүмө –*
*Каткыра күлүп кашты как...*

*Жоголгон кайра табылсын,*
*Эскирген кайра жаңырсын.*
*Жаныбыз дагы бизге окшоп*
*Бирине бири жалынсын.*

*Кечели сүйүү деңизин,*
*Жүрөккө жүрөк эрисин.*
*Жүз жылдап күтүп жүргөмүн*
*Жүрөккө жаздын келишин.*

* * *

*Булуттун окшоп айрыгы*
*Бал татым үндүн кайрыгы.*
*Бетимен сылап, жанымды өөп*
*Эритти ичте кайгымы.*

*Тамшана угуп бир эле,*
*Таба албай калдым муңумду.*
*Жашарып дүйнөм тим эле*
*Жаз келген мисал туюлду.*

*Жүгүртүп үйөр каныма,*
*Жылытып жүрөк табына.*
*Жан курбу болуп жаны бир*
*Жаңырчы жаш үн дагы да.*

* * *

*Күтпөгөнүң күткөндөй,*
*Күндөн күлүп түшкөндөй.*
*Дүйнө сенден башталып,*
*Сени менен бүткөндөй.*

*Акпаганың аккандай,*
*Айдан ылдый шашкандай.*
*Жоодурасаң ар пенде*
*Жоготконун тапкандай.*

*Өппөгөнүң өпкөндөй,*
*Өрттөнүп жан кеткендей.*
*«Агай» деген бир сөзүң*
*Аалам сырын чечкендей.*

*Жибек болуп жел жебей,*
*Желге шыбак термелбей,*
*Ушул дүйнө ушинтип*
*Турмак эмес сен келбей...*

*Жаныма жан кошосуң,*
*Эмне десем ошосуң.*
*Уктап калсам каныдан*
*Укмуш ырың созосуң.*

* * *

*Алды артыңа карабай,*
*Атасын көргөн баладай,*
*Алдастай келип мойнума*
*Асылсаң сөзгө жарабай,*
*Алкынып жүрөк, эсим оол*
*Акылдан танып калам ай...*

*Бар кайгым унутуп мурдагы,*
*Балыктай туйлайм суудагы.*
*Элирет көңүл көккө учуп*
*Эпитет окшоп ырдагы.*
*Жылмайып турсаң жыргалтай*
*Жылалбай калат жыл дагы.*

*Сен падыша, сен эгем,*
*Секетсиң, айтчы не деген?!*
*Ойлоно калсам өзүңдү*
*От чыгат жүрөк, денемен.*
*Желпигим келет жүзүңдү*
*Жел болуп соккон желеден.*

***Редакциядан:*** Автордун ырлары, котормолору өтө көп болуп, толук жарыялоого мүмкүн болбогондуктан, калган чыгармалар конкурстун калыстар тобуна берилди.

www.bizdin.kg



*«Арча - 2013» конкурсуна*

**РАБИЯ**

# ТУРМУШТУН АСМА БАКТАРЫ

**(Эсселер түрмөгү)**

## Мүрзөдө өскөн гүлдөр

Чөбү тапталбаган жолдун нугун зорго таап, бутка ширелген тулаң чөптү жирей басып, атамдын жайына келе жаттым. Өмүрүмдөгү эң узак да, армандуу да, сагынычтуу да жол…

Атамды жерге бергенибизден кийин кыркынчы күнү ушул жол менен жайына келгеним эси-көөнүмдөн кетпей жүрөгүмө батып калган. Ошондо али балакатка жете элек сезимимди майыштырган кайгым кандай жаңы болсо, дөбөлөнө үйүлгөн боз топурак да ошондой жапжаңы, таш боор муздак эле. Мен үчүн аска-тоодой болгон адамды бизден айрып, кара жер алдына түбөлүккө чыккыс кылып жашырган Кудайдын улуу акыйкатын таныып, каяша кылганым отуз жылга созулду…

Саргайып, куурай баштаган чөп жаап калган жолдун билинер-билинбес нугу менен Тоголок-Дөбөдөгү көрүстөнгө чыгып бараттык. Тапталбаган жолду көрүп таң калдым.

– Бул жакка эч ким каттабай калганбы? – деп сурадым алдыда үнсүз жол баштап келаткан инимден.

– Бул көрүстөнгө азыр сөөк коюшпайт, – деди үкөм.

– Эмнеге?

– …

Кайталап сураган жокмун. Үкөмдүн үндөбөй калганында сыр бардай. Бул суроомо да өмүр, өлүм жөнүндө чиеленишкен бардык туңгуюк ойлоруума да атам жаткан жеринен тура калып жооп берчүдөй эркеген, кусаланган сезимге алдырып, толуп-ташып турам.

www.bizdin.kg



Бир таман жолдо каркырадай тизилишип артыбызда келатышкан эки тестиер уулум менен инимдин кичинекей балдары өз ара кужулдашат. Бала да, көңүлдөрүндө али эч нерсе жок. Мүрзөгө келген адамды өлүмдүн сүрү жеңип, тунжураган ой басып калат эмеспи. Өмүрдүн аягы ушул дөмпөйгөн дөбөчөлөр экенин моюнга алуунун өзү кандай оор. Жарык дүйнөнү кыйып, бир жарым кулач жерде түбөлүккө жай алуучу күндөн эч ким качып кутула алган эмес. Жашың өткөн сайын бул акыйкатты жүрөгүң сыздай туясың. Кайсыл бир акылмандын сөзүн эстедим: «Жашоонун сырын түшүнгүң келсе көрүстөнгө бар».

Тоо боорундагы көрүстөндүн темир тор тосмосунун эшиги зым менен чырмалып жабылыптыр. Иним зымды чечип ачкандан кийин кире бериштеги коко тикенектерди жулуп, ары жак-бери жагын тазалагыча үндөбөй күтүп турдук.

Мүрзөлөр эскире баштаптыр. Жыгач тосмолору чирип түшүп, кээ бирлеринин соройгон бирин-экин гана мамылары калган. Жер менен жер болуп тегизделе баштаган билинер-билинбес дөбөчөлөрдү абайлап айланып өтүп, сиздин жайыңыздын башына келдик, Ата! Көзүмө эң биринчи эле урунганы арча тосмонун бир жак капталындагы жыгачтын жерде жатканы болду. Жүрөгүмдүн бир жагы урап кеткенсиди.

– Оңдоп койбойсуңарбы?! – Кейип жибердим үкөмө.

– Жайды оңдобойт экен мусулманчылыкта. Молдодон да барып сурадык. «Болбойт» дешет, – Үкөм бук болгон үнү менен. Жанымда тегерете отурушкан балдарымдан, жээндеримден айбыгып, көз жашымды зорго тыйып турам. Бала чагымдагыдай эч кимден корунбай, уялбай өпкөлөп катуу ыйлап, өмүрүмдө көргөн бардык ызамды, өксүгүмдү, кейишимди жууп-чайып кете тургандай кылып, көз жашымды селдетип төгүп алар ээн жерди да, муңдаш адамды да ушуга чейин табалбадым. Мен ыйласам бир гана Сиздин алдыңызга келип ыйлагым келчү...

О, акылманым, биз эс тарткандан баштап: «Мен өлгөндө ушул жерге коёсуңар» – деп белгилеп көрсөтүп жүргөн бийик дөбөдөгү жайыңызга күндүн нуру мурда тийип, жылгадан ылдый соккон айдарым шамал түз келип урунуп, жыпарын чачып турат экен. Сиз тирүү кезиңиздегидей эле эртели-кеч табиятка суктанып, улуу тоолордун койнунан суурулуп чыгып, айылды жарып өткөн кашка жолдон көзүңүз өтө бизди зарыгып күтүп, жашыл ааламга, тунук асманга, балбылдаган ай-жылдыздарга сонуркай тиктеп, ошондон каниет алып жашап жүргөнүңүздөй туюлуп кетти.

«Мага темир-тезектен, таш-бетондон эстелик тургузбагыла» деген керээзиңизди эстедим. Үстүңүздөгү басаңдап чөгүп бараткан

www.bizdin.kg



топуракка кадимки талаадагыдан эч айырмасы жок чөптөр, шыбак, бетеге, кызгылтым беде, кызыл, пуштуу, көк теңге гүлдөр ыргалып өсүп турат. Дагы отуз-кырк жылдан кийин жаткан жайыңыз биротоло тегизделип, арча тосмолор да мезгилге туруштук бере албай кулап түшүп, өзүңүз сүйгөн табигатка айланып кетээриңизге аз калыптыр. Ал учурда биздин да көзүбүз өтүп, сизди эстеген, жай башыңызга келип турган эч ким калбайт экен. Ошон үчүн эстелик койбогула деп катуу дайындап, даанышмандык кылган экенсиз.

Маркумдар жаткан мүрзөлөр качандыр бир убакты-сааты келгенде тегиз жерге айланып, урпактар үчүн эгин айдаар, чөп орулуучу, мал жайылар кадимки талаа болуп тирүүлүккө кызмат кылары табигаттын мыйзамы тура. Биздин айылда мындай эски көрүстөндөр көп. Аларда кимдер көмүлгөнүн азыр эч ким айтып бере албайт. Бул гөрүстөндөргө каттаган жолдор да унутулуп, нугу эчак өчкөн. Ушул акыйкатты айтууга бая үкөмдүн оозу барган эмес экен. Мен да бул акыйкатка жетиш үчүн өтө узак жол басыпмын. Кээде тирүүлөргө караганда маркумдар улуу сабак берүүгө кудуреттүү болот окшойт.

Гүлдөр өскөн, күн тийип турган, жыпар жыттуу жел аймалаган гөрүстөндөн кайтканда канча жылдаган убайымдын жүгүнөн, кусалыктан бошонуп, тирүүлүктү сүйүп, бир сөөмгө өсө түшкөндөй көңүлүм көтөрүлүп келаттым.

Кайыр кош, Ата!

## Жаз жоктогон гилас

Быйыл жаздын ууз мезгилине көздөрүм тоё куштарлана албай калдым. Аңдабай өткөрүп жиберген көктөм менен кошо бир түп кокон гиласты жоктодум.

Гилас дарагы коңшубуздун короосунда өскөн менен бутак-шактары ортодогу коргондон ашып өтүп, биздин айванды көлөкөлөп турчу. Эки аттам келген корообузда андан башка дарак жок эле. Кыштын кереӊ уйкусунан ойгонуп, жан кирип, бөртө баштаган маалдан кызыл мончоктордой болуп мөлтүрөгөн мөмөсү бышканга чейин делебени козгоп, улам түрлөнүп турчу кокон гилас эшик алдыбыздын көркү болгон экен. Кээде көрпенделик кылып дарактын жалбырактары, гүлдөрү, пыр-сырлары күбүлүп түшкөн алакандай тар жерди күнүгө эртели-кеч шыпыргандан тажап кетчүбүз. Ошондо коңшу үйдөн чакырылбай келген меймандай болгон гиласты өгөйлөп: «Кыйып салыңыз?» – деп ээсине догурунуп калар элек.

Биздин сөзүбүздөн тажадыбы, күздүн бир күнүндө иштен кайтсак корообуз бутак-шактардан арылып кеңирсий түшүптүр. Асман бети ачылып, күндүн нурлары эшик алдына көбүрөөк тийгенсип

www.bizdin.kg



калды. Жерди күнүгө шыпыргандан кутулдук. Мурда эле ушинтпей деп коёбуз.

Бирок гиластын кадыры жазында өттү. Аны дарактар жашылдана баштаганда, келгин куштар кайтканда жоктодум. Гиластын күн сайын жаңыланып турганын, бөрткөнүн, ак булуттай болуп текши гүлдөгөнүн, жалбырак байлаганын, мөмө түйгөнүн, көздү арбап мөлтүрөп бышкан мөмөсүн таңда-кеч сонуркап тиктөөчү учурлар эңсетип жүрдү. Конолгосу жок короого куштар да байыр албайт экен. Гилас дарагына түнөшкөн парандалар таң супа салаар менен ойгонушуп, тирүүлүктүн жаңы күнүн сүйүнчүлөшкөндөй шаттана сайрашканына кумар болдум.

Жаз бою гиласты жоктоп, арман кыла бердим. Күз келгенде корообузга гиластын жаңы көчөтүн отургуздум.

## Куураган терек

Бак-шактуу чакан айылдын ортосунда куураган байтерек турат. Анын көктөбөй калганына үч жылдын жүзү болду. Теректин чырмаган дарты өзөгүнө жеткен сайын как болуп куураган бутак-шактары шамалга, жамгырга урунуп түшө берип, буура моюн жоон бутактары мунжудай болуп каржайып калган.

Ага көзүм түшсө кейиш менен эстебей коё албайм. Оо, биз бала чакта, мындан отуз-кырк жыл илгери, бул терек айылдагы дарактардын алпындай сезилчү. Суналган кылда учун чалкалай араң тиктечүбүз. Коюу шактаган оор тулкусу шамал жүргөндө деңиздей шуулдап чайпалса, жалбырактары кол чабышкандай шатырашып, ансайын шамалды күчөтүп чакырып турчу. Эч бир дарактын жалбырактары терektикиндей ойноок болбойт. Эрке желге тынымсыз дилдиреген бариктердин бетине күндүн нуру ойноп, түнкү асмандагы жылдыздардай жымыңдашып көз уялтаар эле.

Бул теректин жаз менен жайдын нөшөрлөп төккөн жамгырына бой тосуп тунжурап турган учуруна да көп суктангам. Ал эми күзүндө жалбырак күбүгөн маалы өзүнчө шаанилүү. Үлп эткен желге сапырыла жабалактап жаап кирген аселдей тунук жалбырактары жерге килемдей болуп төшөлүп калчу. Шагында куштар уялап, бир короо чымчыктардын конолгосу болгон. Балалык өмүрүмдүн, андан кийин кырчын жаштыгымдын жомоктой бир элесине айланган ошол теректин азыркы тагдырына анан кантип кейибейин.

Айылдын да буга тынчы кеткенине көп болду. «Айыл ичинде куураган терек турса жаман болот экен» деген күбүр-шыбыр үйдөн үйдү аралап, укканды бушайманга салат. Теректин мураскору Теңизбай акеге кулак кагышса: «Кыйбайм! Атамдан калган терек! Тура бер-

www.bizdin.kg



син!» – деп кызаңдап бериптир. «Атадан терек калмак беле, бала калат да» – дешип аксакалдар ортого салып пештешсе да ынанбаптыр. Ошентип, куураган теректин наалаты Теңизбайга калган менен, анын түбүнө жеткен күнөөкөр адам эч нерсени көрбөгөн, билбеген болуп тымпыйып жүрөт.

Бул мындайча болгон эле. Теңизбай акенин атасы короолош олтурган бир туугуны Максыт менен батышпай, ата-бабасынан калган эски конушун жерип көчө качат. Терегин өскөн ордунда калтырышка аргасыз болот. Терек турган жерди Максыттын уулу ээлеп там салды, бак тикти. Аталарынын аразы алардын көзү өткөндөн кийин балдарынын арасын да ансайын алыстатып, биротоло жат кылды. Бара-бара көлөкөсүнөн башка зыяны жок терек да өгөйлөнө баштады. Максыттын уулу бакчасында өскөн биртике картошка, сабизинен, алма-өрүгүнөн ырыскы талашып, аба жутуп, суу ичип жатканына ичи тарыды. Колунан келсе отоо чөптөй тамырынан жулуп таштагысы келет, ов! Бирок теректин мураскорунан коркот, эл-журттан айбыгат.

Акыры теректи жок кылуунун амалын тапты. Бөртө баштаган маалда түбүнөн кабыгын балталап, кыйып койду. Аялы тамырына чакалап кайнак суу куйду. Теректин өзөгүн өрттөгөн дарт тез эле тулкусуна жайылып, өңдөн аздырды, жашоосун кыйды. Кийинки жылы көктөбөй калды. Биротоло куурагандан кийин шак-бутактары күбүлүп түшүп, куштар конорго сөөмөйдөй да илинчеги калган жок. Шамал жүргөндө деңиздей чайпалып, шуулдаган терек эми эч нерсени сезбей селейип турат. Бир кезде ойноок бариктерине тийишип дирилдеткенге кумар шамал жансыз терекке көңүлү чаппай айланып өтүп кеткенсийт.

Айылдын чок ортосунда куураган мунжу терек турат. Эки тууганын эрегишинен бейкүнөө терек өлдү. Ал ырыс-ынтымагын жоготкон тууганчылыктын, бузулган пейилдин, тар замандын эстелигине окшош, көргөн көздү жазалайт.

## Көлдө күйгөн чырак

Чыгыш Памирдин башталышы болгон Сары-Кол өрөөнү майда шагылдуу боз топурагынан, ачуу тийген күндөн, арыбай күнү-түнү жорткон шамалдан багы ачылбай бозоруп турат. Бой алалышпай жапыз өскөн көөдө чөптөр: ала шыбак, терскен, баялыш, ак кылкан анда-мында бир сербейет. Күнгө күйгөн, шамалга жаланган кара зоолор карашат алыстан калдайышып.

Бирок табигаттан өткөн улуу сүрөтчү жок. Ушул жылан сыйпагандай куу талааларга салаадан чубуруп түшүп калган көз мончоктордой

www.bizdin.kg



топ көлдөрдү ыроолоп коюптур. Сарез-Көл, Айдың-Көл, Булуң-Көл, Жашыл-Көл, Ажыдаар-Көл, Кара-Көл, Ыраң-Көл.... Чоң-кичинеси болуп он бештей көл. Жапан табигаттын тынч кучагында асман, күн, ай жылдыздар менен тиктешип чалкып жатышат.

Кышкысын баары көк муштум болуп тоңуп, калың муз каптайт. Анан күн жылымта тартаар менен муздан бошонушкан көлдөргө алыстан кыйкуулашып топ-тобу менен учуп келишкен ак чардактар, турналар, жапайы ак, кара каздар, аңырлар жан киргизишет. Алар эң алгач жол башындагы Айдың-Көлгө конушуп, өргүү алышат. Суусу тунук, балыктары өрүлүп жүргөн көлдүн бетин бербей, ак жал толкундары менен кубалаша сагынычтарын жазышат. Ошентип келген куштардын кайтышы менен Сары-Колдо жаз башталат.

Ошол топ көлдөрдүн бири Ыраң-Көлдүн суусу шорго толуп, көрүмсүз болгон менен бешенесине бүткөн өзгөчө касиети бар. Жээгинде узун-кыскалуу болуп кыналышкан эки жалама аска таш турат. Алар «Чырак-Таш» деп аталат. Бийиктиги аркан бою келет. Ошол таштардын биринин орто ченинде кол менен текче жасап койгондой коңул бүтүптүр. Анда кудайдын кудурети менен түн ичинде кызарып күйгөн эки шам чырактын жарыгы чыгып турат. Алардын жарыгы көлдөн да чагылып көрүнөт. Көрүмсүз көлдүн ажары ошентип түн ичинде ачылат. «Ыраң-Көл» деп аталып калганы да ушундан уламдыр.

Анан союз убагында кайсыл бир жылы чек арачы орустар көлдө күйгөн шам чырактардын кабарын угушуп, издеп келишет. Көргөндөрү аздык кылгансып, аскага чыгып барып, алып түшүү үчүн бири-бири менен мелдеше да кетишиптир. Оолуккандардын бирөөсү белинен жип менен байлатып алып, жалама асканын башынан ылдыйлап түшө баштайт. Коңулга жетейин дегенде жаза тайыппы, же мазардын касиети уруппу, кулап кетип, тил-оозго келбей жан берет. Калгандары ич күйдүлүктөн беш атаар мылтыктары менен жарык чыккан жерди аткылап киришет. Бир оокумда шамдын бири ок тийгендей «жалп» өчүптүр. Ошондо гана көксөөлөрү суугандай сөгүнүшүп жөнөп кетишиптир.

Ыраң-Көлдө азыр түнкүсүн жалгыз шамдын жарыгы чыгарын айтышат. Ал суудагы чагылышы менен түгөйлөш болуп, бири Чыракташтын боорунан, бири шор көлдүн тереңинен кара түнгө шоола чачышып, жетим көлдүн ыраңын ачып турат дешет.

Сары-Колдогу топ көлдөрдүн ар бирин айта келсе, кайталангыс таржымалы бар.

www.bizdin.kg



## Жылдыз карап жол тапкан мышык

Ак-Буура дарыясы кирген буурадай күрпүлдөп аккан Даңгинин оозунда жапайы тал, бадалдарга курчалып турган турна моюн аппак үй алыстан көрүнөт. Дарыянын шоокуму беймарал жетип, серүүн шапатасы урган бул тамга быйыл чөп быша элек маалда келдик. Күкүктүн үнү ката элек экен, үйдү айланчыктап кетпей, улам бир даракка конуп, бир күкүк тынбай таңшып жатты. «Күкүк!» – деп демигип илеп тарткан сайын өпкөсү көбө түшөт. Анын зар каккандай муңдуу сайрашы жүрөктү «зырп» эттирип, качанкы унутта калган кусадар сезимди чакырат.

Бирок күкүктүн үнүнө берилген көңүлүбүздү ушул үйдүн таргыл мышыгы бузуп ийди. Ал биз олтурган бөлмөгө kериле-чоюла жай басып кирип, баарыбыз менен учурашкандай акырын мыёолоп койду. Маңкайып жүзү жарык, көңүлү кушубак экен. Жүнү кундуздай жылтылдап, агыш келген саңоор жүнү үлпүлдөйт. Сылап-сыйпалап жакшы багылганы көрүнүп турат. Биздин ага көзүбүз түшүп сонуркап карап калганыбызды көрүп үй ээси сөздү мышыгына бурду:

– Бул мышык дарыядан балык, жылан тутуп келип балдарын багат.

– Койчу?

–Кантип?!

– Жеңеңерге айтсам да силерге окшоп ишенбей койду. Анан бир күнү сөрүдө олтургнабыз. Ак-Буура жактан жыла басып келатканын көрүп калдым. Оозунда туурасынан тиштеген чоң балык. Жаны бар экен, бултуңдап жүрөт. Жеңеңерге көрсөтсөм: «Ой, тообо!» – деп оозун ачып калды. Ошондон кийин да балык тутуп жегенин көрүп жүрдүк. Анан жылан жегени шумдук. Башын тиштеп коёт экен дароо. Жылан ийрелеңдеп жүрөт,бул мышык болсо аны чычканга окшотуп ары-бери чапчып ыргытып ойнойт. Балдары да жыландын этин кыртылдатып жеп коюшат.

– И-ий, баягыда үйдү өзү таап келгенин айтсаң? – деди аялы Сүйүнбай акеге.

– Ии!.. – деп биз да мышыктын таржымалына чындап кызыга баштадык.

– Жылда эки жолудан тууй берип тажатып ийди. Өткөн жылы дагы туугандан кийин жолду көрбөсүн деп кара торбого салдым да, машине менен Ошко алпарып, чоң көчөгө таштап коюп баса бердим. Ошо менен кутулдук десем, үч күндөн кийин үйдү таап келиптир.

– Таң атаарда келди. Биз баарыбыз уйкуда элек, – деп улады сөзүн аялы. – Жатак бөлмөнүн терезесинин тушунан мыёолойт... Акыры төшөктөн турдум. Карасам өзүбүздүн мышык. Жүнү түлөп,

www.bizdin.kg



арып-аза түшүптүр. Үйгө кирүүгө уруксат сурагансып жалынычтуу тиктеген көздөрү бир башкача сары-жашыл жалын чачып күйүп турду. Терезелер ачык эле. Мурда ал айнектен секирип кирип-чыгып жүрө берчү. Эми ошентип киришке батынбай жан соога сурап аянычтуу мыёолоп жатты. Анын үнүн угушары менен мыймыйлары да ыз-тыз болушуп чуркап чыгышты. Үч күндө сагынышкан энебалдардын учурашканын көргөн адам ыйлагыдай эле. Жарым сааттай томолонушуп-жумаланышып, алышыша эркелешип жатышты. Айбан да болсо бала деген жандалбасы укмуш экен. Мышыктан баласаактыкты, назиктикти үйрөнсөк болчудай…

–Үйдү кантип таап келди экен? – деп сурады меймандардан бирөө.

– Мышык жылдыз тиктеп жол табат имиш. Күн ачык болгондо ошол түнү эле жетип келмек экен. Асман эки күн бою бүркөк турган. Үчүнчү күнү гана кечке жуук чайыттай ачылган эле. Түнү бою жылдыздарды тиктей жол жүрүп, таңга маал үйгө жетип келген окшойт. Ошого ишенип калдым. Болбосо Ош деген каякта жатат.

Мышык жөнүндө бул аңгемеден кийин аны кайрадан көрүшкө куштар болдук. Сыртка чыкканыбызда бири-бирибизге билдирбесек да ар кимибиз көзүбүз менен мышыкты издеп жаткансыдык. Тээ кыйлада кайдан-жайдан чыкканы белгисиз, кылак эте Ак-Буура тарапка жыла басып баратканын көрдүм.

Байыр алган үйүн кыйбай, балдарына карамалап, табияттан аралжы издей билген бул даанышман мышыкты сүйсүнө көпкө карап турдум.

## Роза жана добул

Шаардагы үйүмдүн короосунда розанын эки түп бадалы өсөт. Бири ток пуштуу. Экинчиси асалдай тунук сапсары гүл ачат. Алардын ажайып кооз ыраңдарын боёктор дүйнөсүнүн океанына теңештирем. Тиктеген сайын көз канбай, тереңине оп тартып турат.

Розалар даракка окшоп бийик өсөт. Кеч күздө түбүнөн бутап койсом, жазында жапжаш жаңы сабактары түптүз болуп шоодурап тез өсүп чыгат. Дүркүрөп бат жетилет. Биринчи жолу гүл ачкан маалы өзүнчө сонун. Жазды сагынып калгансып, бир дагы шагы калбай текши гүлдөйт. Бирок бир сыйра гүлүн төккөндөн кийин кышы бою жыйнаган дарман-дараметтери ошо менен бүткөнсүп, сейрек гүл ачып калат. Розалардын табияты бардык сулуулуктай эле морт келет. Анын назик жана кооз гүлдөрүнө суктана караганда дайым жүрөгүмдө аёлуу сезим кошо ойгонот.

Розалардын жумшак жана солкулдак сабактарын туруштук бере албаган жамгырдан, шамалдан сактап калгым келет. Ар бир жолу

www.bizdin.kg



добул органдан кийин алардын жерге бөгүлүп, жыгылып калган шактарын түзөп, таяныч орнотуп, убарагерчилик чеккенимде жаным ачый минтип шыбырайм: «Гөзөлдөрүм, мынчалык бийик өспөгүлөчү?!» Алсыз жана назик болгонуңарга жараша жерге жакыныраак, бекемирээк турсаңарчы? Ошондо добул да, жаан да уйпалай албайт эле. Өзүңөрдү сактаганга үйрөнгүлөчү?!

Бирок алар тил албайт. Кайрадан эле күнгө бой созушуп, бийик өсүшкө кумарланат. Жай бою добул менен кармашып, аптапка какталып, бирде жабыркай, бирде бой түзөп, кыска жана көркөм өмүрлөрүн жан кечтилик менен жашап өтөм.

Кеч күздө розанын түбүнөн бутап жатып, жазды ойлоном…

## Байчечекей жыттуу каттар

Беш көкүл бийкеч курагында боз улан жигиттерден балапан сезимин чымыратып, жаш жүрөгүн элеп-желеп кылган ашыктык каттарды көп эле алган. Бирок алардын ичинен өзгөчө сагынып күткөн бир кат болоор эле. Кыз көрмөк турсун атын да укпаган алыскы айылда жашаган он беш жаштагы бейтааныш уландын өрттүү каты ар аптада көпөлөктөй делбиреп учуп жетип келип турчу.

Биринчи жолку таанышуу катында эле кургатылган байчечекей гүлүн салып жибериптир. Жаштык сезими ойгоно баштаган бийкеч ошол гүлдөр өскөн адырларда, тоолордо өзү каалаган сүйүүнү, бакталайды тапчудай бир көрүштү эңсеп кыялга баткан. Бейтааныш боз уландын арзууга кумарлуу жүрөгүнүн чакырыгын туйгансып, жүзү албырып, ширин-ширин сезимдерге азгырылган.

Кадимки эле окуучулук дептердин эки барагы толо шурудай тизилип жазылган сөздөрдүн күчү ай! Сүрөтүн да көрө элек теңтуш баланын өзүнө арналган ошол сөздөрүн окуганда кыздын жандүйнөсү бирде деңиздин тогуз валдуу толкундарындай сапырылып, бирде мемиреген тыптынч жай түнүндө толгон айдын нурларындай аруу кусалыкка батып, ууз сүйүүсүн ойготкон.

Тагдыр аларды кат аркылуу тааныштырып, кат аркылуу алгачкы махабатты тартуулап, кат аркылуу өмүр бою кыйышпас ысык ынактык буюруптур. Ал каттар өмүрдүн ар кайсыл учурларында кээде узакка кечигип, кээде сагыныч учургандай тездеп, эки шаардын ортосунда байма-бай каттап турду. Жүрөктү толгоп күүгө салган эңсөөлөрүн, санаркоолорун, бул дүйнөдөн сезип-туйгандарын, азыптозгон ойлорун бири-бирине жеткирүүгө ынтызар эки жүрөктү үн алыштырган ажайып каттар эле.

Өмүрдүн он бешинчи жазынан таберик кылып тумардай катып жүргөн байчечекейдин кургаган гүлдөрүн аял жыйырма жылдан

www.bizdin.kg



кийин ошол гүл жыттуу каттардын ээсине көрсөттү. «Кайсы адырдын гүлү болду экен?!» – деп көздөрүнө жаш алган эркек тээ алыста калган балалыгын сагынып тунжурап турду.

Дагы он жылдан кийин экөөнүн сейрек, бирок унутулгус жолугушууларынын биринде эркек гүлдү сылагылап: «Мен өмүрүмдө бир гана кызга байчечекей арнагамын…» – деди.

## Сонунбү сыйкырлаган булак

Чоң айылдын эли суу ичкен Таш-Булактын көзү жылдан-жылга соолуй берип, акыры бир күнү какшып калды. Тар колотто андан башка ичээр суу жок эле. Бир дөң ары сайда гана дарыя агат. Узак жерден агып келген дарыянын киргилт, супсак суусу жер алдынан ташты көзөп, көз жаштай сызылып чыккан кайнар булактын муздактыгына, жалбыз жыттуу май даамына, акактай тунуктугуна не окшосун. Булактын тунуктугунан түбүндө жаткан агыш, кызгылтым, көгүш таштар таптаза болуп, кубулжуп көрүнүп турчу. Айылдын эли дарыядан ат, эшеккке чанач артып суу ташып ичип, убарагерчилик тарткан сайын булактын суусун күсөй берип чарчагыдай болду.

Бир күнү айылга суунун кабарын алганы өкмөттөн адамдар келиптир дешти. Алай райондук суу комитетинин өкүлдөрү экен. Арасында ак жоолукчан аял жүрөт. Күндүн нурун шимирип, топурактан азык алып, айдарым желге тотугуп, барсая бышкан дандуу буудайдай кызыл тору ireңинен нур төгүлгөн жубан экен. Балкайган жүзүнө жарашкан ак жоолугу көздү арбагандай кайра-кайра тиктеттирет.

Эл сүйлөп жатканда аял үндөбөй угуп турду. Таш-Булактын соолуп калганын укканда: «Мага көрсөткүлөчү», – дептир. Жанына эки-үч адамды алып булактын көзүнө чыгып барды. Чөп-чар басып, сазга айланган башаттан жакында эле күргүштөгөн суу агып турганына ишениш кыйын эле. Агышы ак, кызылы кызыл болуп кубулжуп турчу таштар чылага батып жатты. Арыктын нугу да ыпыр-сыпырга толуп тегизделейин деп калыптыр.

Аял буларды көрүп кейип алды: «Жаратылыш силерге сыр көрсөтүптүр. Бул мазар болот. Таза кармаш керек. Ыклас кылып сыйынбайт экенсиңер…»

Ошентип өзү чыдабай кеттиби, булактын башатын, жака- белин эки колдоп тазалап кирди. Беркилер да карап тура алышпады. Биз аздан кийин Таш-Булак таза шыпырылган үйгө окшоп жаркырай түштү.

Аял булактын көзүнө кадала узакка тиктеп отурду. Оозун былкылдөтүп, күбүрөнүп-шыбыранып не сыйынып жатканын,

www.bizdin.kg



не намаз окуганын билишпей аң-таң болуп турушту жанындагылар. Бүтөөрүндө үнүн көтөрө чалып: «О жараткан ушул айылдын бусурмандарынын, момундарынын, үмүткерлеринин, Мухамбет үмүттөрүнүн тилегин кабыл кыл? О, Жер эне, баданиң балкып ийип бер?! Булактын көзү ачылсын, арыкка суу толсун?! Оомийин!» – деп бата кылды.

Эки-үч күндөн кийин Таш-Булактан суу чыгып, бара-бара тегирмен ташын айлантаарга жетерлик болуп ага баштады. Ошол булакты азыр айылдын эли: «Сонунбү сыйкырлап кетти» – деп жүрүшөт.

## Бадам гүлдөгөн шаар

Ош шаарында жаз Сулайман-Тоодон башталат. Башка тоолордон айырмасы да, а мүмкүн, касиети да ушул: кары түзгө караганда мурда кетет. Күңгөй бетине ыктай өскөн бадам дарактары көк чыга электе эң биринчи гүл ачып, амал айын утурлайт. «Бадам гүлдөптүр» – деп сүйүнчүлөшөт шаардыктар бири-бирине. Бул кабар «Жаз келиптир!» дегендей эле сезимди селт эттирет. Гүл бурак жаз тоодон ылдыйлап келбей койчудан бетер өрөпкүгөн көңүл менен Сулайман-Тоого ашыгып жөнөйбүз.

Мынакей топ-топ болуп бажырайган агыш, мала пуштуу уяң гүлдөргө баштан-аяк оронгон бадам турат кылактап кырда. Быйылкы жаздын биринчи гүлү. Тоонун айдарым соккон шамалына дир-дир эте ак булут болуп учуп кетчүдөй үлбүрөгөн назик сулуулук! Көктөмдү сагынган көздөрүбүздү алалбай узакка соңуркап тиктеген сайын жүрөгүбүз агарып бараткансыйт. «Жаз келатат» деген сүйүнүчтүү сезим алда бир жакшылыктан үмүттөндүрүп, тирүүлүктү сүйдүрөт.

Көктөмдүн биринчи белгиси болгон бадам гүлүн оштуктар жапандардын сакура гүлүндөй эле аздектешет. Көз арбаган агыш, мала пуштуу уяң гүлдөрдү кош колдоп аяр кармап, карегибизге сүртүп: «Эмдиги жаздын гүлүн көрөлү!» – деп тилек кылдык. Кайтып келатсак бадам гүлү жыттанган жаз бизди ээрчип шаарга түштү.

## Буура жуунган булак

Булак жапайы тал, бадалдардын арасында экен. Оргуп чыккан түбү көрүнбөй, табактын бетиндей жерде көк ирим болуп тунуп турат. Кашкайып таптаза. Жээгинде жалбыз, чалкан өскөн. Көк жашаң кыяк чөптөр сууга малынып самсаалайт.

Май айынын табына кире баштаган ысыгы бул жерге өтө алгыдай эмес. Нары кол учун салсаң ичиркенткен муздак булактан сал-

www.bizdin.kg



кын шапата уруп серүүн. Көзүбүз менен көрүп, көркүнө кушубуз түшкөндө гана булак ээси Жамгырчы акенин бизди ушул жакка ээрчитип келатып айткандары кулагыма илинди:

– Чоң энем Буура жүз он беш жашка чыгып көз жумду. Ушул булактын суусуна чачын жуучу эле. Өлөр-өлгүчө чачынын бир тал агы жок капкара бойдон өттү.

Эң кеминде жүз жыл бою ушул булакка чөбү тапталбаган бир таман жол менен каттап, жээгинде чачын жуучу аял мага касиеттүү элестеди. Туптунук мөлтүр суудан эңкейип кочуштап сузуп жүзүбүздү чайыдык. Жүз он беш жыл өмүр сүргөн касиеттүү Буура эне жуунган булак кара чачы кулпурган дагы канча кыз-келинди карытып, дагы канча жыл бейиштин соолубас кудугундай көк ирим болуп тунуп турарына кыял жоруп тунжурадык.

## Куштар куттук айткан гилас гүлү

Бул үйгө кыш алды менен көчүп келдик. Короосу чакан. Бир бай түп гилас менен чай розасынын эки түп бадалы өсөт. Чоң көчөдөн кыйла ичкериде, эки кулач келген тар короосу бар үйүбүздү балдарыбыз «Аралча» деп атап алышты. Жазында биздин кичинекей «Аралчада» эң биринчи гилас гүлдөдү.

Гилас үч күндө гүл ачат экен. Биринчи күнү гүл чанактары жарылып, учу агара баштады. Экинчи күнү гүл ачып, бирок желекчелери толук жазыла албай турду. Үчүнчү күнү таң заардан бизди куштардын түркүн обон-үн менен шаттуу сайраганы ойготту. Айванга чыксам, гилас бадырак ата текши гүлдөп калыптыр.

Шагы көрүнбөй аппак гүлгө оронгон бай түп гилас короону ак булуттай чүмкөп турду. Аны узакка тиктесең «Аралчабыз» кайдадыр каалгып жылып бараткансыйт. Гиластын гүлдөрүнө сонурканымдан да ушул ажайып маалды чымчыктардын туюп-сезип, той түшкөндөй чогулуп, кубулжута шаттанып сайрашканы мага зор жаңылык болду. Дарактын биринчи гүл ачканын майрамдашкан куштардын сулуулукка куштарлыгы, сезимталдыгы таң калтырды.

– Гилас канча күндө гүлдөдү? – деп кечинде жети жашар уулумдан сурадым.

Ал да байкап жүргөн экен:

–Эки күндө, – деди.

– Жок, үч күндө. Үчүнчү күнү эрте менен куштар сүйүнчүлөштү го бизге?

– Ошол күнү күндүзү аарылар да көөп учуп келишти, – деди уулум.

www.bizdin.kg



Ошентип гиластын гүлдөшү, жалбырак байлашы, мөмө түйүшү биздин үй-бүлө үчүн өтө кызыкдар окуялардан болду. Ал эми чай розалары гүлдөгөндө кыпкызыл өрттөй алоолоп, жыпар жыты короого батпай буркурап турду. Ага кумарыбыз кангандан кийин дубалды түптөп эгилген хризантема, астра гүлдөрүнүн өсүп чыгышын күнүгө аңдып калдык.

Биздин «Аралчага» жаз ушинтип келдик.

## Кадыр түн кечи

Кайсыл бир жылы Орозо айттын алды кара-дарыялык ичкилик кыргыздардын кадыр түн тосуу аземине туш болгон жайым бар. Анда эрте жаз белем, кар аралашкан жамгыр жерди эзип чаба жаап турган. Коңшу аялдар чогулушуп кадыр түн тосуп жатышкан үйгө бутубузга жабышкан чакса баткакты сүйрөп, мүрүбүздөн ылдый суу шорголотуп, иңирде келгенбиз. От улуу жагылган печканын ысык табына уядай мемиреген бөлмөгө кирерибиз менен сырттагы жамгырдын «чылп-чылп» эткен көңүлсүз дабышы да унуткарыла түшкөн. Бизден кийин да:

–Салоом алейкум!

–Кадыр кеч болсун!

–Түнүңөр кушубак болсун, кармаганыңар алтын болсун, – дешип колдорун бооруна ала кирип жатышты аялдар.

Бирден мейман табак колтуктарында. Ысык бойдон думбаланып оролуп келинген көк самса, чүчпара, манты, оромо, каттама, чак-чак, боорсок сыяктуу түр-түр даам жайылган дасторконго батпай чыкты. Улуулата олтургандардын көңүлү дасторкон берекесине тойгондой каниет менен имере карап коюшуп, сыпайы созулушат.

Ушул түнү уккан-көргөндөрүмдөн орозо маалында асмандан аппак нур болуп түшүүчү кут жөнүндө сөздөр мага айрыкча таасир калтырды. Айтканга караганда, кудай сүйгөн пендесине жиберүүчү кутту кармап алган адамга байлык, дөөлөт келет экен. Сөздөн сөзгө уланып:

– Кут карматпай качат турбайбы, – деп калды айсары түс аял.

– Ооба, жөн эле колго кармалбайт. Ак оромол менен баса калып: «Аксарыбашыл ача туяктан бирди айттым» – деп ийиш керек, болбосо кут учуп кетет. Ошол оромолго оролгон бойдон ачпай сандыкка салып койсо алтын болуп калат, – деди карылык мөгдөтүп койгон байбиче эне.

Бул өмүрдө көрбөгөнү калбаган карысы да, ойноок кыялдары токтоло элек жаш кыз-келиндер да ээленген сезимге албырышып олтурушту. Алардын ар бири бүгүн түнү жакшылап ыклас кылса алаканына кут коноруна ишенип, ой-санаасында байый түшкөнсүйт.

Баарына жаккан бул баян кызый-кызый түгөнгүдөй эмес. Токтонуп эле калган Надира жеңемдин сөзү өкүнүчтүү чыкты:

www.bizdin.kg



– Быйыл орозонун башында эки апта свет жок болбодубу. Чырак күйгүзүп алып саарлык ичип олтургам. Ичип бүтүп, эми дуба кылайын десем эле эшиктен көз уялдырган аппак шоола кирип келди. Үйдүн ичи свет күйгөндөй жарык боло түштү. Курган жаным машине келген окшойт деп жүгүрүп айванга чыгыпмын. Эч нерсенин дайыны жок. Бакка чейин басып бардым. Нары карап, берип карап, кайра үйгө кирсем баягы нур да жоголуптур.

– И-ий жеңе, таза кызык турбайсызбы! Башыңыздагы оромол менен эле баса калбайсызбы? – деп шыпшынып ийди жанымда олтурган кара тору келин.

Аңгыча төр жакта олтурган кемпирлердин бирөөсү сөздү жула качты:

– Менин жаман чалым өгүнү түнү келатса эле алды жагынан аппак шоола көрөт. Артымда келаткан машиненин жарыгы окшойт деп аңдоос албайт. Кайра бир паста эле баягы ак нур жок имиш, артын караса машине да көрүнбөптүр. Алигиче арманда жүрөт.

– Илгери орозо маалында адамдар белдерине ак оромол курчанып даяр жүрүшчү эле, – деп байбиче.

– Тиги өйдөкү айылдагы Айти эжени билесиңерби?! Кечинде сөрүдө отурса эле бак тараптан жылт-жулт жарык чыгат имиш. «Кут турбайбы» – деп башынан оромолун жулуп алып баса калыптыр. Анан эле сууда жатам дейт. Көрсө, бакты сугарган суу көлмөчө болуп калган экен. Ошого айдын нуру чагылышып жылтылдаптыр. Аны Айти эжем бечара кут келген экен деп ойлобойбу.

Бул сөзгө аялдар черлери жазылгыча көпкө күлүштү. «Олдо, момундарым аа…» – дейм ичимден. Эрте жаздан кышка чейин жер тырмалашып, бүгүлгөн белдери жазылбаган, кара мээнетке чор болгон ушул чөлдүктөргө чындап эле асмандан кут түшүп алтынга айланса кантишер эле? Пахта терип, тамеки үзүп, буудай оруп, тизесине чейин суу кечип жүрүп шалы өстүрүп,жилигинде майы калбай тарашадай какшып бүткөн, аптапка бышкан, бирок этеги узарып кетпеген момун элдин тиричилиги асмандан кут түшмөк турсун, чакалап алтын төгүлсө да өзгөртө албоочудай аяп кеттим.

Бирок ошол жаздан бери аппак нур болуп кездешүүчү кутту кээде өзүм да эңсеп жүрөм.

## Жамгыр тоодон башталат

Ошто жаз апрелде толукшуп келбетине чыкса, Алайда май айында ууз көркү ачылып кулпурат. Айылдын ушул маалдагы ажарын көргөн да, көрбөгөн да арманда.

www.bizdin.kg



Май ортолотуп, эл жайлоого көчөөр убакка туштап айылга барып келүүнү самап жүрдүм. Эңсесен түшүңдөн да кетпей коёт экен. Туулуп-өскөн жерим Мурдашты сагынганда бийик зоодон серпинди тамчылары күмүштөй шыңгырап сапырылып агып түшүүчү булак кирип калат түшүмө.

Ошол булак үйүбүздүн артындагы чокулары асман челген бийик тоонун коосунда ташты жарып атырылып чыгып, аркан бою бийиктен төгүлүп түшөт. Бала шаркыратма деген аты бар. Булактын тунуктугун, муздактыгын көрөм десеңиз ушул жерден көрүңүз. Шоокуму айылды термеп турат.Булактан бир арык суу үйүбүздүн багын аралап өтөт. Айылга келгенибизде анын күмүштөй шыңгыраган доошу бизге түгөнгүс эрмек. Жалбыз ширелип өскөн жашыл булаңдуу жээгинде олтуруп булак үнүн кумарланып тыңшагандан, айылдын жашыл боёгуна оңойлук менен үйүр алалбоочу көздөрүбүз тойбой тиктегенден тажабайбыз.

Бул жолу айылда жааган жазгы жамгырдын сулуулугун ачтым өзүмө. Нөшөрлүү жаан адегенде агарып тоодон башталды. Кыл миздүү чокуларын жөө туман чалгандай көшөгөлөп туруп, анан акырын-акырындап өрөөнгө жылып түштү. Жазгы нөшөрдүн жалама аска-зоокаларды, көк бетегелүү жашыл төрдү, дарактарды, үйлөрдү, үй алдындагы бакты, көк майса шиберди жууп-чайып, ар бирин кайталангыс боёкко боёп, айылга сабалап кирип келгени өзүнчө кооз кубулуш, табигаттын кайталангыс спектакли болду. Чаңкоосу канган жерден жашаң чөптүн, тоо гүлдөрүнүн жыты уруп, жаш жалбырактардын жуулган бетинде тунуктугу менен көз арбаган тамчылар мөлтүлдөйт.

Шатыраган жамгырдын доошуна кошула Бала шаркыратманын гүү-шаа түшкөн айбаты күчөдү.

Нөшөр сээлдей электе эле асмандын бир чети көпкөк болуп түрүлүп, күндүн таптаза нурлары жабалактап, жамгыр менен атаандашкандай, жапжашыл табигатка жармашты.

Бул түш өңдүү ажайып сулуулукту келерки жазга чейин жүрөгүмө тумардай катып койдум.

## Он беши жарык ай

Адам шаарга келгенине жыйырма жылдан ашкандан кийин гана үйлүү болду. Жеген-ичкенден кысып жүрүп жыйнаган акчасы шаар четиндеги көчөнүн дөңсөө жеринде жайгашкан, эскилиги жетип, кулаганы калган жапыз тамды сатып алууга зорго жетти. Короосу да тар экен. Ушул үйгө жетүүгө жарым өмүрүн сарптаса, эми эскини эптеп, оңдоп-түзөөгө калган өмүрүн короторун али биле элек.

www.bizdin.kg



Жаңы үйгө түн ичинде уурданып көчүп келишти. Бир машине толор-толбос жүгүнөн уялышты коңшуларынан. Балдары эр жеткичекти батирден батирге көчүп жүрүшсө кайдан дүнүйө жыйнашсын. Бирок бул түн анын өмүрүндөгү эң унутулгус түндөрдүн бири эле. Таңга маал короодогу жалгыз түп даракта түнөшкөн парандалар чукуранып үн сала баштаганда ойгонуп кетип,«өз үйүң, өлөң төшөгүндө» уктоонун жыргалына балкыды. Агарып келаткан жайкы таң да анын бул бактысына тең ортоктош болгонсуп ажайып сулуу эле. Көөдөн толгон кубанычынан уйкусу чайыттай ачылып, сыртка чыкты. Аны жашоонун дагы бир күтүүсүз белеги күтүп туруптур.

Дөңсөөдө деп иренжиген үйүнүн айваны күн чыгышты карап, алыстан мунарланган Папан тоолору даана көрүнүп турат экен. Ошол тоолордун үстүнөн агарган шоола караңгылыкты сүрүп, жер жарый баштады. Күн чыга элек, бирок асмандын чыгыш тарабы кызгылтым нурга чайылган. Ал тоонун үстүнөн буга чейин көрбөгөн керемет булуттарды көрдү. Ачык асманда эки чоң үзүк булут гана күндүн чыгышын утурлагансып жарданып турушат.Алардын күн тараптагы түрмөгү кочкул кызыл түскө боёлуп, ал эми үстү жагы капкара болуп уюлгуйт. Агарып келаткан асманда кызыл, кара булуттар алоолоп өрттөнүп жатышкансыйт. Бул ажайып кубулуш сырдуу белгидей жүрөк опкоолжутат.

Таңкы уйкудагы шаар тыптынч, таза жана серүүн аба сезимди өрөпкүтөт. Күн көп күттүрбөй эле жарк этип тоо чокусуна конду. Алтын түс жаркыраган нурлары шаардын көп кабаттуу үйлөрүн, дарактарды өпкүлөдү.Эми ал бардыгына бирдей нур чачкан кадимки күн эле. Бирок күндүн төрөлгөн маалын көргөн ажайып таң адамдын эси-көөнүнөн кетпей калды. Ушуга чейин турмуш аны камчылап эле келаткан. Жаратkандын түгөнгүс сыноолоруна кайышып, каржалган абалында ага ыроологон бул белегине чексиз ыраазы.

Адам эми күндүн төрөлүшүнө ашык болду. Көзүнө уйку жукпай таң ата электе турат. Жашоонун ырахаттуу мүнөттөрүн тартуулаган күндүн чыгышын дегдеп күтөт. Алоо кызгылтым аруу шоола менен таңкы серүүн таза аба желкеден ныгыра баскан көп жылдык жүгүн жеңилдетип,ой-сезимдерин балкытат, күч-кубат бергенсийт. Ошол күндөн тартып турмуш ага оң көзүн салып, иши да жүрүшө баштады. Кээ бир күндөрү асман бетин булут каптап, күн жүзүн тосуп калса ал да кошо бүркөлөт. Жүрөгүн кусалык ээлейт.Кечке талмоорсуп жүрөт. Күндүн көзү тазаланып чыккан күнү ага жашоо да жарый түшөт.

Адамдын бул бактысы узакка созулган жок. Короолору танапташ коңшусу жаз алды менен бир кабат эски тамын бузуп, ордун азаңгыраган ак сарай курууга киришти. Үйдүн дубалы бат эле өйдөлөй баштады. Адамдын коргонуна жанаша салынган ак сарай

www.bizdin.kg



бийиктеген сайын күн чыгыш көрүнбөй, адамдын заманасын тарытат. Эми ал күн чыкканын көрмөк турсун кең асмандын жарымын далдаалап калган үйдүн кум шыбак дубалын тиктөөгө аргасыз. Үйдөн чыкса эле көздөрү артын салган бийик үйдүн боз дубалына урунат. Тоолорду, асманды, бак-дарактарды, күн чыгышты тосуп калган үй анын ой-сезимин да кысып, аба жетпей буулугат.

Баарыдан да коңшусунун сөзү чучугуна жетип, жүрөгүн сыздатты. «Күндү тосуп калдың го?» – десе: «Үйүмдүн артына күн, булуттун сүрөтүн тартып берем. Ошону тиктей бересиң», –дейт мыскылдуу. (Ой, тобо, көп узабай кокустуктан каза болуп, күндү өзү да көрбөй калды. Күч-кубаты ашкан гүлгүн курактагы жигит эле.) Бирок наркы дүйнөгө ак сарайын алып кете алган жок. Курган ордунда калды.Бала-чакасына да буюрбады. Аялы күйөөгө чыгып, үйдү сатып, көчүп кетти.

Адам ага сүйүнгөн да, табалаган да жок. Ал үчүн күндүн чыгышын көрбөй калуу ачуу бактысыздык эле. Жашоосун көрктөп туруучу ырахаттуу мүнөттөрдөн кол жууп калганына жүрөгү түтөйт. Жараткан аны кайсы күнөөсү үчүн ушинтип жазалаганына аң-таң.

Ошондон баштап адам таңды куштарланып тоспой калды Күн чыккан тарапты тиктесе кум шыбак боз дубалды көрүп зээни кейийт. Жаздын жышаанасы башталганча маанайы чөгүп жүрдү. Маалы келгенде каары катуу кыш да артка чегинип, күн жылып баратат.

Короосундагы тоңголок эрип, ала-шалбырт башталганда ал дагы бир кереметке туш болду. Дубал түбүндөгү борпоң топуракты жарып чөп чыгыптыр. Кар эрип бүтө электе эле жер бетине чыгууга ашыккан чөптүн башы найзадай тикирейип учтуу экен. Али тоңголок топуракты жарып чыккан өсүмдүктү көрүү ага чоң жаңылык болду.

Буга чейин жазында өсүп чыккан чөптөрдү көрбөй жүрдү беле. Бирок аларды жер бети жашылдана баштаганда гана байкоочу. А бул жолу өз үйүнүн короосунда быйылкы жылдын жаңылыгын биринчи болуп көрүп жатат. Ал бир-эки тал сабак ымыркай өсүмдүккө жаналы калбай кубанды. Эгер талаа бетин бербей жайнап турса мынчалык таасирленмек эместир. Өз короосунда сербейип өсүп чыккан бир-эки түп гүл ага өтө кымбат эле. Жашоонун кубанычы түгөнгүс тура деп ойлоду. Жараткан аны жакында бир ырахаттан айырса, минтип башка ырахатты берип жатат. Жакшылыктардан үмүт үзбө деген сабагы окшойт. Бул кубанычы анын кирдеп жүргөн жүрөгүн тазартып, көңүлүнө канат байлады. Ушул бактылуу сезимдин деми менен ал кайрадан жашоонун агымына аралашып, турмуштагы өз жолун улады.

www.bizdin.kg





## Тынчтыкбек НУРМАНБЕТОВ

*Таш-Көмүр шаарында 1953-жылы туулган. Кыргыз Улуттук университетин 1976-жылы аяктаган. «Ленинчил жаш», «Мугалимдер газетасында» бөлүм башчы, 1987-жылдан бери «Кырчын» (мурдагы «Жаш Ленинчи») журналынын башкы редактору. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. «Мекен мээри» (1985), «Эл деми» (1990), «Таш-Көмүр табы» (2002), «Азаптын элүүнчү ыры» (2009) ыр китептеринин автору. Кыргызстан Журналисттер жана Жазуучулар союзунун (1988) мүчөсү.*

*И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ардактуу профессору.*

*Журнал акындын 60 жылдыгы менен куттуктайт.*

*Поэзия*

# АЗАПТЫН ЫРЫ

## Апа

*Көкүрөгүң келет апа жыттагым*
*Көздөрүмдө мелт-калт толо кусалык.*
*Мээр төгүп бооруңа кыспадың,*
*Не жазыгым, томсорткондой тынчалык?*

*Кайдан билем, ким күнөөлүү экенин?*
*Бар болгону эки жашта экемин.*
*Менин оор тагдырыма ушундай,*
*Себепкери өзүң, же атам экенин.*

*Эс тарткандан эңсеп апа күнүгө,*
*Эч кимге айтпай тарта берем убайым.*
*Ичим түтөйт чок түшкөндөй жүлүнгө*
*Ичтен сызып кымырылып муңайым.*

*Атам болсо жөнү жок кагып-силкет*
*Өчү бардай уу сөзгө ууктуруп.*
*Буурчак-буурчак көздөн жаш тегеренет*
*Энең сенин... дегенин угуп туруп.*

*Эне жытын эңсеп жүрүп жетилдим*
*Энеси бар эркелерге басынып.*
*Көргөн күнү курсун тирүү жетимдин*
*Көрүнгөнгө «суук тумшук» атыгып.*

*Кээде менин кайра келет төрөлгүм*
*Көкүрөктөн кетирем деп муңумду.*

www.bizdin.kg


*Эми кайда экинчи ирет төрөлүү*
*Эми апаке, эркелеткин уулумду.*

*Мен кусамын мээримине энենин*
*Өмүрүмдө мындай болбос өкүнүч.*
*Ойлой-ойлой кейип кетет зээним*
*Оо! Энелер менде мындай өтүнүч:*

*Наристелер түк калбасын энеден*
*Там-туң басып, тили чыккан жаңыдан.*
*Бала эмеспи, бүткөн ысык денеден*
*Бала эмеспи, бүткөн жүрөк канынан.*

## Жашоо кызык

*Өттү баштан: өксүү менен кайгыруу,*
*Күтүлбөгөн, мөгдүрөткөн айрылуу.*
*Күдөр үзбөй жашоо керек экенин*
*Бир сездирген күндөр болот кайрымдуу.*

*Башка түшсө баарын чыдап көтөрүп,*
*Эрте-кечпи кайрымына ишенем.*
*Бак болсо да, шор болсо да кайылмын*
*Теңир жазган, Теңир берген бешенем.*

*Жер көтөрбөс, суу арытпас кайгы жок*
*Санаа тартып, сабыркасам айбы жок.*
*Жерге, сууга батпай турган кез болот*
*Андай кезде көз ирмемдик кайгы жок.*

*Канча кыйын, канча оор болсо да*
*А баары бир жашоо кызык жарыкта.*
*Тарткан АЗАП татым тузу тагдырдын*
*Эл алдында жыгылбасам айыпка.*

## Сүйүнүч

*Чечекейим чеч жарылып сүйүнгөм,*
*Күндөй жарк деп бүркөө кабак түйүлгөн.*
*Кубангамын кызга ата болгонго,*
*Кубат алып «ыңаалаган» үнүңдөн.*

www.bizdin.kg



*Жалгыз кызым каалагандай эркелеп,*
*жашырып не, өстүң ырас эркерээк.*
*Ызаланып төкпөсүн деп көз жашын,*
*Каалаганың алып бердим өнтөлөп.*

*Колун кармап кеткен жоксуң бирөөнүн,*
*Күйүмү жок болгонуңа күйөмүн.*
*Жыйырма бешке толгонуңа толгонуп,*
*Тапса деймин түбөлүктүү түгөйүн.*

*Билем кызым, ызакор, чапчаңдыгың,*
*Эч бир жазбай апаңды тарткандыгың.*
*Жаакташып тирмиңдеп мени менен,*
*Кыз адебин унутуп «капкандыгың».*

*Атырылган адатты кимден алдың?*
*Ишке барбай: «Ишке» – деп кайда бардың?*
*Ичип, шишип бөйрөгүң ооруганча,*
*Ичкиликке акчаны кимден алдың?*

*Сүйүнгөнүм эртерээк эми билдим,*
*Жолоюна түштүң сен деги кимдин?*
*Доо кетирип тегиңе делдектебей,*
*Кыз адебин аздектеп сактай билгин.*

## *Медер тутуп*

*Майданда курман болгон уулун көксөп,*
*Кайышты кабыргасы чоң энемин.*
*Апкытын эски өтүктүн улам көктөп,*
*Орушту кайрак данын Тегененин.*

*Чекеден мончок-мончок терин сүртүп,*
*Чак түштө саратанга далы күйүп.*
*Сол баштап, сол башынан кайра түшүп,*
*Тынчу эмес, кайраттанып жеңин түрүп.*

*Буркурап көздөн жашын төгө берчү,*
*Бүк түшүп сарсанаага чөгө берчү.*
*Апарык манжалары чекем сылап,*
*Мени эле медер тутуп өбө берчү.*

www.bizdin.kg



*Эш болдум, эрмек болдум карыганда,*
*Кайгысын тең бөлүштүм кайгырганда.*
*Уулунан мен калыптын туяк болуп,*
*Көңүлүн жубатарга сагынганда.*

## Шатырап жамгыр төкчү, жамгыр төкчү

*Асманды кара булут чулгап текши,*
*Аба үп дымыгууда жайдын кечи.*
*Ныптырап жаай албай үшкүрүнөт,*
*Буулугуп кыйналгандай дарттан эски.*

*Жытжырттык кулак-мурун кесилгендей,*
*Жүрөгүм алып учат эсиргендей.*
*Дилдеги жакшы ырларды төгө албай,*
*Толгонуп басып жүрөм уйкум келбей.*

*Шатырап жамгыр төкчү, жамгыр төкчү,*
*саргарып жашыл белдин өңү өчтү.*
*Аптапка жан эгилген талаа күйүп,*
*Түнөрүп баба дыйкан көөнү чөктү.*

*Шатырап жамгыр төкчү, жамгыр төкчү.*

* * *

*Он жетимде махабатка чалдыгып.*
*Оттой жанган көздөрүңдөн айбыгып.*
*Окуп, жаттап Омокемдин ырларын,*
*Ырысбайдын ырын ырдап кардыгып.*

*Күлгүн чактан өксүсөм да сүйүүдөн,*
*Жан эмесмин махабаттан түңүлгөн.*
*Кызды көрсөм жарк дей түшөт кабагым,*
*Саган окшоп жарашыктуу кийинген.*

*Кулдук урам махабаттын күчүнө,*
*Кубат берген, демөөр берген кишиге.*
*Кудуретке миң мертебе ыракмат,*
*Таттыртанга сүйүү балын кичине.*

www.bizdin.kg



# Аял

*Бириңден калып көңүлүм,*
*Бириңе турам арбалып.*
*Бириңе сайып өмүрүм,*
*Бириңе калдым алданып.*

*Азапты бириң тарттырып,*
*Агарттың кара чачымды.*
*А бириң дилим тазартып,*
*Көтөрүп койдуң баркымды.*

*Бириңе болсом кадырсыз,*
*Бириңе суудай керекмин.*
*Бириңе кыйбас жанкүйөр,*
*Бириңе күйбөс мересмин.*

# Жан сыр

*Алтыным, маңдайымдан сыладың да,*
*Акырын мындай дедиң кулагыма:*
*«Ар дайым бактылуу бол,*
*Анан да көпкө жаша.*
*Сен эми мындан ары,*
*Болосуң эми мага,*
*Ардагым, арманым да.*
*Эртеңден кош айтышып,*
*Кетебиз эки жакка.*
*Дагы айтам көпкө жаша,*
*Кечигип табыштырган,*
*Таарынбайм тагдырыма.*
*Кантейин кайда болбо,*
*Кадыркеч, эстеп жүргүн,*
*Өкүнбөйм сүйгөнүмө,*
*Сүйүү не эми билдим...»*

www.bizdin.kg





*Жунай Мавляновдун*
*90 жылдыгына*

**Абдыкерим**
**МУРАТОВ**

# АГАЙ

Мен Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин аяктаган соң Ноокаттын Жаңы-Базар айылындагы жаңы ачылган Ломоносов атындагы орто мектепте иштеп калдым. Кыргыз тили жана адабияты мугалимимин. Макала-сакала жазганга студент чактан бир аз бышып калгам. Дымак күч. Анан мектептин турмушу таасир эттиби, же шаарды эңсөөбү, айтор, «Адабият сабагы: ал жөнүндө ой толгоо» деген макала жазып, «Мугалимдер газетасына» салып жибердим. Көп өтпөй макаланын чыпчыргасы коробой бир бет болуп чыгып калды. Анда гезиттердин бети азыркыдай эмес, андан эки эсе чоң болор эле. Бир күнү аспирантурага тапшырсамбы деп Фрунзеге келип калдым. Ошондо мени гезиттин баш редакторуна – Жунай Мавляновго киргизишти. Абдан майин сүйлөгөн, адамды кылдат баамдап, өзүнө тартып алган киши экен, аркы-беркини сүйлөп жатып, менин бир макаламдагы дурус, буруш жактарды айтты.

Айылга барып үстөккө-босток макалаларды жазып, «Класс жетекчилик жеңил ишпи?» деген макалам талкуу жаратып, ар кайсыл жактан пикирлер жазылып, Жунай агай башкарган «Мугалимдер газетасы» аркылуу мугалимдерге таанылып кеттим.

Ошонун акыбетинен 1985-жылы Кыргыз педагогика институтуна илимий кызматкер болуп иштеп калдым. «Мугалимдер газетасы» жайгашкан Дзержинскийдеги эки кабат имаратта чогуубуз, агай менен көрүшүп калабыз. Жумушка шашпайыраак келип, кызматтык «Волгасынан» жай түшүп, балдагына таянып, тепкичтен чыгып, бир азга токтоп, ал жерде тургандар менен ал-жай сурашып алчу.

www.bizdin.kg



Бир күнү кандай иштеп, кайда жашап жатканыма, айлыгыма чейин кызыгып калды. Келинчегиме иш таппай атканымды, шаарда каттообуз жок экендигин, батирде турарымды айтсам, ойлонуп туруп, Кыргыз совет энциклопедиясынын баш редакторунун орун басары Күмөн Рысалиевге чалды, ушундай-ушундай деп түшүндүрүп, жардам кыл деди. Ошентип аялым иштеп калды. Адамга мамиле, камкордук деген ушул экен, абдан ыраазы болдум…

Жунай Мавлянов башкы редактор болгон кезде «Мугалимдер газетасынын» зоболосу өзгөчө зор болчу, ага чейин да, андан кийин да бул газета ал деңгээлге жетпеди, себеби агай министрликтин коллегия мүчөсү болуп, газетага чыккан сын материалдарды териштирүүгө, пикирлер менен эсептешүүгө чоң чиновниктерди мажбур кылчу. Ал киши мектепти, мугалимди ичтен билген, алар үчүн күйүп турган киши болгон. Өзүнүн дилине ушунчалык жакын беле, В.А.Сухомлинскийдин «Балама кат» деген педагогикалык поэмасын кыргызча которуп, которгондо да павлыштык директорду сопсонун кыргызча сүйлөтүп, мугалимдердин сүйүктүү, дилдеш чыгармасына айландырган.

Ж.Мавлянов Жаңы-Жол, азыркы Аксы районунда жарык дүйнөгө келген. Анын туулган айылы Кош-Дөбө деп аталат, анын ичинен Иренжит, бир жагынан кол созсоң Бозбу тоолорго жеткидей болгону менен, экинчи жагы өзбектердин пахтазарлуу, бак-шактуу талааларына улашып кетет. Андыктан ал бала чакта азык алган булактар да чөл-талаа маданияты менен тоолук маданияттын бирдей катышы болгон. 1923-жылы 23-октябрда туулган Ж.Мавлянов бала чагын оор күндөрдө – тап күрөшүнүн үрөй учурган кезеңдеринде өткөрдү. Андыктан жаш чагынан балалыгы калып, жетилген адамдай өстү.

Ал учурда билимдүү адам аз, даяр кадрлар жок, балдарды окутуу да кыйын, бирок ошого карабай Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайына кирет да, экинчи курска барганда кийин өзүнүн «Кайрымсыз жылдар» аттуу өмүр баяндык чыгармасында жазгандай окууларын токтоттуруп, студенттерди жер-жерлерине майданга кеткен жоокер мугалимдердин ордун толтурууга жиберет. Тагдыр ошентип 1941-жылы ошол кездеги Караван районундагы Авлетим атындагы мектепке айдап барат. Анан өз айылына Иренжитке которулат. Анда мектептер бирин-серин, мыктылары да жети жылдык, жетини бүткөндөр чоң турмушка аттанат. Мугалимдердин көбүнө брон берип, аскерден калтырса да, эмнегедир Ж.Мавляновду 1942-жылы аскерге чакыртып, 1944-жылга чейин Улуу Ата Мекендик согушка катышып, оор жаракат алып, журтуна кайтып келет да, мугалимдигин улантат.

www.bizdin.kg



Арада практик мугалим 1950-жылы Жалал-Абад мугалимдер институтун, 1952-жылы КМУнун сырттан окуу бөлүмүн бүтүрөт. Адатта, мектепте иштеген киши балдар менен болуп, сабакка даярданып, там аркасын, мал-салын карап жүрүп, чыгармачылыкка кирише албайт, бирок майданчы жаш мугалим ыр жазып жүрөт, ал ырлары «Жүрөк» (1960), «Аркыт гүлдөрү» (1961), «Мөл булак» (1963) деген аттар менен өзүнчө жыйнак болуп чыгат. 1961–1963-жылдары Москвадагы М.Горький атындагы бүткүл дүйнөлүк адабият институтунун жогорку курсунда окуйт. Бул курстун угуучусу болуу аны кесипкөй жазуучу катары бышырды, бир максатка багыттады. 1963–1966-жылдарда райондун борбору Каравандагы жатак мектептин директору болуп, республикага даңкы чыккан агартуучуга айлантты. Ошол эле кезде мектеп турмушун, мугалимдердин жана окуучулардын кулк-мүнөзүн алар менен аралаш жүрүп үйрөндү, мектепке партиялык жетекчиликтин терс жагын да, оң жагын да көрдү.

Ошол кезде жазылып, анын ысымын жалпы калкка прозаик катары тааныткан «Бекиш, сага эмне болду?» (1964), «Күтүү» (1966), «Менин күндөлүгүм» (1967) аттуу аңгемелер жана повесттер жыйнактары улуттук адабиятка өз башынан өткөн оор турмушту реалдуу чагылдырган, жашоонун көп түрдүүлүгүн көп түрдүү боёктор менен тарта билген, окуяларды жайма-жай сүрөттөп келип, алардан адептик баа чыгарган жазуучу келгендигин тастыктады.

Таң каларлык окуя – анын айылдык мектептен түздөн-түз эле Кыргызстандын Жазуучулар союзуна катчы болуп келиши эле. Ал кезде Жазуучулар союзу деген мамлекеттин, мамлекет деген ал кезде компартия, ошол күчтүү машинанын идеологиялык саясатын жүргүзүп турган бирден бир бакубат орган болсо, экинчи жагы анын мүчөлөрү ар кимиси өзүнчө бек, өзүнчө бий, бир арыкка батпаган сел сыяктуу бир уюмга баш ийбеген кыйындар эле. Ж.Мавлянов ошондой абройлуу жана чуулгандуу уюмга келип, акыл-эси, сабырдуулугу, токтоолугу менен жазуучумун деп асманда жүргөндөрдү жерге түшүрүп сүйлөшө билди. Беш жыл, 1966–1971-жылдарда Жазуучулар союзунда жетекчилердин бири катары жакшы иштеп берди. Бул уюмду жетектегендердин көбү жаманатты болуп кетсе, бул киши түздүгү менен, чыгармачылыкты түшүнө билген сезимталдыгы менен акыры бир шайлоо мөөнөтүн бүтүрүп кадыр-баркы менен «Мугалимдер газетасына» башкы редактор болуп кетти. Идеологиялык фронттун дагы бир Жазуучулар союзунун кем калбаган бул тармагында 1988-жылга дейре он жети жыл иштеп берди.

1956-жылы жазылган «Нан» аңгемеси кийин орусча которулуп, 1967-жылы ошол кездеги дүйнөдөгү абройлуу жана көп нускалуу

www.bizdin.kg



журналдардын бири деп эсептелген «Огонек» журналынын сыйлыгына татыктуу болгон жана бул аңгеме бир нече чет тилдерине которулган, азыркы учурда мектеп программасына киргизилген *(журналдын ушул санында бул аңгеме менен таанышасыздар – **редакция**)*.

Жазуучунун чыгармачылыгында гана эмес, жалпы кыргыз адабиятында зор утуктуу чыгарма «Ачык асман» романы болду. Анын биринчи китеби 1968-жылы, толугу менен 1971-жылы чыкты. Романда согуш кезиндеги айыл турмушун сүрөттөйт, чыгармада ошол кездеги кыйынчылыктарда, тоскоолдуктарда бийик адамдык сапатын сактап тура билген, ак ниет, жөнөкөй мугалим Сапардын үлгүлүү образын жаратат. Анын тегерегиндеги Сармат, Жолчубай, Ысман сыяктуу мугалимдердин образдары башкы каармандын айланасына топтоштурулган. Сапар жандүйнөсүнүн пакизалыгы, адамдык сапаттарынын жогорулугу менен советтик кезде далай окурмандарга идеал болгон, аларды мекенчилдикке, өз кесибин сүйө билүүгө, жөнөкөйлүккө, адамгерчиликке, иштермандыкка үгүттөгөн.

Сапардын сабактары – турмуштун сабактары, тынчтыкка, абийирге чакыруунун сабактары эле. Сапардын үнү, жүрүш-турушу Жунай Мавляновдун өзүнүн үнү, жүрүш-турушу болгон.

70-жылдарда жазуучунун «Ожидание» (1971), «Чистое небо» (1975) деген китептери Москвадан «Советский писатель» басмасынан чоң нускаларда жарык көрүп, адамдагы абийир, ынсап, ыйман темасын көтөргөн жана аларды улуттук каармандардын призмасынан өткөргөн кыргыз жазуучусунун атын ал кездеги жалпы союздук деп аталган окурмандарга жеткирди.

Жазуучу такай жазуу үстөлүндө отуруп, өзүнүн турмуштан топтогон тажрыйбасын кара сөзгө түшүрө берди, өзгөчө анын айылдаштары туруктуу каармандарына айланды. «Нан» (1973, 1977), «Турмуш» (1979), «Жаңы таң» (1980), «Эне» (1983), «Мен жана айылдаштарым» (1985), «Тандалмалар» (1987) аттуу прозалык китептери окурмандардын колуна тийди. Ж.Мавлянов мемуардык адабиятта да бараандуу салым коюлуп, 1998-жылы «Эсте калган элестер», 1994-жылы «Кайрымсыз жылдар» аттуу даректүү баяндарын чыгарды. Аларда дээрлик жарым кылымдан ашык убактагы кыргыз айылдарынын жана ошол айылдан чыккан зыялылардын басып өткөн татаал жолун көрүүгө болот. Келечектеги тарыхты, этномаданиятты изилдөөчүлөр үчүн бул эмгектер баалуу материал катары улутка кызмат кылары бышык.

Жазуучунун тазалыгын, түздүгүн, кадыр-баркынын жогорулугун ушундан билиңиз, ардактуу эс алууга жеткен жылдарда да Жазуу-

www.bizdin.kg



чулар союзу бөлүнүп-жарылып, ыйкы-тыйкы боло берген кезде, ал кишини чуулуу уюмду тыйып бериңиз деп алып келдик, аталык милдетин колдон келишинче аркалап берди, сөөгү бөтөн жерде калган накта мекенчил уул Исхак Раззаковдун керээзин аткарууга кам көрүп, мамлекет жетекчилерине түшүндүрүп жүрүп, маркумдун сөөгүн Ала-Тоосуна алып келтирүүгө салым кошту. 1990-жылы Оштогу этникалык кагылышта Бакайча акыл айтып, эгиз элди ынтымакка чакырды. Бул болсо Кыргыз Эл жазуучусунун жазуучу катары гана эмес атуул катары да абийиринин бийиктиги эле.

Ал кишини баарыбыз «агай» дечүбүз, президент да, министр да, академиктер да, профессорлор да, мугалимдер да, окуучулар да «агай» дешчү. Сөздүн чыныгы маанисинде жалпы улуттун «АГАЙЫ» эле.

Капысынан автокырсыкка кабылып, Кичи Мекен жолунда 2003-жылы бул дүйнө менен кош айтышкан агайдын артында кийинки муунга Улуу Сөздөрү калды…

**Жунай МАВЛЯНОВ**

# НАН

**(Аңгеме)**

Мындан үч-төрт күн илгери Жаныбек, жаңы таамил алма багынын бир четинде чычкан кулагындай бариктерин эртели-кеч жүргөн желге жалмалатып турчу жалгыз түп талдын көзүнө карабай, эки түз кадасын кыйган болучу. Кабыгын аарчып таштаганга тез кургаса керек, кечинде жакшылап чыңдалган эки кетменди аларга аштап кийгизди да, бүгүн күн али нурлуу жүзүн ааламга көрсөтө элек маалда, биринин артынан экинчисин удаа тамдын төбөсүнө ыргытты.

Жан жыгачы күнгө күйүп, эскиси жеткен шатыга бут койгондо майланбаган арабанын күпчөгүндөй андан «кыйч-кыйч» эткен жагымсыз добуш чыгып турду. Белгилүү Бозбунун зааркы жели…

Эрте менен кечинде ал тараптан соккон сыдырымга жылаңач көкүрөк тосуп, ооз ачып туруу өзүнчө ырахат!

Тамдын төбөсүнө чыгары менен ушул желге кабылган Жаныбектин бою сергелең тарта, жеңи каруусуна чейин түрүлгөн колдорун капталына өйдө көтөрө берди эле, учууга камынган илегилектей далдая түштү.

Түн ичинде алыстан көрүнгөн өрттүн алабындай мала кызыл тартып тыктана баштаган күн чыгыш тарапка саамга тиктеп турду

www.bizdin.kg



да, ал маңдай жагы терге маңарланган чий калпагын кайруусунан кармап, пешенесин көздөй басып койду.

Мына, ал отуз төрт жылдан бери өмүр кечирип келаткан жер – Жайылма айылы. Алакандын отунда жайлашкандай анын бүт турпаты азыр мунун көз алдында.

Бир канаты тээтиги өзбектин бак-дарактуу кыштагынан тартып, береги Бозбу тоосунун этегине чейин созулган бул кыштактын айлана-тегереги көл бетиндей тегиз. Этектеш толкундардай жерге ыкшала ыргалган буудай массивинин арасынан атылып чыккан торгойлор заматта асман бооруна асыла калат да, канаттарын дирилдете алда немелерди күүгө сала безеленет… Үй жанындагы кол арыкта суу шылдырт… шылдырт…

Кетмен сабына жөлөнгөн Жаныбек кыштагына көз чаптырды. Эки тарабына окшош жаңы үйлөргө толуп келаткан мобереки түптүз жол «Жаңы-Көчө» деп аталат. Анын көз жоосун алып жаткан ушул көчөнүн боюндагы жаңы үйлөр. Баксыз короо жок. Айрым үй ээлери колдоруна бак бычагын кармап, дарактагы бейпайда өскөн шак-бутакты торой кесип жүрсө, дагы бирөөлөр короо ичине эгилген пал-пал пияз, сабиздеринин жөөгүнө суу жылжытуу менен алек. Жаш балдар болсо, чүрмөктүү челек алышып, короо ичиндеги жыпар чачкан гүлдөргө «жамгыр жаадырып» жүрүшөт.

Жумушка кеткенге чейин үй тиричилигин бүткөрүп коюуга көнгөн колхозчу калк эрте турат эмеспи. Бүгүн таң заардан там башында турган Жаныбектин көзүнө биринчи болуп Карабай урунду. Чөп чапкандарга жөнөсө керек, ал эки жагын аңдабай сопол куйрук карагерин капталга катуу теминип баратат. Аны карап туруп, Жаныбек эмнегедир бырс этип күлүп алды.

Ал азыр суктана тиктеп турган «Жаңы-Көчөнүн» бар четинде өңчөй жаштардын арасындагы мойсотуп кишидей, көзгө комсоо көрүнгөн үй ушунуку – Карабай акеники. Аны уруштан бир жыл мурун тургузган эле. Ал кезде Карабай аке райондогу бакандай чоңдордун бири. Ошондой болсо да, акыры өз кыштагына келерине көзү жеткен белем, ушул үйдү тургузган болучу. Учурунда кимдер ага суктанбады дейсиң. «Бу дүйнөгө устун болуп калбагандан кийин, жарым күн болсо да, Карабайдыкындай үйдө жашаганга не жетсин! Асты такта, шыбы фанер, туш-тарабы терезе… ичи-тышы аппак. Кирген кишинин баари ачылат. Үй болбосоң коё кал. Колунан иш келбесе да, Карабайдын зайыбынын ырысы бар неме экен».

Карабайдын ушул үйү бүткөндө анын какондосуна барып келген күнкү таңдана айткан апасынын бул сөзү азыр анын кулагында угулгансыды. Бардык нерсеге оор салмактуу карап, башканын жакшы нерсесине көз артканды жаман көргөн, тармал сакал атасы ошондогу

www.bizdin.kg


кемпиринин тигинтип, шилекей чууртканын этибарга албай, өз оюн билдиип гана тим болгон эле: «Ээ, кемпир, антип суктанганыңы кой бирөөнүн мүлкүнө. Катындыгыңа барат экенсиң да. Башканын жаңы көйнөгүн көрсөңөр да силердин тукум туталанып кетмей адатыңар бар. Эмне, Карабай алтын сарай куруп койду дейсиңби. Бир үй да. Акча болсо, жаңгалда шорпо», – дейт өзбек туугандар. Аның сыңары андагы акча болсо, мен мындан он эки эсе артык үй тургузууга акылым жетип турат. Эңкеми кесип турган эле акча. Колхоз ушинтип эле туруп алат дейсиңби жарды болуп? Бизге да кезек келер. Ошондо бул Карабай менен мелдешип көрөрбүз. Мына, кудайга шүгүр, үч чүрпөбүз да биринин артынан бири ишке жарап келатат. Бизге жомоктогудай алтын сарайды ушулар салып берет, кемпир, кеп чыдап күтүштө».

Энеси менен атасынын бул сөзүн ошондо угуп турган алардын кенже уулу ушул Жаныбек карып бараткан тигилердин алдында кандай карызы бар экендигин анда биринчи жолу ойлободу беле.

Бүбүш эне эле дейсиңби? Чакырылбаса деле, Карабайдын бул үйүн көрүш үчүн дасторконуна эки нан болсо да ороп алып, өрүлүктөбөгөн катын бул айылда калбаган чыгар. Үйлөрүнө кайтып келгенден кийин алардын өз эрлерине сес көрсөткөнүн коё кал. Дасторконду ашкана жакка ыргытып жиберип: «Сызда туулуп, сызда жатып өлөт экенбиз да. Сат, уйду. Жетпесе, тиги эки эчкини кошо сат. Кара катык аш ичсек да, жарыгыраак үйдө олтуруп ичеличи, тирүүлөй көргө камалбай. Очокко от жаксаң, мурдуңан башка жериң жылыбаса. Сандалга отурсаң, бутуң ысыйт да, мурдуң какшайт. Ушул да турмушпу?» – деп, болбогон жерден буркан-шаркан түшкөн ичи тар аялдарын күйөөлөрү араң жоошуткандыгы тууралуу Жаныбек көп уккан.

«Карабайдыкындай үй салыш үчүн оболу Карабай болуш керек. Андай болуш керек дегеним, ошондой райондун бир жак тизгинин өз колуна кармаган чоң болуш керек, эси жок. Алган айлыгы канча экенин билесиңби? Биздин жарым жыл иштеп тапканыбызды ал бир айда алат имиш. Андан башка чоңдордун элден канча аларын ким билсин. Биз эмнебизге там салабыз? Макул, уйду саталы. Ага кошуп эчкини деле пулдайлы. Ошол эле жетип калат дейсиңби? Жыгачыңа, дубалыңа жетсин дейли. Шифер деген неменин канча турарын билесиңби? Аны магазинден таппайсың. Колдон алган буюм ар убак кымбат. А макул, ага деле жетсин дейли. Уста акысына эмнени беребиз? Көп оолукпа, катын. Ар нерсенин өз убактысы бар. Колхозго да доор келер. Азыркыдай жыл маалына иштесең, бирок эмгегиңе алганың тамагыңан артпаса, анан Карабайдыкындай үй салыш тууралуу ойлогонубуз чекилик болоор, төшөккө жараша эле бут

www.bizdin.kg



сунганыбыз эле жакшы. Жалгыз уйдан, же эки эчкиден ажыраганда, кышында кар жеп, жайында жамгыр суусун ичип олтурабызбы?» – деген камбыл эркектер.

Койчу, ошол жылы Карабайдын үйүнүн арзавасы жыл маалына созулду. Согуштун алаамaты гана элдин көз артканын тыйып, көңүлүн өлүм менен өмүр маңдай-тескей тура калган жакка буруп кетти.

Мындан он беш жыл мурун айтылган элдин сөздөрүн мойнуна алып, бүгүн Карабай ошол «даңазалуу үйүнөн» аттанып чыкканда Жаныбектин бырс күлгөн себеби ошол.

Бир кезде ошентип, Карабайдын бул үйүнө сугун арткандар азыр анын жанынан күлүп өтүүчү болду. Кимди шылдыңдамак эле? Карабайдыбы? Жалгыз аны гана эмес, өздөрүн кошо шылдыңдашып жатпайбы. Тиги Батыш Европаны колуна мылтык кармап, жөө басып чыккан элдин тагдырын коргоочу кыргыз жигиттери да далайларды көрүп кайтпадыбы. Карабайдын үйүн адегенде шылдыңга айландыргандар да ошолор болду.

«Ушул үйдүн эмнесин аваз кылдык экен, ошондо. Пайдубалын кара. Жерди ойбой-нетпей эле кирпич коё берген тура, кайран неме. Азыр көрчү, жайлоонун шүүдүрүмүн аралап мал издеген кишинин чапан этегиндей нымданганы нымданган. Ичине киргендер болсо, ышка карайып эски талдын кабыгындай дал-далынан кеткен фанерлерин, такыр жуулбагандыктан, жерге айланып калган тактайын көрүшөт да: «Байкуш Карабай далай жыл чоң болуп жүрдү эле, шып менен тактайды эч болбосо жыл аралатып майлатып койгонду билген эмес экен да. Зайыбычы – зайыбы. Тактанын үстүндө жатканды билген киши, аны жууп-тазалаганды эмне үчүн үйрөнүп албады экен?» – деп, анын өзүн жана үйүн аяп, сөз кылышат.

Азыр колхоздо тоют бригадасын башкарып жүргөн Карабай акенин теңтуштары көп. Алар жүздөшө калган сайын ага шылкым аралаш азил ташташат: «Каке, үйүңү тезирээк оңдобосоң, түбүндө каласың го. Баягы жылкыдай жер каарына алып, бир силкип койчу болсо, түбүнөн заги кетпеген немең туруштук бере албас».

Карабай буурул мурутун кулагын көздөй баш бармак менен сөөмөйдүн арасында чыйрата кармап, андай азилге терикчү эмес, кайра шакабага өзү кошулуп: «Мен бул айылга жаңы типтеги үйдү биринчи болуп тургузгам. Эми элдин эң акырында курайын деп чечтим. Башкармага да менин үйүм тизменин этек жагында боло берсин десем күлдү. «Коёндун териси жарым жылга чарыкка чыдаптыр» – дейт, дагы бир жылга урабас. Уулум армиядан кайтаар жылы киришем. Дагы бир жылдан кийин анын мөөнөтү бүтмөк. Күлбөгүлө, досторум, менин үйүмө. Силердин ата-энеңердин бир кезде шилекейин чуурта суктандырган үй ушул. Ар нерсе өз учурунда кооз.

www.bizdin.kg



Убакыттын жылышы менен сулуулук да жашы өткөн кишидей көз кумарын кандырбай калат. Көрөм, силердин азыр макталып жаткан үйүңөрдү дагы, он беш-жыйырма жылдан кийин. Шаарларда газ менен ичи ысыган, өзүндө мончосу бар, ысык, муздак суусу үзүлбөй аккан үйлөр пайда болуп атыптыр. Газет окуйсуңарбы деги? Мына, ошол үйлөр бул айылга келгенде силердин көзүңөргө алтын сарай болуп көрүнгөн мобереки үйүңөр менин бул үйүмүн кейпин кийип калаары жөнүндө ойлодуңарбы?» – дечү теңтуштарынын ичиндеги жаштарына шылдыңдуу карап.

Кетмендин сабын бооруна такап, бүгүн өзүнүн көз алдындагы кыймылга келген кыштагына суктана тиктеп турган Жаныбектин оюн анчага дейре алагды кылган Карабай акенин карааны үзүлө бергенде гана анын үйү тууралуу оюу токтоду.

Жаныбек тогуз жылдан бери ушул колхоздун тамеки бригадасын башкарат. Айылды аралап бригадирлерден бөлөк ким жүрөт? Бирок кыштагынын көркүн бүгүнкүдөй суктанып караган эмес.

Кийинки жети-сегиз жылдан бери нугу ачылган арыктан аккан суудай айылына кирип берекеге а да эли менен кошо маашыр. Антпегендечи! Кыйынчылыктын, талаш-тартыштын баары жетишпегендиктен тура. Эл башкаргандарды суук тумшук кылып, калкы менен аларды ачуу-аразга алып барган да турмуштун ошол өңгүл-дөңгүлү эмеспи. Колхозчулар эмгегине тонналап эгин, тутамдап акча алгандан бери маңдайы жарылып, паанайы жарык. Кайсы үйгө кирбегин – дасторкон толо нан, дөбөлөнгөн мөмө-чөмө, үй жаңылаган киши. Короосуна кирсең бут алдың шибер, төбөңдө саябан. Баксыз короону көрбөйсүз. Жаныбекти колхозчулары «чуруш маңдай» дешчү. Ал аты деле азыр калып кетти. Анын да азыр маңдайындагы тырышы жазылып, күлкүсү көбөйүп калган кез.

Үй куруунун максаты февралдын башында жылдык жыйынтыкка карата өткөрүлгөн чогулуштан кайтып келген күнү болгон. Дасторкондун четинде олтуруп, Жаныбек, жеңеси Айсалкын болуп, бул үй-бүлөнүн өткөн жыл ичинде тапкан киреше дагы бир сыйра эсептелип чыккан болучу: үч миңден ашык акча, төрт тоннага жакын эгин. Чекене киреше эмес да!

Кеч күздө буларга келип кошулган Жеңишбекти эсептебегенде бул үч кишинин гана иштеп тапканы. Жаныбек аялы менен, жеңеси Айсалкын – үчөөнүкү.

– Менин сыйлыкка бүгүн алган алтын саатым буга кошулбасын, – деп күлдү Айсалкын. – Аны эчак эле сандыкка салып койгомун. Жеңишим үйлөнгөндө колуктусунун колуна тагамын.

Баарынан төмөн жагына олтуруп, буларга чай сунуп жаткан Жеңишбек апасынын бул сөзүн укканда кулагына чейин кызарып, башын эңкейтип, желкесин кашынды.

www.bizdin.kg



– Жок, жеңе, саатыңызды кирешеге кошконум жок. Ансыз деле жетет экен жаңы үй тургузууга. Анча-мынча даярдап койгон курулуш материалыбыз деги бар, – деп Жаныбек жадырап койгон.

Эки күндөн кийин колхоздогу курулуш бригадасы кезек боюнча булардын үйүнө келмек. Ошондуктан, Жаныбек менен Жеңишбек бүгүн эски үйдү бузуш үчүн жумушка барбай калышкан.

Жеңишбектин тамдын төбөсүнө чыга келиши тигинин жанагы желеленген оюн үзүп койду.

Жеңишбек – Жаныбектин улуу агасы Сарымсактан калган жалгыз туяк. Майкечен ал там башында мизи өйдө карап жаткан экинчи кетменди ала койду да, күнгө күйгөн билек булчуңдары түйүлө калып, ары-бери тултуңдады. Көөнөргөн кара кепкасынын алдынан көрүнгөн жазы маңдайы, коёндукундай бакыракай көздөрү, оң кашын жаап уюлгуган тармал коюу чачы куду атасыныкындай. Анын кебетесине алдыртан тиктеп турган Жаныбектин көз алдына агасы Сарымсактын элеси тартыла берди…

Жеңишбек армиядан күздө кайтып келди. Азыр колхоздо ошол жактан үйрөнүп келген кесиби боюнча монтёр болуп иштеп жүрөт. Онунчу классты бүткөндөн кийин армияга чакырылгандар кайткан соң көпчүлүгү окууга, же шаарга жумушка орношуп кетишкен.

– Муну деле ошентет го, азыркы жаштар ата-эненин, ага-туугандын тилин алчу беле, – деп анын армиядан келер тушун болжол менен билишкен жакындары салкын мамиле кылышканы ырас. Жок, Жеңишбек антпеди.

– Эми, окууга кетерсиң, Жеңиш? – деп апасынын сынап берген суроосуна:

– Жок, апа, силердей колхозчу эле болоюн деп турам. Атам колхозчу, апам колхозчу экенсиңер. Мен да колхозчу болууну чечтим. Баарыбыз эле шаарды көздөй кете берсек, колхоздо ким калат? Керек деп тапса, окууга колхоз өзү деле жиберет. Иши кылып окууга барсам да, колхоз аркылуу барам, апа, – деп тигилердин санаасын тындырып койгон.

Атасына окшоп, оор басырык сүйлөп, сабырдуу жүргөнүнөн апасы менен агасы андан үмүттүү.

Жеңиш колуна кетменди алары менен «бери бас» дегенсип, Жаныбек үйдүн бир четин көздөй кадам шилтеди.

Далистин тушуна барып, арык колдорунун тарамыштарын түйүлтө, кетменин төбөсүнө көтөрдү да чаппастан Жаныбек кайра жерге койду. Эмне үчүн? Анын маңдай териси жыйрыла түштү, кырдач мурдунун таноолору кериле берди. Ким билет, балким, ичинде ата-энесинин өмүрү өтүп, агалары төрөлгөн бул үй азыр жаш балапандардын уясындай ыйык көрүнүп, бузууга дити барбай

www.bizdin.kg



жаткандыр. Мындай болушу да ыктымал. Баягы жылы бир актив чыкма жигит атасынын эски имаратын бузганда, Жаныбектин апасы кыйын наараазы болгон:

– Ботом атасынын жайын бузат деген кандай шумдук? Ата жайын байлуканага айландырып таштап, жаңы үйүндө мамыр-жумур жашаганын көрүп турабыз го. Арбак ыраазы болмоюн, тирүү жан жарыбайт. Атасынын колу менен курулган жайды бузганы – арбактарды безиткени.

Балким, аны ыргылжың кылып турган апасынын ушул сөзүдүр. Андай болсо, кийинки беш-алты жылдан бери жыл сайын бул кыштакта он беш-жыйырмадан эски жайлар кулап, ордуна үстү шифер, тунуке же черепица менен жабылып, пайдубалы жарым метрче цементке отургузулган, кош терезелүү үйлөр курулуп эле жатпайбы? Жаныбек жеңеси Айсалкын экөө да ошондой үй тургузууну көптөн бери дегдеп жүрүшпөдү беле? Антпегенде бүлө көбөйүп да баратат. Эки үй, бир далис кимисине калкалагыч болсун?

Бети-башын жалмалап өтүп жаткан зааркы желден ичиркенгендей Жаныбек далысын куушура бир жыйрылып алды да, таңданган мүнөздө өзүнө карап турган Жеңишбекти көрө коюп, уялып кетти көрүнөт, ошол замат кетмендин сабына колдору ороло түштү.

Өмүргө өмүр кошомун деп, мунарыктана көз учуна араң урунган горизонттун тээ береги четинен, ааламга күлө карап шаша чыккан күндүн нурлары менен Жаныбек төбөсүнө бийик көтөргөн кетмендин пеши кездеше калды окшойт, айнекке күзгү тоскондой ал жарк эте берди. Соңунан лакыйган кетменден ыргытылган топурак тамдын арт жагына барып күп этти да, чаң-тозоңу оболоп жөнөдү.

Жеңишбектин кетмени да ушул көрүнүштү кайталап жатты. Түшкө дейре бир үйдүн төбөсүн тизеден келген кара чирик саман аралаш топурактан экөө араң арытышты. Экинчисинин үстүн жарымдаган кезде, Жаныбек кууш маңдайынан мончоктогон терди жеңи менен шыпыра аарчынып, анан тамеки тутантты. Топурактан арыган торсундун бирине көчүк басып, экинчисине узун буттарын тирей отура кетти да, жаак этин капшыра папиросун соро баштады. Кебетеси ишке берилип кетип, ага кумары аша түшкөнбү, кайра-кайра тартып, оозунан, мурдунан көгүш түтүн булатып жатты. Бул дем алыштан пайдаланып Жеңишбек шатыны кайчылдата, суусун ичип келейин деп төмөн түшүп кеткен.

Дароо эле катуу кагазына жете түшкөн папироско чырт эттире тиш арасынан түкүргөн Жаныбек аны бут арасынан ылдый чертип жиберди. Өзү эмнегедир, жаш балачасынан анын кайда барып түшөрүнө көз салды. Үстүн жука топурак каптаган тегерек нерсенин үстүнө барып бир тийгенде гана папиростун күлгө айланган жагы үзүлүп кетти.

www.bizdin.kg



– Тегерек нерсе эмне болду. Кичинебизде апам бизге аш куюп берчү кара аяк эмеспи? Аякка окшобойт. Те тамдын төбөсүнөн түшкөн кесектин калдырканы бекен?..

Кандайдыр бир сезим Жаныбектин жүрөгүн жанып өттү:

– Нан!.. Баягы нан!..

Муунган кишидей анын добушу каргылданып чыкты. Додолонгон топурактын үстүнө тик секирген Жаныбек алигини кош колдоп ала койду да, бетиндеги топуракты үйлөп жиберип, бооруна кысты. Чын эле нан экен!..

– Муну Айсалкын жеңем кантип унутуп койду? Бул үйдүн какырчикирин өзү баш болуп жыйнаштырбады беле? Кантип нанды унутуп калды? Же: «Ырымдалганы менен не пайда берди, андан көрө топурак алдында тапталып калганы артык эмеспи» – деп атайлап таштады бекен? Андай болууга тийиш эмес эле. Далай жылдан бери ушул үйдүн шыбында ак калтага илинип турчу бу нанды бапестеп, бетин жөргөмүштүн желесине бастырбай, маңар байлатпай апам өлгөндөн бери сактап келаткан өзү эмес беле?

Жаныбек азыр бооруна кысып турган нандын четинен үч жери кетилген. Анын экөө улуу агаларынын тиши тийген жер. Үчүнчүсү – өзүнүкү.

Бу нанды Бүбүш апа өзү жаап, өз колу менен биринчи жолу тун баласы Сарымсак кан майданга жөнөп жатканда ат жалына сунган:

– Четинен тиштеп кой, балам! Ылайым туз-насибиң өз үйүңөн буюрсун!

Ушул тилек менен экинчи уулу Асылбекти, кийинчерээк Жаныбегин атказган. Жок, эненин тилегениндей болбой калды. Ал тилек кылгандай Сарымсак менен Асылбек кайрылып келип, эне колу сунган алиги нандан тиштебей калышты. Урушка жетпей кенже баласы Жаныбек гана кайрылып, бул үйдөн кайра даам татты, бирок аны эне көрбөй калды. Жеңиш жылы төрт жыл бою тиктеген анын көзү түбөлүккө жумулган болучу.

Агалары менен энесинин ал эстелиги бут астында тепселип калганын көргөн Жаныбектин каңырыгы түтөй түштү: апасынын, уялаштарынын жыты ушул нанда сакталып калгандай аны бетине кармап жыттай берди эле, көз жашы чаңдуу жүзүнөн төмөн көздөй из салды. Ушул кезде нары жактан суу ичип чыккан Жеңишбек агасынын тиги абалын көрүп селт этти…

Эки жарым айдан кийин ак калтага салынган нан жаңы үйдүн шыбынан кайра орун алды…

**1956**

www.bizdin.kg



*«Арча - 2013» конкурсуна*

ДАНИЯР

# ЖАН

**(Эсселер)**

– Жан деген түбөлүк! Кой, ыйлаба, айланайын! Кайрат кыл! – деди. Карасам, катарымда Сатылган молдо баратыптыр. Менин баятан бери мөгдөп ыйлаганымды көрүп, Сатылган молдо колумдан аяр кармай:

– Жан деген түбөлүк! – деди, кайра кайталап, жерди тиктей оор улутунуп. Көздөн жашым көл-шал болуп төгүлүп, асман кулагандай боло түштү ошол мүнөттөрдө. Кыштын кыраан чилдеси болчу. Бир топ күндөн бери тийбеген күн ошондо тийип, асман чайыттай ачык болгону менен менин асманым кулап турган. Турмуштун бороону тула-боюмду каптап, жандүйнөм алгачкы ирет аңтарылгандай болгон эле анда.

– Жан деген түбөлүк! Ой, болду дейм! Кайрат кыл! – деди, Сатылган молдо үнүн бийик чыгарып. Мен ыйымды токтоттум. Калың элдин астында үн-сөзү жок табыт көтөрүп бараттык. А табытта мындан туптуура он сегиз жыл илгери омурткасы сыздап, жанымды ааламга аман алып келген апам  жансыз жаткан эле. Жана апамды соңку ирет тиктегенде бир топ жылдан бери жанын сыздаткан дарттан улам эми гана жаны жай алгандай, жүзү нурданып... Жүзүн тиктеп атып кудайдан дейбизби, же белгисиз бир күчтөн дейбизби, айтор, бир керемет пайда боло калып, азыр кайрадан апама жан киргизип жиберсечи – деп, өзөгүм өрттөнгөн...

Андан бери дагы он сегиз жыл жылып өттү. Он сегиз жылда турмуштан көп эле кагылдым-согулдум дегендей. Дүйнөмө дүрбөлөң түшүп, жаным күйгөн учурларда апамдын элесине жалбарамын...

www.bizdin.kg



Турмуштун өрүн көздөй көчтүн артында, көптүн катарында кара жандын камын көрүп келатам!

* * *

– Ой, деги жаның жай алабы? – деп, урушаар эле таэнем бала чакта бир орунда туралбай, ары-бери ойдолоп чуркаганымда. Ошенткен таэнем жыл айланбай:

– Өх-х, жаным, ай! Ала турган болсоң, жанымды көп кыйнабай алчы! – деди, Жаратканга жалынып. Кызымдын алдында кетсем деген тилегин таш каап, өзөгү өрттөнгөн таэнем соңку күндөрү чийдей болуп арыктап кеткен эле. Таэнемдин ажал менен арбашып жаткан акыркы мүнөттөрүн көргөндө, көз көрбөгөн жактарга безип кетким келчү. Жаратканга эртели-кеч жалынган таэнемдин «жаны үзүлдү» деген суук кабарды уккан күнү, шаарыбыздагы Батыш автобекетинин көпүрөсүнөн өтүп, көпкө дейре тунжурап суу боюнда жалгыз олтурдум. Ааламда ошол саам таптакыр жалгыз калгандай болдум. Ушул эки аялзаты тең мен үчүн адамдардан башкача жаралган, мээримдүү, өзгөчө жандардан эле. Жаным чындап жалгыздыкты көксөдү ошондо. Араңжан жаралган мени асыраган таэнем түн уйкусун бөлүп, качан мен мектеп босогосун аттаарда гана өз апама тапшырган болчу.

– Өө-х, жаным! – дедим, ошондо турмуштун соккусуна туруштук берейин деп бере албай, үстүмө экинчи ирет кулаган асманды көтөрө албай энтигип…

* * *

– Жан соога! – деди, көзү алайган неме жаны оозуна кептелип.

– Мен сага канча жолу айтам! Эмне мени алдайсың, ыя! Акчамды үстөгү менен кошуп бүгүн берем дебедиң беле, ыя? Эми дагы канча жолу келем! – деди, булчуңу буржуйган неме ыркыйып араңжан жүргөн бою пас адамды алкымдан алып.

– Бир жумада! – деди, деми кыстыгып, эриндери титиреген шордуу.

– Айтып коёюн, эртең таппасаң, жаныңды сууруп алам! Уктуңбу! – деди, бука моюн, буура сан неме көзүн аңтарып.

Ошол акчасы жанына аралжы болоор бекен? Албетте, жок…

www.bizdin.kg



* * *

– Бу турмуш жаныма жаман батты! – деди, биринчиси жаны кейип, көзүнөн жашын агыза.

– Кейибечи! Эптеп кудайдын бир жакшылыгы болуп калар – деди, экинчиси курбусунун маанайын көтөрүүгө аракет жасап.

– Жок, эми мага кудайдын да жардамы тийбей калды окшойт!? – деди, жаны кашайган биринчиси. Кесир оздугунан жаны жапа чегип жатса керек…

* * *

– Ой, түйүнчөгүңдү түйүп алып кайда жөнөдүң?

– Мамайдын көрүнө! Бу шаарыңа темселеп бекер келипмин. Кеттим айылга! Тойдум шаарыңа!

– Э, кокуй, сабыр кыл!

– Ээ, курбум, көп сүйлөбөчү, суранам. Жаным күйүп турат! Сен да менден өткөн шордуу экенсиң да. Андан көрө жүрү айылга, чогуу кетели. Жашым элүүдөн эңкейди. Баягы күнү балдарым окуйм-чокуйм деп мени опузалап. Өө-х, келе тамекиңден бирди! Айылга барып, кара жанымды карч урсам да, эптеп өз жанымды багармын…

* * *

– Кара жаным, как жүрөгүм! Тим эле жанымды суурун берем го сен үчүн! – деди, жигит айжамалы келишкен кыздын алдына чөк түшө калып.

– Кээде сенин жалынып-жалбарганыңды укканда, чын эле корго-шундай көлкүлдөп эрип кетем! А, кээде…– деди, кыз алдында чөк түшүп олтурган жигиттин көздөрүнө үңүлүп.

– А кээде эмне?

– А кээде ишенбей кетем. Мурунку жигитим да так ушунтип жалынып-жалбарчу. Ал азыр башкага жанын садага чаап, жалынып-жалбарып жүрсө керек!? – деди, кыз жерди тиктей.

– Ушу мага кантип ишенбейсиң, ыя? Көрдүң го, сен үчүн кандай гана азаптарды тартып атам! – деди, жигит кыздын олоң чачынан сылай. Анан кыздын жыпар жыттанган чачынан искеп:

– Оо-х! Жыпар жытың мурдумду жарат да! Сен үчүн жаным курман! – деди, демигип.

– Болду, эми! Эл көрсө кантет? Жөн дейм! – деди, кыз ары туштан келе жаткан бейтааныш бир бийкечти көрө калып коомайлана.

– Ишенбе! Жанын жеп атат! – деп чаңырды бейтааныш бийкеч, кызга карап. Ачуу чыккан үндөн жигит селт этип артын карады.

www.bizdin.kg



– Ой, жүзү кара! Ишенбе буга! Бул мага да мурда так ушинтип жалынып-жалбарчу. Жалынганда бар го, тим эле жанын кошо сууруп бергендей жалбарчу! – деди, бейтааныш кыз көзүнөн заарын чачып…

* * *

– Кел, экөөбүз жан кыйышпас достордон бололу! – деди, жаңы таанышкандардын биринчиси уйпаланган чачын оңдоп-түзөп, стаканды бекем кармай.

– Ой, кел! Сен да мага аябай жактың дос! – деди, экинчиси шилекейин чачыратып.

– Сен шумдук колуң ачык, берешен турбайсыңбы, э? Азаматсың, жигиттин гүлү деп сени айтат. Акыреттик дос болобуз! Жаны бирге дос болобуз! Неме, дагы бир бөтөлкөгө алың келеби? – деди, биринчиси көздөрүн кыбыңдатып.

– Ой, бар менде акча! Бир эмес эки бөтөлкөгө жетет! Азыр карайынчы! Оо-й, ата-а! Акча калбай калыптыр, эй! – деп, төш чөнтөгүн каккылады экинчиси.

– Эми дос! Жаныңды жебей эле айтчы? Бар да сенде акча?! Достон да акча аяйбы?

– Ой, калбай калган турбайбы? Чын! Калп айтсам жанымды жеп калайын! – деди, экинчиси бир орунда туралбай теңселип.

– Ой, билдим сенин дос экениңди! Дагы жан кыйышпас дос деп коёбуз! Бир бөтөлкөлүк кадырым жок экен да, э? Жигит эмес экенсиң, эй! – деди, биринчиси колун шилтей.

– Ой, эмне эле баятан бери омуроолоп? Алдыгы сөзүңчү, менин жаныма жаман батып кетти! – деди, экинчиси тили булдуруктай…

* * *

– Ой, мунуң ит жандуу экен, баарына туруштук берген! – деди, кожоюнунун айтканын ашыкча аткарам деген орун басары, жерде жаткан адамды ур-тепкиге алган жан-жөкөрлөрүнө карап.

– Ой, ит оой! Бизге каршылык көрсөткөнүн! – деди, сакалчан шыңга бойлуусу жулунуп.

– Болду, жатсын ушул жерде жабышып. Жарым жан немени өлтүрүп албайлы! Жүрү кеттик! – деди, демиккен орун басары чоң жумушту аткаргандай көкүрөгүн көтөрө басып шыпылдап.

– Ох, и-ий, жаным, ай! Акмактар! – деди, жер сүзүп жаткан шордуу неме алсыз кыңылдап…

www.bizdin.kg



* * *

– Эптеп жанын багып жүрсө болду! – деди, энеси алыста жүргөн уулунан кабар алган соң жаналы калбай караанынан кагылып. Уулу алыска барып жан сактайм дегенинен аргасыз ага да көнүп, бир үйдө жапжалгыз тирилик кылып атканына жыл айланган эле. Анан барып элин ушинтип тентиткен эл башчыларынын кылык-жоруктарына жаны кейип көпкө олтурду. Табы айнып, денеси от-жалын болуп турган шордуу эне жүрөгү алда неден чочугандай, көздөрүнөн аккан жашын жоолугунун учу менен аарчып болуп:

– Ө-өх! – деди, керебетке кыңайып. – Жаным жер тартып турат! Ала турган жанымды уулум келгенден кийин алса экен! – деп, күбүрөндү…

* * *

– Шордуу, кемпир! – деди, бейит башында турган адамдардын бири маркумга топурак салып атып, каңырыгы түтөй.

– Ооба десең! Шордуу кемпир, жалгыз керелден-кечке жаны тынбай чалынан калган чарбакты чөп бастырбай гүлдөтүп! Анан калса баарына бирдей мамиле кылып, жаналы калбай амандашчу эле, бай-куш! Жаткан жери жайлуу болсун! – деди, сакалы куудай абышка.

– Жанагы жалгыз уулун бекер алыска жиберип, жаңылган экен! Анысы дини буруу башка улуттун кызын алган го! Тилине түк түшүнбөйсүң, айланайын! Жүрбөйбү, каададан кабары жок! – деди, дагы бири шыбырай сүйлөп.

– Тирилик деп тырмалаңдап, жалгыз уулума ушул үйдү аман тапшырсам дечү эле! Эми уулу деле жанагы катыны менен ушул жерге турмак беле!? – деди, кара көз айнекчен адам, ичигин оңдонуп кийип.

– Керелден-кечке жаны тынбай тырмалаңдаган шордуу кемпирдин эми жаны жай алды окшойт! – деди, дагы бири тамекисинин түтүнүн бурулдатып.

– Ээ, эмнесин айтасың? Баарыбыз ушинтип эле бир күнү суналып жатып калат экенбиз! Аны түшүнбөй жаман-жакшы айтышып! Кызык эле жанбыз да! – деди, жашы элүүлөр чамасындагы ак топуну баса кийген бир адам.

– Жакшы адам эле! – дешти, бейит четиндеги бак түбүндө көлөкөлөп олтургандар да. Качан гана жабыла кыймылдаган жаш балдар күрөктөрү менен топуракты жирей, заматта сөөктү көмүп бүтүшкөндө, бейит алдында турган уулу эми эсине келгендей «апалап» өкүрүп ийди.

– Ой, ыйлаба! – деп, бакырды бири кемпирдин уулуна.

– Эми ыйласаң да, табылбайт апаң! – деди, дагы бири. Качан гана молдо куранды кыраатымен окуп бүтүп маркумга багыштаганда, бардыгы жапырт алакан жая бата тартышып:

– Жаны жаннатта болсун! – дешти, жер тиктешип…

www.bizdin.kg





**Нурзина ӨМҮРБАЕВА**

*1985-жылы Токтогул районундагы Кызыл-Туу айылында туулган.*

*2008-жылы КМУнун филология факультетин бүткөн. Ырлары күнүмдүк басма сөздөргө жарыяланып жүрөт.*

*Калемсынак*

## Бир тоголок кар

*Кайтар кезде сабак бүтүп мектептен,*
*Карды кармап турар элең камынып.*
*Өтөр элем мен жаныңдан шашыла,*
*Жука жааган жаңы карга чалынып.*

*Кирер маалда коргонумдун ичине,*
*Уруп ийсең бир тоголок кар менен.*
*Оттон кошуп тоголоктоп койгондой,*
*Оорубастан ысый түшчү бар денем.*

*Эстебейсиң азыр мени сагынып,*
*Эрип кеткен карга окшотуп унуттуң.*
*Бир тоголок кар деп жүрсөм жаңылып,*
*Бир тоголок сүйүү менен уруpсуң!..*

## Ысык-Көлүм

*Тартуулап эргүү, жыргал, Ысык-Көлүм,*
*Кошкондой болдуң өмүр өмүрүмө.*
*Жаныңдан чыккыс болуп калбас белем,*
*Жакканда бир уулуңдун көңүлүнө.*

*Коштошуп кетеримде үйдүн ээси,*
*Колумду кысып айтты: «Келип тургун!»*
*Төрүндө Ысык-Көлдүн ушулардай,*
*Төрөлбөй калганыма кейип турдум.*

www.bizdin.kg



## *Сүйүү үчүн алалы!*

*Эриш-аркак жүргөн күндөр биздеги,*
*Экрандан бир көрүнгөн кинодой.*
*Көздөрүңдүн сулуулугу курусун,*
*Көтөрө албас көңүлүмдү винодой.*

*Кантсем экен, мүнөзүмдү таарынчаак?*
*Кайдагы бир майрам үчүн чөккөнүн.*
*Болгон дүйнөм унутулуп бaратат,*
*Бошоп улам вино куйган чөйчөгүм.*

*Кейий бербей окшошуна тагдырлар,*
*Келчи курбум, сүйүү үчүн алалы!*
*Гүл көтөрүп келбегенге кор болбой,*
*Күн көтөрүп келчү жигит табалы!*

## *Азыр да барамын сен жакка*

*Азыр да барамын сен жакка,*
*Аясаң жолумдан тороп кал.*
*Ээ бербес сезимим сезбесең,*
*Эрки жок неме деп ойлоп кал.*

*Эрте жаз жытына мас болуп,*
*Келемин бир басып жүгүрүп.*
*Бат эле кыш бүтүп, жаз келип,*
*Бакыт ээ, өзү эле тирүүлүк!*

*Бат эле кыш бүтүп, жаз келип,*
*Бат эле бир жигит жактырдым.*
*Адашып эми араң жолуккан,*
*А балким, чын эле бактымсың?!*

*Азыр да барамын сен жакка,*
*Аясаң жолумдан тороп кал.*
*Ээ бербес сезимим сезбесең,*
*Эрки жок неме деп ойлоп кал...*

www.bizdin.kg



## Бир арман...

Айылың укмуш экен,
Ай тийген кечте келдим.
Сунуштап бир оюңду:
«Суранам кетпе», – дедиң.

Жымыңдайт ушул күнгө,
Жылдыздар күбө болуп.
Жаныңда калгым келди,
Жароокер бүлөң болуп.

Өңүм да, түшүм эмес,
Өзүнчө жомок болуп.
Билемин, келгенимди
Бир күнгө конок болуп.

Көөнөрбөс сезимиңди,
Көзүңдөн көрүп турам.
Бир арман – экөөбүздү
Бир жол бар бөлүп турган.

## Чакырат улуу тоолор...

Жүрөгүм уйгу-туйгу,
Жүрөмүн келбей уйку.
Болду эми чыдай албайм,
Жаныңа азыр жетем,
Жашырбай төкпөй-чачпай
Баарысын айтам дагы
Көл бойлоп басып кетем.
Жок, жок, жок барбай калдым...
Кылымдар келе жаткан
Кыздардын намысына
Кетиргим келбей доону.
Керилип турган жээкте
Тиктеймин Ала-Тоону.
Былк этпес тоолор мени,
Чакырат бийиктикке,
Баамчыл боло көр – деп,
Балдарды жигиттикке,
Кыздарды бийиктикке,
Чакырат улуу тоолор!

## Жолдор

Жолдор, жолдор, ийри-буйру чубалган,
Түгөнбөгөн улам жаңы куралган.
Жолдуката ой түрмөгүн чубадым,
Канча адам өтпөдү деп бу жайдан.

Жакшы да өттү, жаман да өттү бул жолдон,
Арам да өттү, адал да өттү түз бойдон.
А жол болсо, күбө болуп баарына
Калып жатты, баягы эле жол бойдон.

Ушул жолдун учу кайда болду экен?
Ким узартып аны мынча чойду экен?
Адамдардын тирүүчүлүк сапарын,
Ким кыскартып жолдон үзүп койду экен?

www.bizdin.kg





## Махмуд КАШКАРИЙ (БАРСКАНИЙ)

### (1029–1101)

*Ысык-Көлдөгү Барскан шаарында туулган. Харун (аль-Хасан) ибн Сулайман Бограхандын уулу, Хусейн ибн Мухаммаддын баласы. Атасы Барскан шаарын бийлеген эмир болгон.*

*Жашынан билим алып, Кашкардын Саджиа медресесинен окуган.*

*1056-жылы Кашкар шаар бийлигине чоң атасы Мухаммад Бограхан келип, 15 айдан кийин бийлигин баласына өткөрүп берет. Көп өтпөй экөө тең уу берип өлтүрүлүп, Махмуд Мавреннахрга, андан Багдадга качып барат. Түрк элдеринин жашоосу, адат-салттары, жайгашуусу, табияты, айрыкча тили тууралуу китеп жазууга дилгирленип, 1075-жылы Багдад халифи Муктадирге «Түрк тилинин сөздүгү» аттуу китебин белек кылат.*

*1080-жылы Кашкарга кайтып келип, шаар жанындагы Опал айылында 1101-жылы каза болгон.*

*«Арча – 2013» конкурсуна*

# «ДИВАНУ ЛУГАТ-АТ-ТҮРК» КИТЕБИНЕН

***Котормочудан:*** *Махмуд Кашкарий «Дивану лугат ат-түрк» китебин араб тилинде жазган, бирок өз учурундагы түрк тилдеринин дээрлик бардыгын камтыганга аракеттенген.*

*Сөздүктүн негизги бөлүгү сегиз баптан турат, аларды Махмуд «ките» («китаб») деп атаган. «Дивандын» ичинде түрк тилдеринен алынган 7500 сөз камтылган. Түркчө сөздөр үңгүсунун алиппелик ирети боюнча өз уяларында жайгаштырылып, астында алардын арабча котормосу берилген. Анда дагы сөздөрдүн жөн гана таржымалы колдонулбастан, ар бири кеңири түшүндүрмө менен коштолгон. Түшүндүрмөлөрдө 290го жакын макал-лакап бар. Сөздүктө ошондой эле кошоктор (марсийа), бир нече баатырдык жана ашыктык ырлар келтирилген.*

*Төмөндө дал ошол ырлардын айрымдарынын адабий котормосу тартууланат.*

www.bizdin.kg



# I. Баатырдык ырлар

## Уйгурлар менен салгылашуу

*Түпөк орнотуп аттарга,*
*Уйгур менен таттарга*
*Ууру, жапыз иттерге*
*Куштар өңдүү учтук биз.*

*Жайкалды кызыл байрак,*
*Чаңдады кара топурак,*
*Жетип келди бизге ограк,*
*Таймаштан улам кечиктик биз.*

*Ат куйругун түйдүк биз,*
*Теңирди даңктап турдук биз,*
*Кууп жоого тийдик биз,*
*Аттардын башын бурдук биз.*

*Кеме ичине олтуруп,*
*Иле суусун кечтик биз.*
*Уйгур жакка жол буруп,*
*Мыңлак элге жеттик биз.*

*Деңиздей каптап актык биз,*
*Шаарларын бүт бастык биз.*
*Буркан үйүн жыктык биз,*
*Буркан үстүнө чычтык биз.*

*Түндөп барып бастык биз,*
*Буктурмага алдык биз.*
*Айдарын кесип салдык биз,*
*Мыңлак эрин бычтык биз.*

## Таттар менен салгылашуу

*Келди мага бир тат,*
*Айттым ага: «Эми жат,*
*Этиңен сенин куш татат,*
*Талайт сени кузгун-бөрү.*

*Көрүп неге качпадың,*
*Ямар суусун аттабадың.*
*Тапканыңды чачпадың?*
*«Жем болдуң го, атаңдын көрү!»*

*Анын шайын кетирдим,*
*Бараар жерине жеткирдим.*
*Өлүм отун ичирдим,*
*Ичип болуп, бузулду өңү.*

## Басмылдар менен салгылашуу

*Басмыл жоосу тизилди,*
*Баары тегиз үйүлдү,*
*Арслан жакка жоо жүрдү,*
*Коркутуп башты тегеретет.*

*Түрк экенин байкаганда,*
*Айтаар эли ага анда:*
*«Улуулук турат мунуңарда:*
*Далай башты алып кесет».*

* * *

*Жерди каптап жоо келди.*
*Калың кар тоодо караят.*
*Алп Ая андан качып берди,*
*Уят болуп, ал жашынат.*

* * *

*Беттеше калып, жаады ага*
*коломсоктон октор майда,*
*Айттым ага: «Жалбарсаң да*
*болбойт сага эч бир пайда!*

*Неге мурун жалынбадың,*
*тапканыңды бердиң кайда?*
*Куралданып сен күч алдың,*
*эми каның агат сайда».*

www.bizdin.kg



* * *

*Менин асыл колумду*
*октун башы кырча кесет;*
*Чоң булактын цстцндө*
*түркцн камыш калың өсөт.*

* * *

*Жоомарттыкты көрсөт мага –*
*Болсун анын энчи тамга.*
*Жөнөтчц мени салгылашка,*
*Жөнөйм минип кцлцк атка.*

## II. КОШОКТОР

### Алп Эр Тоңонун өлүмүнө кошок

*Алп Эр Тоңо өлдцбц,*
*Эсил дцйнө калдыбы,*
*Тагдыр өчцн алдыбы?*
*Жцрөк эми тытылат.*

*Учурду мезгил тандады,*
*Ууру тузак камдады,*
*Бектер бегин алдады –*
*Качса кайда кутулат?*

*Мезгил кцндц шаштырып,*
*Адам кцчцн качырып,*
*Эрди бизден алдырып.*
*Качса да аны кууп табат.*

*Адаты анын ушул да,*
*Теңбиз анын алдында.*
*Аалам мээлеп атканда,*
*Тоо чокусу жарылат.*

*Атса огун кезгерип,*
*Ким тура алат тап берип?*
*Тоону атса керилип,*
*Анын төшц жарылат.*

*Бектер атын аргытып,*
*Кайгыларга чалдыгып,*
*Жцзц-башы саргарып,*
*Куркцм өңцн таратат.*

*Бөрц сыңар улушуп,*
*Өкцрцп, жака жыртышып,*
*Ызы-чууну салышып,*
*Сыктап көздөр тунарат.*

*Көөнцм кайнап, өрт кетти,*
*Жаратыман кан кетти,*
*Өткөндөрдц издетти,*
*Кцн-тцн издеп таң атат.*

*Заман кцчцн кетирди,*
*Асылзаттык кемиди,*
*Мажестик жайнап келди эми*
*Асыл бегим көз жумат.*

*Акылмандык тынчыды,*
*Аны дцйнө жанчыды.*
*Асылзаттык карыды,*
*Сцйрөлцп жерде баратат.*

### Белгисиз баатырдын өлүмүнө кошок

*Душман отун өчцргөн,*
*Жолун тороп көңтөргөн,*
*Кууп аны кетирген,*
*Ок тийип өзцн өлтцрдц.*

*Чоң ишке бел байлаган,*
*Дасторкону жайнаган.*
*Кышкысын да ызгаардан*
*Ал цмцт болуп көрцндц.*

*Элге даам таттырган,*
*Каар душманды качырган.*
*Ограк жоосун кайтарган,*
*Жыкты аны өлцм өлтцрдц.*

www.bizdin.kg



## III. Ашыктык ырлары

*Таркан-катун айымга*
*төккүн ырдан бир сапты,*
*Айткын: «Сиздин кулуңуз*
*өтүнөт жаңы кызматты».*

*Дайым жааган булутунан*
*тамат андан таза алтын.*
*Акса ар бир тамчысынан*
*канат менин кара жаным.*

*Аалам аны буктурмалап,*
*жүрөгүнө жараат салды,*
*Шыпаа издеп жараатына*
*сизден байкуш маалам алды.*

* * *

*Көңүлү айнып, каны кургап,*
*оозун ачып кайгырат;*
*Ашыктыктан сызгырылып,*
*эссиздин бети бырышат.*

* * *

*Бүлүндүрдү мени муңайыңкы көзү,*
*Кара меңи, кызыл тарткан жүзү.*
*Тамат андан түгөл түсү,*
*Бүлүндүрүп коюп, ал кайра качат.*

*Жүгүнүп ал мага ымдады,*
*Көз жашымды аарчып жамдады,*
*Жүрөк жараатым карттады...*
*Элкин бойдон ал качып бара*
*жатат.*

*Артынан боздоп сыздадым,*
*Жүрөк жараатынан ыйладым.*
*Качкан кутту кууп алдым...*
*Жүрөгүм жамгыр сыңар кан*
*чачат.*

*Алдап мени кетпеңиз,*
*Жөндөн айып этпеңиз,*
*Жашыган көзүм кең деңиз,*
*Тегерегинде куш учат.*

* * *

*Жарыгы кетти жүзүмдүн,*
*Оту өчтү көөнүмдүн.*
*Кайда менин сүйгөнүм,*
*Уйкудан ким тургузат?*

*Үзүр мени толкутту,*
*Сагыныч мени толтурду,*
*Көңүлүмү ага оодурду,*
*Жүзүм менин саргарат.*

*Эмдеп мени карады,*
*Баш багып, көз ымдады,*
*Көңүлүм эч тынбады,*
*Кайгы мени кыйналтат.*

*Көңүлүм ачып кайнады,*
*Жүрөгүм онтоп түйлады.*
*Ал бой көтөрүп карады,*
*Ойноп мени азгырат.*

* * *

*Кыстап туткан сүйүүнү*
*Ажыраш күнү билесиң.*
*Жараат көздү жапсаң да,*
*Жашыңы төгүп бересиң.*

* * *

*Кучөйт менин үзүрүм,*
*Ыйлаймын мен күнү-түн.*
*Ээнсиреген анын журтун*
*Көрүп алып өксөймүн.*

www.bizdin.kg



*Элкин кетип, мен калдым,*
*Көңүлүм ага байландым,*
*Кайгы толо, өзүм жалгыз*
*Кылган ишим – ыйладым.*

* * *

*Берчи балдай ширин сөзүңдөн,*
*Кара меңдүү аппак жүзүңдөн.*
*Оттой жалбырттаган көзүңдөн,*
*Муңум бар сага, аны билгин сен.*

* * *

*Көрбөстөн менин буттарым*
*Илинди ууру тузакка,*
*Оорудум андан узакка,*
*Эмдеп койчу мени, сүйгөн жарым.*

* * *

*Кучакташып жатып, тигилип жүзүнө,*
*Алсырайт ким да болсо анын сөзүнө.*
*Миңдеген киши курмандыкка калып өзүнө,*
*Берди жанын арнап анын сулуу көзүнө.*

* * *

*Атканы турат ал огун узак,*
*Тийбеди мага бул саам ушак,*
*Менин бутам аныкынан ыраак,*
*Бүлүндүрдү мени ал улам карап.*

*Актырат менин көзүмдөн булак,*
*Ага түшүп конот өрдөк, югак.*
*Кимдир бирөө айтса, эшитет кулак:*
*Ай тегереги калың арча бутак.*

* * *

*«Бүч-бүч» этип зымырык,*
*Жем жеп жүрөт тоюна,*
*Мен деле бир бөдөнө –*
*Күйүп жатам отуна.*

*Алоолонуп түйлаймын,*
*Өпкө-жүрөк жалындайт.*

*Түн-күн туруп ыйлаймын,*
*Жашым менин тамчылайт.*

* * *

*Алдады ал кыз, сымбаттуу бою анын арчадай,*
*Мурду дагы түз, чачы жайылат мажүрүм талдай.*

*Барды сага азезил, колуна кармап ширин бал,*
*Кийингени парчадан, эми эссиз болуп кал.*

* * *

*Күү мукамдуу түзүлдү,*
*Кумган-идиш тизилди,*
*Үмүтүм сенсиз үзүлдү,*
*Келчи, ырдап ойнойлу.*

*Кумгандын башы каз сымал,*
*Көөкөр толгон көз сымал,*
*Сагыныч-кусам жазылаар –*
*Күндөп-түндөп тойлойлу.*

*Үч жолу ичип кыйкыралы,*
*Так секирип бакыралы,*
*Арстандардай айкыралы,*
*Кайгыга биз жем болбойлу.*

*Жигиттерди шаштырып,*
*Жаңак-жемиш кактырып,*
*Кулан-кийик аттырып,*
*Майрамдап бир сойлойлу.*

*Атка минип секиртсин,*
*Азоолугун кетиртсин,*
*Итке кийик келтиртсин,*
*Аны кармады деп ойлойлу.*

*Перендеге куш салып,*
*Тайгандарың тиш малып,*
*Доңуз-түлкүнү ташка алып,*
*Шаттыксыз тойду койбойлу.*



**Осман ЧЕВИКСОЙ**

*1951-жылы Түркиянын Чорум районуна караштуу Феруз айылында туулган. Башталгыч класстын мугалимин даярдоочу окуу жайын, Анкара университетинин түрк тили бөлүмүн, Гази университетинин түрк тили жана адабияты бөлүмүн аяктаган. Хаккари, Калежик, Кырыккале, Аяш жана Анкаранын борбордук райондорунда башталгыч класстардын, Германияда түрк тили жана түрк маданияты боюнча, Анкаранын Имам Хатип лицейлеринде түрк адабияты мугалими болуп иштеген.*

*Алгачкы ыры «Сабах» гезитине 1968-жылы чыккан. 1982-жылдан бери 9 аңгеме, повесть китептери, 2 романы, 4 балдарга арналган жыйнагы жарык көргөн. Осман Чевиксойдун «Боз туман» романынын негизинде көркөм тасма тартылган. Бир катар улуттук жана эл аралык сыйлыктардын ээси. Түркия Жазуучулар союзунун, «Евразия» жазуучулар бирлигинин мүчөсү .*

*«Арча - 2013» конкурсуна*

# ХАМАЛ[1]

Газга коюлган эки чайнек шуулдап, жаңы демделген чайдын жыты бөлмөлөргө текши жайылып жатты. Төрдөгү улгайып калган эркек сакалы алынбаган бетин бырыштырып сабыры суз олтурду. Кечинде наар албай жаткан боюнча азыр да тамакка көңүлү чаппай турду. Бирок ишине ачка чыкса болбойт да... Кечке чейин куру ашказан менен кантип жүрмөк эле, жүктү кантип ташымак? «Тизелериме оор болор» деген ой менен өзүн кыйнаса да бир-эки үзүм бирдеме жейин деди. Стаканына шекер салып, чай куйду. Аны көңүлсүз аралаштырып отурганда аялы маңдайдагы булактан эки чака суу көтөрүп келип калды. Сууну чоң желим челектерге бошото койду да, тез эле дикилдеп кайра кетти. Кызы көрүнбөгөнүнө караганда уктап жатса керек. «Чопчоң эле кыз, – деди ичинен, – туруп, апасына жардам берсе эмне...» Чайынан бир ууртады. Көңүлү айнып араң жутту. Калганын иче албасын түшүндү. Мээси кап ортосунан бычак менен кесилгенсип лукулдап жатты. Башы айланып турду. Бет алдында бир нерселер учуп жүргөнсүп чыбырчыктай түштү. Чыканактары менен таянып, башын чеңгелдеди. Көздөрүн жумду.

«Эртең менен кызымды эч көрбөй калдым. Кыз бала да түшкө чейин уктайбы? Эжесин

[1] *Хамал* – жүк ташыгыч.

www.bizdin.kg



такыр тартпаптыр. Ал апасына суу ташытпай, эртең менен мени жумушка узатчу эле. Бул кыз жалкоо болуп бүткөн тура...»

Хамалдын ооруп калган учурларында тез жинденчү мүнөзү бар. Соо кезинде: «Мейли, жатса жата берсин. Эртең чоочун үйгө барганда, кааласа да жата албас» – деп койчу. Кайын журт деген «күн» көргөзбөйт го аялга. Мына эжеси... Үч баласы, таяк, чыр, уялганыңан башың жерге кирет... Ичкич шүмшүккө кайдан гана бердим экен...

Эркек көзүн ачты. Чай, зайтун менен жаңы бышкан нанды жакшы көрөр эле. Колун сунуп, нандан кичине чымчып үзүп алды да, ортосуна зайтундан бирди коюп оозуна салды. Нан бара-бара оозуна батпай бараткансыды. Эки ууртам чай менен араң жутту.

Кечээ Айдынлык базарында кечке иштеп, көбүрөөк акча таап, аябай тердеп чыккан эле. Асыр намазынан кийин төккөн жамгырдан башынан бутуна чейин суу болгон болчу. Өзүнүн ооруп кала турганын да билген, бирок көгөрүп, базар бүтмөйүнчө иштебедиби. «Ай, келесоо башым десе...»

Аялы келип, чакаларын койду да жанына отурду. Жанараакта даярдап койгон ашына кол тийбей, ошол боюнча турганын көрдү.

– Эчтеме жебепсиң го, – деди, ал аялуу.

– Жей албай койдум, – деди күйөөсү.

– Жарым стакан чай менен иштей албайсың го...

Эркек аялынан көздөрүн ала качты.

– Үйгө суу киргизе албай койдук, – деди саамдан кийин, – карачы, суу ташыйм деп атып жаның чыкканы калды. Кантип иштебей коём, кыздын курсунун акчасын төлөө керек, телевизордун кредити, ашкананын эмерегинин... Барбасам болмок беле?

Эркек кыжына түшүп, демин басты. Чоочун үйгө барганда эле эжесинин тагдыры кызынын башына түшпөйт деп ким кепил боло алат. Мейли эркелесин атасынын төрүндө. Ага деп жүз лира берди. Анан аялынын жардамы менен чоң базар себетин аркасына көтөрдү да үйдөн чыкты.

Артында себети барда автобустар да, маршруткалар да алчу эмес. Базар канчалык алыс болсо деле жөө барууга мажбур болчу. Кудайдан болуп бүгүн бара турган базары жакын эле. Дышкапы базарынын базар деген эле аты болбосо үйүнүн эле түбү деп койсо болот.

Эркек кызын ойлонуп баратты. Аябай эле аны эркелетип жаткан жокпу?

Машинисткалардын курсуна жазылгандан баштап акча короткону көбөйдү. Эмне десең, курбуларынын арасынан уялып аткан имиш, кийим... Курбулары менен жолугат экен, акча... Бир жакка кыдырууга барышат экен, акча... Акча, акча... Бул кыз акчанын кантип табылып атканын билбейби, ыя? Мейли, акчасы курусун.

www.bizdin.kg


Башы аман, таап атат, кызы бар экен, коротуп атат, эчтеке эмес. Баарынан да жаагын жанып телефон менен сүйлөшүүлөрү, үйдүн иштерине кайдыгерлиги, жасанып-боёнуулары, жалдырап ойлонуп отура берүүсү, телевизордон кинолорду көрүп атып ыйлагандары… Апасы, балким, байкабай аткан чыгар, бирок атасынын көзүнө булар дароо эле урунчу. Кызы курска бара баштагандан бери таптакыр өзгөрүп кетти. Чынында кызына жөн жеринен сарсанаа болуп аткан жок. Кеч болуп, өкүнүп калышын каалабайт эле.

«Курска болсо жаздырдым, бирок аны түшкө чейин уктасын, боёнсун, ойносун, күлсүн деп жаздырган жокмун да. Чоң окуудан окута албай калдым, жок дегенде машинке басканды үйрөнүп алсын дегеним да. Эртең эмне болуп кетерибизди кайдан билебиз. Иштеши керек болуп калса, колунда бир өнөрү болсун дедим. Жаман кылдымбы?»

Кечинде келгенде кызы менен сөзсүз сүйлөшүүнү чечти, он жетиге карап калды. Сөздү түшүнө турган жашка келди го. Өзүн дагы, үйбүлөсүн дагы ойлоно турган учуру. Балким өзүн да, атасын да уят кыла турган бир нерсе кылсачы… Тизгинин тартып койбосо болбойт.

Тез эле базарга жетип келгенин байкабай калды. Жаңы эле соода башталып жаткан экен. Мындайда иш көп болбойт. Ооруқананы базардан бөлүп турган дубалдын түбүнө көчүк басты. Жөө басканына кичине көңүлү ачылгансып калыптыр. Тамекисин күйгүздү, бирок тарта албай койду, ыргытып жиберди.

Айылы эсине түштү. Эки өгүзү, өзгөнүн көзүн каратпаган талаасы, эшеги, үю, он чакты кою бар эле. Жапжакшынакай жашашчу. Аялычы, аялы? Бар нерсенин бузулганына ошол күнөөлүү… «Анкара» деп эле көгөрүп калды го. Эчтемени уккусу келбейт, «Анкарадан башка жакка барбайбыз» дегенден башка. Кыздар чоңойгондо эрге тийишет имиш, эркек бала болбогон соң, топурагыңа мураскор болмок беле, кыштактын каарын эмнеге тартат экен? Анкарада турмуш жеңил өңдөнүп… Анкарада кайгы жок, капа жок имиш. Аялын эч көндүрө албады. Акыры мунун артында да бир жакшылык бардыр деп болгон нерсесинин баарын сатып, Анкарага келип, барак үй сатып алышкан… Колунан эчтеме келбесе, буга ким жумуш берет да, ким эле нанын бере койсун? Хамалдыктан башка айла калган жок. Жашылча, жемиш жүктөгөн жерде бир топко иштеди. Карып, оор жүктөрдү көтөрө албай калгандыктан базарга гана хамал болуп калды.

Базарда эл көбөйө баштады.

Ордунан турду. Мээси дагы эле лукулдап атты, башы айланып, кускусу келет. Дубалга жөлөнүп бир аз турду. Анан алсыз басып: «Бош хамал!.. Бош хамал!» – деп кыйкырып базардын ичине кирди. Ден соолугу ордунда болбосо да, иши оңтоюнан чыкты. Алгачкы кардарын дароо тапты. Аны жеткирип, кайтып келгиче дагы бир жүк даяр экен. Кайра

www.bizdin.kg



келди, үчүнчү жүк… Ырас, колу ачык аялдарга туш келиптир, жакшы акча тапты. Тердеп чыкты, тердегенде ичтейи ачыла түшкөнсүдү. Ашказаны куру болгондуктан, өзөгү үзүлө жаздап турду, мээсинин лукулдаганы бир аз басылгансыды. «Иштеген сайын жаным жай алып атат» – деп ойлоп койду ичинен. Ашказанына бирдеме барса дагы жакшы болуп калам го деп ойлоду. Котлет саткан Сейярга барды. Чейрек нандын ортосуна пиязы көп котлет салдырып жеп алды. Жанындагыдан чай алып ичти. «Бүттү, – деди, – өзөк жалгадык. Эми базар тараганча иштей алам…» Тамекисин күйгүздү.

Базардын кайнаган жеринен кийим-кечеси таза, сулуусымак бир киши колунан кармап токтотуп калды.

– Тайке, бошсуңбу?

– Ии… Бошмун.

– Мобуреки жакта 5 мүшөк ун бар. Жүз метр нары жакка жеткириш керек. Жүрү, элүү лира берем.

Элүү лира жакшы акча эле. Бирок мүшөктөр кеминде эле элүү килден болот. Көтөрө алар бекен? Уят болуп калсачы…

Жалдаган киши акчасын аз деп атат го деп ойлоп калдыбы:

– Жетимиш лира болсун, – деди. – Алыс деле эмес. Бияктан тиякка…

– Мейли, байкеси, – деди хамал ойлонбостон.

Ал кишинин артынан ээрчий басты. Дүң соода кылган жерге барышты. Артындагы себетти түшүрүп, «быссымылда» деди да, беш мүшөктүн биринчисин артына көтөрдү. Кайрадан тиги кишини ээрчий басты. Көп өткөн жок, шишкебек менен пиде[1] саткан кенен кафеге келишти. Тиги киши жертөлөгө кеткен тепкичтерди көрсөтүп:

– Ылдыйга түшүр, – деди. – Каякка коёруңду көрсөтүп коюшат.

Хамал айткан жерге мүшөктү таштап чыгып келе жатып кафенин ичин бир карап өттү. Аялдар, эркектер, эрди-катындар, кыздар… Кафе оозуна чейин толо экен. Кээ бирөө ууртун чулчуйтуп жеп жатат, кай бирөөлөрү заказ кылган шишкебектери менен пиделерин күтүп отурушат, кээ бирөөсү кеткенге камданып эсеп сурайт. Ага бир аз мурун иш берген киши барып кассага отурду. «Бул жердин чоңу го…»

Бешинчи мүшөккө келгенде хамалдын тизелери титирей баштады. Бир бурчка отуруп беш мүнөт эс алып алууну ойлоп кетти. Ууртторын толтуруп пиде, шишкебек жеп жаткан кишилердин элестери келе калды көз алдына. Дароо эс алгандан баш тартты. Ишин бүтүргөн соң кафеде отуруп эс алууну, анан бир «Адана шишкебегин» жегиси келип кетти. «Кекиртек, кыйла жерге секиртет» – дейт эмеспи. Тамак жегиси келсе эмне кылмак эле анан?..

---

[1] *Пиде* – түрк көмөчүнүн бир түрү, «түрк пиццасы».

www.bizdin.kg



Дүкөнчү жардамчысы экөөлөп акыркы мүшөктү хамалдын аркасына коюп беришти. Тышка чыга электе эле алы кетип кыйнала баштады. Мүшөк оорлошуп кеткенби, эмне балээ? Тимеле мүшөктөн экөөнү жүктөп салгандай...

Чынында мүшөк мурдагы эле мүшөктөрдөй болчу, бирок хамалдын кубаты кетип калган. Намыстанганынан таштап ийе албады. Эптеп басты. Тизелери титиреген сайын, буттары чалыштап, бирде алдыга темтеңдеп, бирде капталдап, сендиректей баштады. Жыгылбайын деп араң эле басып баратты. Ушул мүшөктү эле жеткирип келсе, столго отурмак да, тамекисин күйгүзүп: «Официант, бир «Адана», ачуураак болсун...» демек.Ууртун толтура жеп бүткөн соң, кассага барып: «Акеси, аласа-бересем барбы...» – деп сурамак. Бир «Адана» жетимиш лирадан ашпаса керек...

Тамтаңдап баратып, бирөөнү сүзүп алды, тилдеген үн чыкты. Андан өтүп үч кадам нары шилтери менен дагы бир кишини жөөлөп кетти, аны катуураак сүзүп алды окшойт, аз эле жерден жыгылып кала жаздады. Сөгүнүп-сагынган үн угулду. Болгон күчүн, эсидартын жыгылып кетпөө үчүн үрөп атты. Жолду караганга да чамасы жок эле. «Көр болуп калышыппы, өздөрү карашсын...»

Анын шишкебек жегиси келбей калды. Ушунча кыйналып тапкан акчасын эки чайнам этке короткусу келбеди. Ачуураак «Адана шишкебегинин» ордуна котлет жесе деле болот. Кечинде үйүнө барарда жарым кило фарш алат да, аялына: «Айымча, Эймирли, мына сага фарш алып келдим. Ачуураак кылып котлет жасай салчы...» – дейт. Сыртта жалгыз кекиртегин тойгузгандан көрө, үйүндө аялы, кызы менен чогуу жеген жакшы эмеспи. Ушунткени туура да.

Аялынын таң эрте айткандары эсине түштү. «Кызыбыздын кимдерге жолукканын билбейм. Азыр ким билсин анын кайсы кинодо жүргөнүн?..»

Хамалдын жаны кыйналып кетти. «Кыз баланы мынчалык бош кармагандын аягы жакшы болбойт. Ким менен жолугуп атат, каякка барып атат сураш керек, караш керек. Эртең ал бирдеме болсо, бизге эле түшкөн түйшүк да. Эң негизгиси кызды тыюу керек. Үйдөн курска, курстан чыгып үйгө түз келсин... Беш мүнөт кечиктиби, сураш керек...»

Аңгычакты эркек шишкебек саткан жердин алдына келип калыптыр, жүгүнөн арыларына аз калган. Алдыда бир кыз жигит кыналашып, баштарын ийиндерине жөлөшүп, белдеринен кучакташа, шашпай кетип баратышкан. Жигит тиги кызга түшкү тамак алып берейин десе керек. Анча деле ач эмеспи, же жолун узарткылары келишкенби каалгый басышат. Хамал алардай жайбаракат сейилдеп жүргөн жок да... Аларды буйтап өтүп, кафеге эртерээк кирейин деп ашыкты. Анан эмне болуп кеткенин өзү да билбей калды. Буттары бирдемеге чалына түштүбү, же көзү караңгылай түштүбү, балким,

www.bizdin.kg


бирөө артынан түртүп жибердиби биле албады. Кудай көрсөтпөсүн! Капысынан алдыга ашып, өтүп кетейин деген жаштарды жөөлөп барып алар менен чогуу кулап кетти. Алапайын таппай ыргып турду. Үстү-башын оңдонуп, тигилерден кечирим сурайын дегенче болбой эле, кыздын сумкасы башына келип катуу тийди.

– Көзүңдү карабайсыңбы, акмак чал!..

Бул, ачуулуу сөздөр ага жакшы тааныш болчу. Ар дайым угуп жүргөн, болгондо да эң жакын адамынын – кызынын үнү эле!

Башын шарт буруп кызы менен тиктеше түштү. Ал сумкасы менен дагы бир жолу чапканга даярданып калыптыр. Хамал не кылмак эле, мейли, деп көздөрүн жума салып күтүп калды. Сокку кайталанган жок. Ал ошондо өз башынын талкаланышын, турган жеринде мүрт кетүүсүн кудайдан тилеп турган эле.

Качан көздөрүн ачканда оозун аңырайта өзүн тиктеп турган эки кишиден башка жанында эч ким жок болучу. Тигилер кайдадыр житип кетишиптир...

Ал күнү кечинде хамалдын кызы үйүнө келген жок.

Түрк тилинен которгон **ШААЗАТ**

www.bizdin.kg



*«Арча - 2013» конкурсуна*

**ЖЕТИГЕН**

# КЫТАЙ КЛАССИКАЛЫК ПОЭЗИЯСЫНАН

## ГУАНЬ ХАНЬ-ЦИН (1240–1310)

### Жаз

*Кукук сайрайт алыс жактан кайгырып,*
*Калбадымбы мен өзүңдөн айрылып.*
*Тагдыр буйруп жолукпадык экөөбүз,*
*Жаз келсе да мурдагыдай кайрылып.*

*Күндөр өтсө барган сайын узарып,*
*Күчөп барат көөдөндөгү кусалык.*
*Жалбырактар жерге түшүп бириксе,*
*Биз алыстап, эки жакка узадык.*

*Каздар кайтып, түнөктөрү буюрду,*
*Кабар эми келбечүдөй туюлду.*
*Эки-экиден учат чабалекейлер,*
*Аны көрүп көздөн жашым куюлду.*

### Жай

*Баштан аяк каптап алган муң, кайгы,*
*Четте жүргөн адам муну түйбайбы.*

www.bizdin.kg



*Түбөлүккө ал ыраакта калабы,*
*Аттын башын үйдү карай бурбайбы?*

*Терезени тиктей берип карыктым,*
*Өңдөн азып, сөксөөл сымал арыкмын.*
*Ойлой берем такыр тыным албастан,*
*Өзүң үчүн түнүндө да жарыкмын.*

*Сулуулук жок бүт денеге таралган,*
*Ылдамдык жок алыска тез баралган.*
*Боёштун да кереги жок, себеби*
*Капкара каш аппак кардай агарган.*

## Күз

*Шамал улуп, бүтпөчүдөй көрүнөт,*
*Күзгү жамгыр тыным албай төгүлөт.*
*Бузган үчүн жамгыр, шамал уйкусун,*
*Чэнь-бо кечил күйпөлөктөп сөгүнөт.*

*Тор ичинде бир топ балык тыгылат,*
*Куса болуп, көздөн жашым сыгылат.*
*Айлана суук, теребелде кез-кезде,*
*Чегирткенин чырылдагы угулат.*

*Шамал улуп, жамгыр аны турду улап,*
*Капкара түн басып калды түнжурап.*
*Түнү бою тыным албай бир паска,*
*Жамгыр төгөт жалбыракты ургулап.*

## Кыш

*Кар жаап жатат эч нерседен жазганбай,*
*Дарбазаны жаап калды шашкандай.*
*Теребелде көрүнүшпөйт адамдар,*
*Көкүрөктү оордук менен баскандай.*

*Ылдамдыгын басаңдатып суу дагы,*
*Токтой түшкөн токойлордун чуулдагы.*
*Дарыянын жээгиндеги жайнаган,*
*Роза гүлдүн бүт бардыгы куурады.*

www.bizdin.kg


*Көркөмдүктөн бүт теребел кур калган,*
*Кишилер жок жүздөрүн бүт нур чалган.*
*Кимдир бирөө терезеде телмирет,*
*Бүт денеси кусалыкка курчалган.*

## ГАО ЦЗИ (1336–1374)

### Үйгө кат жаздым

*Кат жазамын үйдү ойлоп,*
*Кайра-кайра оңдоймун.*
*Алыс жолдо жоголот – деп,*
*Кат тагдырын ойлоймун.*

*Мени ойлоп кайгырбасын,*
*Кетпесин деп көңүлгө.*
*Жазган жокмун жүрөктү эзген,*
*Кусалыгым жөнүндө.*

### Үйдөн кат алдым

*Туугандардан кат келиптир,*
*Ачып окуй элекмин.*
*Капалыгым тарап, демек,*
*Мен аларга керекмин.*

*Күңүрт шамда мөөрдү көрдүм,*
*Ойлободум ачууну.*
*«Үйдө тынчтык, бейпил» деген,*
*Окудум мен жазууну.*

## ХЭ ЦЗИН-МИН (1463–1521)

### Чанъань

*Ак булуттар каалгып алга жылышат,*
*Көк тиреген мунарада турамын.*
*Канат кагып Чанъань жактан келишкен,*
*Ак куулардан туулган жерди сурадым.*

www.bizdin.kg



## ВАН ТИНСЯН (1474–1544)

### Алгач жолу ак чачтарым көрүндү

*Күндөн күнгө азап тартып*
*чаңдан жана шамалдан,*
*Кайгы-капа курчап алып*
*карабапмын өңүмдү.*
*Жылдар өтүп, эртең менен*
*карап көрсөм күзгүдөн,*
*Ак кар сымал кыроо баскан*
*ак чачтарым көрүндү.*

### Байыркы коргон

*Бул коргонду шыбак басып калыптыр,*
*Жүргөндөр жок мурдагыдай топурап.*
*Унутулган мүрзө үстүндө бейкапар,*
*Картаң карга көзүн жумуп отурат.*

*Билсең дагы сөөгү сөпөт болгонун,*
*Айласыздан түркүн ойго батасың.*
*Мунун баарын сезсең дагы негедир,*
*Капалыктын кермек даамын татасың.*

## ДАО ЮАНЬ (XVII кылым)

### Эрте жаздагы кара өрүк

*Суукка тоңгон дарактардын,*
*Жайыла элек кучагы.*
*Бирок кызык, бүр байлаптыр,*
*Түштүк жакта бутагы.*

*Дарыядан көрүнүүдө,*
*Жыпар жыттын сүзгөнү.*
*Жылып барат көлөкөлөр,*
*Түркүн, түркүн түстөгү.*

www.bizdin.kg



## ЦЗУН ЛУНЬ (XVIII кылым)

### Сапардагы ойлор

*Чыгыштагы У жеринин,*
*Алыстыгын байкадым.*
*Билбей турам өзүм дагы,*
*Үйгө качан кайтамын.*

*Кара өрүктөр дагы гүлдөп,*
*Көңүлүмө толуптур.*
*Чет жакада жүргөнүмө,*
*Толук бир жыл болуптур.*

## ЧЖАН ЛЭЙ (1054–1114)

***«Эстеп сени кайгырдым,***
***Келет артка кайрылгым».***

### Жамгырда дубалга жазамын

*Гуачжоу жергесине токтодук,*
*Быйыл дагы ошол күнкү жайында.*
*Мейман түшүп, узун жибин кайыктын,*
*Бек байлады шуудураган кайыңга.*

*Ак чач адам улутунган кез-кезде,*
*Чарчабастан жердин түбүн кыдырат.*
*Жыл жылыптыр, ыраакы жерде кайрадан,*
*Тынбай жааган жамгыр үнү угулат.*

## СЮЙ ЧЖЭНЬЦИН (1479–1511)

### Жазгы ойлор

*Баткан күндүн эң акыркы нурлары,*
*Түркүн түстө сууга келип чагылат.*

www.bizdin.kg


*Досун карап, жашын төккөн жолоочу,*
*Өткөндөрдү эстеп алып сагынат.*

*Жашыл тарткан мажүрүм тал катары,*
*Орун алган Чу ордонун жанынан.*
*Өз үйүнө кайтып келген адамдын,*
*Тосуп чыкпайт кебездери алдынан.*

## Цзишуй дайрасында жазылган

*Эки жылдан бери күзгү майрамды,*
*Үйдөн алыс бөтөн жерде тосомун.*
*Цзишуйда сүзгөн жалгыз кайыкка,*
*Миңдеген ли жерден колду созомун.*

*Жалгыз турган сары гүлдү карадым,*
*«Достору» жок мурдагыдай жайнаган.*
*Эртең болсо «кош тогуздук» майрамын,*
*Мекенимде майрамдашат кайрадан.*

# СЮЙ БАН-ЦАЙ (XVI кылым)

## Бяньхэ дайрасындагы суук тан жүдөдүм

*Короо-сарай күңүрт жарык,*
*Эстеп сени кайгырдым.*
*Өтө узак жол бассам да,*
*Келет артка кайрылгым.*

*Бирде жамгыр, бирде кар жаап,*
*Табигат миң кубулат.*
*Үч дайрада саз илдети,*
*бар деген кеп угулат.*

www.bizdin.kg



## ЛИ ПАНЬ-ЛУН (1514–1570)

### Пинлян

*Жаз мезгили, күн кеч кирди,*
*теребелде бейпилдик,*
*Баткан күндүн шоолалары*
*горизонтко кошулат.*
*Түндүк-батыш тарабында,*
*Пинляндын артында,*
*Көз жетпеген чексиз талаа*
*тээ алыска созулат.*

*Түркүн чөптөр жапырылган*
*туягынан тулпардын,*
*Көчмөндөрдүн өткөн жери*
*кантип көздү куйгузбөйт.*
*Ушул жерде падышанын*
*элчиси да, уулу да*
*Эч убакта катуу айтып,*
*элге бийлик жүргүзбөйт.*

*Кара туман сымал, бирок*
*жер жайнаган тулпарлар,*
*Хань жеринен сызып келип*
*бир-биринен озушат.*
*Калтаарыбай цинь жоокерлер*
*жер жаңырта кыйкырып,*
*Алды жакта келе жаткан*
*көчмөндөрдү тосушат.*

*Жоокерлерге кошулсам ээ*
*баатырдыкты көргөзүп,*
*Чин алсам деп мен өзүмчө*
*кыялдарга батамын.*
*Өмүр бою чарчабастан*
*китеп тиктеп отуруп,*
*Жаңы жааган кардай болуп*
*агарыптыр сакалым.*

www.bizdin.kg



## ХАНЬ СЯ (1644-жылдар)

### Каздардын үнүн угуп

*Бир үйүр каз сүзүп жүрөт*
*шамалды эч сезбестен,*
*Ортосунда дарыянын*
*агып жаткан сай жарып.*
*Катуу суукту тоготпостон*
*каздар катуу каркылдайт,*
*Жерге түшкөн ийне дагы*
*көрүнчүдөй Ай жарык.*

*Кайгы баскан жолоочу да*
*көңүл буруп үндөргө,*
*Биз азырак жумшарганын*
*дароо эле байкадым.*
*Менин ишим жакшы жүрүп*
*жаткандыгын үйүмө,*
*Ким аркылуу билдиремин,*
*ким аркылуу айтамын.*

## ЛЮЦЗИ-ХУЭЙ (1101–1147)

### Көл үстүндө жааган жаан

*Нөшөр төктү бирөөгө да эскертпей,*
*Шамал согот алга карай шашылып.*
*Көп өтпөстөн булуттардан күн чыкты,*
*Теребел тынч, түркүн үндөр басылып.*

## ШИ У (XVIII кылым)

### Топтолушкан каргалар

*Эртең менен күн чыкканда –*
*топтолушкан каргалар,*
*Кеч киргенде, күн батканда –*
*топтолушкан каргалар.*

www.bizdin.kg



*Карт каргалар каркылдашат*
*ошол болуп эрмеги,*
*Сапар алган жолоочу да*
*кайра кайтып келбеди.*

## ЮАНЬ ХАО-ВЭНЬ (1190–1257)

### Отургуздум карагай

*Жүз тыйынга сатып алдым*
*карагайдын көчөтүн,*
*Жерди казып отургуздум*
*күнгө таштап төбөсүн.*
*Жерди абдан жумшарттым да,*
*мөлтүр кашка суу куйдум,*
*Тосуп койдум баспасын – деп,*
*кош туягы кой-уйдун.*

*Күндө келип суктанамын, түспөлүнө көгөргөн,*
*Сезилет ал уулум сымал жаңы гана төрөлгөн.*
*Өткөн түнкү көргөн түштө кыялдандым баладай,*
*Көк тиреген дарак болуп, желге ыргалат карагай.*

*Булут менен тоону тиреп, бийик өскөн сурданып,*
*Киши өтө алгыз болгон бутактары чырмалып.*
*Ай ойготту капысынан дароо жеттим көчөткө,*
*Мурдагыдай кичинекей баягы эле түспөлдө.*

*Улутунуп, оор дем алдым ичим күйүп өткөнгө,*
*Канча жылдар керектелет көктү тиреп өскөнгө?*
*Урматтаган коңшум келип күлүп мындай дебеспи:*
*«Дарак такыр өспөй турган бир күн болбойт эмеспи.*

*Эсиңдеби, көк жээктеги талдын гүлдү төккөнүн,*
*Көрбөдүкпү ошол дарак жүздөгөн чи[1] өскөнүн!*
*Шашпа мырза, бардык нерсе өсө берет көкөлөп,*
*Төрт деңиздин ортосунда мезгил баарын көтөрөт».*

[1] *чи* – узундуктун чен-өлчөмү, 30 сантиметрге жакын.



## Белек СОЛТОНОЕВ
### (1878–1938)

*Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Экинчи Жантай айылында туулган. Кедей үй-бүлөдөн. Караколдо 3 ай орус мектебинде окуп, 1894-жылы Атаке болуштугуна катчы, 1916-жылы болуш шайланган. 1916-жылы үркүндө Кытайга барып, 1917-жылы кайтып келген. 1924-жылга чейин Түндүк Кыргызстанда элдин сабатсыздыгын жоюу уюмдарында иштеп, 1924-жылы үркүндөн кайтпай калган кыргыздарга көмөктөшүү үчүн Чыгыш Түркстанда (Кулжа ш.) болуп, кыргыздардын тарыхы боюнча маалыматтарды чогулткан. Жыйынтыгында, «Кызыл кыргыз тарыхы» (башка аты «Кыргыз-казак тарыхы») аттуу негизги эмгегин жараткан.*

*1938-жылы жазыксыз жерден сталиндик зулум «машинанын» курмандыгы болгон.*

*Улуу тарыхчынын туулганына 135 жыл*

# «КЫЗЫЛ КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ» КИТЕБИНЕН

## Манастын кыргыз болмогуна чоң далил

Манастын 40 жигити болгон, кыргыздан башка улутта 40 жигит жыюу расими жок. Тарыхтарда 40 усун (кыргыздын түбү) кытайдан 40 кыз алып, андан таралган кыргыз деген. Кыргызда 40 жигит күтмөк, балким, ошол 40 усундан башталар. Кыскасы, ошондон бери келе жаткан адеп чыгар. Балким, 40 жигит жыюу усундан гана башталбастан, андан нары жагынан башталган расим болор. 40 усун жүрө-жүрө кыскартылып, 40-ус (кытайлар бир заманда усунду – усе деген) делип, андан кыркыс деп, тил мыйзамы боюнча жумшак жагына оодарып, акырында кыргыз аталуу мүмкүн. Балким, ушул кытайдан 40 кыз алгандар 40 чоронун өзү, баштыгы Манас болор.

Орус оторчусуна карабастан, кыргыз баатырлары ата-бабабыздан келе жаткан адет деп 40 жигит жыйган, 40 жигит жыюу, тогуздап эсеп кылуу расим кыргызда эң эски байыртан бери келе жаткан адеттен саналат.

Эски кытайлардын тилинде усун коосун аталган, бул терминге караганда, кыргыз «40 коосундан кыскартылып «40 кос» – кыркыс – кыргыз делип кетмеги этимал.

www.bizdin.kg



Тарыхта «40 гун» деген термин бар, кара кытай тилинде хоосун – бекем деген сөз. Чоро деген терминди текшергенде 732-жылында кыргыз каканынын «йинанчу-тардош-чор» деген бир вазири түрк каканы Билге хандын өлүгүн азалап кайгысына келген; ушул «чор» деген термин, албетте, чоро деген сөздөн болуу керек.

Манастын Семетей деген баласынын Канчоро, Күлчоро деген эки баатыр чоролору болгон.

Хото таймыр жазуунда «Күл-чур тардуш» деген сөз бар, бул кабарга караганда, «Күл чоро» деген термин эң эски замандан келе жаткан болот. Илгертен кыргыздын манаптары, феодалдары, баатырлары, байлары ашта, тойдо, жыйында болсун дайым Манас, Семетейди ырдатып, өбөлгөсүнө жанында жүргөн кембагал, кедей жалгыз аттуу жолдошунун атын жыгып берип, ал кедейди ээрин көтөртүп, далаага жөө калтыруучу жана ал кан соргучтардын өзүнчө манасчы, семетейчи ырчылары болгон. Маселен, солто феодалы Түлөбердинин Нооруз деген ырчысы Төрөгелдинин (сарыбагыш кыргызы) Айтике деген ырчысы жана сарыбагыш кыргызынан Ниязбек менен Ормон феодалдары, Музооке жана Келдибек деген ырчылары болгон. Ал феодалдар менин ырчым жакшы ырдайт, анын ырчысы жаман ырдайт дешип эрегишип, ал ырчыларды айттырып, жеңгенине кедейден, букарадан тогуздап эрксиз мал алып берген. Ал ырчылар өз манаптарын, анын уругун, элин өткөрө мактап, жок жерден эрлик кылдырып «кыпынды үйдөй, кылды тоодой» көрсөтүп ырдаган. Маселен, 1820-жылы чамасында кайсы кыргыздан экени маалым эмес, бир ырчы сарыбагыш кыргызынан Тынай уругунан болгон манап, феодал өз манабына кошомат кылып, Таштанбек жок жерде аны мындай деп кордоп ырдаган:

*«Таштанбектин түндүгүн*
*Ай балталап бузганбыз,*
*Төрдөн сүйрөп ак кызын*
*ак билектен алганбыз», –*

деп. Бир кезде Таштанбек жигиттери менен Чүй району Чоң-Кеминден келе жатканда, баягы ырчы бир жылкы коштоп Кашка-Жол деген ашуунун Чүй багытындагы беттен алдынан чыккан, муну Таштанбек залым көрүп, моюнунан чылбыры менен чийге байлаттырып коюп, мылтык менен өзүн атып өлтүргөн. Сарыбагыш кыргызы Эсенгул уруусунан феодал манаптар Музооке деген ырчыны талашып, акырында аны өлтүрмөкчү болгон, мунун тарыхы мындан соң толгондо айтылат. Буга караганда ырчылар Манасты жалганынан өтө апыртып, мактап айткан болоор.

www.bizdin.kg



«Манас» деген баатыр болгон. Манас тууралуу бүткүл ырчылардын берген характеристикасы төмөнкү:

- Манастын туулганы;
- Манас туулган соң, Алтайдан Таласка көчүп келгени, кээ бир ырчылар Манас Таласта туулган дешет;
- 40 чорону жыйганы;
- Каныкейди – катынын алганы;
- Көзкамандын (жакын тууганы) Манасты өлтүрмөкчү аракети;
- Алмамбеттин келгени;
- Чүрчүт, Олок, Кызылбаш, Ooган менен согушу;
- Кыз Сайкал (Нойгут) менен согушу;
- Көкөтөйдүн ашы;
- Чоң чабуул;
- Бежинден жаралуу болуп келип өлгөнү;
- Каныкейдин Манаска күмбөз салдырганы.

Майда жана башка урушу болгон, аны ырчылар тарабынан кандайча ким менен болгон окуясын эшитпедим. Бир кабарда өзү тирүү чагында Манас күмбөзүн өзү Каныкейди башына коюп салдырган. Мына Манастын баш-баш тарыхтары жана дооруктары ушул.

**Менин токтомум:**

Биздин эра (Иса туулбастан) 210-жыл мурун кыргыз (Гян гун) мамлекети «Гун» түрктөрүнөн жеңил тарагандан баштап, 15-кылымдын башына жете эки ортодо могол, түрк тукумунан, көбүнчө кыргыз, казак, кыпчак, ууз, өзүбек, татар, могол, сарыногойдон чыккан Манас деген баатыр болгондугуна, эгерде аты Манас болбосо атагы болуп, Алтай менен Орто Азиянын биринен чыккан кыраан экендигине эч шек жок. Башка түрк моголдон эмес, Манас кыргыз насилинен деп көзүп айтуу мүмкүн эмес. Эгерде кыргыздан болбосо, кыпчак кыргызынан болмогу этимал жана журт карыялары Манасты кыпчак уруусунан дешкен жана Манасты балан заманда өткөн деп бир заманды далдап көрсөтүү азырында мүмкүн эмес. Бул талаш тарыхый туюк маселени келээр заманда тарыхчылар жана билимге умтулган жаштар билим аркасында, албетте, чечет. Демек, Манас адабияты азырынча бир улутка арналбастан, эл ортосундагы үлөшүлбөгөн талаш энчиси. Манастын күмбөзүнө жазылган жазуусунан менин колумда сакталган надписи копия алгандар:

- 1928-жылы кышында Прунзе шаарында – башкурт, Муптаков.
- 1934-ж. 20-июлда Прунзе шаарында – профессор Поливанов.

www.bizdin.kg



## Музооке ырчы (манасчы)

XIX кылымдын башында саяк кыргызынан койдуулат уругунан Музооке деген атактуу манасчы болуп, аны Манасты жакшы айтканына кубанып, сарыбагыш кыргызынан Эсенгул феодалдын тукуму ырчы кылып алмакка ар кимиси талашканда, Музооке Ниязбек феодалдын тукумуна оодарылып кеткенде, ага ичи күйүп жакын туугандары уруш чыгарып, жаралуу болуп, төшөктө жатканда мындай көпкөн элдин ичинде кайдан келдим деп ыйлаганы:

*Кайдан келдим саяктан,*
*Кутулбадым таяктан.*
*Кайдан келдим Жумгалдан,*
*Кутулбадым жумгандан.*
*Кайдан келдим Кочкордон,*
*Кутулбадым чочмордон.*
*Чий боорсок салды ашыма,*
*Арам сийдик Маңытай*
*Чапты башыма, – деген.*

Музооке жарасынан өлө турган эмес, бир ай-эки айда айыгып кетүү мүмкүн деген сөздү угуп, Музоокени талашып уруш чыгарган. Маңытай барып Музоокенин башындагы жарасын көрүмүш болуп, мээсинин тушу катуу жаралуу дейт. Мээсин ушуну менен чыгара сайып өлтүргүн деп колуна табылгадан ийик сап берип бир кемпирди жиберген. Кемпир ийик сапты жеңине катып алып, Музоокеникине келген, аны орто жолдо жаткан Музооке билип ырдаган:

*Ниязбектин Сегизбек,*
*Телегейи тегиз бек.*
*Босогосу болот бек,*
*Болуп турган Ниязбек.*
*Ормон, Субан ода бек.*
*Бердикожо, Бердибек,*
*Ажы, Шатен алты бек.*
*Ырыскул бек, Кожо бек*
*Ниязбектин сегиз бек,*
*Телегейи тегиз бек*
*Тегерете ойлотуп*
*Он алты бек кимиңден корком.*

(Кичи катындан сегиз уул, баарысы он алты болгон). Кирип жаткан кишиден корком, кемпир, жанындагы шишинден корком дегенде: «Апей, көрүп койдуң беле» – деп кемпир үйдөн чыгып кеткен.

www.bizdin.kg



## Калыгул

**(Бети калдуу болгону үчүн Калыгул койгон)**

Жер жүзүндө тарыхсыз, адабиятсыз эл болбойт. Жапайы элден саналган Америка, Африка, Австралиянын топ элдеринин оозеки жана жазуу боюнча болсо да өздөрүнчө адабият жана тарыхтары болгон. Адабиятсыз, тарыхсыз эл журт катарында саналбастан, адам айбанынан эсептелип эл болуп жашай албайт, демек, жүрө-жүрө жок болот. Тарыхтарга караганда биздин эрадан 210-жыл бурун кыргыз өзүнчө зор мамлекет болуп жүргөн экен, андан бурун кандай абалда, канчалык жыл жашап келгендигин жана мамлекетин качан кураган тарыхын алигиче эч илим ээси чече элек, кыргыздын тарыхта башталып биринчи көрүнгөнү ушул. Биздин эрадан 210-жыл бурунтан бери кыргыз нечен мертен бузулуп, өз бийлик эркинен ажырап, мамлекетинен ажырап, кыргын-сүргүн ачарчылык оор күнгө капталып, быт-чыт болуп кетип, көбү жеринен ооп башка жерге барып, кубаттуу жоо душмандын өкмөтүнө карап, ондогон, жүздөгөн жылдар анын кол алдында эзилип жер жүргөндүгү канчалык уруш-талаш, кызыл кыргын, кара сүргүн болуп талкандашып нечен миңдеген азаматтарынын кандары төгүлүп, далай катын-бала, кыз-келин жоо-душмандын колуна олжого кетип, бир заманда кайтадан жыйналып нечен мертем өзүнчө мамлекет кургандыгы билинди. Бирок алардын бүткүл тарыхын так көрсөтө албастан, балким, жүздөн бирин кана айтып кетет.

Кыргыз эң эски элдин биринен болгонуна караганда, заманына жараша анын өзүнчө маданияты, жазуу тарыхы жана адабияты ошол замандагы башка адабияттуу журттан анчалык кем болбой келе жатканына, азыркы кыргыздагы илгертен айтылып келе жаткан «Манас», «Семетей», «Төштүк», «Кошой» жана «Көкөтөй» деген ырлары анык күбө.

Кыргыз түптүү эски эл болуп, эзелден ичинен өз заманына жараша акылдуу, даанышман кишилери чыккандыгы, кыргыз арасындагы эзелтен айтылып келе жаткан миңдеген лакап, сөз, макалдары, ордо упай, тогуз кумалак, дүмпүлдөк оюндары, күлүк ат, тайган, бүркүт, туйгун, шумкар таптоо, эр сайыштыруу, жамбы аттыруу ж.б. түрлүү эскиден келе жаткан кесиптери зор далил. Бул айтылган кесиптер башка улутта текши жок.

Манас, Көкөтөй, Кошой, Төштүк, Семетей жана башка ырлар, макал оюн кесибинин көбү дээрлик замандын агымына жараша далай азып-тозуп, тыткын болуп, колго түшкөн пендедей башка эл, жоо-душмандын таасирине кириптер болуп, эгерде жазуулары болсо жоголуп, чырпыгынан ажырап, сөңгөгү калган дайрадан аккан, түгөнгөн дүмүрдөй болуп соктуга-соктуга, балким, 5–10%и калган десе эч ким калп болбойт.

www.bizdin.kg



Кечээ залим Никелейдин тушунда кыргыз кедейдин бүткүл өз эркиндигинен, укугунан ажырап, жан сактоо, жер-суусу колунан кетип, бай-манап, залим жана болуштарга тиги зулумдардын пайдаланышы болуп, кедей арасынан чыккан аз билимдүү окумуштуулары биринчи ирет тасмия каражаты жоктуктан, экинчиси, өкмөт эрк бербегендиктен, эзелтен келе жаткан ырларын, расим, адеп, оюндарын жазып элге таратмак түгүл, айтууга уруксат болбогон. Кызыл жылдыз чырагы биздин мамлекетте болуп туруп, совет өкмөтү куралып, өкмөттүн өзгөрүүсү аркасында ар бир эзилген, жоголуп бара жаткан улут Карл Маркс, Ленин салган жол менен комунус жол башчылыгы аркасында кайтадан тирилип, шолордун катарында эзилген, көмүлгөн аз улут – кыргызга дагы кызыл жылдыз чырагы тийип, бүткүл жан сактоо ж.б. тиричилик жер жүзүндө анык рас, чын тартип болгон себептен социализм жолуна коё баштады. Жана өлүүгө такалып солуп бара жаткан адабияттарын тиргизди, көмүлүп бара жаткан «Манас», «Төштүк», «Кошой», «Көкөтай», «Семетей» ж.б. ырлары жыйыла баштады.

Макалдар, үлгүлүү билим сөздөр анык айтылган негизи кембагалдан жана феодалдан болсо да алар ар бир даанышмандардын, акылдуу кишилердин айткан сөзү, бирок алардын кайсы заманда жана ким тарабынан айтылгандыгы үчүн билинбеди, айтып кеткен ээси табылбады.

Көкөтөй, Төштүк, Кошой, Манас ырлары эң байыркы, эски замандан бери айтылып келе жаткан деп карыялар айтса да, 1760-жыл чамасына жете кимдин айткандыгы жана аны кайсы кылымдан баштап айтып келе жаткандыгы бизге билинбестен, бирок анын дайын болгону 1760-жылдар чамасынан баштап, кыргыз арасында кимдин айтып жүргөндүгү маалым болду. Бир улут жерин таштап, башка жерге ооп кетсе жана жоокерчилик болуп, кырылыштын соңунда чоң өзгөрүш болсо, адабият ж.б. эски расим көбүнчө унутулуп, көбүнчө өзгөрүп кетет. Ошонун бириндей кыргын XVII кылымдын ортосунда Анжиян, Алайдан өз жери аркага келип орногон. Бул качыш күн жүрүштө тентип жүрүш зардабынан тиги адабияттарды мурунтан айтып келе жаткан кишилери болсо да, анын тарыхы, атыжөнү билинбей келсе керек. Ошентип, мурунку билимдүү заманына жараша зарлоо, сөздү насият катары айткан кишилерибиздин бири түн жак кыргызда заманы көп алап атабаган үчүн XVIII кылымдын аягына жакын туулган Калыгулдун сөзү. Анын сөзү болсо да өз оозунан жазылып, кагаз үстүндө калбагандыктан, акын жана тунугу аз болуп, Калыгулдун айтканы деп, кийин кээ ырчылар сөздү өзүнөн көп кошкон жана башка бирөөнүн сөзүн аралаштырган.

www.bizdin.kg



Экинчиден, 1835–1840-жылдар чамасында туулган бугу кыргызынан Арстанбек Буйлаш уулунун зар заманы Калыгулдан кийин болгону үчүн башка ырга караганда артык жана башка сөз катышпаган. Төрдүн суусундай тунук деп айтууга болот. Бирок акын ичинде дагы бир далай сөз башка ырчылардан кошулган. Калыгулдун айткан сөзүн жазбастан туруп, анын өмүр баянынан бир аз маалымат беремин.

Оң аталган түн жак кыргыз ичи, сарбагыш уругунан букаралanып кеткен манап насилинен, Бердиштин уулу Байдан 1875-жылы жылан жылында Калыгул туулду. Атасы Бай орто чарба, чоң атасы Бердиш кедей болуп, наргы атасы Дөөлөт Сарсейит уулу, анын атасы Сертей, атасы Манап, анын атасы Дөөлөс, анан Кылжыр, анын атасы Тагай. Казак кайың саап, жеринен ообай калып, калмактан кыргыз качып Гисар, Көлөпкө жете барып, Анжиян, Алайга киргенде кошо кирип, анда бир далай жылы тентип жүрүп, өмүрүн кедейлик менен өткөргөн. Калыгул орто чарбанын баласы болгондуктан, жаш чагынан кара чарбанын артында болуп, мезгили менен эгинге киришкен. Ал заманда кыргыздын мал уурдашып, жылкы тийип, жоолашкан жоолору калмак, казак, уйгур болуп, өзбекке (кокондук) караса да, толук баш ийбеген, өз араларында ар уруктун беги, феодалы болгон. Ал феодалдар бир бирине баш ийбестен, араларынан уруш-талаш көп чыгып, букарага зор күч келип, кедей кара чарба букара зулум манаптардын толук эркинде болгон. Мал-башына ээ боло албай кул, күң катарында ошол кан, бек, манаптардын айтканынан чыкпай, айтканына көнгөн. Кара чарба букаралары көбүнчө мал кесиби менен оокат кылса да, жоокерчилик заманы болгону үчүн эгин айдоо кем болгон, айдаса да үрөндү аз тилеп, асилди көп бергендиктен, ичсе тамак жана кубаттуу, ток ичкилик – бозо болгондуктан таруу айдаган.

Кыргыздын манаптары, байлары бир гана Кашкар, Кулжадан бул алдырып кийинип пайдаланып, кембагал, кедей, жалчылары жалаң этине жай, кышы куур тон, жаки таарын кийип, тиги кан соргучтардын кызматын кылып, эл чети, жоо белинде жүрүп, душманын жоолаган. Атактуу чоң манаптары, бийлери кээ чакта тиги жалчыларынын эркегин кул, ургаачысын күң кылып, келгенге берет, калыңга алган жана байгеге сайган. Мына ушундай залымдык заманга Калыгул аралаша туулган. Жети жашка келгенде бүткүл арка кыргызына дээрлик окуу билбеген, намаз окуган Астык кыргызынан Сопу ата деген болуп, ошондон эртеңки төрт ирекет намазды окушту Калыгул үйрөнгөн.

www.bizdin.kg



## Калыгулдун кишичилик мээрбанын көрсөткөнү

Казак кайың саап, мында жеринен оодарышбай калып, кыргыз Анжиян, Алайга кирген деген сөздү жогоруда айтып өттүк эле. Анжиян, Алайдан кайта азыркы туулган жери – Талас, Чүй, Ысык-Көл, Сыртка 1755–1758-жылдар чамасында келип, бул жерден калмак кеткен соң орногон. Кыргыз келгенде Чүй өзөнү менен Ысык-Көлдүн түн жагында казактар турган. Жеринен ообаган үчүн кыргызга караганда баары да малдуу болгон. Ач-жыланңач Анжиян, Алай, ары жагы Гисар, Көлөпкө жете тарап, оокат үчүн тентип кеткен. Кыргыз чогулушуп жөөлөп-жалаңдап, арып-ачып үстүндө үйү жок, жээрге көбүнүн тамагы жок, күчтүүсү начарын талап, уурдап келишип, жерине орношкондо дагы ачка болушуп, чыдай албай казактын малын уурдап ала бергенде, казактын тынчы кетип, чыдай албастан кыргыздын жерин таштап, өз жерине көчүп түшкөн. Казактын пикири кыргызда мал калган жок деп, Ысык-Көл менен Чүй өрөөнүн ээлемекте болгон. Казактар Илеге түшсө да, кыргыздар артынан барып уурдап турган. Кээ чакта 70–100 кишиден болуп, күзүндө аттанып кетип, кышында туюк, бек жер, токой, камыш, чийге бекинип, үч-төрт аттан башкасын союп жеп, кыштан чыгып, көктөм менен жүздөгөн-миңдеген жылкы алып келип турган (маселен, солтодон Дейди менен Шапак уругу, күн туу уругу, сарбагыштан Итибас жана Кой интибас уругу жантай). Кыргыздын кордугу өтүп, тынчы кетип жүдөгөндүктөн, бир тараптан Ысык-Көл, Чүй, Таласты жердин артык жакшысы экен деп кызыгып, кыргызды сүрүп жиберип, жерин ээлемек үчүн казактын баатыры Сан Барак (Көкжал Барак, Жолду Барак, Көк жарлы Борак деп да айтылат) кыргыздан 1770-жылында кырылганы жогоруда маалым болду. Мындан соң кыргыздар казакка тынчтык бербей, уурулугун койбостон, жылкы бир четинен чаап алып турганда, казактын өтүнүчү боюнча Сары-Аркадан Абылай аттанып келип, 1776-жылында кыргызды талкалап, караткандыгы өз иретинде көрсөтүлүп өттү эле.

Абылай 1781-уй жылында өлгөн соң, аны уккан кыргыз тынч тура албастан баш көтөрүп, кайтадан казакты кыса баштаган.

Кыргыздын кордугуна чыдай албаган казактар Чанчкулу, Бердикожо баатырды баш кыла 1790-ит жылында Чүй боюнан солто Ныша баатырды өлтүрүп, солтону чаап, андан өтүп Ысык-Көл кыргызын чапмак болуп, Ысык-Көлгө барганда казакты быт-чыт кылып жеңгенде, Бердикожо өзү качып кутулган.

1792–1793-чычкан жылдарында бүткүл арка кыргызы аттанып барып, Иледе Көкүм-Булак деген жерде элин, малын чаап алып, Бердикожону өлтүргөн. Жаш баланы жаш чагынан жоо бетин көрсөтүп,

www.bizdin.kg



машыктыруу кыргызда байыртадан адет болгон себептен, 7 жашар Калыгулду жакын тууганы Эсенгул Болот уулу ала барган. Казакты аябастан өлтүрүп жатканын көрүп Калыгул: – Байке, кишини киши аябаган, боор оорубастан ушунчалык да койдон бетер кырабы? Мындайдын болорун билсем, келбейт элем деген.

Эсенгул: «Каргыш, жаагыңды бас, бала баладай болучу, башыңды жуткур!» – дегенде, Калыгул унчукпай калган.

Үстүнө келгенде, элдин кылган иши курусун деп, кара чарбанын аркасында болуп, элге аралашпастан өскөн. Катын алып үйлөнгөн соң, тамак акы, маңдай тери менен жан сактап жүргөн. Манаптардын кылыгы, иштеген зулумдугуна эң наараазы болгон. Биринчиден, кокондуктан келген соодагердин булунун пайдасын талашып, экинчиден, казак тууралуу эки арасы бузулуп (анын себеби ушул жазылып жаткан тарыхта төмөндө толук айтылат) 1815–1817-жылдары, көбүнчө 1818–1821-жылдар арасында солто менен сарбагыш кыргыздары урушуп, сарбагыш талкандалып, жеңилип быт-чыт болуп качкан.

Бул урушка кошо жүргүн деп сарбагыштар келсе, эки агайындын урушу эмес, казак, кыргыздын урушуна балалыктан баргамын, урушуңарга барбаймын, – деп Калыгул үйүндө калган дейт. Түн жак кыргызында биринчи атактуу кан соргуч, залим сарбагыш кыргызынан кан катарында болуп турган Ормон Ниязбек уулу болгон. Ормондун эл жегендигине, адилетсиздик сурагына ыраазы болбостон, 1852–1853-жылдарда Калыгул айылы менен бугу кыргызына көчүп кеткен. Ормондун өлтүрүшүнө себеп болгон Чагалдактын өлүгүн бугудан Калыгул алып көмгөн.

1854-барс жылы бугулар Ормонду өлтүргөндө Калыгул бугунун ичинде болгон себептен, аны сарбагыштар болбостон көчүрүп кеткен. Бугу менен сарбагыштын урушун каалабастан, бугудан Солтонкул бир жолдошу менен, сарбагыштан Калыгул менен Шамей чыгып, төртөө эки жагын жараштырууга чындап аракет кылса да, алы келбеген. Акыры согуш башталып кетип, саяк, бугу, сарбагыштан эң азында сен тур, мен саямын деген идердүү жигиттерден бир миңге жакын азамат өлгөн. Калыгул ырчы эмес, даанышман болгондуктан, ашка, тойго барып ырдабаган. Сөзүн көп ачылып айта бербеген. Көбүрөөк убакта унчукпай отура берген. Сөзүн макалдатып, акырын токтоолук менен акыл, насыят катарында сүйлөгөн.

Айылдын дөңүндө чогулушта, жаки үйүнө киши көп келсе, уют кылып сөз айткан. Айтор, сөзүн айтып-айтып туруп, кээ чакта өзүнчө күңгүрөшүп кетип, көпкө жете унчукпай калган. Сүйлөгөн чакта андасанда: «Ээ, ушундай эмеспи», – деп, жаки сол ийинин карап сүйлөгөн.

Калыгул элди аралабаса дагы, бийлик кылбаса да акыл адилеттигине көзү жеткен соң, кээ чакта арка кыргызы чиелешкен чоң

www.bizdin.kg



доосу болсо, Калыгулга тапшырган. Калыгул акылынын жетишкенче тууралык менен союш, пара албастан дос, тамыр, өз, жатка коркпостон, түздүк менен чечкен. Ормон бир кезде Соң-Көлдү жеке жайлап жүрөсүң деп, саяк кыргызынан канчалык жылкы (бир кабарда элүү ат) айып алган. Бул ишти жактырбастан Калыгул Ормонго айтканы:

*– Ой, иним, Ормонум,*
*Жеген менен тойбодуң.*
*Кой дегенге болбодуң,*
*Акыры сен оңбодуң.*

Өз элиңден айып алба, кайта бер, – десе, Ормон болбогон, айыбын алып жана саяктан Сагымбай манасчынын атасы Орозбак кернейчини көчүрө кеткен.

1840–1842-жылдар чамасында Ормондун бир тууганы Субандын Матай деген баласы канча киши менен аттанып келип, тынай кыргызынан жылкы тийип баратканда, тынайлар Боомдун ичи Өргө-Ташта кууп жетип, жылкыларын ажыратып, Матайды өлтүрүп кеткен. Бул себептен Эсенгул менен Тынайдын арасы бузулуп, жылкы тийишип, катуу бузула турган болгондо, Калыгулду чакыртып Ормон киши жибергенде келбеген. Экинчи чакырууда келген. Ормондун Калыгулга айтканы: – Эсенгул менен Тынай бир сарбагыш элек, Тынайлар биздин бир баланы өлтүрүп коюптур. Эки элдин арасы аңкайып бузук күндөн күнгө бара жатат. Эсенгул менен Тынай сенин тилиңден көп чыга албас. Эки элди жараштырып журт кылып койгун деген…

Калыгул тынчтыкты каалап, мээрманчылыкты ойлоп, тууралыкты санаса да аныгы эң өтө артыкча, улутчул болуп, орустун кыргыз жерине кош жаактап келе жаткандыгын жана аскер кубатынын бир баш экендигин билип, муну узун кулактан болсо да угуп, орусту жектеп, кыргыздын бийлиги манаптык колунан кетип, оруска өтөт экен деп ойлоп, илимсиз, билимсиз түркөй калк кыргыздын бай, жардыларын дайым оруска каршы үндөп турган. Кедей, жарды, бечара үчүн пайдалуу эч бир иш ойлобостон, манапты дайым баштуу болуп туруу пайдасын ар дайым ойлогон. Кедей пайдасын ойлогон түгүл карыган чагында эл-журтту эзүүчүлөрдүн маселеси Ормон кандын жардамчысы болгон, чынында бай-манап кулактардан саналып, кедей- бечаралардын укугун көздөбөгөн. Калыгул 1855-коён жылы жетимиш жашында Ысык-Көлдүн түн багыты Сазановка кыштагынын (Байсоорун) күн батыш эки ак суунун ортосунда өз ажалынан өлүп, ошол жерге коюлган. Анык кабарда сөөгү Кара-Ой, Сары-Ойго коюлган.

www.bizdin.kg



## Солтобай ырчы

Солтобай ырчы 1834-жылында туулуп, атанган ырчынын бири болуп, 84 жашында 1918-жылы Ысык-Көлдүн Жуукусунда өлгөн.

Кыргыз арасында талаш бир ыр бар: Калыгул айткан деп сарбагыш айтат, Арстанбек менен Солтобайдын бири айткан деп бугулар айткан. Менин билүүмчө Калыгул менен Солтобай айтпастан, Арстанбек айтса керек. Ыры төмөнкү:

*Эсиң ооса эчки бак,*
*Мейли чебич, мейли улак.*
*Сүтүн ичсең күлазык,*
*Эт-майы эң артык.*
*Уяң тыбыт апаппак,*
*Киер болсоң ак калпак.*
*Чөп жакшысы танбаган,*
*Көк бетеге, от шыбак.*
*Эгиндердин жакшысы,*
*Арпа болот баарыдан.*
*Эрте бышкан ар убак,*
*Ичип алсаң жармасын.*
*Талканы чың күлазык,*
*Суу атасы тоңбогон,*
*Кайнап чыккан таш булак.*
*Сөз атасы башында,*
*Кайнап турган кош булак.*
*Чапсаң күлүк минсе бек,*
*Жылкы атасы чын бурак.*
*Таап алып өмүрү,*
*Талыкпастан сылап бак.*
*Адамзаттын досу экен,*
*Ажыраба чынынан.*

*Бирде мырза, бирде кул,*
*Жакшы жаман элге чак.*
*Терең акыл, кең пейил,*
*Термелбеген элде жок.*
*Бул жакшысы мата экен,*
*Кең денеңиз мырзараак.*
*Мата чепкен Кашкардан,*
*Чыгып турат алжырап.*
*Алжыракай болсо да,*
*Бир жыл киет бозмолоп.*
*Аксом шалпар кири тон,*
*Алты ай сайын бир кийип.*
*Анан кийип таба айт,*
*Карап калат жалдырап.*
*Анан эмене киесиң.*
*Акылы жок калжырак.*

www.bizdin.kg





*Эстутум*

**Акбар**
**РЫСКУЛ**

# ШАМЧЫРАК

**Улут адабиятынын унутулган өкүлдөрүнүн бири, таланттуу жазуучу жана журналист Калыгул Токтомамбетовдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө**

## Кайран өмүр жыйырма беш!..

Адамдын өмүрдөн өткөн соң, артында эмне калат? Жарты ооз жылуу сөзбү, жарым барак көңүл айтуубу? Эмесе, «Ленинчил жаш» газетасына 1966-жылы жарыяланган, бул жаркын инсандын дүйнөдөн капилет өткөнүн кабарлаган некрологду чогуу окуйлу:

*«Үстүбүздөгү жылдын 21-ноябрында өзүнүн кызматтык милдетин аткарып жүрүп, Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин секторунун башчысы, коммунист Калыгул Токтомамбетов автомобилдик катастрофанын натыйжасында дүйнөдөн кайтты.*

*Калыгул Токтомамбетов 1941-жылы 3-июлда Кыргыз ССРинин Кемин районундагы Чым-Коргон селосунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин ал Кыргызстан мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүнө кирет.*

*Жолдош К.Токтомамбетов университетти бүтүрүп чыккандан кийин өзүнүн эмгек жолун Ысык-Көл райондук «Заря коммунизма» газетасында алгач котормочу, анан маданий турмуш бөлүмүнүн башчысы, газетанын жооптуу секретары болуу менен баштайт.*

www.bizdin.kg



*Калыгул жаш муундарды аябай сүйө турган. Алардын турмушун чагылдырган бир катар кызыктуу аңгемелери республикалык газеталарда жана журналдарда жарыяланган. Газетада иштөө менен командировкаларда болуп, жолугушкан жаштарынын кубанычына да, кайгысына да эч качан кайдыгер караган эмес, ар дайым жаштардын таламын жактаган. Көп убакыт өтпөй эле райондун комсомолецтери аны комсомолдун Ысык-Көл райкомунун, анын бюросунун мүчөлүгүнө жана «Комсомолдук прожектордун» райондук штабынын председателдигине шайлашат. 1964-жылдын сентябрь айында Калыгул КПССтин мүчөлүгүнүн кандидаттыгына кабыл алынат. Ошол эле айда жолдош Токтомамбетов Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин комсомолдук уюмдар бөлүмүнүн инструктору, ал эми 1966-жылдын июнь айында ошол бөлүмдүн секторунун башчысы болуп бекитилет.*

*Анын комсомолдук ишти терең өздөштүрүүгө кылган күчаракети, ички дүйнөсүнүн кенендиги, токтоо мүнөзү комсомолдук кызматкердин эң жакшы касиеттеринен болучу. Калыгул сектордун башчысы катары малчылардын арасында жаш чабандардын Бүткүлсоюздук биринчи слетуна даярдык көрүүдө жигердүү эмгектенип, көп иштерди аткарды жана көп иштерди максат кылып койгон эле...*

*Жаш өмүр трагедиялуу үзүлдү. Биздин жолдошубуз, досубуз Калыгул Токтомамбетов жөнүндөгү эстелик жүрөгүбүздө түбөлүккө жашайт.*

**Жолдошторунун тобу».**

Болгону ушу.

К.Токтомамбетовдун азасын тең бөлүшкөн кабарда анын өмүр жана эмгек жолунун урунттуу учурлары так жазылган. Жашоодон эрте кеткен жаш адамдын өтө кыска, бирок өтө нуска тагдыры көз алдыга тартылат. Аргасыздан ачуу күрсүнүп аласыз!..

Кантсе да, жалпы жагдайды, жаралуу тагдырды жарты барак көңүл айтууга сыйдыруу мүмкүн эмес, албетте!

Калыгул Токтомамбетов баарыдан мурда чыныгы чыгармачыл инсан катары таанылган. Өз доорунун таланттуу уулу 25 жаш өмүрүндө көркөм чыгармаларды жаратууга, демек, өз алдынча татыктуу чыйыр, ноюбас мурас калтырууга умтулган. Атаганат, дейсиң ичиңден, жаш жазуучуга бул жашоодо узагыраак убакыт буйруганда, дагы кандай талпынып, дагы кандай канат серпер эле бийикке!

Курулай сезимге алдырбай, сабыр менен акыл калчасак, К.Токтомамбетовдун өмүр жолу алакандай некролог менен чектелбейт экен. Анткени анын адабий табылгасы көп жылдар өтсө да

www.bizdin.kg


көөнөрбөй, өз барк-баасын сактап калды. Алыкулдун «Акындын эки өмүр, эки жазы бар» дегени убакыт өткөн сайын ушинтип таасын ырастала берет белем!

Жазуучунун жандүйнөсүн толугураак билем десеңиз, анын чыгармаларына кайрылып, кылдат баам салуу оң. Дал ошол чыгармаларында гана автордун көркөм дүйнөсү, кайталангыс руху, эңсеген максаты, эмнени көксөп, жашоодо кандай багытты тутунганы күзгүдөй чагылышат.

Калыгул Токтомамбетов бул жарык дүйнөдө өмүрү кыска болорун сезген сыяктуу артына жаркын из калтырып кетүүгө ашыккан. Ат жалына жармаша, үзөңгүгө аяк салып, ээрге эртелей минген. Тамга тааныган күндөн тарта колуна калем кармаганбы деген ой кетет, анткени алгачкы ыры басма сөздө 12 жашында – балакатка толо элек чагында жарык көргөн.

Ал эми жазуучулук дүйнөгө аралашып, өз жөндөмүн ачуу үчүн Калыгулга дагы 12 жылдай эле өтө кыска мөөнөт буйруган. Бар болгону 25 жылдан оодук өмүрүндө бул сейрек талант артына татыктуу мурас калтырууга үлгүргөнү улуу-кичүүнү таң калтырбай, суктандырбай койбойт. Бирок тумардай тутунган чыгармалары анын көзү тирүүсүндө өз алдынча китеп болуп жарык көрбөй, кол жазмалары саргайган барак беттеринде гана сакталып келди.

Кеч да болсо, ушул кенемтени толтуруу парз. Мындай ниет дээримде эчен ирет ойгонсо дагы, аны көп жылдар бою аткара албай жүргөнүмө өзүмдү күнөөлүүдөй сезем. Албетте, ага түрдүү себептер тоскоол болду: СССР маалында басма иши партиянын толук көзөмөлүнө алынып, аты белгисиз, анын үстүнө эрте кайтыш болгон автордун китебин чыгаруу дээрлик мүмкүн эмес эле. Эгемен заманда мен өзүм дипломатиялык ишке өтүп, он чакты жылдар чет жактарда, Ата Журттан алыста иштеп калдым.

Айтор, ар кандай шылтоо издеп, актануунун дагы зарылдыгы жоктур азыр. «Алтынды дат баспайт» деген кепке көңүл жооткото, акыры Калыгул Токтомамбетовдун чыгармаларын калкына толук кайтарып берүүгө бел байладым.

Түз сызык же чакмак барактарда, жука же калың дептер беттеринде алмончок шурудай тизилген кол жазмалар… Сабын бузбай, кыркаар тарткан тамгалар, саргайган барактар!.. Аларды канча ирет карегимден кечирдим, канча ирет кубандым, жашыдым. Окуган сайын көз алдыма көп элестер тартылып, көп таасирлер ойгонду. Арадан анча жылдар агылса да, кагаз бетине түшкөн тамгалар, «тып» эте тамган сыянын тагы өчпөйбү? «Кол жазма күйбөйт» – деп коюшат эмеспи орус жазуучулары. Ошонусу ыраспы?

www.bizdin.kg



Шурудай чачыраган кол жазмаларды четинен топтоп, бир ыңгайга келтире, компьютерге тере баштадык. Унутулган адабият темасында дипломдук иш жазган студент-филологдор, айрыкча Нурзада Сагынбаева китепканадан дилгирлик менен материал топтоду. К.Токтомамбетовду жакшы билген айрым замандаштары менен калемдештери бул демилгени колдоп, өз эскерүүлөрүн жазып беришкени мага канат байлады.

Канчалык кадалсам да, бул эскерүү макаланы жазып баштоо, ал эми баштаган соң ойдогудай аяктоо мага оңойго турган жок. Жазуучу журту жакшы билет, өзүң аралашкан, аралашмак тургай, ысык-суугуна күйүп-бышкан жагдайды, оор тагдырды дал өзүндөй адилет баяндап берүү жеңил иш эмес. Колго кармаган калемим ак барактан эчен ирет тайгылып, эчен мүдүрүлө, эчен мүшкүл тартканымды моюнга алам.

Таңкы Чолпондой жарк деп жанып, жаштайынан жалп деп өчкөн табигый талант менин шамчырагым, жарык жылдызым болчу. Калыгул – өзүмдүн аталаш агам, ооба, атам Рыскулдун карачечекей иниси эле!

Кантсе да, жарык дүйнөгө бир жаралган жакшы адамдын, жаркын талант агамдын арбагына, артында калтырган изине тооп кылуу үчүн тобокелге бел байладым. Кеч да болсо эскерүү жазып, китебин басмага тапшырууга кириштим.

Кечиккен китепти анын автору – агам Калыгул окуй албайт. Кокус кемчилигим, жаңылган-жазган жагдайларым болсо, оңдоп-түзөбөйт. Ал тургай Калыгул менен моюндаш өсүп, акка моюн сунган көптөгөн агайындары, адабият босогосун бирге аттаган замандаштары дагы бул китепти көрбөй калды, демек, алар да кеңеш бере албайт…

Аттигиң! Кыргыздын көркөм сөз өнөрүндөгү Калыгул Токтомамбетов деген жаркын таланттын өмүрү эң кыска аралыкка сыйганы гана жүрөктү эзет: «3-июль, 1941 – 21-ноябрь, 1966».

Ооба, бар болгону 25 жаш 3 ай 18 күн!..

Ошентип, агам Калыгулдун көзү тирүүсүндө көрбөй калган «От башында» китебин ойчул окурманга аманат катары кечирээк кайтарып отурам. Андагы арүү жана көркөм дүйнөнүн кудурети, кубаты тууралуу ооз толтура, озуна кеп козгобой турайын. Калың журт өзү баалап, калыс окурман өзү баа берсин.

Китебиңизди кечиктирип чыгарганым үчүн, ардагым Агам, Сизден гана кечирим сурайм, арбагыңыз наараазы эмес, ыраазы болгой, ылайым! Соңку муундар өзүңүз жаккан «От башына» келип, жылуу илебине, ысык табына жылына бергей!

www.bizdin.kg



## Балжууран дүйнө балалык

Арадан арбын жылдар агылганына байланыштуу жазуучу, акын, журналист Калыгул Токтомамбетовдун өмүрү жана чыгармачылык жолун азыр сыдыргыга салгандай так тизмектеп берүү оңойго турбайт. Аны жакшы билген агайын-тууган, жоро-жолдошторунун көбүнүн да көзү өтүп кетти. Бирок жарык жылдыздай жарк эткен таланттуу жаш адамдын – өз агамдын таржымалын толук болбосо дагы, айрым урунттуу учурларын калыбына келтирсем болчудай.

Агам Калыгулду кандайча мүнөздөсөм болот?

Көз алдыма балдар менен бала болуп жуурулушкан, кыял-дээри тунук жаш адам элестейт. Бөбөктөр этегине эрмеше ойногонун жактырып, алардын эрки менен болуп, күлүмсүрөп карап тургансыйт. Шыңга бойлуу. Жыргал энебиз айткандай «буудай өңдүү», саргыч чачын артка кайрып тараган. Баскан-турганы илбериңки, ар дайым боюна дыкат. Жүзүндөгү бир өзгөчөлүк – үстүнкү эрдинин учу бир аз чормоюңку.

Анда, 50-жылдардын ортосунда Калыгул бизге окшогон мадырабаш бөбөктөрдөн саал-паал гана кырдуу, ал эми агабыздан биз саал-паал гана кичүү экенбиз. Көрсө, болочок жазуучу өзүнүн болочок каармандары менен тил табышып, аралаш-куралаш доорон сүргөн туба!

Адеп колуна калем кармагандан дал ошол бөбөктөр үчүн тунук чыгармаларды жазган К.Токтомамбетов кийин соңу кыргыз балдар адабиятына жаңы чыйыр салып, жаркын образдарды жаратканы бекер эмес.

Эмесе, жаш калемгер Калыгулдун тили менен сүйлөйлү:

«Ал кичинекей бөбөгү менен жалпак кампанын үстүндө жанаша отуруп ойногонду жакшы көрчү. Бир сапар жаандан кийин ал күндүн желесин карап жатып, кайта кылчайса, бөбөгү тамдын жонундагы суйдаң кызгалдактарды жапырып, ылдый тоголонуп баратыптыр. Ал өлөң чөпкө түшүп, эсен-соо калды. А анын артынан удаа секирген Зияданын чыканагы чыгып кетип, ордуна туура бүткөн жок...»

К.Токтомамбетовдун «Топчулар» аттуу чакан аңгемесинен алынган бул саптар чыныгы автобиографиялык мүнөзгө ээ. «Тамдын жонундагы суйдаң кызгалдактарды жапырып, ылдый тоголонуп бараткан бөбөк» ким деп ойлойсуз? Ооба, ал – менмин! «Өлөң чөпкө түшүп, эсен-соо калган» экем, кудая тобо! Ал эми менин «артымдан удаа секирген», албетте, өспүрүм курактагы Калыгул байкем болчу!

Тактай кете турган нерсе, инисинин артынан чатырдан секирген өспүрүм дагы эч кандай жараат алган эмес. Аңгемеде айтылган Зияда – адабий каарман жана анын чыканагы сынганы да ойдон чыгарылган. Бирок ошол адабий каарманга жамаштырылган окуя агам Калыгул экөөбүздүн башыбыздан 1954-жылы же 1955-жылы

www.bizdin.kg


өтсө керек. Анткени чатырдан өлөң чөпкө шыпырылып түшкөндө мен али эмгектеп жүргөн, буту баса элек ымыркай бөбөк экенмин. Андай болсо, агам 13–14 жаш чамасындагы ойноок тестиер болууга тийиш.

Апам Күкүнүн айтымында, Калыгул байкем мени жанына жакын тартып, өтө ысык эркелетчү көрүнөт. Бирок качан көрсө бооруна басып, жулмалай эркелете берип, эки жолу жерге катуу жыккан өңдөнбөйбү. Биринчиси, жанагыдай жалпак кампанын чатырынан «кызгалдактарды жапырып түшкөнүбүз». Бирок ал окуя мага дагы, Калыгул байкеме дагы оңтойлуу аяктаган көрүнөт. Эч кандай жараат албай, көпчүлүк элдин, коңшулардын көзүнөн тыш калган өңдөнөбүз.

Экинчиси, ымыркай баланы үйдүн ичинде кош колуна куурчактай көтөрүп алып, тамдын боорундагы күзгүгө каратат имиш. «Ии-и, оо-о!» – деп кетенчиктей жылганда, бөлмөдөгү тегерек үстөлгө согончогунан чалынып, чалкасынан кулайт. Ымыркай бала колунан суурулуп, бурчтагы керебеттин алдына ыргыган имиш. «Көпкө чейин дем тартпай, эрдиң көгөрүп кеткен. Калыгулда өң-далет жок» – деп эскерип калар эле бейиши болгур апам Күкү.

Мен эс тарткандан көз алдымда турган көрүнүш – короо толо көгүчкөн. Орто мектепте окуп жүргөн агам Калыгул аларды адеп кайдан таап келгени беймааалым. Айтор, тез көбөйөт экен, короо ичи, тамыбыздын чатыры да толо канаттуу куштар. Агабыз сабактан келе сала, жез табактарга суу куюп, жем чачып, ошолор менен убара. Куш да болсо эстүү белем, короодон ээси баш бакканда жабыла ээрчий учуп, айрымдары далысына коно калат. Күркүлдөгөн, кубалашкан, кыйгуут түшкөн эле үндөр…

Чүш-ш!.. Азайт кушуңду! – дейт Жыргал энебиз.

Апасынын айтканына Калыгул баш ийкегени менен мектепти аяктагыча көгүчкөндү азайтмак турсун, кайра көбөйттү шекилди. Калыгулга курдаш Мукай, Алманбет, Абылкан сындуу балдар, бой жеткен кыздар дагы өз үйлөрүндө көгүчкөн кармай баштаган. Канаттуулар кайкып учса, асмандын көгүн, айылды тең жарып өтчү канжолдун боюн бербей калган.

Көгүчкөндүн тукуму кийин, Калыгул университетке өткөндөн кийин дагы үзүлгөн жок. Карындаштары Айтбүбү, Сагыйпа, инилери Аскар экөөбүз кезектеше караган менен алардын көбү негедир колхоздун устаканасы, мал доктур, ат сарай тарапка ыктады. Калыгул шаардан келери менен «күү-күү» деп добуш сала «досторун» чакырса, кайдан-жайдан канат күүлөп жетип, корообуз кайрадан шаңга бөлөнө турган. Жез табактар сууга, жемге толуп, жерде, дубалда, чатырда күркүлдөгөн, кубалаша куушкан көгүчкөндөр!

Агабыз менен өткөргөн ар күндүн баасы кымбат тура байкасам. Талаадан жүгөрү кайрып, саманга ороп дүмбүл бышырып же короо-

www.bizdin.kg



бузда түшүм жыйнаган, жайлоодо мал баккан, энелерибиз Жыргал менен Сагындын, апам Күкүнүн даамын таткан бейкапар учурдун өзүндө канчалык канагат бар эле! Ээрчише басып, эмгектин даамын татып, турмуштун сабагына каныгып жүрүппүз анда.

Калыгул агам экөөбүз тең Жылан жылы төрөлгөнбүз. Демек, арабыз – бир мүчөл, 12 жаш. Баласынта башыман сылай эркелеткен менен эмнегедир мага кубанган, жарпы жазыла жылмайган чактары арбын болчу. «Карасаң-эй, кантип билип алган муну?» – деп айрым жоругума кадимкидей таңыркайт көпкө көрбөй калса. Колуман кармай кагаз чиймелетип, башыман төөмөтек алып, нукуп коймою бар.

Анан өзү кагаз чиймелейт. Атайын бөлмөсү болбогондон кийин, баарыбыз уй мүйүз тарта, жыгач үстөлдү тегеректей отурабыз. Дептерине шыпылдата жаза келип, апасы Жыргалдан кайсы бир сөздүн маанисин сурайт. Кайра тактайт, оюндагысын тапкыча, он кайталап сурашы мүмкүн.

Жыргал энебиз «оолда-а, маңызым-ай» деп коёт да, бирок көкүрөк күчүк кенже уулу сураган сөздүн уңгусун тапмайынча, бир топ макал-ылакапты жиликтеп, түбүнө жеткире чечмелейт. Кеп төркүнүн шашпай түшүнтөт. Айыл ичинде, жалпы эле Кемин жергесинде кошокчу аталып, ар нерсени жамактай, жорго кепти жаңылбай айтчу энебиз уулунун ушул аракетин ичтен жактырат. Жактырбай анан!..

Уулу жазганын улайт. Жаңылбасам, Калыгулдун «Кара суу», «Ачуу», «Асек» сындуу таланттуу аңгемелери дал ушундай кырдаалда, куттуу үйүбүздөгү тегерек үстөлдө жазыла баштаган. «Кара суунун» башкы каарманы Алтымыштын, ага ыдык көрсөткөн Калеттин жоругу, мисалы, дал турмуштук окуядан алынып, нукура элдик тилге, табигый сүйлөмдөргө кандим чыккан.

Кээде агабыз бизге окшогон мадыра баштарга кайрыла калат: «Кана, кайсы макалды, кайсы жаңылмачты билесиңер? Кантип урушасыңар? Мобул калемди берем, талашып көргүлөчү?» Көрсө, жаш жазуучу өзүнүн жаш каармандарын ушинтип алыстан эмес, чукул тегеректен, китептик таасирден эмес, карапайым турмуштун кайнаган жеринен издечү тура!

Ички сезим туйгусун, «ики-и!» деген таанымын К.Токтомамбетов кагаз бетине түшүрүүгө өзү да кенедейден көнгөн. Ошондон улам балдар үчүн жазган аңгеме, ырларында балалыктын баёо, сезимтал дүйнөсүн ишенимдүү, кылдат чагылдырган.

Адабият босогосун аттап киргиче күн тыным, түн уйкуга кайыл боло талыкпай изденүү, кумдан алтын ылгагандай убара тартуу зарыл эле. Ушунун бардыгын жаш жазуучу түшүнгөн, өз башынан кыйла түйшүк кечирген. Аттиң, анын таланттуу аңгемелери

www.bizdin.kg



топтолгон «Дилгир балдар» аттуу чакан жыйнагы көзү өткөндөн кийин 1971-жылы гана «Мектеп» басмасынан жарык көргөнүн карабайсызбы!

Алакандын отундай чакан китеп анда адабий коомчулук, сынчылар арасында анчейин байкоосуз калды. «Ленинчил жашта» 1972-жылдын 27-январында жарыяланган «Алгачкы жыйнактар» деген рецензиясында гана журналист Асанкул Калидев ал жөнүндө учкай маалымат берди.

Калыгулдун студент кезинде жазылган, кийин «Дилгир балдар» жыйнагына кирген бир таланттуу аңгемеси «Кызык» деп аталат. Кызык, чыгармачыл изденүү кантип ойгонот? Кызык, жазуучулук өнөр жаштайынан кантип жугат адамга? Бул суроолорго так жооп табуу кыйын, албетте.

Калыгул Токтомамбетов, некрологдо жазылгандай, 1941-жылдын 3-июль күнү туулган. Ал эми анын комсомолдук билетинде «туулган айы» деген графа «июнь» деп толтурулуп жүрөт. Кантсе да, болчок жазуучу жарык дүйнөгө келген учурда калкыбыздын башына караламан кайгы түшүп, Ата Мекендик согуш башталган.

Калыгулдун жарык дүйнөгө келишин анын ата-энеси Токтомамбет менен Жыргал көптөн күтүшкөн. Жалгыз уулу Рыскулду эртелей үйлөнтүп, айылдагы төрт бир тууганы бар кызга куда түшүп, «тукумубуз көбөйсө» деп тилешкен. Тун уулу жаңыдан үйлөнүп, экинчи уулу Калыгул төрөлгөндө согуш оту тутанып кетпедиби!

Апам Күкүнүн төрт бир тууганы – менин таякелерим эл коргоого аттанып, төртөө бирдей кан майдандан кайтпай калат. Кийин соңу апабыз төрт эркек балалуу болот, бул эми өзүнчө узак аңгеме.

Согуш оту тутанган 1941-жылы – Жылан жылы жарык дүйнөгө келген муундар арасынан залкар таланттар, акын-жазуучулар арбын чыкканы ырас. Мисалы, кыргыз поэзиясын жаңы бийиктикке көтөргөн Турар Кожомбердиев 22-июнда – дал согуш чыккан күнү төрөлгөн. Согуштун кесепети жана анын адабиятка тийгизген таасири жөнүндө дагы өзүнчө узак аңгеме козгоого болор эле.

Акын-жазуучуну ал өзү жашаган доор жаратары бышык. Кыйын кезең, кыйчалыш мезгилдеги муундун кабыргасы эрте катып, турмуштун оорчулугу менен жаркын жашоонун баркын кылдат түшүнөрү талашсыз.

Калыгулдун жүрөгүндө тунук сезимдер эртелей ойгонушуна турмуштук сабактар, ак бешикке бөлөнгөндөн тарта уккан элдик ырлар, апасы Жыргал Булан кызы айткан жөө жомоктор, атасы Токтомамбет Аден уулунун акыл кеби, анан албетте, өзүнө табияттан бүткөн табигый шык-жөндөмү себеп болгондур. Айтор, тамга тааныган ымыркай кезинен ак баракка алгачкы ырларын чүргөсө, тестиер

www.bizdin.kg



кезинен тартып эле кабар, макала жазууга киришкен. Тырмак алды табылгары чакмак дептерде калбай, райондук газетага жарыялана баштаганы айылдык өспүрүмгө демөөр берген.

Калыгулдун басма сөздө жарык көргөн алгачкы саамалык, табылгалары анын окуткан агай-эжейлерин, классташ курбуларын кубантпай койбосо керек. Айрыкча ата-энесинин, агайындарынын чечекейин чеч жарган. Калыгулдун жеңеси – менин апам Күкү Токтомамбетова (Чечейбай кызы) андай макалаларды газетадан кылдат кыркып алып, көп жылдар жыйнап, аёолуу асыл буюм катары сактап келди. Аттигиң, мен да ал кезеңде жаштык кылгамбы, апам жыйнаган асыл таберикти толук иретке салып калбапмын.

Кийинирээк кагаздарымды иретке келтире издештирсем, колума башкалар менен кошо биздин райондук газетанын саргайган, эски бир саны тийди. «Колхоз турмушу» деп аталган газета «Фрунзе областы, Кыргызстан КПнын Быстровка райондук комитети менен эмгекчилер депутаттарынын райондук Советинин органы» катары чыгып туруптур. Кичинекей форматтагы 2 бет түрүндө гана. Анын 1954-жылдын 30-сентярдагы № 78 (568) санынан «Колхозчуларга кино көрсөттү» деген чакан кабарды окуйлу:

«Райондук маданий-агартуу бөлүмү районубуздагы эмгекчилерди маданий жактан тейлөө максатында кийинки убактарда бир топ ийгиликтүү иштерди жүргүзүүдө.

Жакында киномеханик жолдош Исмаилов «Таарылган» жайлоосунда арпаны оруп-жыюуда иштешкен Орджоникидзе атындагы колхоздун колхозчуларына «Рядовой солдат Александр Матросов» деген кинофильмди көрсөттү. Колхозчулар бул кинону зор толкундануу менен көрүшүп, киномеханик жолдош Исмаиловго ыракмат айтышты».

Ушинтип, болгону үч гана сүйлөм.

Бирок ошол үч сүйлөмдөн мени чындап толкундаткан көп маалымат алып, көп элестер көз алдыма тартыла кеткени!

Ырасында, биздин чарба Быстровка, кийин Кемин районундагы Орджоникидзе атындагы колхоз аталып жүрдү. Окторкой менен Таарылган –ата-бабаларыбыз конуштаган жайлоо. Бала чакта ар коктусун атчан да, жөө да кыдырып, арбын изибиз калган. Ал эми «Рядовой солдат Александр Матросов» – Кеңеш доорундагы ар бир көрүүчүгө жакын каарман.

Мени ойлондурганы алакандын отундай макаланын автору болду. Аягына мындай деп жазылган: «Р.Токтомамбетов, Чым-Коргон жети жылдык мектебинин окуучусу».

Эмне үчүн «К» эмес, «Р.Токтомамбетов»? Рыскул – менин атам, Калыгулдун бир тууган агасы. Ошол макала жарыяланган 1954-жылы атабыз Рыскулдун жашы отузга жакындап калган убагы эле. Ата Ме-

www.bizdin.kg



кендик согуштан кайтып келген, райондук деңгээлдеги иштерге аралашып калган адамдын «жети жылдык мектептин окуучусу» болушу эч мүмкүн эмес. Атабыз райондук деңгээлдеги «аткаминер актип» катары, албетте, жергиликтүү газетага маалымат берип, редакция кызматкерлери менен чогуу аралашып жүрүшү толук мүмкүн. Ошондуктан, райондук газетага инисинин атын жаздырып койгонбу же кайсы бир жагдайдан, балким, техникалык себептерден улам эки бир туугандын ысымдары чаташып, «К» тамгасы «Р» тамгасына оошуп кеткенби?

Жеке баамымда, бул кабарды жазууга менин атам Рыскул Токтомамбетов көмөк көрсөтүп, кеңешин берген күндө да, анын нагыз автору өзү эмес, талапкер иниси Калыгул болушу толук мүмкүн. Эмне үчүн?

Райондук редакциянын кызматкерлери тыштан келген кабарларды иргеп, сүйлөмдөрдү оңдоп-түзөп, өздөрүнө көндүм «партиялык стилге» жакындата жарыялап келгени түшүнүктүү. Ал эми «Колхоз турмушу» газетасындагы бул кичинекей кабардын артында мурдагы көндүм жагдайлардан айырмалуу жаңылыктын жышааны сезилгенсийт.

Таарылган жайлоосу... Арпаны оруп-жыюу... Киномеханик Исмаилов көрсөткөн кино... «Рядовой солдат Александр Матросов»... Мына ушул майда штрихтерден сезимтал жаш жүрөктүн дүпүлдөй какканы сезилет. Макаланын автору өзү кынаптай чүргөгөн үч сүйлөмдө көнүмүш эмгектик рапортко, ооз көптүрмө фактыларга эмес, жаштыкка мүнөздүү эмоционалдык жагдайга басым жасалат.

Жайлоодо көрсөтүлгөн кинофильм жөнүндөгү жылуу кабардын аягына «Р.Токтомамбетов» деп кол коюлса дагы, анын автору аталаш агам «К.Токтомамбетов» экенине башка жагдайлардан улам да ынанам. Анткени «жети жылдык мектептин окуучусу» ушул учурга чейин эле райондук газетага тартынбай кат-кабар жөнөтүп жүргөн. Көп өтпөй жаш кабарларчылардын кеңешмесине чакырылып, «штаттан тышкары» делинген күбөлүктүн ээси болгон.

Таарылган жайлоосунан жазган кабары райондук газетага жарыяланган кезде Калыгул 13 жашка, демек, бир мүчөлгө жаңыдан толгон кези. Анын ысымын, райондук газетадагы алгачкы кабарын мындан мурда да окууга болор эле. Ишенүү кыйынбы? Анда эмесе, дагы бир жагдайды ортого тарталы.

Менин колумда ошол эле «Колхоз турмушу» газетасына жарыяланган «Ленин тирүү» деген ыр турат. Мурдагыдан айырмаланып, автору так жазылган: «К.Токтомамбетов, Чым-Коргон орто мектеби».

Жок, урматтуу окурман, алгачкы сабы «Окуу, окуу жана окуу» деп башталган ырдын саясый багытына таңыркабай деле койсоңуз болот. Анткени мындай лениндик ырларды мектеп окуучулары гана эмес, «эл акындары» да эрөөн-төрөөнсүз жазып, заманына жараша элдин калың катмарына үгүттөп келишкен.

www.bizdin.kg



Кеп төркүнү – бул ырды балакатка толо элек жаш талапкер жазганы.

Тилекке каршы, газетанын ушул саны менде толук сакталбай, биринчи бетинин бир бурчу гана калыптыр. Ырдын алдына өз колум менен «1952» деп сыя менен кошумча жазып коюпмун. Анткени апам Күкүнүн айтымына караганда, «Калыгулдун ушул ыры 12 жашында чыкса керек эле».

Арадан аз убакыт өтө, 1955-жылдан тарта Калыгулдун тырмак алды макалалары, ырлары республикалык басма сөзгө удаама-удаа жарыялана баштайт. Ал кабарлар куш тилиндей кыска болгону менен айылдын турмушун айнектин сыныгындай тунук чагылтат.

Жаш механизаторлор мектебин жетектеген Сайдин Макешов, колхоздун мыкты устасы Я.Буравлев, алдыңкы саанчы Калыйча Кулбаева, арабакеч Абдыбек Байсекеев, почтальон Кадыралы Ботбаев, жашыл көчөт отургузган Борончиев, Кудайбергенов, музоо баккан С.Алымкулов, К.Балыкбаев... өңдүү көп адамдар жөнүндө маалымат көз алдыдан чуурат.

Жаңылыкты табуу үчүн алыска барбай эле, өзүң жакшы билген карапайым адамдардын турмушун байкай билүү жетиштүү. Калыгулдун бир кабарында 9-«Б» класстын окуучусу А.Жумашалиев Москвадан чыккан «Молодая гвардия» журналына жазылганы баяндалат. Айылдык окурмандар үчүн, албетте, ушунун өзү – жаңылык! Экинчиден, бул каарман Калыгулдун өз классташы, ынак курбусу Асаш!

Дагы бир курбусу тууралуу «Кыргызстан пионерине» («Биздин пикир», 1958, 29-март) минтип жазат: «... өз классташым Панин деген окуучу жөнүндө айтып бергим келди. Ал орус болсо да, биздин мектепте кыргызча окуйт. Ал биздин класстын сыймыгы – отличник. Сашка Панин мектептин китепканасынан кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын үзбөй окуп турат. Азыр Панин кыргыз тилиндеги «Тамеки» деген пьесаны орусчага которуп жатат. Ал котормосун «Пионерская правда» газетасына жибермекчи».

Карапайым калк ичинде эс тарткан Калыгул өз эне тилин эң мыкты өздөштүргөнү талашсыз. Буга элдик ырларды, жомокторду жакшы билип, айылда жамакчы, кошокчу катары таанылган Жыргал энебиздин таасири, албетте, күчтүү болгон.

Ошону менен Калыгул орус тилин дагы дурус өздөштүргөнү байкалат. Мунун себептери арбын. Кара жолдун боюна отурукташкан орус келгиндери Октябрь революциясына чейин эле бул айылды Березовка атап алышкан. Үркүндөн кайтып келген жергиликтүү кыргыздар анын Чым-Коргон атын калыбына келтирген. Ар түрдүү улуттар аралаш жашаган айыл калкынын басымдуу бөлүгү, анын ичинде Калыгулдун атасы Токтомамбет, агасы Рыскул, көпчүлүк агайындары орусча эркин сүйлөй билген.

www.bizdin.kg



Орто мектепте орусча окуган балдар менен ийиндеш чоңойгон Калыгул макала же кабарды орус тилинде дагы жазууга умтулат. Буга мисал катары «Комсомолец Киргизии» газетасына жарыяланган «Магазин без книг» (1956, 28-декабрь), «Кружок юных механизаторов» (1957, 10-февраль) аттуу макалаларын келтирсек болот. Чакан кабарлардын аягында: «К.Токтомамбетов, ученик 9 класса Чим-Кургонской средней школы» – деп жазылып жүрөт. Республикалык орус тилдүү газетанын ишине жигердүү аралашкан ошол учурда Калыгулдун 15ке жаңыдан толгон өспүрүм курагы.

Ошентип, айылдык орто мектепте окуп жүргөндө эле эки тилде жазууга умтулат. Бир калемин эки тилде эркин шилтеген Калыгулдун ысымы кадимкидей дүң болгон чиркин!..

Калыгул Токтомамбетов ар дайым ашыга изденгени өз өмүрүнүн кыска болорун (өх, десеңчи!) алдын-ала сезип-туйганбы деп да ойлоп кетем.

Дүйнө таанымы кеңейген сайын тубаса талант күчөнө изденет, турмушту кылдат жана чебер сүрөттөөгө умтулат. «Ленинчил жаш» менен «Комсомолец Киргизии» эми анын сүйүктүү газеталарына айланса да, Москвадан чыккан, ал кездеги борбордук газета-журналдардын атын атап жатканы бекеринен эмес. Алдыда «Ала-Тоо» сындуу абыройлуу журналдар, адабияттын кең айдыңы күтүп турган.

Наристе чактагы бир көрүнүш алигиче көз алдыман кетпейт.

Анда күздүн акыркы күндөрү, кыштын алды беле, айтор, жумшак кар бапалактап жаап турат. Агам Калыгул тумагындагы бапайган ак карды далиске силкий бере, күлүмсүрөй баш бакты босогодон. Эриген кардан уламбы же толкундай шаша келгенби, айтор, нымдалышкан чачтары саргыч маңдайына чаптала калган. Жумшак көкүлүн сол колу менен артка оңдой тарап, оң колунда катуу кагазга оролгон бир нерсени энебиз Жыргалга ийиле сунду:

Апа, бул сизге кант-чай! Калем акы алдым!..

Айланайын, айланайын, ак жолуң ачылгай!.. – деп алкады Жыргал энебиз жазуучу уулун. – Багат деген ушу!..

Эне-баланын ошондогу эзилише карашканы карегимден алиге өчпөй калды. Өчмөк турсун, өмүрүмдү түбөлүк коштой келет!

Бирок өзгөчө белгилей кетүүчү жагдай, «Тоолор кулаганда» романында сүрөттөлгөн адам тагдыры, айбанаттын (жаабарстын) тагдыры бир эле кыргыз жашоосуна, коомчулугуна, кыргыз адамына тиешелүү десек, албетте, чыгарманын тематикалык-проблематикалык масштабын кысып койгон болор элек. Ч.Айтматов бул романында адатындай эле кыргыз маселеси, көйгөйү аркылуу жалпы адамзаттык, ааламдык маселени окурман журтчулугунун көз алдына тартат, өзүн тынчсыздандырган учурдун катаал, карама-каршылыктуу, курч окуяларына адамгерчиликтин бийик мунарасынан карап, чындыктын туура багытын, жолун издейт.

Арсен Саманчин кечээ ким эле, бүгүн ким болду?

Аны жаңы жээкке сүрүп таштаган толкундун бүгүнкү күндөгү күчү канчалык, ал канчага чейин уланат, эгер адамзат азыркыдай тагдырды (эгер аны тагдыр деп атоого мүмкүн болсо) баштан кечире берсе, анын акыры эмне болот?!

Кечээ эле адам болуп санда жок Эрташ Курчалга окшогондордун бизнес доору келгенде жылдызы жанып, минтип бүгүн мүмкүн болгон да, болбогон да байлыкка ээ болушуп, олигарх аталуу менен Арсен Саманчинге окшогон ыйманына камчы сала албаган ак жүрөк, таза адамдардын айласын алты кетирип, психологиясын чайпалтып турган кези. Ал Арсенди кара күчү менен эле ныгырып тим болбостон (ресторандан атайы кубалап кетирип), Германиянын Хайдельбергинен тапкан сүйүүсү Айдананы да, аны менен кошо Арсендин «Кызкайыпты» коюу жөнүндөгү кыялын, оюн, аздектеген идеясын да тартып алып, Арсенге рухий диверсия жасап турган учуру. Идеалист Арсенге окшогондордун кесиби, адилет сөзү да, Айдана

www.bizdin.kg



Самаровага окшогондордун профессионалдык таланты да «акчанын арааны жүргөн жерде» (Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен – Л.Ү.) түккө турбаган нерсеге айланганын, ал тургай жеңил сатылчу товарга өткөнүн Ч.Айтматов Арсен каарманынын ой-толгоосунда, көпчүлүк учурда өзүн өзү ирониялоосу аркылуу берет. Айтылган ар бир иронияныы артында көп маселе жатканын окурман илгиртпей баамдагыдай кылып, автор өзгөчө бир басым коюп, өзгөчө бир илеп менен баяндайт, кээде ачык эле текст менен берет: Арсен Саманчиндин ички «менин» автор стилдик өзгөчө ыкма катары колдонот.

Алардын айрымдарынан мисал тарталы.

«Ии, сүйүү да ушу базар текчелеринде товар болуп тизилип турат. Сен ушуну азыр билип жатасыңбы? Сенин деген бизнес доорго керегиң жок, зыянкечсиң... Барар жагың, басар жолуң, кылар ишиң калдыбы? А жанагыл «Кызкайып» дегениңди балык бол да, таптакыр унут! Анын кимге кереги бар? Ойдо жашап жатканда эле базардан чыккан жарыгы жок жылдыздар тебелеп салды. Азыр ошолордун заманы» (47-б.). «Ал өзүнө жарашыктуу кийинген, өңкелбети келишкен, өзүн кай жерде, кандай алып жүргөндү билген интеллигенттердин бири саналчу. Анын үстүнө аны өз алдынча ой жүгүрткөн, эч кимге көз карандысыз, өз жеринде эле эмес, Азия аймагына курч жана кызыктуу ойлору менен таанылган журналист болчу»... (49-б.) «Ай, бечара, басма сөз менен бир кезде сөз эркиндиги үчүн күрөшчү эле, эми минтип базардын кулу болуп, акчалуунун арсылдап үргөн итине айланды, түз эфир азыр эмне кылат, зуулдаган автомашинадагы радиочу? Космос спутниктери да азыр жер жүзүндөгү кыйындардын шоу-бизнестерин көрсөтүп турат. Ушунун баары барып-келип эле классикалык көркөм дөөлөттөрдү четке сүрүп, адам акылын акча табууга гана мажбурлап жатат. Бүт бардыгы ошолордун колунда» (50–51-б.).

Автор Арсен башынан өткөрүп жаткан терең психологиялык депрессияны (дилооруну) Айдана сүйгөнү үчүн атайын жазылып, опера жана балет театрынын бийик сахнасында коюла турган «Кызкайып» легендасына байланыштырып, турмуштук ар кыл татаал кырдаалда кайра-кайра каарманынын эскерүүсүндө жаңыртып сүрөттөө менен Арсендин ички күйүтүн, азыркы коомдук саясый-социалдык турмуш менен түк келишпес жандүйнөсүнүн каршылыгын күчөтүүгө, курчутууга, драматизмин арттырууга жетишкен. Акыры мындай туңгуюктан жол издеп, сөөк өчтү душманы Эрташ Курчалдан өч алууну көксөгөн Арсен Саманчин Эрташты өлтүрүү чечимине келет, андан соң өзүн чыкыйга атып, Айдананы ушул жоругу менен айыкпас дартка чалдыктырып, (өзүнүн жасаган жосунсуз жоруктары үчүн өкүнтүп, өксүтүп, албетте, бул Арсендин ою-кыялы, а Айдана

www.bizdin.kg



өкүнөбү – бул башка маселе деңизчи – **Л.Ү.**) ошону менен жаны жай алмакчы болот. Эми маселе Эрташты атып, өзүнүн тымызын өч алуу ишин аткарууга керек курал табууда гана калат.

Кээде Тагдыр, Жараткан ушунчалык март, берешен, тимеле «көктөн тилегениңди жерден берип» бактылуу кылмагы бар. Бул жолу да Арсен үчүн ошондой болду. Эрташ Курчалды «жайлачу» куралды кайдан табам деп, ит бизнеси бар агасы Ардактан сурасамбы, ал эмне деп түшүнөт деп бир чечимге келе албай турганда аталаш агасы Бектурган өзүнүн «Мергенчи» фирмасы менен мурдагы макулдашуусу боюнча кызматташууну сунуштап калбаспы, бул Арсендин көксөгөн куралга жетүүсүнө ачылган оңой жол эле.

«Тоолор кулаганда» романынын ушул эпизодго чейинки окуяларын шарттуу түрдө романдагы окуянын өнүгүшүнүн логикалык биринчи бөлүгү, негизги окуяга өтүүдөгү бир даярдык деп атасак да болот. Буга чейинки окуялар Арсен Саманчиндин жеке өз тагдырына байланыштуу сүрөттөлүп, анын өзгөргөн мезгил, доордун контекстиндеги социалдык, психологиялык, моралдык-нравалык калчануусунун абалынан окурманга кабар берет. Бир гана «Кызкайыпка» байланыштуу миф-притчадан башкасы бүгүнкү күндүн адамына түшүнүктүү, ал тургай азыркы адам өз башынан кечирип, анын оор жүгүн, күтүүсүздөн башка түшкөн түмөн түйшүгүн жон териси менен баштан кечирип, жүрөк менен жүлүндөн өткөрүп жатканы да чындык. Азыркы классикалык музыканын, театр искусствосунун, журналистиканын ж.б. ордун массалык маданият деген немеси же Арсендин тапкан жаңы термини менен айтсак «жансерек маданият» ээлеп, ал бир гана Кыргызстанды эмес, бүтүн дүйнөнү каптап турган чагы. Автор жогорудагыларга карата каарманы Арсен Саманчиндин мамилесин, комментарийин эркин берүү менен өзүнүн автордук антипатиясын да жаап жашырбайт.

Чыгармадагы баяндалган маалыматтардан канткен менен да кайра куруу жылдары Ч.Айтматовго чоң үмүт жараткандыгын баамдоого болот. Адамзаттын турмушу оңолуп, оң жолго башталып кетерине ал жылдарда жазуучу кандайдыр бир үмүт байлаганын «Тоолор кулаганда» романындагы төмөнкү саптар, баяндоолор айкындап турат.

«... кайра куруу жылдарында ал экөө тең жаш болчу. Арсен Саманчин болсо театр турмушун, башка жактарды да камтыган макалаларды жазчу, Эрташ Курчаловдун чыгармачылыгы тургай аты да аталчу эмес, не дегенде ал анда көрүнбөгөн көп артисттин бири эле. Ал эми азыр?! **Болору болуп бүттү да. Ал кезде театр дегениң жетерине жете жетилген эле. Бир жагынан жаңыча ой жүгүртүү башталып, театр сахнасына доор бүтүндөй батып кеткен. Руханий**

www.bizdin.kg


**жаңылануунун күчү элди жандандырып, адам тоталитаризмдин чеңгээлинен бошонуп чыккан»** (56-б). (Баса белгилеген – **Л.Ү.)**

Ушул тоталитаризмдин чеңгээлинен жаңы эле бошонуп чыккан адамды Эрташ Курчаловго окшоп, ак жылдызы жанган шоу-бизнесмендер «кантип өзүнө оп тартып кеткенин түшүнө албай башы маң Арсендин. Ал гана эмес ай-ааламдын сүйүүсү болгон «Кызкайып» идеясы жаралган ошо Хайдельбергден ал экөө (сөз Айдана менен Арсен жөнүндө – **Л.Ү.)** бир поездде, бир купеде жанаша олтуруп келатып эле, анын кайсы бир жерден сүйүүсү башка тарапка бараткан поездге олтура калып кетип калгандай болду» (57-б). «Айдана Самарованы мына ошол Эрташ Курчалчыл эстраданын кандайдыр бир күчү оп тартып кетти» (57-б.).

«Мына ал жансерек маданияттын «лимузини менен кетти! – деп кейип алды Арсен Саманчин. ... Жансерек маданиятка көнгөн жашоо эмнени гана жасабайт? **Жакырлар менен жумуш издегендер толду, «Жумуш бергиле!» деген жазууну көтөрүп алышып жол боюнда турушат, ат чабым жерге тизилген. Булардын көбү көчөсүндө жан калбаган алыскы айылдардан келишкен. Бул башка эмес, дал ошо адамзат коомуна коюлган адам талабы, себеби адамзат коому жаңы өзүнүн муундарын жаратып турууга жарамсыз, башкача айтканда, бул дүйнө сенин мага керегиң жок, көзүмө көрүнбөй жоголгун деп турат. Ал эми колунда токочу барлар «Лимузин» минип дуулдайбыз дешет»** (62-б.)

«Түнкү көчөдө «советтик» Нивасында баратып ал ушуларды ойлонду. Көнгөн машинасы, андан жакшысын ал каалаган да эмес, анын үстүнө чөнтөгү жука» (62-б.)

«Тоолор кулаганда» романындагы жогорку ж.б.у.с. тексттерди, ой-толгоолорду окуп жатып, а эгер эле «эсил кайдан коммунисттик партия, партиялык бюро, тоталитардык башкаруу» бүгүн болгондо Ч.Айтматовду Айтматов экенине карабай, 1937-жылдардагыдай кылып, «өткөндү көксөп жатасың, азыркы замандын душманысың» деп, азабын колуна берип, партиянын катарынан чыгарып, куугунтукка алмагы турган иш эле деген ойго кетесиң. Сөзсүз, ошондой болмок. Болгон жана азыркы учурда башыбыздан өткөрүп жаткан коомдук-саясый, тарыхый турмушубуздун күнгөй-тескейин ачык айтуу, ал тууралуу минтип көркөм чыгарма жазуу, канткен менен эгемендүүлүккө, сөз эркиндигине жетишкен азыркы учурдун шарапаты... Ал эми ошо эркиндикти, демократияны кандай урунуп жатабыз бул, албетте, башка кеп, башка маселе.

Ч.Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романы да мына ушулар тууралуу ой жүгүртүү. Көптөн көксөп жетишкен демократия бизге эмне берди? Биз аны кандай урунуп, өркүндөттүк?

www.bizdin.kg



Көз карандысыз мамлекет болгону эмнеге жетиштик, кандай багыт алдык? Алган багытыбыз акыйкаттын жолубу? Бул жолдо Адам канткенде Адам болуп, адамдыгын сактап кала алат?!

Ушул жана башка нрава-философиялык суроолорго Ч.Айтматов романынын экинчи бөлүгүндө, т.а., Арсен Саманчин кабылган жаңы турмуштун кырдаал, экстремалдык шартта жооп издөөгө аракет кылган.

Ч.Айтматовдун чыгармачылык стилине адамдагы адамдыкты сыноонун этаптуулугу мүнөздүү. Ал гана эмес бул анын каарманынын мүнөзүн түзүп, аны ар тараптуу ачып берүүдөгү негизги чыгармачылык принциби. Чыгармачылыгынын алгачкы башталышынан өмүрүнүн акырына чейин жазуучу ушул чыгармачылык принцибинен жазбай, ал турсун ага бекем берилип, анын мазмун-маңызын улам жаңылатып иштеп келди.

«Тоолор кулаганда» романында да жазуучу Арсендин образын түзүп, мүнөзүн ачууда жогорудагы чыгармачылык принциби боюнча иштеген. Арсендин Эрташ Курчалды өлтүрүүгө белсенип кириши, ал боюнча өзүндө «акыркы чечимди» чыгарып коюшу окурманды көп нерседен коопсуздандырбай койбойт. А эгер эле Арсен ушул ишти жасап, өзүнүн кара ниетин ишке ашырып кетсе, анын акыры эмне болот? Өзүнүн асыл идеялары менен жашаган акжаркын адам бейнеси окуучунун көз алдында жылчыксыз караланып, жок болобу? Анда Арсен Саманчин деги өзү ким?

Өзүнүн жазуучулук өнөрүндө каармандын образын жаратып, мүнөз, өзгөчөлүгүн терең ачуудагы принцибине бекем Ч.Айтматовду бу жолу да каарманынын азыркы абалын көрсөтүү менен чектелүү эч бир канагаттандырбас эле. Арсен Саманчиндин адамдык, руханий-нравалык көрөңгөсүн дагы да сынап көрүп, «өлтүрүү!» бул анын чынында да турмушунда туу туткан, жашоо маңызынын башкы кыймылдаткыч күчүбү же ... деген маселенин түп негизин ачуу үчүн жазуучуга өз каарманын баштагыдан да оор кырдаалга коюп, сын элегинен өткөрүшү керек эле. «Тоолор кулаганда» романындагы окуялардын өнүгүшүнүн логикалык экинчи бөлүмү болгон «Үзөңгүлөштөгү» «Мерген» фирмасынын иши, андагы Арсен туш болгон экстремалдык кырдаал чыгармада мына ушундай көркөм-эстетикалык функцияны аткарып турат.

Арсен «Мерген» фирмасына келип кириптер болгон, адам үрөйүн учурган иш, Арсенге Эрташ Курчал жасаган руханий диверсиядан масштабы, максаты боюнча миң эсе ашкан, дегеле акыл-эси ордунда адам баласынын оюна, түшүнүгүнө да келбей турган катастрофалык диверсия эле. Араб ханзадаларын барска аңчылыкка алып баруу менен Бектур агасынын ага арткан ишениминен бир эсе кутулуп,

www.bizdin.kg


экинчиден, Эрташ Курчалга колдонуучу куралга жетерине эч күмөн санабаган Арсен Ташафган баштаган беш барымтачынын капканына күтүүсүз түшүп, амалы түгөнөт. «Барымта» операциясынын жетекчиси кечээки классташы Ташафгандын барымтанын бардык деталдарын ойлонуштуруп түзгөн планын угуп олтурган Арсендин курал жөнүндөгү ой-санаасы таптакыр орду-түбү менен жоголот.

Анын ушул тапта акыл-эсине келгени «эс тарткандан бери айылдаштарынан эчен ирет уккан: «Дүйнө ордундабы?» – деген суроо болду. Каарманынын акыл-эс, жан-теңин ушу тапта ээлеген бул кырынан коюлган суроого автор өз баамында мындайча түшүндүрмө, жооп берет.

«Теребел деген теребел, ар качандан бир качан калыбынан өзгөрбөй кала берет, а адам баласы, анын ички дүйнөсү кубулат экен, кээде таш тийген күзгүдөй талкаланып калышы да ыктымал экен. Ошондуктан адамдар: «Дүйнө ордундабы?» – дешет тура. Ийе, дүйнө дегениң ар дайыма ордунан жылбай турары белгилүү го, ошентсе да адамдар биринен бири: «Дүйнө ордундабы?» – деп, сурап турушат. Турмуш ушундай, тагдыр ушундай» (156-б.).

Эгер ушул логика менен өтмүшкө, азыркы учурга, келечекке баам салсак, өзгөрүлмө дүйнө деп айтылып жүргөн нерсе адамдын ички дүйнөсүнүн, көз карашынын кубулушуна байланыштуу сакталып талкаланары далилдөөсүз чындык.

«Дүйнөнүн ордунда» турушу, же турбашы, сакталышы, талкаланышы, гүлдөшү кайрадан эле адамга, анын акыл-эс, абийир-ыйманына көз каранды боло турганын Ч.Айтматов «Тоолор кулаганда» романында дагы бир жолу адам баласынын эсине ушундайча салат.

Ч.Айтматовдун стилдик өзгөчөлүгүнө окуянын өнүгүшүндөгү кульминациялык чыңалууну күтүлбөгөндөй, дегеле бир ойго келбегендей табылга менен чечүү мүнөздүү. Бул жолу да автор, менимче, өзүнүн жазуучулук почеркинин мындай бөтөнчөлүгүнөн тайган эмес. Окурмандын жүрөгүнүн үшүн ала сүрөттөгөн Ташафгандын Арсенге салган террорчулук капканынан чыгуунун автор мүмкүн болгон варианттарынын ичинен турмуш чындыгынын, көркөм чындыктын логикалык ырааттуулугун бузбастан, ошол эле учурда сүрөткерлик мыкты интуициясы аркылуу Арсенди куткаруу менен өз каарманынын Адамдык рухтун потенциалын (мүмкүнчүлүгүн) толук, жогорку көркөм-эстетикалык деңгээлге көтөрүүгө жетишкен.

Ал өз өмүрүн коркунучка коюу менен өзү кызматташкан мерген фирмасы үчүн да, араб ханзадаларын барымта-калабадан аман сактап калуу үчүн да, жада калса, ак жолунан социалдык жактан мамлекет тарабынан корголбогондуктан адашкан классташы Ташафгандар үчүн да, ал эми ушулардын квинтэссенциясы болгон эл аралык араздашуудан Кыргыз мамлекетин сактап калуу менен, андан да

www.bizdin.kg



маанилүүсү өзүнүн Адамдыгын чайпалтпай, бөксөртпөй, төгүп салбастан, тескерисинче, гуманизмдин улуу туусун бийик көтөрүп, урпактарга кандай гана кыйын кезең болбосун Адамдыкты өзүндө сактап калуунун өлбөс-өчпөс өрнөгүн калтырды.

Арсен чечүүчү учурда, т.а., араб ханзадаларын туткунга түшүрүп барымтага аларга көз ирмемдик убакыт калганда эч кимге күтүүсүздөн (окуянын катышуучуларына эле эмес, окурманга да) жаалданган өкүм үнү менен англис, орус, кыргыз тилдеринде мегафондон каардана кыйкырат.

«Көңүл бургула! Менин буйругумду уккула! Чет өлкөдөн мергенчиликке келгендер, силерди каргыш алсын! Уктуңарбы?! Силерди каргыш алсын! – Үн күчөткүч анын сөздөрүн жаңыртып турду. – Мен силерге айтып жатамын, келгин мергендер, силерди каргыш алсын! Биздин мөңгү барстарынан колуңарды тарткыла! Аларга ок чыгармак түгүл бул жерден караанынарды көрсөтпөй жоголгула! Мен силерге өзүбүздүн жырткычтарды тукум курут кылдырбайм. Колуңарды тарткыла! Жоголгула! Барстарды тукум курут кылуучулар, жолуңарга түшкүлө! Болбосо бириң тирүү калбайсың, баарыңарды атып саламын, баарыңарды кырып саламын! – деп, ач кыйкырып салды да, айтканынан кылчалык кайтпай турганын далилдегенсип, асманды көздөй автоматтан ок чыгарды» (222–223-б.).

Эмеле жарылууга бараткан курч реалдуу психологиялык кырдаал, адамдын рухтук-духтук, психологиялык чыңалуусун шарттаган нары татаал, эмоционалдык-экстремалдык шарт окуучунун көз алдында, анын да психологиялык катыштыгы менен өзүнүн чечилүүсүнө ээ болот. Жагдайдын мындай чечилишин күтпөгөн Ташафгандар үчүн 20 миллион доллардын асманга учуп кетиши Арсенге карата ок атууга алып келет, өз жанын сактап калууга кам көргөн араб ханзадалары да ок чыгарышат, «Тоо жаңырып, аска кабышат».

Арсен өз өмүрүн курмандыкка чалуу менен кыргыз жергесин ааламдык алааматтан ушинтип сактап калды. Аны оңой олжо кызыктырбады (кыйын экономикалык шартта, социалдык жактан Адам корголбогон мамлекетте бул бир болуп кетчү нерсе болсо да), анын бар көздөгөнү Ташафгандарды адашкан жолдорунан түзгө алып чыгуу болду. Бул – Арсендин тандоосу, Арсендин бул «жоругу» аркылуу Ч.Айтматов бүгүнкү күндөгү – «Тоолор кулаган» замандагы адамзаттын алар багытын таасын аныктаган. Адам ар дайым жашоо жолунда рухтук-духтук, нравалык тандоо алдында болору, мына ушул тандоо адамдын адамдыгын аныктаган, адамдагы адамдыкты өлтүргөн же, тескерисинче, адамдыкты өнүктүргөн улуу күчкө ээ Тагдыр экендигин ачык сүрөттөйт.

www.bizdin.kg


Мен бул жерде сөздү Ташафгандарга жакындатып келатам. Ташафган – бир кезекте Афган согушуна катышып, абийир алып келген жигит. Анын тегерегиндегилер да мурда-кийин жаман иштер жасап, жаман жолго түшүшкөн эмес. Анан эмне болду? Аларды мындай айбанчылык жолго ким, эмне алып келди? Автор алардын араб ханзадаларына барымта уюштурууга барууларынын эң негизги мотиви катары рыноктук мамилелер шартында адам социалдык жактан корголбогондуктан улам социалдык абалдарынын эң төмөндө болгондугуна өзгөчө басым жасаган. Бүгүнкү күндө кыргыз коомунун жарандарына керектүү минимумду түзүп бере албастан, тагдырдын жазмышына таштап коюшун айыптайт жазуучу.

Ал эми мындай шарт, абалдын оордугун ар ким ар кандайча көтөрөрү, ар ким мындай материалдык-моралдык, психологиялык кризистен чыгуунун жолун ар башкача издери турган иш, кимге болсо да белгилүү нерсе го. Нак ушундай оор кырдаал, шарт адамдын астына «Тандоо» деген чоң, түпкүлүгүндө ат көтөргүс сыноону коёт. «Кээ бир учурларда өзүбүз сезип жүргөн, бирок себептерин ачык түшүндүрө албаган канааттанбагандык маанайы, менимче, адамдын өзүмчүлдүгүндө, өз тиричилигинин гана көйгөйүн тарткандыгында, өзүнүн жеке социалдык эгоизмин гана камтыган тар кызыкчылыгында болуп жаткан сыяктуу»[1] деген пикирди Ч.Айтматовдон жолуктурабыз. Балким, бул көз караш «Тоолор кулаганда» романындагы Ташафгандардын «Барымта» хунтасынын жасаган иштерине, кылык-жоруктарына карата автордун берген жообудур... Канткен күндө да «аңгектен качып дөңгөккө кабылган», т.а., Эрташ Курчал менен кармашып, жеке эгоизмине жеңдирип бараткан Арсен Саманчинди барстарга кол салмакчы болгон араб ханзадаларын барымтага алып байып, өз жеке маселелерин эң жөнөкөй жол менен чечип алууну максат кылган Ташафгандарга кез келтирүү менен Ч.Айтматов «Тоолор кулаган» заманда Адамдын, Адамзаттын өзүндө Адамдыгын сактап калуунун төтө жолун дагы бир жолу өз окурмандарынын акыл-эс, жан-теңине жеткирүүгө аракет кылып олтурат. Ошондон улам «Тоолор кулаганда» романы Ч.Айтматовдун буга чейинки бекем карманган көркөм-эстетикалык кредосун уланткан, кандайдыр бир даражада толуктаган, чыгармачылык палитрасын жаңы көркөм түстөр менен байыткан роман-притчасы катары кабыл алынат. Буга кошумча романга эпилог катары киргизилген «Өлтүрбө» аңгемесинин идеялык-эстетикалык лейтмотиви да айтматовдук улуу гуманизмди тастыктоо менен романдын философиясына дал келет.

---

[1] *Айтматов Ч.* Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. 204-б.

www.bizdin.kg



Баласын согуш алааматына жөнөтүп жаткан эне: «Согушта эч кимдин канын агызба, эч кимди өлтүрө көрбө!» – деп Сергийге жалбарат. Антип айтуусунун себеби: «Бүт баары эле өлтүр, өлтүр дешет. Душмандар бизди, биз аларды өлтүрөбүз дейбиз. Жер үстүндө анда кандай жашоо болот? Мени билбейт дейсиңби, билемин. Сен өлтүрбөсөң алар сени өлтүрөт, ошол үчүн өлтүрүшүң керек, өлтүрөсүң, душманыңдыбы, баары бир адамды өлтүрдүң да, мен ошону айтып жатамын. ... Ушундай атакеси, **жүрөгүмдөгүнү жок дегенде өз балама айтып алайын**» (260-б). Бул эненин жүрөгүндөгү көйгөй бүгүнкү күндөгү адамзаттын алдында турган, эзелтен чечилбей келген көйгөй экени да бүгүн аксиомага айланган чындык.

«Адамзат согушсуз жашай албайбы?» – деген Жер эненин риторикалык суроосу да бүгүн күчүндө бойдон калууда. Согуш алааматында эле эмес, тынч күндөрдө да «адамдыгынан арамдыгы» (Ч.Айтматовдун «Кыяматынан» – **Л.Ү.**) көбөйгөн адамзат «кара курттай» – (Ч.Айтматовдон) өзүн өзү жеп, өз өмүрүнө өзү көр казып жатышын «Тоолор кулаганда» романынын окуялары дагы бир жолу тастыктап турат. Адамзат акыл-эстин цивилизациясына көтөрүлмөйүнчө бул маселе Адамдын тагдыр-ташпишин түзгөнү түзгөн болору бышык. Роман да, ага кыстырма «Өлтүрбө» аңгемеси да дал мына ушул жөнүндө.

«Тоолор кулаганда» романындагы Жаабарстын өмүртаржымалын чагылдырууга арналган сюжет автор тарабынан жогорку көркөмдүктө, кынтыксыз сүрөттөлгөндүктөн чыгармага кошумча ачык сүртүмдөр берип, анын поэтикалуулугун арттыруу менен жазуучунун кайталангыс, уникалдуу талантынын көрсөткүчү катары орун алган. Дегеле Ч.Айтматовдун талант берекеси жаныбарлардын дүйнөсүн сүрөттөөдө өзгөчө төгүлүп-чачылып кетерин Жаабарстын тагдыры сүрөттөлгөн саптар дагы бир ирет тастыктайт.

Чыгармада Жаабарстын иш-аракетин чагылдырууга арналган сюжеттин романдын сюжеттик-композициялык курумунда аткарган көркөм функциясы көп катмарлуу, көп кырлуу. Ал, биринчиден, Арсен Саманчиндин тагдыр-ташпишинин метафорасы катары көрүнсө, экинчиден, азыркы учурдагы кыргыз кыртышындагы жүрүп жаткан эрозиянын даражасынан кабар берет, үчүнчүдөн, «ордунда эмес» заманда адам психологиясынын туруксуздугун, заман көйгөйүнө жараша оодарылып, өз нугун таппай турушун айгинелөөдө ат көтөргүс жүк аркаласа (Жаабарс жана Ташафгандар), ошол эле учурда ааламдашуунун контекстинде Адам жана Тагдыр маселесин курчутуп, адамзат алдына азыркы күндө адашпай туура жол табуу кыйындыгынын маселесин курчутат жана бул маселенин чечилишинде автордук позицияны ачыктайт (Жаабарс жана Арсен).

www.bizdin.kg


Эмнеси болсо да «Тоолор кулаганда» романындагы Жаабарска арналган сюжет бир дем менен окулуп, адамга эстетикалык рахат тартуулоо менен чыгарманын идеялык-эстетикалык өкүмүн (вердикт) чыгарууда чоң философиялык жүк аркалап тарганы талашсыз.

Чыңгыз Айтматов чыгармачылык жолунда 60-жылдардан, т.а., «Жаныбарым, Гүрсары» повестинен бери кыргыз элинин, кыргыз эле эмес, дүйнө элдеринин бай миф-легендаларына байма-бай кайрылуу менен аларды кристаллдай тазартып, акыл-ой, философиялык туюмдарына чайкап, кайрадан каухар таштай жаркылдатып, иштеп чыгып, окуучуларынын рух дөөлөттөрүн арттырып келет. Бул жолу да жазуучу кыргыз элдик уламыштан алынган «Кызкайып» легендасын романдын тулку-боюна сиңирүүгө аракет кылган. «Кызкайып» легендасы – өткөн теңчиликсиз заманда өз сүйүүлөрүнүн рахатын көрбөй, бири-бирине ичи жаман, көралбас адамдардын адамгерчиликсиз жоруктарынан, душмандыктарынан улам жетпей калышкан эки жаштын арманы. Автор бул легенданы Хайдельбергдин сейил багында сүйгөнү Айдана менен махабаттын лаззатына батып, төбөсү көккө жетип турган чагында Айданага айтып берген, ал Айданага тим эле айтып койбостон, келечекте опера жана балет театрынын сахнасына «Кызкайып» легендасын коюуну максат кылганын, ошондо башкы ролду Айдананын өзү ойной турганын айтып, кыялга чалкыган эле. Бирок Арсендин тилегин таш каптырып, Кызкайыпты мурдакы замандын зөөкүрлөрү кандай уурдап кетсе, Айдана Самарованы да Арсендин эркинен тыш, «азыркыча азгырып уурдап кетишти, акча үчүн акчага сатып алышты» (98-б.).

Чыгармада «Кызкайып» легендасы Арсендин эскерүүлөрүндө жашайт. Ал азыркы капиталисттик коомдо рыноктук мамиле деген неме адамдардын тагдырына (алардын арасында Арсендин өзү да бар) өз өкүмүн жүргүзүп кыйноого салган учурларда, болбосо Арсен жашоосуна канат бүтүргөн чоң сүйүүгө жолуккан (Айдана, Элес) учурларында дайыма Арсендин жандүйнөсүндө жуурулушуп, аны менен бирге жүрөт.

Чыңгыз Айтматов – турмушунда башынан чоң сүйүүнү өткөргөн инсан. Анын кечигип жолуккан сүйүүсү да бактылуу бүтпөгөн. Жазуучунун катардагы окурманы билген да, билбеген да сүйүү драма-трагедиясы болгондугун, ошондон уламбы, анын чыгармаларынын дээрлик бардыгында сүйүү линиясы кызыл сызыкта алып өткөрүлүп, бир учур экинчиси менен толукталып жүрүп олтуруп, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында өзүнчө эле күчтүү пафостогу сүйүү одасы жаралганы – бул бүгүн биз ачык айтып, ак сүйлөп моюнга алар улуу чындык!

www.bizdin.kg


Сүйүү темасы Ч. Айтматовдун дээрлик бардык чыгармаларында катышып, ал ар кандай ракурстан көркөм сүрөттөлүшүндө жазуучунун «Таалайга бүткөн улуу бийчи» (Ч.Айтматовдун аныктамасы – **Л.Ү.**) Бүбүсара Бейшеналиевага болгон ыйык, таза махабатынын ролу бөтөнчө экендиги тууралуу бүгүнкү күндө пикирлер ачык айтылып калды. Өзүнүн «Неутерянные письма или разговор на Дзержинке» деген китебинде журналист Бермет Мамбеталиева бул тууралуу: «После встречи с Бейшеналиевой в 1959 году в Ленинграде появились произведения: «Тополек мой в красной косынке» (1963), «Красное яблоко» (1964), «Прощай, Гульсары» (1966), «Белый пароход» (1970), «Буранный полустанок» (1980), «Плаха» (1989), «Тавро Кассандры» (1995) и др. И во всех перечисленных произведениях чувствуется Ее «присутствие». Его только надо увидеть» – дейт. «Тоолор кулаганда» романы – жогорудагы тизмени дагы толуктаган чыгарма.

Башкасын мындай койгондо да чыгармадагы Айдана Самарова менен Арсен Саманчиндин Хайдельберг сейил багында өткөргөн бактылуу күндөрү окурманга Ч.Айтматов менен Б.Бейшеналиеванын алгачкы жолу жакын таанышып, Ленинграддагы Неванын жээгинде бирге өткөрүшкөн буурул түндөрдүн шыңгыры катары туюлат. Ал эми Арсендин Элес менен таанышып, аз убакыттын ичинде бир бүтүндүккө айланып кетишин армандуу сүйүүнүн жазуучунун фантазиясында материализацияланышы катары карасак болчудай. Эки учурда тең Арсенди Тагдыр бактылуу кылбайт. Бул бир чоң өкүнүч, арман! Айтматов реалист жазуучу катары өзү да окуянын атайылап бактылуу бүтүшүн көздөбөйт, умтулбайт дагы. Анын стилине турмуш чындыгын көркөм чагылдырууда трагедия жакын. «Трагедия – искусствонун эң жогорку формасы» экендигин билет Ч.Айтматов.

«Тоолор кулаганда» романында Арсендин Айдананы таап жоготуусу, Элеске жолугуп, кайрадан ой-тилеги орундалбай о дүйнө салышында, албетте, жазуучунун чыгармачылыгындагы сүйүү концепциясынын айрым бир парчалары, учкундары экени айтылбаса да түшүнүктүү болуп тургансыйт. Бирок бул романында менин жеке көз карашымда автор негедир «Кызкайып» легендасы менен чыгарманын жалпы идеялык пафосун мурдагы чыгармаларындай жигин билгизбей, кыйыштыра албай калгандай... «Кызкайып» легендасына байланыштуу сүрөттөөлөр романдын ички логика-философиялык мазмунунан табигый түрдө келип чыкпай, негедир анын тышында жаткандай, декларативдүү болуп тургансыйт. Ал тургай айрым бир учурларда автор жасалмалуулукка да жол берген, окурманда ишеним жарата бербеген кургак сүрөттөөлөр да орун алып калгандай.

www.bizdin.kg



Пикирибиз негизсиз болуп калбасын үчүн романдан алынган факты-материалдан мисалга тартайын.

Бул эпизод Арсен агасы Бектур телефон чалып, азыр ага келип, фирманын жакынкы күндөрдө жасоочу операциясынын күңгөй-тескейин сүйлөшмөкчү болгону келерин күтүп жатканда, Арсен өткөнүнө, азыркы капитализмдин заң-законуна кыжыры кайнап, Айданасына жолукпай кусалыгы артып турган мезгил тууралуу. Жазуучу Арсен Саманчиндин эсине «Кызкайыпты» кайрадан салат, бул мертебе «Кызкайыптын алдында айыптуудай алайып, кечирим сурап актангандай, аны жалбарып жооткотуп жаткандай тейде турду. Кыялында экинчи өзү Кызкайыпка Арсендин эшигинин алдында туруп кайрылып, ага бир нерселерди эзиле шыбырап жаткансыды. Ал тигиге угузбай, а бирок ал түшүнгөндөй кылып эбиреп, Кызкайып, бүт бардыгы жайында болот, бир аз эле чыдай турчу, макулбу деп кечирим сурап жаткандай жалбара шыбырады. Кудай буюрса бир нерсе болот, анан мен Айдана экөөңөрдү жолугуштурам, укмуш музыка болот, классиканын кайра жаралышы башталат! Ошондо Айдана сахнада болот, а сен сахнанын артында анын жанында эле болосуң, бүт бардыгын көрөсүң, бүт бардыгын угасың. Ошол үчүн бир азга гана чыдай тур. Анан бул жерде Айдана күнөөлүүбү же жокпу, аны ойлон. Эгер билгиң келсе, ал өз ыктыяры менен бизди таштап кеткен жок, сен туура түшүнөсүң, анткени аны да акча үчүн акчага сатып алышты, куду сени уурдагандай уурдап кетишти. Ооба, ошентишти, мурда сулуу кыздарды эрк-оюна карабай атка таңып эле ала качып кетүшчү, азыр болсо андайларды долларга ороп, атак-даңк менен арчындап алып кетишет, мындайда өздөрү эле чуркап барышат, байлык үйлөрүнө кошулат, жылкылардын ээси миллионерлер, аларды доллар менен камчылап, долларды жем кылып берип, багып алат. Ушинтип жашап калдык. Башка жол жок, бардыгынын тагдыры базарга байланган» (97–98-б.).

Бул автордук баяндама дал ушундай маанайда, стилде андан ары уланат (караңыз, 98–99-б.).

Албетте, искусстводо көркөм шарттуулукка жол берилет, т.а., жансызга жандуудай кайрылуу «аңгемелешүү» ж.б. Жазуучунун бул багыттагы чыгармачылык тажрыйбасы мол («Саманчынын жолу» повестин эстесек эле жетиштүү болор). Бирок да буга чейинки чыгармаларында аталган стилдик ыкма турмуш чындыкка да, көркөм чындыкка да каршы келбей кынтыксыз колдонулуп келсе, тилекке каршы, «Тоолор кулаганда» романы тууралуу антип айта албайбыз. «Кызкайып» легендасынын сюжети да, аны колдонуу ыкмасы да бул жолу «Тоолор кулаганда» романында бир кылка эместей туюлду,

www.bizdin.kg



ошондон уламбы, легенда менен реалдуу турмуш чындыгы бир нукка түшпөй, бир бүтүндүк түзө албай калгандай.

«Тоолор кулаганда» романы боюнча жогоруда айтылган ойлорумду жыйынтыктап жатып, айтарым – Ч. Айтматов даркан сүрөткер катары ар дайым улуттук нерселерди чагылдыруу менен жалпы адамзаттык маанидеги жалпылоолорго жетишет. Бу жолу да автор азыркы кыргыз коому, коомчулугу, кыргыз адамы туш болгон, баштан кечирип жаткан чалкеш проблемаларды бардык карама-каршылыгы, курч психологиялык-нравалык конфликти, драма-трагедиясы менен көркөм иликтеп, бардыгын Адам жана Адамзат тагдырынын бийиктигине көтөрүп, ушул призмадан карап, кайрадан кайра Адамзатты бүгүнкү күнү акыл калчап эске келүүгө, туура багыт алып, жаңылышсыз туура жолду – Адамгерчилик, Абийир, Чындыктын жолун тандоого чакырык таштайт. Бул чыныгы искусствонун ыйык вазипасы, анткени чыгарманын көркөм жалпылоо деңгээли канчалык күчтүү, бийик болсо, анын маанилүүлүгү да ошончолук жогору болот.

www.bizdin.kg





*Жаңы тарых*

**Аман САСПАЕВ**

# БҮГҮНКҮ КЫТАЙ АВТОРЛОРУ БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР ЖӨНҮНДӨ

Элүүнчү жылдары Үрүмчүдөгү «Эл басмасында» бирге иштешкен уйгур жолдошторум «Кызыл-Суу кыргыз автоном областы жөнүндө обзор» деген кытай тилинде бир китеп жиберишиптир. Китеп 1985-жылы жарык көргөн. Окуп көрсөм, кытай авторлору кыргыз областынын боштондуктан кийинки жалпы абалына кеңири токтолуп, кыргыздардын байыркы тарыхына да бир аз орун беришиптир. Байыркы кытай жылнаамаларына (летопистерине) таянып, кыргыздар жөнүндө эмнелер айтылгандыгына кызыгуучу окурмандар үчүн кыргыз тарыхына тиешелүү тексттерди которуп жарыялоону ылайык таптым. Байыркы гунндар менен түрк тилинде сүйлөгөн уруулардын тарыхын изилдөөчү окумуштуулардан кытай булактарына кайрылбаганы жокко эсе. Тексттерде кездешкен айрым даталарга, коомдук тарыхый окуяларга колдо бар башка булактардан пайдаланып түшүнүк берүүгө да аракеттендим. Бирок, тилекке каршы, бул китептен кытай булактарынын дал өзү менен жүздөшө албайбыз, бүгүнкү күндөгү кытай авторлорунун ал жөнүндө жазган кыска-кыска пикирлери менен гана таанышабыз. Ой жүгүртө билген окурмандар үчүн бул түшүнүктүү аракет.

Китепте: «Мамлекеттик Улуттар комитети тарабынан улут маселеси боюнча чыгарылган беш китептин бири. Кытайдагы аз улуттардын жергиликтүү автономиясы жөнүндө обзор берүү сериясынан» – деп эскертилген. Ошондой эле китеп областтык, партиялык, өкмөттүк органдардын жетекчилиги астында «Кызыл-Суу кыргыз автоном областы жөнүндө обзор» жазуу группасы

www.bizdin.kg



тарабынан ишке ашырылгандыгы» да жазылып коюлган. Китепти кандай адистиги бар адамдар жазгандыгы бизге белгисиз жана алар көбүнчө кандай булактарга таянгандыгы жөнүндө эскертишпейт.

Адатта, биздин синологдорубуз, Батыштын синологдору Кытай булактары менен накта илимий тыянак ортосундагы аралык өтө эле алыс экендигин айтышат. Бул пикир, негизинен, жылнаамалардын көбү фантасмагориялык болгондугунан жана ал бир нече миң жыл үстөмдүк кылган конфуцийчилик, даосизмдик, кийинчерээк буддизмдик идеологиянын таасиринде жазылгандыгынан келип чыккан. Ишке киришүүдөн мурда буга мисал катары Үрүмчүдөн чыккан уйгур тилиндеги китептен көзгө чалдыккан бир маалыматка окуучулардын көңүлүн бурмакчымын. Уйгур элинин байыркы тарыхы жөнүндө кытай булактарынан дарек издеген уйгур авторлору (Тургун Алмас, Шерпидин Өмер) «Түндүк Чжоу хандыгынын (557–581) жылнаамасынын» «Туралар (Түрктөр – ред.) жөнүндө баян» деген бөлүгүнөн тикелей которгон текстинде төмөндөгү сөздөр жазылган: «Түрктөрдүн ата-бабалары Су (?) деп аталган элден келип чыккан. Булар гунндардын түндүгүндө жашаган. Түрк урууларынын беги (аксакалы) Апанбо деп аталган. Булар 17 бир тууган болушкан. Бир туугандардын биринин аты Илкништу (Ичженту) деп аталып, карышкырдан төрөлгөн. Апанболордун мүнөзү бир түрдүү келип, маңоо экен. Булардын эли жоюлуптур. Илкништу өтө сергек, курч болгон экен, шамал менен жаанды чакырып келтире алган. Ал эки аял алыптыр. Аялдарынын бири – жаз Теңиринин, дагы бири кыш Теңиринин кыздары экен. Алардын бойлоруна бүтүп, төрт эркек бала төрөлөт. Аларынын бири ак аңырга айланып кетиптир. Бир баласынын эли Абакан дарыясы менен Кама дарыясынын ортолугунда жашаган экен. Буларды кыргыздар деп атаган. Дагы бир уулунун эли Шен чу цзи тоосунда (Шерипидин Өмер – Зиагил дарыясынын боюнда деп которот. – А.С.) жашайт экен. Бул төрт уулдун туну экен. Бул жерде Апанбонун урпактары да жашайт экен. Алар ачык жерде үшүп, кыйналышканда тун уулу от чыгарып, жылытып, асырап калыптыр. Бардыгы тун уулду урматтап, башчы кылып, ага моюн сунушуптур. Өзүлөрүн «түрк» деп аташыптыр».

Легенда кытай авторлору тарабынан мындан бир жарым миң жыл мурда кагазга түшүрүлгөн. Албетте, легенданын пайда болушу андан да эртерээк. Жогоруда айтканыбыздай, легендада синологдордун пикирин далилдеген фантазия көп. Бирок андагы жер жана уруулардын аттарына маани бере келсек, түрк уруулары жаңыдан калыптана баштаганда (легенда боюнча – өзүлөрүн «түрк» деп атаган), башка урууларга караганда ири алдыда оозго алынганы кыргыздар экендиги, алар Абакан менен Кама дарыяларынын аралыгында жашагандыгы

көңүлүбүздү бурат. Ал эми ушул эле легенданы аарчып, тазалап илимий деңгээлге көтөрүүгө аракеттенген түркологдорубуздун бири Л.Н. Гумилев «Байыркы түрктөр» деген китебинде мындай деп жазат: «Вторая легенда выводит тюрок от местного рода Со и опять – таки волчицы. Все представители рода Со, по легенде, погибли «из-за собственной глупости» (в чем она проявлялась, не объяснено), только четыре внука волчицы уцелели. Первый превратился в лебедя, второй поселился между реками Абу и Гянь под именем Цигу, а третий и четвертый – на р. Чуси (Чуе) в южном Алтае. Эта легенда объяснена Н.А. Аристовым, который сопоставил Со легенды с родом Со у кумандинцев – североалтайского племени на р. Бие, первого внука увязал с племенем лебединцев – ку-кижи, а второго – с киргизами, жившими между Абаканом (Абу) и Енисеем (Гинь-кем)».

Мындагы кыргыздардын жашаган жери жана аты-жөнүндөгү Н.А. Аристовдун жыйынтыгы туура деп ойлойбуз. Анткени III–VI кылымдарда кытай жылнаамаларында кыргыздар «Цигу» деп аталганы чын. Бул жөнүндө төмөндө айтылат. Уйгур авторлору Енисейди Кама дарыясы менен, ак ккуну аңыр менен чаташтырып жазышкан. Мисалда келтирилгендей, кытай жылнаамаларынын байыркы авторлору жалгыз бул эмес, тарыхый окуялар жөнүндө фантазиялуу ой жүгүртүүлөрдү көп колдонушат. Албетте, ал жөнүндө биз бул макалада кеңири токтоло албайбыз.

Эми «Кызыл-Суу кыргыз автоном областы жөнүндө обзор» деген китептеги байыркы кыргыздар жөнүндөгү пикирлерге кайрылалык.

Эң алды менен кытайдын эски жылнаамаларында кыргыздардын аталышы жөнүндө:

«Кыргыз улутунун аты, – деп жазат авторлор, – элибиздин тарыхый китептеринде мындан эки миң жылдан ашыгыраак убакыт мурда эле пайда болгон. Аныгын айтканда (кыргыздар) эң байыркы «Ши цзи», «Хань шу» деген китептерде «Ли (?) кун», «Цзянь кун» деп аталган. Бирок ар кыл тарыхый мезгилде (иероглифтерди) окуу жана которуу бирдей болбогондуктан, ал тарыхый мезгилде ар түрдүү окулуп, ар түрдүү жазылган.

Хань (206 б.э.ч. – 220 б.э.), Саньго (220–280), Цзинь (265–420), Суй (581–619) династияларынын мезгилдеринде кыргыздар «Ли (?) кун», «Цзянь кун», «Ци гу», «Хэ гу» деп аталган. (Л.Н. Гумилев кытай булактарына таяна отуруп, ушул мезгилдеги кыргыздар: «Гэ гу», «Йэ гу» – деп да аталгандыгын жазат. – А.С.). Тан династиясы (618–907) мезгилинде «Цзе цзя сы» (экөө окшош окулганы менен экинчисинин акыркы «сы» иероглифи башка. – А.С.) Ляо (916–1201), Суң (960–1279) династиялары мезгилинде «Ся цзя сы», «Юань (1260–1368), Миң (1368–1662) династиялары мезгилинде «Ци эр цзи

www.bizdin.kg



сы», «Цзи ли цзи сы», Цин династиясы (1636–1911) мезгилинде «Бу лу тэ» (Бурут) – деп аталган ... (18-бет).

Бул тексттеги кыргыздар жөнүндө алгачкы маалыматтарды берген «Ши цзи», «Хан шу» деген китептерге кыскача токтоло кетүүгө туура келет.

«Ши цзи» – тарыхый жазмалар. Академик Н.И. Конрад кыскартып «Тарых» деп атаса, синолог В.М. Алексеев «Исторические записки» деп иероглифтерди так которгон. Автору Сыма-цянь (б.э.ч. 135–93). Китепте Хуаң ди (легенда боюнча эрабыздан үч миң жыл мурдагы кытайдын эң байыркы падышасы. – А.С.) доорунан тартып, Хань династиясынын алтынчы падышасы Хань У-диге (эрабыздан мурдагы 140–86) чейинки тарыхты камтыйт. Анда 526500 иероглиф пайдаланылган. Кытай тарыхчыларынын жазышына караганда тили көркөм, оңой окулган «эң алгачкы тарыхый улуу китеп». Батышка да белгилүү. Н.И. Конрад китептин автору Сыма Чиеньди эң алгачкы грек тарыхчысы Полибий (б.э.ч. 210–122) менен катар коюп изилдейт. Экинчи китеп – «Хань шу». Бул 230 жыл өмүр сүргөн Батыш Хань династиясы жөнүндөгү китеп. Эрабыздан мурдагы 206 жылдан эрабыздын 24 жылына чейинки убакытты камтыйт. Автору Бангу. Кытай изилдөөчүлөрүнүн жазышына караганда, китепте байыркы иероглифтер көп колдонулган, окуу кыйын. Кийинки династияларда айрым тарыхчылар «Хань шуга» кошумча түшүндүрмө китептер да жазышкан. Биз азырынча бул китептерде кыргыздар жөнүндө эмнелер жазылгандыгын билбесек да, ата-бабаларыбыз мындан дээрлик 23 кылым мурда эле цивилизациясы бар элдер менен мамиле түзүп, Чыгыштын тарыхый сахнасында өзүн көрсөтө баштагандыгын бүшүркөйбүз. Бул эки китепке тең Чыгыш-Батыштын, ошондой эле Кытайдын өзүнүн синологдору да зор маани берип, али да изилдешүүдө.

«Кызыл-Суу...» жөнүндөгү китепте кыргыздын тили, жазуусу жөнүндө кыскача маалымат бар. Кыргыздын тили жөнүндөгү бир нече сүйлөмгө токтолуу кажетсиз, анткени авторлор негизинен, биздин түркологдорубузга таянып пикир айтышат. Ал эми кыргыздын жазуусу жөнүндө мындай сөздөр бар:

«Кыргыздар эрабыздын 7–8-кылымдарында эле өзүлөрүнүн байыркы жазуусун колдонушкан. Анығын айтканда, ал Орхон-Енисей жазуусу. Кийин араб, фарсы тамгаларын негиз кылган чагатай жазуусун жана Чагатай жазуусунун негизинде кыргыз жазуусун ойлоп таап колдонушкан» (18-бет).

Эскерте турган бир нерсе, ушул маалыматтар кытай тилинде Үрүмчүдө жарыяланганына карабастан, ошол эле басмадан чыккан уйгурча китептерде уйгур авторлору Орхон-Енисей жазуусун

www.bizdin.kg



уйгурлардыкы деп жазышууда. (Шерипидин Өмер. «Уйгур классик адабиятынын очерктери».)

Китеп андан ары кыргыздын байыркы тарыхына кыскача токтолот: «Тан династиясынын (618–907) доорунда кыргыздар күчөй баштаган… 9-кылымга аяк басканда кыргыздар мамлекетибиздин түндүк-батышындагы эң күчтүү мамлекетке айланып… «Кыргыз хандык мамлекетин» түзүшкөн. Цзянь дарыясын (Енисей дарыясынын жогорку агымын) борбор кылган кыргыз мамлекетинин чегарасы – чыгышы Байкал көлүн, Батышы Талас дарыясынын өрөөндөрүн камтыган. Ал (кыргыз мамлекети) күчөйүп чегарасы бир мезгил Аньси (Кучар – А.С.), Бэй тин, (Бишбалык – А.С.) өрөөндөрүнө да жеткен.

Бул мезгилде … (кыргыздар) буудай, шалы (күрүч), кара буудай эгишип, дыйканчылыкта алдыңкы куралдарды пайдаланышкан. Ошондой эле аштык тазалоонун, ачыткы жасоонун прогрессивдүү ыкмаларын колдонушкан. Кыргыздардын атактуу «бозосу» ошол доордо ачытыла баштаган. Металлдардан алтын, темир, калай эритип иштетишкен жана өндүрүш куралдарын, учтуу аскери куралдарын жасашкан. Ичкери менен (кытайлар менен – А.С.) барыш-келиш соода жүргүзүп, мал чарба өнүмдөрүнө кездеме, жибек жана башка турмуштук буюмдарын соодалап алышкан. Кыргыздар өзүлөрү ойлоп тапкан календарды пайдаланышкан. Күн, ай, мезгил эсебин жана 12 жыл мүчөл боюнча кайталанып туруучу жыл эсептөөнү жүргүзүшүп, дыйканчылык жана мал чарбачылык кесиптерине пайдаланышкан. Булар азыр да пайдаланылат. Адабият, искусствосу да кыйла жогору өнүккөн. Музыкалык аспаптардан комуз, добул, чоор, сыбызгы, паньлин (?) болгон. Ушулардын бардыгы ошол кездеги Цзе цзя сылардын маданиятынын жогору деңгээлде өнүккөндүгүн көрсөтөт. Енисейдеги байыркы кулпу таштарга жазылган эстеликтерге караганда Цзе цзя сылар таптык коомго киргенден кийин бай, кедейи ажыралып, таптык карама-каршылык күчөй түшкөн. Кийим, тамак, турак жай жагынан гана бай-кедейи билинип турбастан, алардын лексикасында «мүлк», «мүлк ээси», «кожоюн», «кул» деген сөздөр да бар болгон. Мындан биз бай-кедейдин ажырымы, менчиктенүү көз карашы, мал-мүлккө эгедерчилик кылуу мамилелери бир кыйла өнүккөндүгүн көрөбүз. «Шин таң шу» (Тан династиясы жөнүндөгү жаңы китеп – А.С.) деген китепте жазылышына караганда, Цзе цзя сыларда уруулук түзүм жоюлуп, анын ордуна жер-жерлерге бөлүнгөн «Ба гэ» (?) аттуу коомдук түзүлүш пайда болгон. «Ба гэде» бир канча майда уруулар баш кошуп, көчмөн топторго – «а у ли» (айылдарга) биригишкен … Бул абал Цзе цзя сылардагы көчмөн феодалдык түзүмдүн өзгөчө белгилери бар экендигин түшүндүрөт…» (22-бет).

www.bizdin.kg



Жалпы эле тарых илими жөнүндө ой жүгүрткөнүбүздө, болуп өткөн коомдук окуяга баа берип жатып, ар кандай автор кантсе да өз доорундагы философиялык жетекчи ойдун алкагынан алыс кете албагандыгын байкайбыз. Табигый же жасалма болсо да, тарыхчылар мындан качып кутула албайт. Бирок ортодо бир нече кылым айтылбай арабөк калса, кашкайып турган тарыхый доорлорду аттап кетсе, аны окуган адамдар канааттанбай калышы табигый. Кытай династияларында байыркы замандан тартып эле өзүнчө жылнаама жазып калтыруу адатка айланган. Укумдан тукумга келе жаткан бул машакаттуу жүк – хандыкты башкаруудагы, коңшулар менен дипломатиялык мамилелерди өнүктүрүүдөгү мурдакы ыкмаларына жаңы падышанын өзүнчө көз карашын, салымын даңазалоо ошентип, кылымдар бою жыйналып келе жаткан башкаруу жана дипломатия машинасына жаңы доорго ылайык толуктоо киргизүү, улантуу зарылдыгынан келип чыккан. Ошон үчүн ар династия ченебеген патриоттук рух менен милдеттүү түрдө колго алууга тийиш болгон. «К XIX в. таких историй накопилось, не считая побочных, всего 24, в 3243 книгах, что при переводе европейские языки дало бы столько же томов», – деп жазат советтик көрүнүктүү синолог В.М. Алексеев. Авторлор аттап кеткен Суй династиясынын (589–619) жылнаамасынын 7-кылымдын башталышындагы түрк урууларынын аттарын, жашаган жерлерин жазып калтырышкан. Аны үрүмчүлүк уйгур авторлорунун тикелей котормосу боюнча келтире кетейин:

1. Байкал көлүнүн түштүгүндө тоба жана башка уруулар жашайт.

2. Тугла дарыясынын (Орхон дарыясынын бир айрыгы) түндүгүндө бөкө, конра, байырку, уйгур, бөрикли ... мончин, торугур, иске, хун, хугурсулар жашайт.

3. Хамидин (Кумул шаарынын – А.С.) батышы, Яньци (Карашаардын – А.С.) түндүгүндөгү Ак-Тоо (Теңри тоосунун) этектеринде калпактар... азилар, сыгынактар... огуздар, кыргыздар, онголор жашайт.

4. Алтай тоолорунун батыш-түштүгүндө Сур Тардуштар... Забиндир, Түргештер жашайт.

5. Каңлынын түндүгүндө (Арал-Балкаш көлдөрүнүн аралыгы жана Волга дарыясынын жээктеринде)..., мажарлар, болгарлар, биченектер, чукастар, кыпчактар, бортастар жашайт.

6. Урал дарыясынын батыш-түндүк бөлүгүндө... саксиндер, мукшалар жашайт.

7. Рим империясынын (Византиянын) чыгышында огуздар, аландар, башкырттар жашайт».

www.bizdin.kg



Бул маалыматта 7-кылымдын башында кыргыздар жашаган Карашаардын түндүгү, Теңри тоосунун (Тянь-Шандын) этектери айтылат. Биз китепке 7-кылымдын башындагы кыргыздын жашаган ордун жазбай аттап кетиптир дебейбиз. Сөз ошол орунга байланышкан тарыхый окуянын калып калгандыгында болуп жатат. Кытай тилиндеги «Жаңы билим сөздүгүндө» уйгурлардын ата-тегине токтоло келип: «840-жылдары Хуй хэде (уйгурларда – А.С.) граждандык согуш чыгып, Яньцинин (Карашаардын) түндүгүндө жашаган Цзе цзя сылардан (кыргыздардан) жеңилип... деген сөздөрдү кошот. Келтирилген эки цитатадагы кыргыздын жашаган орду ортодо эки кылым өтсө да бирин бири далилдеп тургансыйт.

Китепке кайрылалык: «7-кылымда, – деп жазат китептин авторлору, – Чыгыш түрктөр күчөйүп кыргыздарга жана кытайларга коркунуч туудура баштады. Ушул себептүү Таң династиясынын өкмөтү аскер чыгарып, Чыгыш түрктөрүн багындырууну чечти. 718-жылы Цзянь (кыргыздын) улуу аскер башчысы Дулупице кэхан кыргыз жоокерлерине жетекчилик кылып (кытайларга жардамдашып) агрессиялык согушка каршы активдүү катышкан.

755-жылы Орто түздүктө (кытай жергесинде – А.С.) «Аньши чжи луань» окуясы (генерал Ань Лу шань жана анын кол астындагы аскер башчысы Ши Сыминдердин мунту – А.С.) пайда болду. Таң династиясынын падышасы Ли Луньци качууга мажбур болуп, борбор ээсиз калат. Баса көптөп кирген аскери бийликтеги көтөрүлүшчүлөр бардык жерде башаламандык пайда кылды. Мына ушундай улут башына коркунуч түшүп турган кырдаалда кыргыздар менен түндүк-батыштагы уруулар мунтту басууга катышып, Тан династиясынын бүтүндүгүн сактап калышты» (22-бет).

Бул текстте «... улут башына коркунуч түшүп турган кырдаалда...» деген сөз бар. Жөнөкөй окуучу байкабашы мүмкүн. Бирок эмне үчүн «коркунуч империяга түшпөй, улут башына түштү» деген суроону койсок, маселе айкындала баштайт. Көрсө, көтөрүлүш чыгарган империялык чегарачылардын генералы Ань Лушань түпкү теги кытай эмес, түндүктөгү көчмөн уруулардан экен. Ань Лушанды Грумм-Гржимайло – хунн, Кордье – кидань, Пуллейбланк – согдиялык ... деп божомолдойт, – деп жазат Л.Н. Гумилев. Уйгур авторлору болсо кытмыр, нары эр жүрөк генералды түрк тукумунан деп жазышууда. Улуу акын Ду фу көтөрүлүш чыгаардан бир нече ай мурда империянын ушул эле Түндүк армиясына арнап ода жазып, армиянын кол башчысы Ань Лушанды шумкарга теңейт. Ал эми көтөрүлүш чыккандан кийин Ань Лушанды «Ху» деп атап, көтөрүлүшчүлөрдү «Хунун аскерлери» деп кайрадан жек көрө ыр жазууга мажбур болот. Ошол мезгилдерде

www.bizdin.kg



кытайлар түндүктөгү кытай эмес урууларды «Ху» (иероглифтин мааниси – жапайы) деп атаган.

Болуптур, – деп коёлук да, өзүбүз кызыккан дагы бир башка маселеге өтөлү. Китепте жогоруда келтирилгендей Ань Лушань мунтун басуу үчүн кыргыздар да келгендиги айтылды. Бирок бардык тиешелүү булактардан жана ал жөнүндөгү Чыгыш-Батыштын синологдорунун изилдеп жазган тыянактарынан пайдаланып, тогуз жылга созулган көтөрүлүштү ыкый-чыкыйына чейин жазып чыккан Л.Н. Гумилев Таң империясына каршы болгон же ага жардам берген уйгурлар 758-жылы кыргыздарга чабуул жасап, алагды болгондугун жазат. Эгер кыргыздар империя менен союздаш болсо, союздаштардын бири болгон уйгурлар кыргыздарга каршы аттанбаган болоор эле деген ой туулат. Анын үстүнө мунт мезгилинде аз болсо да аты чыккан жеке адамдардын бардык иш-аракетине, ата-тегине чейин маани берип изилдеген окумуштуу мунтту басууга катышкан кыргыздарды четте калтырышы мүмкүн эмес эле.

Мунтту басууга уйгурлар эки жолу чакырылган. Биринчи жолу уйгурдун ханы Моюнчурдун уулу Ябгу командалык кылган уйгур аскерлери, экинчи жолу Моюнчурдун кичүү уулу Идигань Мэуюй хан командалык кылган аскерлери мунтту басууга катышат. Азыркы уйгур авторлору, бул окуядан кеминде бир жарым кылым мурда өтүп, сөөгү сөпөт болгон. Батыш Түрк каганатынын ханы Стеминин уулу Бөкөханды (Карачуринди) уйгурдун ханы деп иликтейт да, аны Ань Лушань мунтун басуу үчүн экинчи жолу келген Идигань Мэуюй хан менен чаташтырат. Алар мындай деп жазышат: «Монголдордун купуя тарыхынын» автору Досан «Бөкөхан жөнүндөгү легенданын качан пайда болуп, качан жазылгандыгы жөнүндө ооз ачпайт… Ишенимдүү тарыхый материалдарга (?) негизделгенде эрабыздын 647-жылынан 846-жылына чейин 200 жыл өкүм сүргөн Орхон Уйгур хандыгы доорундагы уйгур хандарынын ичинде Бөкөхан аттуу хан болгон. Ал Орхон Уйгур хандыгынын күчөгөн доорундагы (745–780) хакандардын үчүнчүсү эле. Ал хакан Моюнчурдун кичүү баласы. Бөкөхандын өз аты Идикут[1]». Атасы Моюнчур дүйнөдөн өткөн соң такка отурган. Бөкөхан жөнүндөгү легендада: «Баласагун шаарын салдырып, 12 жыл ичинде көп элдерди багындырып…» деген сөздөр бар. Легендадагы жылдарды эсептегенде ... Бөкөхан болжол менен 760–780-жылдарда Орхон хандыгынын тагында отурган. Легендада Бөкөхандын беш

[1] Л.Н. Гумилевдун китебинде «Идикут» кишинин аты эмес. Айтылып жаткан мезгилден бир кылым өтүп, кыргыздар тарабынан Уйгур-Орхон хандыгы талкалангандан кийин, Жунгар уйгурларынын князы Бугу цзундун 860-жылдары Бешбалык жана Турфан өрөөнүндө курган чакан уйгур хандыгынын титулу «Идикут» деп аталган деп жазат.

www.bizdin.kg


бир тууган экени жана алардын аттары ... согуштук жортуулдары жазылган. Агасы Шуңкар текин монгол, кыргыз элине, Кутчур текин Таңгуттар өлкөсүнө, Бука текин Кытайга, өзү Батышка багыт алган... Таң (династиясынын) падышасынын өтүнүчү боюнча 756-жылдагы Ан Лушань мунтун басуу үчүн Ябгу текин барган болсо, 761-жылындагы Ши Сы-мин мунтун басуу үчүн 762-жылы Бөкө текин өзү барып, 9 жылга созулган мунтту тынчытып кайткан. Ага Таң падышасы «эр жүрөк, ак адил хакан» деген наам берген».

Биз окуп жаткан китепте, «Эрабыздын 843-жылы Таң падышасы У-цзун кыргыз жергесине Ли Янь деген элчи жиберип, (кыргыздардын) көсөмүнө (?) «Эр жүрөк, ак Эдил хакан» деген наам берген» (22-бет) – деп айтылат. Гумилевдин жазышына караганда, бул мезгилдеги кыргыздын ханы – Ажо. Ал болжол менен 847-жылы каза болгон. Текстте айтылбаса да, жогорку наам Ажого ыйгарылган болуш керек деген ой туулат.

«Эрабыздын 890-жылы, – деп жазат авторлор андан ары кыргыздын тарыхы жөнүндөгү пикирлерин улап, – Таң династиясынын чегара коргогон генералы Ли Кэ-юн козголоң чыгарып, Таң династиясынын императорлук тактына коркунуч туудурат. Кыргыздар төө минген жоокерлери менен келип, Таң империясына жардамдашып, мунтту басып, династия аймагынын бүтүндүгүн сактап калууга салым кошту (22-бет).

Бул пикир да жогорудагыларга кошулуп, тереңирээк изилдөөнү талап кылат.

Кыргыздардын экинчи жолку күчөйүшү жөнүндө: «Миң династиясынын (1368–1642) акыркы жылдарында, Тянь-Шань өрөөнүнө (мурда) көчүп келген бир бөлүк кыргыздар узак жылдар бою жашап, акырындык менен күчөйө баштаган. Кыргыздар Тянь-Шандын түндүк-түштүгүндө көчмөн турмушта жашоо менен, Тянь-Шандын түштүк жагындагы Кашкар өрөөнүнө чейин жеткен. (Кыргызга) караштуу жерлердин кеңейишине жана өзүнүн күчөйүшүнө байланыштуу 16-кылымга жеткенде Кашкар өрөөнүндө «Яарчен (Жаркент) кыргыз хандыгын» курду. (Китептин акыркы бетиндеги хронологиялык таблицада Жаркент кыргыз хандыгынын мезгили – 14–17-кылым деп көрсөтүлгөн. – А.С.). Бул кыргыздар тарыхындагы экинчи жолку күчөйүшү болуп эсептелет.

Бул мезгилдеги кыргыздардын өнүгүшүндөгү өзгөчөлүк: кыргыздар дыйканчылык (буудай айдоо) менен иришип, темир эритүү, кол өнөрчүлүк (шайы жана кездеме токуу) иштерин да жолго койгон. Ал түгүл өздөрүнүн шаары болгон. Дагы бир өзгөчөлүгү кыргыздар башка уруулар менен байланышын күчөтүп, алардын алдыңкы маданиятынан үйрөнүп, өзүлөрүнүн экономикалык жана маданий деңгээлин көтөрүүгө шарт түзгөн» (22-бет).

www.bizdin.kg



Эми, **кыргыздын комузу жөнүндө**: «Кыргыз музыкасынын тарыхы узак мезгилди камтыйт. Хан (династиясы) доорунда Батыш өлкөлөрдүн (Орто Азия, Түркстан – А.С.) жана түндүктөгү уруулардын музыкасы «Ху юе» (Хулардын музыкасы – А.С.) деп аталган. Кыргыздардын музыкасы анын бир бөлүгүнө таандык. Таң (династиясы) доорундагы хан сарайында ойнолуучу он түрдүү музыканын үчөө Синьцзяндыкы (Түркстандыкы). Бул үч музыкага: «Гаочан юе (?)», «Цюцы юе (?)» кирет. Кыргыз музыкасы «Гаочан юе» музыкасынын бир бөлүгү. Синьцзяндагы Турфан (шаарынын) батышындагы «Чжао ха чун гао чан» (?) өрөөнүнөн IX кылымдын башталышына таандык байыркы бир сүрөт табылган. Сүрөттөгү кичине бала чертип жаткан аспап – кыргыздардын комузу («Жэнь мэн ин юе чубаньше» – «Эл музыкасы басмасы» чыгарган «Майда улуттардын музыкалык аспаптары жана жекече ойнолгон салттуу күүлөрдүн жыйнагы» деген китепти караңыз).

... Комуз «муцин» – «жыгач комуз» деп да аталат. Комуз бүтүндөй жыгачтан жасалып, ага тагылган үч кылды кагуу аркылуу үн чыгарылат. Ал – кыргыз элинин эң байыркы жана кеңири тараган музыкалык аспабы ...

Байыркы заманда эле (комуз) башка улуттар жашаган аймактарга, ал түгүл, чет элдерге да тараган. Таң (династиясы) доорунда кыргыз эли Таң падышасына белек катары бир комуз беришкен. Кийин, Таң падышасы ал комузду япондорго сыйлык катары тартуулаган.

Авторлор андан ары кызыл-суулук кыргыздардын бизге белгилүү элдик күүлөрү, азыркы музыкалык аспаптары жөнүндө кыскача токтолгон.

Акырында, сөз кылып жаткан китепке тиешеси жок болсо да айта кете турган нерсе, синьцзяндык көрүнүктүү акын, тарыхчы Тургун Алмас кытай булактарынан гунндар жөнүндө дарек издей отуруп, «Таң династиясы жөнүндөгү жылнаамадан» көзүнө урунган, кыргыздарга тиешелүү бир нече сүйлөмдү которуп чыгармасына киргизген. Мурдатан бизге белгилүү болгондугуна карабастан аны да киргизе кетүүнү ылайык таптым: «Тилекке каршы, кытайдын эң байыркы жылнаамаларында гунндардын өңү-түсү жөнүндө эч кандай маалымат берилген эмес. Бирок ага карабастан, – деп жазат Т. Алмас, – «Байыркы Таң жылнаамасынын» кыргыздар жөнүндөгү бөлүгүндө, Енисей дарыясынын жогорку агымында жашаган кыргыздарды: «Жазуу, тил жагынан уйгурлар менен окшош. Алардын чачтары кызыл, көздөрү көк, чырайы ак» – деп баяндаган.

Махмуд Кашкарийдин «Түрки тилдер сөздүгүндө» кыргыздар накта түрк тилинде сүйлөшөт деген сүйлөм бар. Демек, Орхон,

www.bizdin.kg



Енисей, Селенга жана башка жерлерден табылган байыркы кыргыздардын жазма эстеликтери тил жагынан тереңирээк изилдөөнүн зарылдыгын алдыга коёт.

Менин оюмча, кытай булактарынан алынган жогорудагы материалдар кыргыз тарыхын изилдөөчү окумуштууларыбыз үчүн жаңылык деле эмес. Анткени өткөн кылымдын башында эле орус миссионери Иакинф (Бичурин, Никита Як) деген монах Пекинде 14 жыл туруп, Кытайдын түндүк жана түндүк-батышындагы көчмөн уруулардын байыркы тарыхына байланыштуу маалыматтарды, кытай булактарынан орус тилине которуп үч томдон турган баалуу мурас калтырган. Француз, немец миссионерлери колониялоо максатындагы агент окумуштуулары, азыр да чети оюла элек маселелердин даамын андан мурдараак татышкан. Алар «дүйнөнүн төбөсүндө» жашаган тибеттиктердин байыркы жазма эстеликтерин да изилдешти. Бирок советтик түркологдор, орустун, батыштын түркологдору, синологдору жазган жүздөгөн макалалар, ондогон китептер, чыгыш-батышы Сары деңизден Кара деңизге чейин, түндүк-түштүгү Саян тоолорунан Түндүк Иранга чейинки Евро-Азиянын бул кеңири аймагы али да изилденип бүтө элек дешет. Байыркы түрк уруулары жөнүндөгү маалыматтар грек, араб, персия, кытай булактарын кошуп эсептегенде Европа менен Кара деңиз бойлорундагы элдердин кийинки урпактарына калтырган маалыматтарынан артык болбосо, кем эмес экендиги жөнүндө көп окуп жүрөбүз. Л.Н. Гумилев жазгандай, бул аймактагы тынчы жок көчмөндөрдүн байыркы өмүрү али да өзүнүн изилдөөчүлөрүн күтүүдө. Биздин алдыбызда булактарга кайрылуудан мурда изилдөө методун, илимий тыянактын критерийин бойго сиңирүү, советтик түркологдордун калыптанган, жөрөлгөлүү изилдөө ыкмаларын чыныгы түрдө билүү милдети тургансыйт. Антпегенде, эбак айтылган пикирлерди кыргыз тилинде түшүндүрүү алкагында кала бермекчибиз.

***Эскертуу:*** *Кытай иероглифтеринин транскрипциясы доктор И.М.Ошаниндин 1955-жылы чыгарган «Китайско-Русский словары» боюнча берилди. Династиялардын даталары жана айрым тарыхый маалыматтар 1958-жылы Пекинден чыккан кытай тилиндеги «Жаңы билим тушундурмө сөздүгүнөн» алынды. Аныктоо зарыл болгон орундарга суроо (? ) белгиси коюлду.*

www.bizdin.kg



# ФЕРГАНА БАЯНЫ ЖӨНҮНДӨ

Кытайдын өтө көрүнүктүү тарыхчысы Сыма Чиендин мындан 21 кылым илгери жазган «Шыжи» («Тарыхый жазмалар») аттуу 130 томдон турган тарыхый китептер сериясынын 123-томунун «Фергана жөнүндө баян» деген 63-бабы, кытай тилинен кыргыз тилине, кыязы, туңгуч ирет которулуп отурат. Бул тарых толугу менен Батыш элдеринин тилдерине, ошондой эле орус тилине да которулган болушу мүмкүн. Анткени XVIII–XIX кылымдардагы Батыш элдеринин жаңы колонияларга арааны аябай ачылып, тамны тийген жерлердеги элдерди жакшылап билип, максаттарына ылайык саясат колдонуунун зарылдыгы, ал элдерге алды менен миссионерлерди, кала берсе, этнографтарды, жер шартын изилдөөчү географтарды арты-артынан аттандырууга мажбурлаган. Миссионерлер Кытайга келип диний үгүткө жамынып отуруп, кытайдын байыркы рухий казынасына даап кол салганы менен, үйрөнүп бүтүү мүмкүндүгү эки таалай болгон бул «лабиринтке» таң калууга аргасыз болушкан. Кытайдын байыркы жылнаамаларын тартынбай эле «архаикалык лабиринт» десек аша чапкан болбойбуз. Батыш миссионерлери кытай тилин, жазуусун үйрөнүп, аларды өз тилдерине которуп, экзотика катары тааныштырууларынын натыйжасы, илимдин чындап кийлигишүүсүнө алып келди. Акыры синология деген илим пайда болду. Бирок орус синологдорунун жазышына караганда, бардык эле жерде кытайдын байыркы анналдары алиде толугу менен изилденип бүтө элек.

XVII кылымдан баштап быгып жаткан, коңшу кытай элинин деги кандай эл экендигин билүү үчүн, башка империялар менен атаандаша отуруп, Орус падышалыгы да христиан миссионерлерин жылма аттандырган. XIX кылымдын башында жиберилген монах, кадимки Иакинф Бичурин Бээжинде он нече жыл туруп, христиан динин үгүттөп, христиандык түшүнүктүн бирден бир душманы кунфузычылык менен күрөшүү үчүн Кунфузынын тек жайын, окуусун изилдей келе, туптуура 25 кылым артка серпилип, Кытайдын байыркы тарых деңизинде калкый баштаганын дароо сезген. Деген менен Бичурин кажырлуу эмгектенип кытай иероглифтерин үйрөнүп, жылнаамалардан орус тилине которуп, байыркы Түрк уруулары менен кытай, тибет мамлекеттери жөнүндө көз карашын баяндап дегендей, акыры, орус синологиясынын алгачкы дың бузарларынан болуп калды. Анын 15 төөгө жүктөп алып келген кытайдын байыркы сансыз китептери, кытай таануу жөнүндө жазган эмгектери, орустар үчүн, жер шарында байыркы Грек, Рим, Вавилон (Бабил), Мисир (Египет), Ассирия, Персиялардан башка да убакыт жагынан ошого туташ келген, бирок иликке

www.bizdin.kg



алынбай келе жаткан, чыгышта али да дың, байыркы бир маданият жаткандыгын моюндоого, үйрөнүүгө, ошентип, орус синологиялык тармагынын пайда болушуна түрткү болду. Кийинки күндөрдө болсо, Бичурин жалгыз Россиянын гана эмес, башка элдердин да, асиресе, ата-бабасынын тарыхы боюнча дайыма илең-салаң ачка жүргөн биздин кыргыз окумуштууларыбыздын да наар алаар азыгына айлана алды. Бирок Бичуриндин транскрипциясында котормо жана болжоолорунда кийинки орус синологдору белгилегендей, аздыр-көптүр кемчиликтери бар экендиги ачык эл көрүнүп турат. Азырынча, бул жөнүндө пикир айтуунун зарылдыгы жок, албетте. Жалгыз транскрипция маселесинде, өзүбүзгө менчиктүү бир маанилүү ишти ортого коюуга убакыт жеткендигин айткым келет. Бул күнгө чейин биздин тарыхчыларыбыз кытай иероглифтеринин орус тили фонетикасына багыныңкы транскрипциясын колдонуп келди. Орус тилинде «ң» тыбышы жок болгондуктан Бичурин «Тхан» деп жазса, жакынкы заман орус синологдору «Тан» деп жазышууда. Бизге мунун экөө тең туура келбейт. Кытай иероглифтерин дал айтылышындай жазуу үчүн мүмкүндүгүбүз бар. Маселен: «Тхан династиясы» эмес «Таң династиясы», «Тан шу» эмес «Таң шу», «Цин» эмес «Чиң», «Синъцзян» эмес «Шинжаң» ж.б. Азыр Шинжаңда жашаган уйгур, казак, кыргыз улуттары кытай иероглифтери кандай айтылып, кандай угулушуна карай өздөрүнүн жазуулары менен транскрипциялашат. Биз да алардын жолун жолдоп, кытай иероглифтерин өзүбүздүн улуттук жазуубуз менен дал нары туура болгудай транскрипциялашыбыз керек. Бул котормодо мен өз мүмкүндүгүбүз боюнча транскрипциялоо принцибин колдондум.

80-жылдардын башынан тартып, Үрүмчүдөгү коомдук илимдер академиясы, Шинжаң университети шефке алган «24 тарыхты которуу редакциясы» түзүлгөн. Бул редакциянын туңгуч жемиши, Сыма Чиендин «Шыжи» («Тарыхый жазмалар») деген тарых китебиндеги кытайдын түндүгүндө, түндүк батышында жашаган байыркы элдерге тиешелүү тексттерин бөлүп которуу болду. Бул уйгур тилинде бир том болуп Шинжаң эл басмасынан 1989-жылы жарык көрдү. Бул томдо Кундар жана ошол учурда «Батыш деп аталган азыркы Шинжаң, Орто Азия, Казакстан аймактарында жашаган элдердин географиясы, турмуш салты, тарыхы алына жараша камтылган. Байыркы кытай мамлекетинин «Батыш өрөөн» менен туңгуч мамилеси кандай башталгандыгы жөнүндө да кытай тарыхчылары жашырып-жаппай ачык жазып калтырышкан. Бу албетте, биз билип коюуга тийиштүү тарыхый окуялар катарына кирет.

«Фергана баянынын» колумда кытайчасы болгону үчүн өз тилибизге которууну ылайык көрдүм. Алгачында «Кундар

www.bizdin.kg



жөнүндө баян» деген бөлүмүн уйгур тилинен которууга ниеттенгем. Бирок анын кытайчасы колумда жок болгон соң кийинки планга калтырдым. «Фергана баянынын» уйгур тилинде эки котормосу бар, экөөнү эки киши которгондуктан стилистикалык жактан кыйла айырмаланып, биринде бар сүйлөм биринде түшүп калган. Ал түгүл, бул эки котормонун айрым сүйлөмдөрү кытайчасына дал келе бербейт. Бул шарт, котормуда жалгыз гана кытайчасына сөөнүнүн зарылдыгын туудурду. Сыма Чиен өз колу менен жазган текст боюнча басылган китепти окуп түшүнүү кыйын. Биз түгүл кытай тарыхчылары да кыйналат. Окууга, пайдаланууга оңой болсун үчүн, байыркы жылнаамаларын кытай окумуштуулары архаизмден арылтып, азыркы адабий тилдерине «которушкан». «Фергана баянын» кытайдын азыркы тилине ким которгону белгисиз, китепте эскертилген эмес. Бирок уйгур котормочулары ушуну негиз кыла отуруп которгону талашсыз, «Фергана баянына» берилген комментарийлер да толугу менен уйгур котормочуларынын эмгегинен пайдаланылды.

Неси болсо да, кытайдын байыркы жылнаамасынан туңгуч ирет кыргыз окурмандарына бир тамчы болсо да тааныштыра алганыма кубанам. Ошондой эле окумуштууларыбыздын бул материалдын орусчасын же башка тилдекисин таап салыштырып, сын пикир айтуусун кош колдоп кабыл алмакчымын.

www.bizdin.kg





*Публицистика*

Кыяс
МОЛДОКАСЫМОВ

# ОТОРЧУЛУК САЯСАТТЫН ТАРЫХЫЙ АТАЛЫШТАРГА ТААСИРИ

Орусия империясынын оторчулук саясатын ар тараптан ачып берүү тарыхчылардын башкы милдеттеринин бири. Ансыз эгемендүүлүктүн баркын аңдап билүү мүмкүн эмес. Оторчулук аракет – бул жаңыдан каратылган калктын үстүнөн бир тараптуу чечимдердин кабыл алынышы, укуктарынын болуп көрбөгөндөй чектелиши, алардын ой-пикири, каада салты, маданияты, дини, тарыхынын басмырталышы, кыскасы, карамагындагы калкты кыңк эттирбей башкаруу. Кыргыз эли Орусия империясына баш ийдирилгенден соң оторчулук саясаттын туташ зомбулугуна кабылган. Алардын бири кыргыз элининин тарыхый эс-тутумуна каршы жасалган аракеттер. XIX кылымдын 2-жарымынан тарта Түркстан чөлкөмүн башкарган падышалык төбөлдөр, кыргыз жергесине көчүп келген славян калкынын өкүлдөрү айыл-кыштактардын, шаарлардын аталыштарын өзгөртүү менен элдин эс тутумунан нукура тарыхый аталыштарды чыгарууну, каратылган аймакты Орусиянын катардагы бир провинциясына айландырууну көздөшкөн. Ала-Тоо аймагындагы, айрыкча Сары-Өзөн-Чүй боору менен ыйык туткан Ысык-Көлдүн тегерегиндеги Александровка, Николаевка, Ивановка, Алексеевка, Петровка, Романовка, Семеновка, Быстровка, Гавриловка, Орловка сыяктуу айыл-кыштактарды аралаганда өзүңдү Кыргызстанда эмес, Орусияда жүргөндөй сезесиң. Алардын тарыхын изилдей келгенде кызыктуу маалыматтар ортого калкып чыгат.

Оторчулуктун алгачкы жылдарында Кыргызстандын көк мелжиген кооз бир тоо кыркасы «Александровский хребет» деп аталып калган. Аны аймакка келген орус саякатчылары падышага жагынуу, жасакерленүү үчүн ыйгарышкан. Ошондон тарта кыргыз тоолоруна

www.bizdin.kg



чоочун ысымдарды коюу уланып, 1988-жылы Теңир-Тоонун бир чокусуна «Орус чокунганына 1000 жыл» деп коюлса, 2010-жылы эле Чүй облусундагы дагы бир чокуга Владимир Путиндин ысмы берилген. Оторчулук доордо башталып, совет доорунда уланган бул салт эгемендүүлүк жылдарында тыйылган жок.

Ошентип, Орусия империясынын оторчулук аракетинен улам, санжыралуу кыргыз жер-суу аталыштары оңду-солду орусча аталыштар менен алмаштырыла баштаган. Натыйжада тарыхка сокку урулган. Анткени жер-суу аттары тарыхты окуп билүүдө зор мааниге ээ. Экинчи жагынан дыйканчылыкка ыңгайлуу эгин талааларын, кыштоолорун «артыкбаш жерге» чыгарышып, кыргыздарды тоо таянта сүрүп, бошотулган жерлерди Борбордук Орусиядан жана Сибирден жер которуп келген келгиндерге күч менен тартып берген оторчулуктун зордук-зомбулугун билдирет. Архивдик булактарга көз чаптырсак, 1868-жылдан 1892-жылга чейин кыргыздар басымдуу жашаган Жети-Суу облусуна 4200 үй-бүлө көчүрүлүп, 100гө жакын орус-украин кыштагы түптөлгөн. Кыргыздарды өз жерлеринен сүрүп чыгаруу аракети XX кылымдын башында өзгөчө күчөгөнүн архивдик маалыматтар да ырастайт. Ал тууралуу Жети-Суу облусунда чыгуучу «Семиреченские областные ведомости» гезити 1912-жылы 9-декабрда сыймыктануу менен мындайча жазат: **«Пишпек уездинин башчысы П.Н. Затинщиковдун Келгиндер башкармалыгынын кызматкерлери менен биргелешип иштегендигинин натыйжасында, Пишпек уездинде колониялаштыруу иштери эң мыкты жыйынтыктарды берди. Уездде келгиндерди орноштуруу үчүн жүздөй бөлүмдөр түзүлүп, бош жерлер арбын табылып, анын 28ине (28 кыштагына – М.К.) орустар жайгаштырылды»**. Бул жылдары кыргыздардын жерлерин келгиндерге тартып берүү Пржеваль уездинде да өтө тездик менен жүргөн. Аны Түркстан чөлкөмүнүн ошол кездеги генерал-губернатору, генерал-лейтенант Кондратевич 1906-жылы Ысык-Көлдү кыдырганда, Талды-Булактан баштап кыргыздардын турмушу өтө начар экендигин, алардын дыйканчылыкка ыңгайлуу 50 миң теше жерин келгин орустар тартып алганынан көрөт. Натыйжада, 1907-жылдан 1912-жылга чейин Пржеваль уездинде 22 орус кыштагы, 14 хутор түптөлгөн. Бул айыл-кыштактар жаңыча аталып, тарыхый аталыштарынан кол жууп калганын көптөгөн тарыхый булактар далилдейт. Оторчулук доордо ыйгарылган айыл-кыштактардын аталыштарын изилдей келгенде алар:

– Падыша жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ысымдары менен;

– Падыша министрлеринин, жергиликтүү генерал-губернаторлордун, төбөлдөрдүн ысымынан;

– Христиан чиркөөсүнүн аттары менен;

www.bizdin.kg



– Алгач көчүп келген орус дыйкандарынын, ал жерде жашаган кулактардын, алардын бала-чакасынын аттары менен;

– Борбордон келген ар кандай мартабалуу коноктордун, саякатчылардын убактылуу токтогон, же каза болгон жерлерине алардын ысымдарын ыйгаруу аркылуу;

– Орусиядагы айыл, шаар, губерниялардын аталыштары менен;

– Кыргыз тилинин тоскоолдугунан улам которулганына күбө болдук. Шаар, айыл-кыштактардын атын өзгөртүүдө же жаңы коюуда жергиликтүү эл менен кеңешүү эч болбогонун архив булактарынан кезиктирдик. Бардыгы бир ууч гана келгин элдин өкүлдөрүнүн демилгелери менен ишке ашып турган. Анда Алма-Ата, Ташкент, Санкт-Петербург шаарларынан жыйналган архивдик материалдарга таянып, оторчулук доордо шаар, айыл-кыштактардын орусча аталып калганына кененирээк токтололу.

## Падыша жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ысымдары менен аталган шаарлар жана кыштактар

Падыша ысымдары менен шаарларды, айыл-кыштактарды, жер-сууларды атоо айрыкча Орусия мамлекетинде көп таркаган. Дүйнөнүн түркүн мамлекеттеринде адам атын ыйгаруу Орусиядагыдай көп учурай бербейт. Балким, бул ар бир улуттун өзгөчөлүгүнөн уламдыр, же маданий өнүгүш деңгээлине жарашадыр. Айтор, падыша же жалпы эле адам ысымдары менен шаарларды атоо башка мамлекеттерде чанда гана кездешет. Ошондон уламбы, Кыргызстандагы тарыхый аталыштардын алмашуусу Орусия империясынын оторчулук доорунда, андан соң аны мурастап калган совет доорунда өтө тездик менен жүргөн.

Жогоруда айтылгандай Кыргыз тоолоруна «Александровский хребет» деген аталышты жергебизге келишкен алгачкы тыңчы-саякатчылар падышага жасакерленүү үчүн ыйгара салышкан. Мындай аракет Түркстан чөлкөмүндө оторчулук саясаттын күчөшү менен өрчүйт. Чөлкөмгө «жарым пааша» болуп келген фон Кауфман башта падышанын эң жакын кишиси болгонун эч унута албай, ошондой эле Ташкентке келгенинин 10 жылдыгынын урматына Ташкент шаарын «Александроград шаары» деп аталышына өзгөчө кызыкдар болгон. Ал 1877-жылы 30-августта Согуш министрине: **«Сиздин улуу урматыңызга таазим кыла, сизден Ташкент шаарын «Александроград шаары» деп өзгөртүүгө болоор бекен, урматтоо менен сураныч кылам», – деген өтүнүч катын жолдойт.** Өтүнүчтү министрликтин жыйынында атайын карап чыгып: «... Түркстан генерал-

www.bizdin.kg



губернаторунун өтүнүчүн канааттандырууну Ташкентке көпчүлүк калк (Орусиядан көчүп барышкан – К.М.) отурукташмайынча жана жалпы эле биздин Орто Азиядагы ишибиз чыңдалгыча коё турууну Комитет ыңгайлуудур деп тапты» – деп жооп беришкен. Ташкент ал убакта Түркстан чөлкөмүнүн борбору болгон. Кийин бул иштин кайра каралбай калганын падыша Александр, андан соң «жарым пааша» аталган фон Кауфмандын каза болушу менен байланыштырууга болот. Ошентип өз убагында бүтүндөй Түркстан чөлкөмүнүн борбору Ташкент Александроград шаары деп аталып калышына аз калган. Бирок Ташкент шаарынын аталышы сакталып калганы менен ал мезгилде чөлкөмдөгү айыл-кыштактар, шаарлар падышанын, анын бала-чакасынын ысымдары менен аталып турган. Алсак, Кыргызстандагы Александровка, Петровка, Петропавловка, Алексеевка, Николаевка, Романовка аталышындагы кыштактар падышага жасакерленүү менен коюлганын архивдик маалыматтарда баяндалат.

Кыргызстанда Николаевка, Ново-Николаевка деген аталыштагы айылдардын бири Пржеваль, бири Пишпек уездинде пайда болгон. Пишпек уездиндеги Каракуnуз деген дунгандардын айылында 1903-жылы 14-январда болуштук курултай өтөт. Анда каракунуздук дунгандар өздөрүнүн Кытайдан жер которуп келгендигинин 25-жылдыгын белгилөө үчүн падышага жасакерленип төмөндөгүдөй салтанатты өткөрүүнү чечим кылышат:

Каракуnуздагы бардык мечиттерде император Николай Александровичтин ден соолугун, узак өмүрүн тилеп жана бейиши болгур Александр IIни эстеп, алар менен бирге генерал Г.А. Колпаковскийдин арбагына арнап кудайга сыйынуу иштерин жүргүзүүнү…

Каракуnуз айылын учурда бийлик жүргүзүп жаткан император Николай Александровичтин ысымына которууну жогору жактан өтүнүшүп кайрылышат. Бул өтүнүч катка 51 адам кол коёт. Биргобордун (өтүнүч каттын) жасалма эмес экендигин бышыктап болуш Санджур Лющенло өзүнүн мөөрүн басып, колун коёт. 1903-жылы 17-августта император Николай өзү Каракуnуз айылын Николаевский деп аталуусуна макулдугун берет.

Жогоруда келтирилгендей өтүнүч каттын негизинде Анжиян уездинде жаңы пайда болгон айылга да Николайдын ысмы берилет. Ошондой эле азыркы Москва районундагы дунгандар жашаган Александровка айылына да падышанын аты ыйгарылган. Ошол кезде падышанын ысмын өз кыштактарына ыйгаруу жараяны зор атаандашууну жаратып, натыйжада Кыргызстанда ондогон айылдар падышанын ысымдары менен аталып калат.

Ушундай эле атаандашуу менен Кыргызстанга көчүп келген орус, украин дыйкандары падышанын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ысымдарын

www.bizdin.kg


өз айылдарына коюуга ашыгышкан. Андай аталыштардын бири – Алексеевка. 1904-жылы август айында падыша уулдуу болот. Ал кезде мураскор төрөлүшү өзгөчө шаан-шөөкөт менен белгиленип, анын урматына атайын Манифест кабыл алынчу. Бул Манифесттин маанисин салыштырмалуу алганда, 1905-жылы Биринчи Орус революциясынын натыйжасында кабыл алынган 17-октябрдагы Манифесттен алда канча жогору турган. Мындай «маанилүү» окуяны падышанын кошоматчылары текке кетирбей, жагынуунун мүмкүн болушунча жолдорун пайдаланып калышчу. Кыргызстандык келгин орустар өздөрү жашап жатышкан кыштактарын падышанын мурасчысы Алексейдин ысмы менен атоого шашылышкан. Алсак, 1904-жылы 19-сентябрда Пржеваль уездинин Ой-Тал айылынын тургундары өз ара кеңешип бирговор жазышат. Бул бирговор боюнча мурасчы Алексейдин туулгандыгына байланыштуу айылын Алексеевское деп аталуусуна уруксат сурап жогорку бийликтегилерге кайрылышат. Жыйынтыгында, бул маселе боюнча Согуш министринин билдирүүсүн император колдоп, 21-ноябрда Ой-Талдын Алексеевка болуп өзгөрүшүнө макулдугун берет. Ушундай эле аракетти кийинчерээк Олуя-Ата уездинин Карабаевка айылынын жашоочулары кайталашкан. Ага төмөнкү өтүнүч кат ачык далил болот:

«Жогорку даражалуу Түркстан чөлкөмүнүн баш начальнигине Карабаевка айылынын ишенимдүү адамдары Григорий Герасименко жана Степан Лобановдон

### Өтүнүч нааме

Биз жашап жаткан кыштак башынан баштап, ушул убакытка чейин Карабаевка деп аталат. **Бул ат мусулманча (**жергиликтүү элдин тилинде – К.М.**) аталгандыгы үчүн бизди катуу ызалантат. Анын үстүнө биздин кыштакка жерин бошотуп берген кыргыздын айылы Карабай болгондуктан, айыл анын атын алып калды.** Мындан сырткары Кара-Балтадагы чиркөөнүн каттоо дептеринде биздин айыл Алексеевский деп жазылуу. Ошол үчүн биздин айылдык коом кыштагыбыздын атын «Алексеевское» деп аталуусун каалайт ... 5-май 1910-жыл». Көп өтпөй Карабаевка айылы Алексеевское болуп өзгөртүүгө жогортодон макулдук келет.

1913-жылы Романовдор династиясынын 300 жылдыгы Орусияда чоң салтанат менен белгиленген. Ал салтанатка көлдүк Кыдыр аке баштаган кыргыз өкүлдөрү да катышып келген. Ушул салтанаттын алдында жана андан кийин Кыргызстандагы айрым айылдар Романовка болуп аталышына жогортон уруксат алганга жетишет. Сокулук болушундагы «Таялы-Арык» деген айылдык коом да 1912-жылы

www.bizdin.kg



октябрь айында «Романовское» деп атын алмаштырууга жетишкен. Мындан сырткары бүгүнкү күндө да белгилүү болгон Петровское (Москва району), Ново-Павловка (Сокулук району) деген аталыштар оторчулук доордо пайда болгон тарыхый мурастарга кирет.

Ошентип падыша жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ысымдарына арналып коюлган аталыштар оторчулук доордо кеңири тараган. Кыргыз эли андай аталыштардын жайылышына каршы чыга алган эмес. Антүүгө ал мезгилде акысы да, укугу да жок эле. Жергиликтүү эл менен кеңешүү оторчулук доорго жат көрүнүш болгон.

## Падыша министрлеринин, жергиликтүү генерал-губернаторлордун, төбөлдөрдүн ысымынан коюлган аталыштар

Оторчулук доордогу шаар-кыштактардын аталыштарын изилдөөгө алганда падышанын жакын жан-жөкөрлөрүнүн, жергиликтүү төбөлдөрүнүн ысымдары менен да көптөгөн айыл-кыштактар аталганын тактадык. Түркстан чөлкөмүнө Орусия империясынын оторчулук саясатын түптөөгө жана жайылтууга алгачкы генерал-губернатор же «жарым пааша» фон Кауфмандын «ишмердиги» өзгөчө орунда турат. Ал 1867-жылдын 14-июлунан 1882-жылдын 4-майына чейин Түркстан чөлкөмүнүн «жарым паашасы» болуп турган учурунда анын ысмы айрым кыштактарга ыйгарылып, **Теңир-Тоонун бир бучкагында Кауфман чокусу деген аталыш пайда болгон. Ошондой эле Кыргызстанда өскөн кооз гүлдөрдүн бирине да Кауфман гүлү деген ат берилип, ботаника илиминде түбөлүк орун алды.** Бул кооз гүлдү ал Ала-Тоо бооруна алыскы Орусиядан алып келип отургузган да эмес, болгону Түркстанга келген саякатчылар фон Кауфманга жагыныш үчүн ыйгарышкан. Жергиликтүү губернаторлорго жасакерленүү айрыкча Жети-Суу облусунда катуу өрчүгөн. Аталган облуста 1887–1899-жылдары аскер губернатору болуп генерал-лейтенант Г.И. Иванов турган. Ушул мезгилде Пишпек уездинин келгиндери ага жагыныш үчүн анын ысмын өздөрү жашаган кыштакка ыйгаргысы келген, натыйжада алардын мүдөөсүн Борбор бекитип берген. Анын ысымындагы Ивановка кыштагы бүгүнкү күнгө чейин Бишкек–Токмок жолунан орун алып, аталышын сактап келет.

Жети-Суу облусун Г.И. Ивановдон кийин Михаил Ефремович Ионов төрө жетектеп калат. Ионов төрө тууралуу Эл жазуучусу Т. Касымбековдун чыгармаларында кеңири баяндалып, окурмандарга тааныш ысым. Ал 1875-жылдан 1899-жылга чейин Фергана өрөөнүндө кызмат өтөгөн. Кокон көтөрүлүшүн басууга, Алай жор-

www.bizdin.kg



туулуна катышкан, айтылуу «Алай канышасы» Курманжан датка менен алгачкы жолугушкан, аны туткунга алып генерал Скобелевге алып келген аскер адамы. Ош уездинин алгачкы начальниги. Ал майордон генерал-лейтенантка, Жети-Суу облусунун губернаторуна (1899–1907-ж.ж.) чейин жеткен. Ионов Жети-Суу облусуна губернатор болуп келгенден көп өтпөй, ага жасакерленүү үчүн Верный уездинин Чилик, Карам айылынын төбөлдөрү 1907-жылдын 21-апрелинде өтүнүч менен кайрылышат. Өтүнүчтө Чилик айылын Ионовский деп, Карамды анын аялы Ольганын атынан Ольгинская деп алышканы айтылып, аны бекитип берүүнү суранышкан. Бирок генерал Ионов ага каршы чыгып: «Менин атым коюлгудай эмгек сиңире элекмин, качан мен кеткенде, менин ишим калыс бааланса, ошондо койсоңор болот», – деп макул болбой койгон. Ал учурда Ионовдой каршы чыккан падышалык төбөлдөрдү кезиктирүү өтө сейрек көрүнүш эле. **Ал губернаторлуктан кеткенден кийин Пишпек уездинин Арасан айылында жашаган келгин орустардын сунушу менен 1911-жылдын 28-январында бул айыл «Ионовское» деп алмаштырылган. Ошондой эле Алайдагы жайлоолордун бирине анын аялынын аты ыйгарылып, «Ольгинская луг» деп аталып калган.**

Генерал Ионовдон кийинки Жети-Суу облусуна губернатору Самсонов, андан кийинки Фольбаумдун урматына Пишпек уездиндеги кыштактарга алардын ысымдары ыйгарылган. Пишпек, Пржеваль уездинин келгиндери облус губернаторлорунан башка айрым министрлердин аттарын да айыл-кыштактарына коюп алышкан. Реформачыл аталган Столыпин менен Согуш министри Сухомлиновскийдин (1911-ж. 22-февраль, Пржеваль уезди) ысымдары Ысык-Көл жээгиндеги айылдарга ыйгарылган.

Ал эми Полот хан (Молдо Исхак) жетектеген Кокон көтөрүлүшүн ырайымсыз жол менен басып, Фергана өрөөнүн Орусия империясына каратууда кыргындуу жүрүштөрдү уюштурган генерал Д. Скобелевдин ысмы Фергана облусунун борбору Жаңы-Маргалаң шаарына коюлган. Ал 1875-жылдын август айынан 1877-жылдын 9-февралына чейин Фергана өрөөнүндө мыкаачылык, зомбулук жолу менен жергиликтүү элди баш ийдирип, башкарган Фергана облусунун алгачкы губернатору. Облустагы падышалык төбөлдөр генерал Скобелевдин өлгөнүнүн 25 жылдыгынын урматына ага эстелик тургузуу жана Жаңы-Маргаланды анын ысымына которуу өтүнүчү менен Ташкент, Санкт-Петербургга кайрылышкан. **Алардын бул өтүнүчү бат эле колдоо таап, 1907-жылдын 6-декабрында облус борбору Скобелевдин атынан коюлсун деген чечим кабыл алынган.** Мында да Фергана облусунда жашаган кыргыз, өзбек, кыпчак, тажик жана

www.bizdin.kg



башка элдер четте калган. Чөлкөмдөгү шаар-кыштактарга бир тараптуу ат коюуларды жаза берсек, учугу улана берчүдөй.

## Чиркөөлөрдүн атынан коюлган айыл-кыштактар

Оторчулук доордо Кыргызстандын аймагында жаңыдан пайда болгон орус, украин кыштактарын трактирсиз (вино, самогон ичилүүчү жай), айылдын ортосунда курулган чиркөөлөрсүз элестетүү кыйын. Аларсыз бул кыштактар көркүнө чыкчу эмес. Ошол эле учурда айрым кыштактар андагы чиркөө аттары менен да аталып турган. Ал тууралуу айрым архивдик маалыматтарга кайрылсак.

Жети-Өгүз районунун борбору азыркыга чейин Покровка аталышын алып жүрөт. Покровка мурда Сливкина деп аталчу. Сливкинага чейин ал жердин тарыхый аты Кызыл-Суу деп аталган. Анткени тоо тараптан агып түшкөн суу кызыл түстө болгондугуна байланыштуу кыргыздар ал жерге ушундай атты энчилешкен. Ал эми Сливкина деген алгачкы аталышы ал жерге биринчи көчүп келген орус дыйканы Трофим Сливкиндин атынан коюлган. 1893-жылдын 10-июлунда Сливкинанын атын өзгөртүү үчүн Ысык-Көл уездинин башчысынын Жети-Суу облусунун аскер губернаторуна жазган өтүнүч каты бул кыштактын аталышына байланыштуу кызыктуу маалыматты ачыктап берет. Анда уезд башчысы:

«Каракол болушунун старшинасы (ыстарчыны – М.К) мага сливкиндик дыйкандардын өтүнүч катын алып келди. Ал өтүнүч ушул жылдын 24-июнунда ошол айылдын жалпы жыйынында жазылган. Анда айылдын жашоочулары Сливкина деген атты айылда Покровка Пресвятой Богородицанын наамына курулуп жаткан чиркөөнүн аты менен алмаштырып атоону каалашат. **Негизги себеби, Трофим Сливкин өзүнүн коомдогу абалын ашыкча пайдаланат экен. Кийинки кездерде анын пейили бузулуп, адамдык сапаты да өтө начарлап кетиптир. Эч кандай сый-урматка да ээ эмес экен. Жашап жаткан айылыбыз мындай начар адамдын ысмы менен аталышын каалабайбыз, ошол үчүн Сливкинаны Покровский деп алмаштырып берсеңиз, ал эң туура болоор эле,** – деп жазылыптыр. Ошол себептен улуу урматтуу төрөм, бул өтүнүчтүн ишке ашышына көмөктөшсөңүз», – деп облус губернаторуна кайрылат. Бул өтүнүч 1893-жылы 28-августта Талаа генерал-губернатору тарабынан канааттандырылып, Сливкина айылы Покровка деген аталышты алат. (Казак Республикасынын БМАсы, 44-фонд, 31682-иш дептери, 5-бет.) Алма-Ата шаарында сакталып турган бул архивдик маалымат ашыкча чечмелөөнү талап кылбасы анык.

www.bizdin.kg



Ушундай эле мазмундагы өтүнүч кат 1894-жылы 11-февралда Пишпек уездинин башчысы Талызин тарабынан Жети-Суу облусунун аскер губернаторуна жолдонгон. Анда: «Пишпек уездинин кыштактарында жашаган дыйкандар өздөрү жашаган айылдарды орусча аталыштар менен каалашарын билдиришти. Мыйзамда тыюу салынгандыгына карабастан, алардын каалоолорун ишке ашырыш үчүн, бул маселени айылдык жыйында талкуулап, анын чечимин жазуу түрүндө бергиле деп кеңеш бердим. **Алар берген кеңешимди эске алышып, Кичи Токмоктук дыйкандар кыштакты «Покровский» деп аталышын өтүнүп кайрылышты. Эмне себептен алмаштыруу керектигин алар: бизде Чоң Токмок, Кичи Токмок деген эки Токмок бар. Биз эки Токмокту бири-бирине алмаштырып алып кыйналып жатабыз. Ошондуктан Кичи Токмок Покровский аталса деп түшүндүрүшөт.** Кичи токмоктуктар менен бирге эле Пишпек уездинин Сокулук кыштагында жашаган дыйкандар да Сокулукту «Новотроицкий» аталса деп өтүнүшөт. Алар аталыштын өзгөртүлүшүнүн себеби катары буларды айтышат: «Бир дагы дыйкан өз кыштагынын атын туура айталышпай кыйналып жатышат. Сокулукту – Сахулук, Сахалук деп аташып, эч кимиси Сокулук деп айта алышпайт», – деп жазышат (Каз. Респ. БМАсы, 44-фонд, 472-иш дептери, 1-бет). Ушул өтүнүчтүн негизинде 1894-жылдын 10-мартында «Кичи Токмок – Покровский болуп, Сокулук-Новотроицк болуп аталсын» деген Талаа губернаторунун чечими чыгат. Экөө тең христиан чиркөөсүнүн аттары. Ошондой эле бул жерде орус дыйкандарына кеңешти уезддин башчысы өзү бергендигин да жашырбай ачык жазган.

Түп кыштагынын аты да 1907-жылы Преображенский делип чиркөөнүн аты менен аталган. Преображенскийдеги славян калкы жердин атын гана алмаштырбай, көлдүн жээгиндеги жыш өскөн чычырканактарды четинен кыйып, өрттөп жок кыла баштаган. Жергиликтүү кыргыздар касиеттүү көл жээгинин кунарын кетирип жаткан мындай бейадепсиздикти айыптап жогору жакка кайрылышкан. Ал эми бул жердеги келгиндер чычырканак дыйканчылык талааларына жолтоо болуп жатат деген шылтоолорду айтып кутулушкан. Мындай арыздар кошуна Ой-Тал айылында жашаган кыргыздардан да түшкөнүн архивдик документтер ырастайт. Демек, Ысык-Көлдүн экологиялык абалына кыргыздар ошол мезгилде эле тынчсызданып, келгиндердин жосунсуз аракетине каршы чыкканын көрүүгө болот. (Өзб. Респ. БМАсы, 1-фонд, 18-опись, 96-иш дептери, 36-бет.)

1899-жылы 18-ноябрда Пишпек уездинин Кара-Булак айылындагы келгиндер (бул жерге алгачкы 10 үй-бүлө 1868-жылы жайгаштырылган – К.М.) өздөрү жашаган айыл атын өзгөртүүгө байланыштуу № 10 бирговорун түзүшкөн. Бул бирговордун маңызы

www.bizdin.kg



мындай: **«1899-жылдын 18-ноябрында биз төмөндө кол коюп жаткан Кара-Булак айылынын дыйкандары биздин айыл старчыны Назаров катышкан айылдык жыйында жалпы добуш берүүбүз менен айылыбызды «Михайловский» кылып өзгөртүү сунушу менен жогору жакка кайрылууну чечтик. Биринчиден, биз айылыбыздын Кара-Булак деп жергиликтүү элдин тилинде аталышын каалабайбыз жана экинчиден, биз майрамдап жаткан Архангел Михаилдин урматына айылыбыз «Михайловский» болсун деген чечимге келип, ушул өтүнүчкө дыйкандар Тимофей Калентьев, Осип Тимофеев, Алексей Позмогов, Иван Сидельников жана башкалар колубузду коёбуз. 23-ноябрь 1899-жыл».** Ушул өтүнүч 1900-жылдын 14-мартында Түркстан чөлкөмүнүн генерал-губернатору тарабынан канааттандырылып, Кара-Булак айылы Михайловский болуп аталып калат (Өзб.Респ. БМАсы, 1-фонд, 17-опись, 141-иш дептери, 2–3-беттер). Көп өтпөй 1907-жылы Пишпек уездинде жаңы негизделген Вознесенский (670 келгин), Архангельский (678 жашоочу), Новопокровский (1616 киши) кыштактары Христиан динине байланышкан аталышка ээ болгон (Туркестанская ведомость, 1909, 4-январь, № 3).

XIX кылымдын аягында орус-украин дыйкандары Фергана облусуна да көчүп келишип, сугат жерлерди ээлешип, бир нече кыштакты негиздешкен. Тактап айтканда, 1901-жылга чейин 7 орус кыштагы болсо, алардын бешөө христиан динине байланышкан аталыштар эле.

1. Покровское – Ош уездинде 1893-жылы 192 үйдөн турган алгачкы орус кыштагы чиркөөнүн атына коюлган.

2. Николаевское – Анжыян уездинде 1897-жылы түптөлгөн (50 үй).

3. Русское село (эски аты Миң-Төбө, Анжыян көтөрүлүшүнүн жетекчиси, ийикчи Мадали эшендин айылы жер менен жексен кылынып, ордуна орус кыштагы негизделген. Скобелев уезди, 1898-жылы негизделген (210 үй).

4. Успенское – Наманган уездинде, 1898-ж. (76 үй).

5. Благовещенское – Анжыян уезди, 1899-ж. (100 үй).

6. Спасское – Анжыян уезди, 1901-ж. 40 үй).

7. Рождественское – Ош уезди, 1901-ж. (70 үй).

Оторчулук доордо негизделген (азыркы Сузак, Өзгөн райондорунда) бул кыштактардын аталыштары азыркыга чейин айтылып келүүдө. Ал учурда кыштактардын атын коюуда же алмаштырууда жергиликтүү элдин пикири эске алынган эмес. Башаламан атала берген. Алсак, Покровка аттуу кыштактан эле Кыргызстанда бир нечеси болгон. Ал эми падышанын жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ысымдары менен бирдей аталган айыл-кыштактардын саны андан да көп болгон.

www.bizdin.kg



## Алгач көчүп келген орус дыйкандарынын, алардын бала-чакасынын ысымдары менен аталган айыл-кыштактар

Жогоруда архивдик маалыматта баяндалган Трофим Сливкин сыяктуу алгач көчүп келген келгиндердин, алардын бала-чакаларынын ысымдары менен аталган айыл-кыштактар да Кыргызстанда ондоп саналган. Алар өз аттарын коюуда жогору жактын уруксатын да сураган эмес. Жергиликтүү калк, атүгүл айылдаштары менен да кеңешкен эмес. Жөн гана коюп алышчу. Ошол кезде Ысык-Көлдүн жээгинен кыргыздарды сүрүп чыгарып, жаңыдан пайда болгон Семеновское (Он жети Карагай Ысык-Көл району) – Семеновдун, Григориевка – Григориевдин, Валериановское (Боз-Учук) – Валериановдун, Лизогубовка – Лизогубов, Соколовка (Ак-Суу району) – Соколовдун, Богатыровка (Жети-Өгүз району) – Богатыровдун, Липинка (Жети-Өгүз району) – Липанын, Парфеново – Парфеновдун, Баженовка – Баженовдун атынан коюлган кыштактар ал жердин тургундарынын атынан коюлган. Алар ошол айылдын эле дыйкандары же кулактары болгон. 1916-жылы боштондук күрөшкө чыккан элди жазалагандардын башында тургандар эле. **«Ысык-Көлдүн тегерегинде жергиликтүү эл жашабасын, айылы болбосун, башка жакка көчүрүлсүн, көчүп келген эл гана жашасын» деген талапты коюп, 1916-жылы октябрь айында анын аткарылышын бышыктаган чечимдин кабыл алынышына шыкак бергендер болчу. 1916-жылдын 16-октябрында Түркстан чөлкөмүнүн төбөлдөрүнүн атайын кеңешмесинде козголоң чыгарган кыргыздарды көчүргөндөн кийин бошогон жерлерге жалаң орус калкынан турган Пржевальск уездин түзүү боюнча чечим кабыл алынган.** (Каз. Респ. БМАсы, 44-фонд, Өзб. Респ. БМАсы, 1-фонд, 27-опись, 246- иш кагазы.) Алма-Ата шаарындагы архивден табылган маалыматка ылайык, Пржеваль уездиндеги (азыркы Жети-Өгүз районундагы – К.М.) Липинка деген кыштак, ошол айылда жашаган кулактын Липа деген кызынын атынан коюлган. Көрсө, ал кулактын кызы кыштакты аралап аккан тоо суусуна агып өлүп, кыштак анын атынан Липинка деп аталып калганы айтылат. Кыргызстанга алгач көчүп келген орус-украин дыйкандарынын ысымдары менен аталган айыл-кыштактар Чүй өрөөнүндө да көп кездешкен. Оторчулук доордо Чүйдө пайда болгон Ильинское, Орловка, Быстровка, Гавриловка, Воронцовка сыяктуу аталыштагы кыштактар ошол катаал учурдун жандуу эстелиги.

www.bizdin.kg



## Борбордон келген төбөлдөрдүн, саякатчылардын ысымдарынын ыйгарылышы

Оторчулук учурунда Теңир-Тоо тереңине кээде текшерүүгө, же эс алууга, айрым учурда тынчылык жагдайында алыскы борбордон жогорку мартабалуу коноктор келип-кетип турушкан. Алар көпчүлүк убактарда орус кыштактарына токтошуп, сый көрүшүп, катар-катар жайгашкан жаңы конуштарга курсант болуп кайтышчу. Кокусунан келген андай конокторго жагыныш үчүн ал кыштактын башчылары демилге көтөрүшүп, элин көндүрүшүп, келген коноктун ысмы менен айылын атоого ашыгышкан. Андайлардын катарына Пржеваль уездинин Жергес айылынын айрым тургундарынын аракетин атоого болот. Анткени алар айылында мейман болгон сенатор, граф Палендин ысмын Жергес айылына ыйгарууну өтүнүп, 1908-жылы 14-сентябрда жогорку бийлик өкүлдөрүнө кайрылышкан. Ал өтүнүчтө: **«Биз төмөндө кол коюп жаткан Жергес айылынын 60 үй ээлеринин үчтөн экиси, тактап айтканда, 43 адам айыл старостасы Дмитрий Зубковдун катышуусу менен чогулуп, анын (старостанын – К.М.) Жергес айылына граф Палендин 1908-жылы 8-августунда келишинин урматына анын атын айылга ыйгаруу жөнүндө сунушун уктук жана биз бир добуштан мартабалуу сенатор, граф Палендин келип кеткен айылын эстелик катары Жергес дебестен, Граф Пален айылы деп атоого чечим кабыл алдык».** (Өзб. Респ. БМАсы, 1-фонд, 13-опись, 756-иш дептери, 2-бет.)

1909-жылы 25-майда граф Пален да Жергес айылынын айрым тургундарынын өтүнүчүнө каршы эместигин билдирген (756-иш дептери, 5-бет). Архивдик маалыматтар тастыктагандай айылына бир келип кеткен падышалык төбөлдүн ысмын өз айылына ыйгарып алуу кошоматтыктын жеткен чеги эмей эмне? Экинчи жактан граф Пален алардын аракетинин ишке ашуусуна өзү да түрткү болгонун анын жообу далилдеп турат. Жети-Суу облусунда текшерүүчүлүк ишин жүргүзгөн Сенатор граф Палендин ишин, ал чогулткан материалдардын тарых илими үчүн бүгүнкү күндөгү маанисин тануага болбойт. Бирок ошол эле учурда анын ревизордук иши Гоголдун каарманын эске салат.

Оторчулук доордо Кырызстанга саякаттап келген коноктун атына коюлган дагы бир шаар болгон. Ал азыркы Каракол, мурдагы Пржеваль шаары. Караколдун Пржеваль аталып калышы жогорудагыга үндөшүп кетет. Ал Борбордук Азияга саякаттаганда Ысык-Көл аркылуу өткөнү, Караколго токтогону тарыхтан маалым. Көрүнүктүү орус саякатчысы ошол сапарларынын биринде жугуштуу ооруга чалдыгып, Каракол шаарында каза болуп, сөөгү Ысык-Көлдүн

www.bizdin.kg


жээгине коюлганы да чын. Ал өзү ооруп жатып, сөөгүн Караколго коюлушун керээз кылып кеткен. Бирок өз атынан Каракол шаарын атоону өтүнгөн эмес. **1899-жылы 7-мартта Каракол шаарындагы орус калкынын өтүнүчүнөн улам шаар анын ысмы менен алмашып, 100 жылдан ашуун саякатчынын аты менен аталып келди. Анын эмгеги Каракол шаарына сиңгени тууралуу маалыматтарды анын күндөлүгүнөн да, тарыхый булактардан да таппадык.** Ал оторчулук саясатты жактоочулардын көрүнүктүү өкүлү катары белгилүү. Ал эми Каракол шаарына токтоп өткөнүнүн себеби, ага алыскы жолго чыгуу үчүн жакшы төөлөр, аттар, азык-түлүк керек болгон. Аларды ар кандай жолдор менен жергиликтүү элден жыйнатып, колунда жоктордун минип жүргөн аттарына чейин тарттырып алганы тарыхта дайын. Жергиликтүү элди теңине албай, басынта сүрөттөгөнүн эмгектеринен кезиктирүүгө болот. **Өз убагында унаа аттардын даярдалбай калганына дооматын артып, Шабдан баатырды жазалоо сунушу менен жогору жакка кат жолдогон. Анын арызы жергиликтүү төбөлдөр тарабынан териштирилип, 1888-жылы февраль айында Пишпек уездинин 36 жергиликтүү тургуну түшүнүк жазууга аргасыз болгону, алардын жазаланганы тууралуу маалымат Алма-Ата шаарындагы архивде сакталуу** (Каз.Респ. БМАсы, 44-фонд, 35769-иш дептери, 12–34-беттер). Мына ушундай саякатчынын ысмы Каракол шаарына берилген. Анын ким экендигин шаарга жакын айылдарда жашаган кыргыздар билишкен эмес. Бул тууралуу Жети-Суу облусунда чыгуучу «Семиреченские областные ведомости» гезитине борбордон келген бир текшерүүчү: **«Пржеваль шаарынан, шаарга жакын жайгашкан кыргыз айылынын жаңы шайланган болушунан: «Шаардын аты кимдин атын алып жүрөт, Пржеваль деген ким?» – деп сурап калдым. Болуш кебелбестен: «Мен жаңы эле болуш болдум таксыр, аларды үйрөнүүгө жетише элекмин» – деп жооп берди. Азыр жер-суу аталыштары ушунчалык көп алмашкандыгынан баш айланат»,** – деп жазган. Бул бир чети күлкүлүү, бир чети ачуу чындыкты ачык жазган маалымат ошол кездеги абалды айгинелеп турат. Түшүндүрмөнүн да кереги жок.

## Орусиядагы айыл, шаар, губерниялардын аталышын ыйгаруу

Оторчулук заманда кыргыз жергесине жер которушкан келгиндер өз кыштактарын тарыхый мекениндеги аталыштар менен да атап алышкан. Андыктан Ала-Тоо аймагында Орусиянын губернияларынын, шаарларынын, империяга таандык жалпы аталыштар көбөйгөн. Айрым учурда Чүй, Ысык-Көл өрөөнүнө жаңы Орусияны

www.bizdin.kg



курабыз деген максатта Новороссийский сыяктуу аталыштарды өздөрү орун-очок алып жайгашкан кыштакка ыйгарышкан. 1912-жылы күзүндө Чоң-Кеминдеги айылдардын бирине Новороссийский деген атты ыроолошкон. Ушул эле жылдары Пишпек уездиндеги дагы бир айыл Молдовановка аталса, башка бир кыштактар Петропавловка, Полтавка, Пржеваль уездинде Курск деп аталып калган. Оторчулук доордогу мындай аталыштар ошол уезддин башчысынын кеңешинен улам, же анда жашаган бир ууч тургундардын аракетине жараша өзгөрүп турганын архивдик маалыматтар ырастайт.

## Кыргыз тилинин тоскоолдугунан улам которулган аталыштар

Ушундай себептен улам айыл-кыштактын аталыштары алмаштырылганын да архивдик маалыматтар бышыктайт. Кыргызстанда келгиндердин алгачкы айылдары 1868-жылы пайда болгон. Алардын бири Пишпек (ал кезде Токмок уезди – К.М.) уездиндеги Ак-Суу айылы. Жаңы көчүп келип, орун-очок алып жашай баштаганда жергиликтүү элден айбыгышып, айылдын атын орусчалатканга батына алышкан эмес. Оторчулуктун оту тутанып, күчүнө кире баштаганда бул айылдын аты Беловодский болуп которулуп калган. Пишпек уездиндеги (азыркы Ысык-Ата районундагы – К.М.) Кызыл-Суу айылы 1913-жылга чейин эле Краснореченское болуп которулган. Пишпек уездиндеги Жылуу-Булак (Аламүдүн районундагы – К.М.) оторчулуктун ооматы жүрө баштаган жылдары Теплоключенка болуп, айыл тургундарынын өтүнүчү менен кыргызчадан орусчага которулуп калган. Пржеваль уездиндеги Кара-Ой айылы Долинка, Кочкор кыштагы Кочкорка болуп алмаштырылган. Пржеваль уездиндеги бир айылдын аты ал жерде чычырканактын көптүгүнөн улам кыргыздар Чычырканактуу деп атап келишсе, орустар аны алгач Облепиховкага алмаштырса, ал дагы жакпай, 1874-жылы сентябрь айында бул айылга Түркстан чөлкөмүнүн генерал-губернатору келгенде айыл тургундары «Теплоключенское» деп аталышын өтүнүп кайрылышкан. Ал өтүнүч көп өтпөй оң чечилип, бүгүнкү күнгө чейин Теплоключенка (Ак-Суу району) деп аталып келүүдө (Өзб. Респ. БМАсы, 1-фонд, 27-опись, 868-иш дептери, 2-бет).

Айрым айылдарды көчүп келген келгиндер тилибиз келбейт деген шылтоо менен кыргызчадан орусча аталышка алмаштырып алып турушкан. Сокулукту Новотроицкий деп өзгөртүү учурунда айыл тургундары ачык эле: «**...бир дагы дыйкан өз кыштагынын атын туура айта алышпай кыйналып атышат. Сокулукту – Сахулук,**

www.bizdin.kg



**Сахалук деп аташып, эч кимиси Сокулук деп айта алышпайт» деп өтүнүчтөрүндө жазып жатышпайбы** (Каз. Респ. БМАсы, 44-фонд, 472-иш дептери, 1-бет). Мына ушундай себептен улам Пишпек уездинде бир айыл Лебединовка аталып калган. Айылдын тарыхый аты Аламүдүн болчу. Аны алмаштыруунун негизги себебин 1893-жылы 17-ноябрда Пишпек уездинин башчысы Жети-Суу облусунун **губернаторуна жолдогон кайрылуусунда мындайча түшүндүрөт:**

**«Аламүдүн айылында, биринчиден, бир өңчөй орус калкы жашайт, а орус тили бай тил, кыргыз аталышын орус аталышка айырбаштоого кудурети жетет. Экинчиден, «Аламүдүн» деген сөздү айтууга орус дыйкандары кыйналып жатат. Алар тили келбегендиктен өз ара аны Лебединовка деп атап алышты. Ошол үчүн Аламүдүндү Лебединовка деп өзгөртүүгө көмөктөшсөңүз».** Мына ушул өтүнүч кат жазылгандан туура бир ай өткөндөн кийин Талаа губернатору аны канааттандырып, Аламүдүндү Лебединовка болсун деген чечимин чыгарып берген (Каз.Респ. БМасы, 44-фонд, 436-иш дептери, 1–3-беттер). Айрым учурда жер-суу аталыштарын туура айтууну үйрөнүштү намыс көрүшүп, кыргызчанын алгачкы маанисин бузуп, Ысык-Көлдү – Иссык-Куль, Жыргаланды – Джергалан, Жети-Өгүздү – Джети-Огуз, Өзгөндү – Озгонд же Узгенд, Боомду – Баум жана башка ушул сыяктуу туура эмес айтып, жазып келүү ошол оторчулук доордо башталган. Пишпек уезди, анын борбору Пишпек шаары да келгиндер тарабынан туура эмес жазылып келгенин ошол кездеги белгилүү чыгыштаануучу Пантусов да мойнуна алып, 1876-жылы 8-июлда «Туркестанские ведомости» гезитине: **Пишпек жайгашкан жерде мындан 100 жыл мурда Бишкек аттуу кандайдыр бир кыргыз баатырынын сөөгү коюлган экен. Ошондон улам анын атынан шаар аталып, кийин «Пишкек» деп бузулуп айтылып калган. Кыргыздын сөөгү дөңсөөгө коюлуп, кийинчерээк кокондуктар күмбөздү жер менен тегиздеп салышып, ал жерге чеп курдуруптур», – деп жазып калтырган. Демек, Бишкек баатырдын атын алып жүргөн шаар да көп жыл бою келгиндер тарабынан Пишпек болуп, туура эмес жазылып келген.**

Жыйынтыктап айтканда, жарым кылымдан ашуун убакытка созулган оторчулук саясаттын оорчулугу жер-суу, шаар-кыштактардын тарыхый аталышына да тийип, алар алмашылып, натыйжада Кыргызстан Орусиядан анча деле айырмаланбай калган. Тарыхый аталыштарды алмаштыруу менен кыргыз элинин тарыхый эстутумуна оор сокку урулган. Оторчулук доордо кыргыз эли өз Мекенинде өгөйлөнүп, жери бөтөн болуп, тарыхтын катаал сыноосун баштарынан кечирген. Бул, тарыхтын эң оор сабагы.

www.bizdin.kg



*«Арча - 2013» конкурсуна*

## АЗЫК-ЧОМОЙ

# ТАРТИП

### (Сатиралык аңгеме)

**Кайдасыңар касиеттүү карылар?**
**Калк ичинде калбай барат саныңар.**
**Кыргыз элге түркүк болгон бир макал:**
**«Карысы бар элдин тоодой багы бар».**
**Түгөнүүдө эл ичинде саныңар.**
**Түтөп күйбөй, өчүп барат шамыңар,**
**Түмөн кыргыз жол карайлы.Оңолчу.**
**Түптүү элбиз.Бакай болчу табылаар.**

**Автор**

Жаз айларынын бири эле. Жуманын кайсы күндөрү экени эсимде жок. Бакиевдердин арааны ачылган заманы жүрүп, элдин эмнеден болсун тартыштыгы күч алып бараткан жон жукарган учур эле.

Сааттай болуп айылдын эң эле чекесинде жашаган, эмне иш болсо колунан келген, жөндөмдүү классташымдыкына бастырып барып калбайымбы. Ошол күндөгү бирөөнүн болгондо да тааныпбаган бир адамдын алдында унутулгус уятка кабылганымды ойлосом, азыр да бетим чымырап өзүмдөн өзүм уялып, эмнеге элди туурадым же бир айрым адамдардай тамаксоо болсомчу деген ойлор келип, өзүмчө кыжаалат боло берем. «Атка учкашканда эле көчүгүң кыйшык болчу» деген макал да туура айтылса керек. Үйдөн ал классташка бүгүн барсамбы же барбай эле койсомбу? деген ыргылжың тартып аттанганымда бир балекет бар болчу. Иш менен бир жакка бара турган болсом, шар жөнөп кетпесем эле бир ыңгайсыз абалда кала берем же ал ишим ишке ашпай калмайын өзүм деле жакшы билем.

www.bizdin.kg



Атты токунуп, чоң атамдан калган, чоң кулпуну сынган ачкычы менен жембаштыкка салып, ойлонгон тарабыма оолугуп жөнөп калдым.Мурда да бир ирет ачкычы сынып калганынан ушул классташым Алмаз заматта жасай салып колума карматып, майлашканбыз. Элүүгө эчак чыксак да кээде кездеше калганда «ачуу суудан» жута коймоюбуз кала элек. Үйдөн чыгып бери бастырып, жол боюндагы дүкөндөн «бирди» да салып алгам. Мен оолугуп, ойлонуп бастырганча түш да болуп кетиптир. Келсем классташым устаканасында бирдеме өгөөлөп жаткан экен. Адаттагыдай тегерегинде айланта жарак-жабдыктары үстөлдөрдүн үстүндө жайнап, баары Алмазды качан алат дегенсишип жай-жайында катарда жатышат. Салам айтып кирип барсам, мени көрө сала саламыма алик албай:

– Ырас келбедиңби. Тигил айылдан дагы бир сага окшогон теңтуш, ат такалаган балкам менен темир кескичимди алды эле, жеткирип берем деген убадасына турбады. Экөөбүз эрмектешип барып келели, – деди. Баягы койнумдагы «жазыксыз ачуу сууну» устакананын бурчуна ката салып, учкашып жөнөп калдык, ойдо эч нерсе жок.

– Ой, эмнеге ойлонуп калдың? Ушул кыйкырса үнүң жете турган жерге бир күнү жол жүрмөк белек, бат эле барып келебиз. Анан сенин ачкычыңды да бүтүрөбүз, – деп колумдагы кармап турган чоң кара кулпуну ары алып койгон.Чыны менен эки айыл бири-бирин анча алыс эмес аралыктан көрүп турат. Ал эмес эки айылдын бири-бирин таанnetwork байгандар жокко эсе. Учкашкан экөөбүз баштаган сөзүбүздүн аягына чыкканча, бара турган үйүбүздүн эшигинин алдына келип токтодук. Бизди күтүп тургансып Мамырбай бурчтан чыга калбаспы.

– Оо, Алмаз досум, деги сенин пейилиң ак! Опей кокуй, Райкан курдаш, сен кайдан!? Өмүрү үйгө келе элек элең. Сенин да пейилиң ак экен. Эмнеси болсо да экөөңөрдүн тең пейилиңер ак эле эмес, баткак экен! Кел түшө калгыла деп бакылдап, атты тизгинден алып, учкашып турган мени колтуктап түшүрүп жаагы басылбады. Оозунан тиги «жазыксыздын» жыты буркурайт. – Алмаз дос, эмнеге келгениңди билип турам. Сөгүп да жатсаң керек ээ, – деп ырсайды көңүлү жайдары. Ал айтпаса да, үйүндө бир жакшылыктын болуп жатканынан белги берип кермеде бир нече майлык жайылып, огородду тоскон зым короонун түбүндө үч ит сөөк кемирип жатат ыракаттанып, келген-кеткен кишилер менен иши жок. Эмнеси болсо да чакырылган эл аяктап калса керек. Атты өзү барып байлап келген Мамырбай:

– Ырас келдиңер ой! Бүгүн баягы улуу уулумдун үчүнчү баласынын түлөөсүн берип жаттык эле. Эл да аяктап калды. Киргиле достор. Киргиле! – деп ачык турган эшикке колун жая берди.

Оозгу жана дагы бир үйдөн өтүп барып төркү кенен үйгө кирдик өзүнүн коштоосу менен. Үйдүн төрүндө апаппак болгон жоон муруту жаактан бери жапкан ак сакалчан, ак топучан арыктыгы

www.bizdin.kg



өз келбетине жарашкан кары адам отурган экен. Биздин айткан саламыбызга кырааты менен алик алып, оң колун төшүнө басып, илбериңки бир аз ийилген болду. Мен чоң молдо болсо керек билими бар, – деп ойлодум ичимден. Болбосо биздин райондон же бул биздин тегеректеги коңшу айылдардан минтип изаат менен оң колун бооруна алып аликти маңыздуу кабылдаган адамды элүү жаштан өткөнү көрө элекмин. Отурган келбетине, кийген кийимине, алик алган өзгөчөлүгүнө карап маданияттуу сылык адам болсо керек деген сыпаттама көз караш менен дагы бир ирет карап койдум. Өзүнө жарашыктуу таза, тыкан кийген кийими көз алдыма элестеп бул кишинин кемпири жаш, эгер кемпири жок же кары болсо, келини жакшы аялзаты болсо керек деди дагы бир оюм. Аңгыча бакылдаган Мамырбай биздин арабызга өз айылдаштарынан дагы төрт эркекти ээрчитип кирип жайгаштырды да:

– Азыр чай ичип отуруп туруңуздар. Анан чайдан чыгып этке кирип, жаман небереге каалооңорду айтып, бата берип койгула! – деп чыгып кетти. Ал чыгаары менен шыпылдаган арык жигит «шаймандары» менен кирип келип бир стакандан көтөртүп кетти. Тасмал үстү толтура. Колдон келишинче жасалгаланган. Кыясы, стол үстүндөгү кымбат баалуу таттуунун түрлөрүн уул-келини шаардан ала келишсе керек.

Биздин элде адегенде чай берилип, берки «жазыксыздан» экиден көтөртмөй. Анан бештен же алты-жетиден адамды бир табак кылып эт тартмай. Этте айрым үйдө экиден, жакшы жакындары болсо төрт-бештен көтөртмөй. Эркектерге мындай жакшылыктарда ылдам-ылдам эле кайталатып алдырып турганы жакшы эмеспи.

Биз да бир-эки чыныдан чай ичип бүтүп калганда Мамырбай баягы «шайманы» бар баланы ээрчитип кайра кирди, алдыбыздагы стакандарды толтуртту да:

– Бул киши болсо менин өзүмдүн менчик кайнатам. Колуна өмүрү стакан кармап көрбөптүр. Ичпеген кишини кыйнамай жок. Кечээ жээнинин түлөөсүнө келишкен, – деп жатканда Мамырбайды эшикке чакыртып кетишти. Менчик кайнатаң болсо жакшы, чыкыйган кайнатаң бар экен дедим ичимден. Алдыда ошол адамдан кызыкты көрөрүбүздү мен кургур билбей. Мамырбайдын келип, алдыдагы стакандарды жакшы каалоо менен бошоттурушун күтүп жымжыртпыз.

Бир маалда биздин маңдайыбызда отурган ушул айылдыктардын бири тарелкадагы конфеттен төрт-бешти алып чөнтөккө салды. Мындай көрүнүштү берки үчөө да кайталашты. Менден жогору отурган Алмаз да төрт-беш конфет алып чөнтөккө салды. Баягы бет маңдайдагылар мурунку кыймылдарын дагы кайталашты. Мындай жерден андайга көнүгүү жасап көрбөгөн мен да экини алып чөнтөккө салдым. Биринчи атакага өткөндөр дагы алышты. Башка чөнтөккө

www.bizdin.kg


салышты. Алар менен мелдешке чыккансып Алмаз да аларды туурап жатат. Алмаз уттуруп жибербесин дегенсип, экинчи ирет табакка кол сунуп төрт-бешти алып мен да чөнтөккө кымырдым. Тигилердин алдыларындагы табактар бош калды. Тигилерден кемминби дедиби, Алмаз да эки табакты бошотуп салды. Мени да кудай уруп: «Алсамбы?» – деп алкым бузулуп колум кыбырай баштаган. Ушул маалда.

– Уятыңар барбы!? – деген өктөм үн чыкты. Отургандар түшүнбөй адеп бири-бирибизди карадык. Көздөр чакчайды. – Бу силер, бирдеме көргөн адамсыңарбы? – деди буулуккан жек көрүү үн менен. Эмне кылып жибердик дегендей кайра дагы бири-бирибизди карадык. Бирок мен түшүндүм, тарелкага кол салган алаканым эмнегедир нымшып чыкты. Анан чекем ымдалышып, беттерим местный наркоз алгандай тултуюп кеткенсиди.

Алдагы чөнтөгүңөргө салганды, кайра тарелкаларга салгыла! Силерден кийин да бул үйдөн эл бирдеме ооз тиеби? Эмне болгон элсиңер! Сөз ушундай таасирдүү чыкты. Мага анын сөзү жылмакай, бирок сөз менен кошо бетиме быдыр-быдыр бирдеме жабышып калгандай туюлду. – Жалаң силерге окшогондордун айынан мамлекет байыбай, жалпы кыргыз эли жарыбай, итке минген турмуштан кутула албай жатат далай жылдардан бери! Жогору жактагы бийликтегилер, акимиң, айыл өкмөтүң, жада калса мектептин деректирине чейин жеп, тоюнбагандардын кесепетинен карапайым калк, силер мантыкпай отурасыңар! Силер эмне, түлөөнүн табагын бошоткону, алар элдин мүлкүн, байлыгын талаганы бийликке келишти беле? Акырын, сыйыңар менен чөнтөгүңөрдөгүнү табактарга салып койгула. Мен эчтеке көргөн жокмун. Силер эч нерсе уккан жоксуңар дебеспи акырында жумшарып.

Мына ошондо тултуйбаган бетиңди, чымырабаган денеңди, нымшыбаган жериңди таап ал.

Ошентип, чөнтөккө салынган конфеттер кайрадан тарелкаларга салынып, жымжырттыктын үстүнө үй ичин жымжырттык ээледи. Менин көчүгүм өзүнөн өзү жерден көтөрүлүп. «Оомийин!» деген сөзү жок эки колум тултуйган бетиме шашылыш тартылып, тура жөнөдүм. Эшик кайдасың? – деп ит куугандай үйдөн атып чыктым. Менин артыман Алмаз, анын артынан тигил төртөө бирин бири абгондоп чыгышты.

Андан бери канча жылдар өтсө да, жакшылык-жамандыкка барганда жасалгаланган тасмалдарды көрсөм, сөз жок, баягы киши көзүмө элестеп, сөздөрү кулагыма угула берет.

Чын эле, артындагы элди, урпактарынын келечегин ойлобогон табак, казына бошоткон өзүмчүл, жегич элбизби? Бул суроону ар качан эске түшкөндө бере берем. Бирок али так жообун өзүмдөн ала элекмин.

Мына, сага, тарбия жана тартип!

www.bizdin.kg





*Балдарга базарлык*

**Бозум**
**АЛЫШПАЕВ**

# ТАБЫШМАКТАР

Узун, узун уз келет,
Узун бойлуу кыз келет.
Кысабасы калкылдап
Бүткөн бою жаркылдап.
*(агын суу)*

Табышмак, табышмак
Тап көчүккө жабышмак.
Көлөкөсүн көрүшмөк
Көрүп туруп өбүшмөк.
*(куюшкан)*

Узун, узун учкарым,
Учундагы жыпарым.
Кара шаар каркыным
Кашындагы жаркыным
*(желе, кулун, бээ)*

Муун, муун муунчак
Муун кыла түйүнчөк.
Сегиз кыздын энеси
Селкилдеген келинчек.
*(камыш)*

Желгенимди жел билет.
Конгонумду кокту билет.
*(камгак)*

Оозу бар, тили жок
Кың эткен үнү жок
Муз болсо да үшүбөй
Суусуз анын күнү жок.
*(балык)*

Күн калкыйт түшүп күндүзүн
Ал калкыйт сүзүп түнкүсүн.
Асман менен тиктешет
Бетине кармап күзгүсүн.
*(көл, деңиз)*

Канаты бар, учпайт.
Куйругу бар, конбойт.
Буту жок, сойлойт,
Буттуудай ойнойт.
*(балык)*

Мойну узун, бою пас,
Жону менен боору баш,

www.bizdin.kg



Баш, куйругу, төрт бутун
Катып алат тийсе кас.
*(таш бака)*

Бүрүшө калат тиштесе,
Балбан экен иштесе.
Көтөрүп жөнөйт безилдеп
Өзүндөй жүктү эки эсе.
*(кумурска)*

Меңсиз ак,
Кулагы сак.
Суудан коркпос жүрөгү бар,
Эки кара күрөгү бар.
*(куу)*

Аркалуудан оонабас
Куйруктуудан шыйпанбас.
Жаактуудан кепшебес.
*(уй, кой, жылкы)*

Бурмадан сабы бар,
Булгаарыдан кабы бар.
Чатыр-Көлдөй көлү бар,
Чардап ичер эби бар.
Эртең менен болгондо
Сагалап ичер эли бар.
*(сабаа, кымыз)*

Жыл мезгилин ылгабас
Кыштыр, жайдыр куурабас.
*(арча)*

Мышык кулак, коён көз,
Күндүз уктап түндө учат.
Мурда укпаган адамды
Үнү менен коркутат.
*(үкү)*

Бою жапыз болгон менен
Калпагы чоң калдайып.
Чириндиден шире соруп
Жамгырда өсөт дардайып.
*(козу карын)*

Ага-иниси жек көрүшүп,
Жар ташка сүрүп салыптыр.
Жардылыктан жабыр тартып,
Бою да өспөй калыптыр.
Таштан жалап, суудан жутуп,
Эптеп жанын багыптыр.
*(эңилчек)*

Көмүлгөн энеден
Көркөмдүү балдар туулуптур.
*(картошка)*

## БАШ КАТЫРМАЛАР

### Талаш

Жыгач уста, бычмачы, молдо үчөө алыскы жолго чыгышат. Кеч киргенде кезектешип, күндө бири ат кайтарышат. Биринчи түндө күзөткө жыгач уста чыгып, «уктап калбайын» деп жыгач чаап отуруп кыздын сөлөкөтүн жасайт. Экинчи күнү күзөткө бычмачы туруп, кыздын сөлөкөтүнө кийим тигет. Үчүнчү күнү молдо сөлөкөткө жан киргизет. Акырында үчөө кызды талашат. Кыз кимге ыйгарылышы керек?

www.bizdin.kg



## Үч бир тууган

Атасы үч баласына миң дилдеден берип, өнөр үйрөнүп, соодага көнүгүп келгиле деп шаар кыдыртып жиберет. Сапарынын жүрүшүндө улуусу кайсы жерде эмне болуп жаткандыгын көрсөтө турган күзгү сатып алат. Ортончусу каалаган жерине жеткире турган учуучу килем сатып алат. Кичүүсү өлгөндү тирилте турган касиеттүү алма сатып алат. Үчөө чогулганда күзгүнү карап турушуп бир өлкөдө хандын кызы өлүм алдында жатканын көрүшөт. Үчөө учуучу килемге отуруп алып, алманын жардамы менен кызды тирилтишет. Хан кызын тирилткен кишиге берүүгө макул. Үч бир туугандын кимисине кызын бериши керек?

## Мураскор

Кары адам каза болгондо андан мураска калган ат башындай алтынды үч уулунун кимисине берүү жөнүндө талаш чыгат. Бирөө мураскор кичүүсү болот десе, бири ата аксакалы улуусу алышы керек дешет. Чынында кимиси мураскор?

www.bizdin.kg



*Балдарга базарлык*

# БААРЫН БИЛГИМ КЕЛЕТ

**(Сандан санга)**

## АНТОНИЙ МЕНЕН КЛЕОПАТРА

**(Уландысы. Башы өткөн санда)**

Өткөндө эмнеге токтодук эле? Ооба, Антоний Египетке кайтып келди, 36–37-жылдын кышын Клеопатранын ак мамыгында ойноп-күлүп өткөрдү дегенбиз. Анын ортосунда Клеопатрадан дагы бир уулдуу болду дегенбиз. Ошентип, Клеопатранын көңүлү көйкөлүп туру. Не дегенде, укумдан-тукумга өткөн Птолемей дөөлөтүн өчүрмөк түгүл, өөрчүтүп баратыр. Анткени Рим дөөлөтү бүт дүйнөнү басып, өз амирине баш ийдирип келаткан. Көп өлкөлөр сыяктуу эле Египет Римдин бир чөлкөмүнө айланмак. Клеопатранын болсо колунда Рим дөөлөтүнүн эң улуу көсөмү Цезардын бир баласы – Цезарион турат. Ооба, Цезарь керээзинде аны Рим бийлигинин мураскери катары атабаптыр, бийликти жээни Октавианга ыйгарган экен. Бирок эртедир-кечтир бийлик талашы чыгып калса, Цезардын карачечекей уулу Цезариондун аты аталары шексиз. Бул – бир. Экинчиден, Клеопатра Римдин дагы бир көсөм кол башчы, жол башчысы Антонийден бир уул, бир кыз күтүп отуру. Эртедир-кечтир Рим тактысын талашууга алардын да укугу бар. Демек, Египетти 250 жылдан ашуун башкарган, өзүн улуу Александр Македонскийдин мураскери санаган Птолемей дөөлөтү өлбөйт, өчпөйт деген кеп да. Аны ашыктыктын айыкпас дартына чалдыккан Антоний андан беш-бетер бекемдеп койду. Дүйнө Египеттин азыркы канайымы жалгыз Клеопатра экенин тааныды.

Антоний Клеопатранын ашыктык торуна ушунчалык байлангандыктан Римди, Римдеги үй-бүлө, бала-бакырасын унутуп салды. Эми ага андай жорук көнүмүш сыяктуу эмес беле. Эсиңердеби, Клео-

www.bizdin.kg


патранын алгач ысык койнуна кирип, Клеопатра менен Египетте канча бир жыл жашап, эгиз балалуу болгондо да Римде ак никелүү аялы Фульвия бар экенин унутуп койгон. Бу саам да экинчи аялы Октавиа бар экенин унутуп койду. Кат-кабар айттырбады. Атайын ажырашуу тууралуу кеп да козгободу. Биздин кыргыздар антип эри карабаган аялды «салынды катын» деп коёт. А бирок Октавианы «салынды» деп атоого мүмкүн эмес эле. Канткен менен ал Рим дөөлөтүн Цезардан кийин колуна алган Октавиандын бир тууган карындашы. Канткен менен эки эрен – Октавиан менен Антоний алгач жарашканда Октавиан Рим дөөлөтүнүн чыгышын башкарууну Антонийге ыйгарган, арийне борбор бийлигинен буйтабасын максатындабы, айтору, карындашына үйлөндүргөн. Эми минтип карындашынын «салынды катынга» айланышы, албетте, Октавиандын ар-намысын козгобой коймок эмес. Бирок эбегейсиз эрдиги, кайратмандыгы, жөнөкөйлүгү, жапаакечтиги жаатынан Рим дөөлөтүнүн карапайым калкы, жоокерлеринин жүрөк төрүнөн орун алган Антонийге карындашынын айынан каршылашканды каалаган жок. Бирок ичинен түтөп, жек көрүп турду дечи. Анткен менен ачык айыгышпаганынын андан жүз эсе ашкан себеби бар.

Бизде Манас бабабызды: «Эрдиги бар, эси жок» дешет эмеспи. Бирок эси жок киши кантип кырк уруу болуп кыл чайнашкан кыргызды бириктирсин. Анын сыңары Антоний да ашкан акылдуу киши болгон. Ал жалаң эле Клеопатраны сүйүп-күйүп, канайым катыра уюштурган таң-тамаша, шаан-шөкөт өткөрүү менен чектелген жок.

Антоний өзү башкарган дөөлөт чектерин кеңейтүү аракетин ачык да, тымызын да жасай берди. Өзүнүн сүрөтү түшүрүлгөн тыйындын арткы бетине Клеопатранын сүрөтүн чектирди. Бул деген Рим дөөлөтү менен Египет бир деген түшүнүктү дүйнөгө жарыя кылууга тете кеп. Ал мезгилде жаш эркек жубай үйлөнгөнүн эртеси алган жарына белек тартуулоого тийиш деген салт боло турган. Антоний ошол салтты эми араң эстеп, Клеопатрага Рим империясына таандык Кипр аралын, Кликия жээктерин, Иудея менен набатейлер аймагындагы Крит жерлерин кошуп тартуулады. Аларды, албетте, Клеопатра жан деп кабыл алды. Анткени аны менен Птолемейлер мамлекетинин аймагы алда канча кеңейип, Алдыңкы Азиядагы айбаты ашып-ташымак.

Бул албетте, Октавианга гана эмес, бүт римдиктерге жакпайт. Антоний Рим империясын Египетке каратуу аракетинде деген айың Римдин чексиз аймактарын аралайт. Анын үстүнө Антоний парфиялыктарга согуш ачып, аны каратып алуу аракетине өткөнү ал шек-шыбаны ого бетер күчөтөт.

www.bizdin.kg



Парфиялыктар деген эмне эл экенин билесиңерби? Ой, ал өз убагында өтө зор мамлекет эле. Парфиялыктар Каспий деңизинин түштүк-чыгышында, азыркы Түркмөнстандын түштүгү менен Хоросанда жашаган эл болгону менен Парфия падышалыгы Орто Азиянын түштүк-батыш райондорун, Иран менен Месопатияны бүтүндөй каратып, Алдыңкы Азиядагы айбаты күч мамлекетке айланган. Анын эмне болуп талкаланып, эмне болуп азыркы картадан өчкөнүн тарых сабагынан берген агайыңардан сурасаңар айтып берет. Байыркы замандагы ага окшогон оголе көп мамлекеттер жок болгон да.

Парфиялыктарды басып алуу кимисинин башына биринчи келгени белгисиз. Бирөөлөрү айтат, ал Антонийдин кылганы дейт. Антоний өзүн жаңы Александар Македонский катары сезчү. Парфия падышачылыгын каратса, Антоний Чыгыштын чыныгы падышасына айланмак. Бирөөлөрү айтат, жо-ок, бул Клеопатранын иши, ал Антонийден улам жаңы тартуу талап кыла берген. Парфиялыктарды багынтса, Птолемейлер бийлиги өрүш алып, өркөнү өсмөк, Клеопатранын сокур эсеби ошондой болчу дейт.

Тилекке каршы, Антоний парфиялыктардан мыш боло жеңилет. Аскерлеринин үчтөн экисинен ажырап, азыркы Арменияның колтугуна кире качат. Ошондон баштап тегирмени тескери тегеренет. Рим империясынын Батышындагы аялы – Октавиа 2 миң жоокерден куралган кол баштап жардамга жөнөсө, Антоний арданганынан кайра артка – Италияга кайтууга буйрук берет. Арийне, ал жардамдан деле жарытылуу майнап чыкмак эмес дешет. Анын үстүнө ал жардамды алсаң муунуп өлөм деп, Клеопатра чыр чыгарган имиш. Ошону менен Клеопатра күнүлөшү Октавианы Антонийдин турмушунан таптакыр өчүрөт. Ызага ууккан Октавиа экинчи кайрылгыс болот. Антонийдин карамагындагы өлкөлөр да, аянбай кызмат кылган аскерлери да өз карамагындагы кожоюнунан көңүлдөрү кайт боло баштайт. Кайт болбогондо кантет: айда, жылда бир кайрылып барбаса, барып көңүлүн албаса, жалаң эле Клеопатра менен ойноп-күлүп жатып алса ошентет да. Ошентип Антонийдин таянар таянычы, сүйөнөр сүйөнүчү Клеопатра менен Египет болуп калды.

Антоний парфиялыктарга кайрадан кол салууга батынган жок. Анын ордуна жакшы жардам бербей койдуң деп, Арменияга каарын чачып, анын падышасы Артаваздени күмүш торго камап Египетке алып келет. Ал Египетте Антонийдин жаңы жеңиши катары даңкталат, майрамдалат. Армения падышасы Клеопатранын алдына чөгөлөп, бутунан өөп ыракым сурабаганы үчүн башы алынат.

Антоний Клеопатраны «падышалардын падыша айымы», а балдарын падыша деп жарыялап, балдарына Рим империя бийлигин бөлүштүрүп бере баштайт. Клеопатра Цезардан калган уулу Це-

www.bizdin.kg



зарион экөө Египет менен Ливияны башкармак болот, өз уулдары Александр Гелиоско Армения менен Мидия Евфраттын бүт чыгыш аймагына кошуп берет. А Птолемей Филдельфге Сирия менен Финикиянын Кликияга чейинки птолемейлер башкарган салттуу аймактары тиет. Антоний андан да ашынып Клеопатраны египет эли сыйынган кудайлардын бири – Исиданын атынан жаңы Исида деп жарыялайт.

Ошентип Клеопатра тирүү кудайга айланат. Антоний рим салтында жок жосундарды жасап, Римдин батышы менен чыгышын ажыраткандан ажырата берет. Ал өзүн жаңы Александр катары сезет. Тойдун үстүнө той, шаан-шөкөттүн үстүнө шаан-шөкөт уюштуруп, андан ашканын аң уулоо, көчөлөрдө көпчүлүк менен көңүл ачып өткөрөт.

Батыш Рим менен катышын, Октавиан менен мамилесин үзөт, Клеопатранын алдында гана алачакмактап бийлеп калат. Бул Римге, албетте, жакпайт. Октавианга андан бешбетер. Анын үстүнө Антоний Клеопатрадан туудурган балдарын ак никелүү балдарым деп, Цезарионду Цезардын нагыз баласы деп кагаз жүзүндө керээз калтырганы Октавианга жетип, куйкасын ого бетер куруштурат. Не дегенде, бул Рим империясынын эртеңки мыйзамдуу ээлери ушулар деген кеп, Октавиан Цезардын жалгыз мурасчысымын деп бийлик жүргүзүп атыр. Октавиан Антонийге акыл айтат, эсиңе кел деп эчен ирет айттырат, элчи жиберет. Бирок оң жооп укпайт. Тескерисинче, Римдеги аялы Октавианы балдарыңды алып үйүмдөн чыгып кет, үйдү мурунку аялымдан калган уулу Антонийге калтыр деген кат жолдойт. Римде египеттик шуркуя сыйкыр менен Антонийдин башын айлантып алыптыр деген айың тарап, ал ишенимге айланат.

Чындыгында эле ал мезгилде Клеопатра 34 жаштан жаңыдан ашканы менен акыл-эси, сулуулугу жаатынан кай эркекти болбосун башын айлантып алаар акыбалда эле дейт. Анын үстүнө ал өз мезгилине салыштырмалуу ашкан билимдүү болчу, 6–7 чет тил билип, эмин-эркин сүйлөшүп, кимди болбосун аны менен эсептешүүгө аргасыз кылчу экен.

Андыктанбы, Антоний Арменияга дагы бир ирет келет, бу саам парфиялыктарга эмес, Батыш Римдеги басташканы – Октавианга согуш ачууну көздөйт. Жөө аскерлерди чыгыштан батышка багыттап, Армения легиондорун Батыш Анатолияга жөнөтөт. Өзүнүн ордосу кылып, Грекиянын атактуу Эфес шаарын ээлейт. Бул кургактагысы. Эгер согуш суу үстүнө өтсө, албетте, Египеттин деңиз аскер күчүн эш кылат. Чындыгында эле Клеопатранын деңиз аскер күчү айланасындагы көп мамлекеттерден артыкчылык кылчу. Эсиңердеби, Улуу Александр Египетти багынтып, Жер Ортолук деңизинин жээгине

www.bizdin.kg



Александрия шаарын курдуруп, аны Египеттин борборуна айлантып, борборду душмандардан боор этиндей сакташ үчүн эбегейсиз күчтүү деңиз аскер флотун түзүп кеткен.

Ошентип Рим менен Египеттин, а чындыгында Октавиан менен Антонийдин ортосундагы согуш оту тутанып, жалбырттаган өрткө айланат. Согуштун жүрүшүн сүрөттөп отурсак, ал өтө узун, узун жомок. Аны кийин китептен окуйсуңар, кинодон көрөсүңөр.

Кыскасы, Антоний менен Клеопатра кургак жердеги согуштан жеңилип, деңиз согушуна өтөт. Ал учурда Антонийдин 500 күчтүү замбирекчен кемеси, 100 миң жөө, 12 миң атчан аскери бар эле дешет. Октавиандыкы андан алда канча аз – 250 согуш кемеси, 80 миң жөө, 12 миң атчан аскери бар экен. Андан башка дагы Клеопатра 60 кеме менен Антонийди сыртынан кайтарып туруптур. Антоний ошого карабай жеңиле баштайт. Анткени көзү ачылбай тойлой берип, аскерлерин тарбиялап, ар дайым машыктырып турууну унутуп коюптур. Аскерлеринин көпчүлүгү адис эмес экен, ар кай жерде тентип жүргөн селсаяктарды, атүгүл эшек айдагычтарды чогултуп келиптир. Курчоодо калып, жедеп жеңилип баратканда түндүк-батыштан соккон шамалдын жардамы менен абалы Клеопатра качып чыгат, андан соң атактуу адмиралдык кемесин таштап, Антоний эки жан жөкөрү менен жөнөкөй кемеге түшө качат. Аскерлери калат, кара кыргын, кызыл сүргүндө Клеопатра канчалык белги берип, биздин кеме быякта дегени менен Антоний түшкөн кеме жетпей, калың тумандан адашып, таппай калат. Ошентип, Антоний Ливия тарапка бет алып, Клеопатра Египетке Перетония аркылуу кирип, капкасына бекинет. Арийне ошол маалда Антонийдин үмүтү таш каап, Ливия аскерлери Октавиан тарапка өтүп кеткен болот.

Ошентип, Антоний өлдүм-талдым дегенде Алексанрдияга жетет. Ал мезгилде Александрия да аргасыз абалда эле. Египет армиясынын арасынан ырк кетип, душмандын курчоосунда калган караламан калк да катуу наразы боло баштаган. Клеопатра Октавиандын өчпөс өчү, кетпес кегинен коркуп, эптеп Египеттен качып чыгууну ойлоно баштаган. Бирок кайда? Ары ойлонот, бери ойлонот таппайт. Аргасы кеткенде Октавианга арачы салат: балдарыма тийбе, Египет бийлигин өзүмө кой, Антоний Афиныга барып жай чарба оокат кылсын! Октавиан болчубу? Болгону Антонийге айттырат: жеңилгениңди мойнуңа ал, элдешели, египеттик канчыгыңды жогот! Бул эми Антоний үчүн өлүмдөн ашкан өлүм эле да. Аскерлери алсырап, арасы ирий баштаса да Александрияны кашык каны калгыча коргой берет.

Октавианды эч нерсе менен көндүрө албасына көзү жеткен Клеопатра чымындай жанды чыркыратпай бат ала турган уу издетет. Аны өлүм жазасына тартылган адамдарга берип сынатат. Бирок

www.bizdin.kg



бири да купулуна толбойт. Анан улуу айбанаттарга көңүл буруп, бир жыландын чакканынан адам ошол замат мүрт кетерин байкайт.

Октавиандын атчан аскери Дельтаны кесип өтүп, Александрия шаарына жакындаганда Антоний жана бир жолу чабуулга өтөт. Кандуу кагылышта тагдыр Антонийди дагы бир ирет жеңишке жеткирет: качкан жоону жаткан жерине жеткире кууйт. Жеңишке желпинген Антоний ак ордого атчан чаап жетип, Клеопатранын кучагына кулап, эрдинен сорот. Ал түндү алар таң-тамаша, бул майданда эрдик көрсөткөн баатырларды сый ургалга бөлөө менен өткөрөт. Арийне ошол сыйургалга бөлөнгөн жоокерлер эртеси биринчилерден болуп Октавиан тарапка өтө качканын баса белгилешет тарыхчылар.

Эртеси, 30-жылдын 1-августунда Антоний Октавиандын аскерин кургактан да, суудан да сүрүп чыгуу аракетин жасайт. Арийне, Египеттин деңиздеги кемелери бүт аскери менен, кургактагы жоокерлери бүт ат-маты менен Октавиан тарапка өтүп кетет. Антоний ээн талаа, эрме чөлдө жалгыз калгансыйт. Ал Клеопатра үчүн согушуп жатса да, Клеопатра аны сатып, душмандары менен элдешип алгандай сезип, Клеопатраны ашата сөгүп, катуу каргайт.

Ал учурда Клеопатра ак ордонун оозун жел тийбес, жарык кирбес кылып жаптырып, өз капкасында катынып жаткан. Душмандар өлгөнүнөн шек санабасын дегенби, айтору, Антонийге канайым өлдү деген кабар айттырат. Антоний акыл-эстен ажырап, жанындагы Эрот аттуу кулуна эми мени да өлтүрүп кой деп жалдырайт. Эрот: – Сени өлтүргөнчө өзүм өлөм, – деп өз кылычы менен жарылып өлөт. Антоний Эрот кулду туурап өлөм деп атып оор жарадар болот. Акырына чейин өлтүрүп койгула десе, бир дагы жоокер макул болбойт. Антоний өз төшөгүндө жаны чыкпай тыбырчылап жатканда Клеопатранын ишеничтүү жандоочу Диомед Антонийди тез арада ордого келсин деген буйрук апкелет. Антонийди носилкага салып көтөрүп келишсе, Клеопатра капканын оозун ачтырбайт. Өлүм алдында жаны кыйналып, жанталашкан Антонийди терезеден көргөн Клеопатра улунуп-жулунуп ыйлайт, тытынат. Үч аял носилкадагы Антонийди эптеп-септеп терезе аркылуу киргизет. Клеопатра Антонийден аккан канга бетин боёп, «өлкөмдүн өкүмдары», «үй-бүлөмдүн ээси», «ак никелүү алган жарым» – деп улуп-уңшуйт. Антоний эсине келе калып, аны сабырга чакырат: «Оозум кургап, каным катып баратат, бирууртам шарап бергиле», – дейт. Беришет. Андан кийин «тагдыр сага кошуп, адам баласын эңсеп жетпеген бакытка жеткиргениңе ыраазымын. Эми өз өмүрүңдү сакта, Октавиандын жанындагылардан жалгыз Поркулейге ишен» деген керээз калтырат Клеопатрага.

Антонийдин кантип өлгөнү жансакчысы Деркетей аркылуу Октавианга жетет. Октавиан катуу өкүнүп, бирге жүргөн күндөрүн

www.bizdin.kg



эскерип, анын эрдиги менен шердигинен кеп кылат. А тургай экөө жазышкан каттарды жанындагыларга окуп берген дешет. Каттарында Октавиан олуттуу сөзгө чакырса, Антоний аябай орой жооп берчү экен.

Клеопатра капканы кашайып ачпайт. Антонийдин «Поркулейге ишен» деген керээзин эстешип, Поркулейди жиберет. Ага дагы ачпай, эшиктин сыртынан сүйлөшөт. Макулдата албасына көзү жеткен Поркулей кайдан-жайдандыр шаты таап келе коюп, терезе аркылуу кирип, капканы ачат. Шашып калган Клеопатра белиндеги канжарын ала коюп, өзүн өзү сайып өлтүрмөк болгондо эки кул колун толгоп, канжарды жулуп алат.

Ошентип, Октавиандын тилеги ордунан чыгып, Клеопатра өлбөй кармалат. Октавиан канайымды темир торго камап, римдиктердин алдынан алып өтүп ыракаттанмак.

Андан нары эмне болду? Андан нары эмне болмок, Антонийдин биринчи аялынан калган Антилла аттуу баласы өлтүрүлдү. Клеопатранын балдары камакка алынды, арийне аларга канайымдын балдарындай мамиле жасалды. Цезарионго Кызыл деңиз аркылуу бир арга таап, Индияга өтө качууга жетишерлик каражат беришти. Бул да болсо Цезарион Цезардын баласы экендигин моюнга алгандык эле.

Клеопатра түрмөгө жатып, Антонийдин сөөгүн коюу зыйнатын өзү өткөрүүнү өтүндү эле, ага макул болушту. Ал Антонийди аябай ардактап көмдү. Андан соң өзүн өзү сайганда көкүрөгүнөн жаракат алган эле, анысы ырбап кетип, тамактан аткез берип өлүүгө ыйгайлуу шарт түзүлдү. Анын жанында Олимп аттуу дарыгер күнү-түнү туруп, кийин ал тууралуу килейген китеп жазып, атак-даңк алды. Октавиан алда-неменин алдын сезгендей «өзүңдү өзүң өлтүрсөң, балдарың кошо өлөт» сыягында Клеопатрага салам-дубай айттырып турду.

Бир топ күндөн кийин канайымдан кабар алганы Октавиандын өзү келди. Октавиан кирер замат чачы-башы саксайган Клеопатра анын бутуна жыгылып түшүптүр. Көргөндөрдүн айтымында, чачы-башы саксайып, өң-далеттен кетип, жүзүнөн азаптуу кайгынын изи кашкайып турганы менен көздү талдырган көркөмү байкала калып жатты дейт. Октавиан колтугунан жөлөп, ордуна жаткырып, жанына отуруп сүйлөшүптүр. Клеопатра менде эч айып жок, анын баарын кылган Антоний деген экен, Октавиан кага жооп берсе, жанымды аман кой, өлүмдөн аябай корком маанисинде жалдыраптыр. Андан соң өзүндө болгон бардык кымбат баалуу буюмдардын тизмесин берет, бирок Селевк аттуу кулу дагы бирдемелерди катып калды деп айгак чыгат. Клеопатра кулунун мындай чыккынчылыгына кыжыры келип, аны Октавиага – Октавиандын карындашы, Анто-

www.bizdin.kg



нийдин мурдагы аялына арнап каткам дейт. Клеопатранын минтип жанталашканынан улам Октавиан анын өзүн өзү өлтүрчүдөй түрү жок, «болгон жардамымды аябайм» деп алдадым деп ойлойт. Ошол маалда дүйүм мөмө-жемиш салынган себеттерди көтөрүп кызматчылары кирет. Клеопатра тамактангандан кийин Октавианга аманат деп чапталган кат берет да, эки кызматкерден башкаларынын баарын чыгып кеткиле, жалгыз калам дейт. Эки кызматкерге капканын оозун катуу жаптырат.

Октавиан Клеопатранын аманатын ачып окуса, мени Антонийдин жанына койгула дептир. Октавиан ошондо араң түшүнөт иштин жайын. Капканы ачтырса, канайым бийликтин бүткүл шаан-шөкөтүн кийинип, алтын тактыда өлүп жаткан экен. Бир кызматчы аялы бутунун жанында өлүп жатат. Дагы бирөө канайымдын алтын таажысын башына оңдоп кийгизип жаткан болот. Ал дагы көп узабай эле өлөт. Кыясы, ашпоз алып кирген себеттердин биринде уулуу жылан болсо керек. Башка бир божомол боюнча жылан суу куйган кумгандын ичинде болушу ыктымал дешет.

Клеопатра анда 39 жашта эле, ал Египетти бардыгы болуп 22 жыл башкарды. Клеопатра өлгөндөн кийин Птолемейлер тукумунун бийлиги бүттү. Египет Римдин карамагына өттү. Римдин республика аты өчүп, анык империяга айланды.

Даярдаган **Алым ТОКТОМУШЕВ**

www.bizdin.kg



# Адабият жаңылыктары

## Жазуучулардын бүткүлдүйнөлүк күнү

Толук айтылышында – Жазуучулардын бүткүлдүйнөлүк тынчтык күнү 3-мартта белгиленүүчү кесиптик майрам. Ал калемгерлердин саясый, топтук жана жеке кызыкчылыктары үчүн демократиялык басма сөзгө жат жагдайларга каршы туруу, жалганды жазбоого, атайын бурмалоолорго, абийирсиз ашынып кетүүлөргө жол бербөөгө «төртөнчү бийликти» чакырат.

Бул күн 1923-жылы Лондондо өткөн ПЕН–клубдун (акын, очеркист жана романисттердин англисче баш тамгалары) биринчи Эл аралык конгресси өтүп, 1986-жылы 48-конгрессте 3-мартты «Жазуучулардын бүткүлдүйнөлүк тынчтык күнү» катары белгилөөгө чечим чыгарылгандан тартып, жылыга белгиленип келе жатат. Учурда жүздөн ашуун мамлекетте ПЕН-борборлор иштеп жатат. Кыскача, Жазуучулар күнү өзгөчө айырмалана алышкан адабият ишмерлерине сый-урмат көрсөтүүгө себеп болуп келет.

## Кыргыз жазуучусу Чилиге чакырылды

2014-жылдын 13–16-январында Чилиде өтө турган искусствону жана маданиятты колдоо боюнча саммитке Кыргыз Эл жазуучусу Султан Раев чакырык алды.

Бул кеңири алкактагы жана маанилүү эл аралык иш-чара үч жылда бир ирет өтүп келет. Аны IFACCA – ар кыл өлкөлөрдүн искусство жана маданият тармагын тейлеген министрликтердин, чыгармачылык уюмдардын ж.б. мекемелердин башын бириктирген Эл аралык Федерация кеңеши уюштуруп келет. Аталган уюм искусство жана маданият тармагындагы Улуттук жана Эл аралык саясатты өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү жана ал багыттагы финансылык маселелерди чечүү багытында уюшулган.

Саммитке дүйнө өлкөлөрүнүн бардык өлкөлөрүнөн өкүлдөр чакырылган. Биздин жазуучу Кыргызстанды түштүк Америкада таанытып келмекчи.

www.bizdin.kg



## Кытайга «терезе» ачылды

Пётр биринчи Европага Петербург аркылуу «терезе ачкандай» «Жаңы Ала-Тоо» журналы да кыргыз калемгерлери үчүн Кытайга жол ачкан окуя болуп өттү.

Редакциябызга март айынын башында КЭР жазуучулар, фольклорчулар, «Манас» эпосун изилдөө ж.б. коомдорунун мүчөсү, «Шинжан Кыргыз адабияты» журналынын баш редакторунун орун басары, акын жана котормочу Жаанбай Асаналы редакциябызга келип, тыкыс кызматташуу тууралуу макулдашып кетти. Эми кыргыз калемгерлеринин мыкты чыгармалары кытайлык аталган басылмада, ал эми Кытайдагы кыргыз акын-жазуучуларынын татыктуу чыгармалары биздин журналда жарыяланып турмак болду. Эки мамлекетке бөлүнүп калган бир эл үчүн мындай кызматташууга эки тараптын тең кызыкчылыгы чоң болуп келгени жакшы белгилүү.

## «Мурас» конкурсу чакырат

Элдик мурас туурасында жазышкан калемгерлер үчүн «Мурас» («Наследие») адабий конкурсу жарыяланды. Элдик ыр, же жомоктун тегерегинде маңызын көркөм сөз менен чечмелеген поэтикалык же прозалык чыгармалар, сүрөттөр 5-марттан 1-июлга чейин tibr@bk.ru дарегине «НАСЛЕДИЕ» деген аталыш менен тапшырылуусу тийиш. Сыйлыктары 500 сомдон 100 АКШ долларына чейин. Конкурстун шарттарын жогоруда аталган даректен табууга болот.

## Ч. Айтматов гүлбагы ачылды

Россиянын түндүк борбору Санкт-Петербургда улуу жазуучубуздун ысмындагы гүлбак ачылганы тууралуу токтомго шаар губернатору Георгий Полтавченконун кол койгону белгилүү болду. Гүлбак Руставели жана Карпинский көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан.

Өткөн, 2012-жылы Санкт-Петербургда Ч.Айтматов атындагы сыйлык уюшулуп, Таврический сарайында атактуу жазуучубуздун бюстунун ачылышы болуп өткөн.

## «С.Жигитовдун сабактары»

Атпай журтчулугубузга аты таанымал акын, журналист Алым Токтомушев «Салижан Жигитовдун сабактары» аттуу китебин чыгарып, 15-мартта бетачары болуп өттү. Бишкектеги «Консул» ресторанында өткөн бетачарга премьер-министр Ж.Сатыбалдиев катышты. Анткени ал китептин баш сөзүн жазып, демөөрчүлүк да көрсөткөн.

www.bizdin.kg



КР маданият министри С.Раев, көрүнүктүү акын-жазуучулар, коомдук ишмерлер жана С.Жигитовдун үй-бүлөсү катышкан жыйында мезгилсиз кеткен жаркын адамга арналып куран окутулуп, замандаштары эскерүүлөрү менен ой бөлүштү жана авторго ыраазычылыктарын айтышты.

Көлөмү 222 беттен турган китеп «Турар» басмасынан 1000 нуска менен жарык көрдү.

## Ч.Айтматов атындагы медаль

КСДП фракциясынын Жогорку Кеңештеги депутаты, акын Эгемберди Эрматов 12-мартта социалдык саясат боюнча комитеттин жыйынында «Чыңгыз Айтматов атындагы медалды уюштуруу» мыйзам долбоорун сунуш кылды. Анын айтуусу боюнча бул сунуш улуу жазуучунун алдыдагы 85 жылдыгына карата багытталган.

Көрсө, КМШнын парламенттер аралык ассамблеясы Ч.Айтматов атындагы сыйлыкты бекитип, 30 миң доллар акча өлчөмүн да белгилешиптир. Кыргызстан тарап сыйлыктын медалын бекитип, жасатышы зарыл экен. К.Абышев финансы министрлигинде акча жок, медалдын эскизин иштеп чыгып, аны жасатуу боюнча макулдашуулар үчүн убакыт керек, мыйзам долбоорун кабыл алууну артка жылдыралык деген менен комитеттин көпчүлүк мүчөлөрү долбоорду кабыл алышты.

## Китепке 1,2 тыйын

Өкмөттүн басма сөз кызматы атайын иликтөөдөн кийин Кыргызстан калкынын 1%ы гана китеп сатып алып окуурун аныкташкан. Ошондо 300 кишиге бир китеп, 5 миллион калкыбыз 1,2 тыйынга гана китеп сатып алышат экен. Биздин элибиздин рухий жакырлыгынын деңгээли ушундай тура – деп белгилейт өкмөтүбүздүн басма сөз кызматы.

## «Толкундар жээкке келишет»

Акын, журналист, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Абдыжапар Эгембердиев «Турар» басмасынан «Толкундар жээкке келишет» аттуу жыйнагын чыгарды. Анда акындын кийинки жылдары жазылган ырлары менен катар көйгөйлүү маселелерге арналган публицистикалык чыгармалары, турмуштук ой-толгоолору камтылган.

Китептин көлөмү 510 бет, нускасы 500.